# Жаңы Ала-Тоо

2010, №5 (13)

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия) Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, АКМАТБЕКОВА Сагын**, **ДАУТОВ Кадыркул, ЖАКШЫЛЫКОВ Асан, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, КУЛТЕГИН Кожогелди, ПАЗЫЛОВ Абибилла, РЫСКУЛОВ Акбар, САРМАНБЕТОВ Айдарбек** – төраганын орун басары, **СУСЛОВА Светлана, ШАПОВАЛОВ Вячеслав**

## Бул санда:

Жаңы Ала-Тоо бир жашта ........................3

Кут болсун! (*Куттуктоолор*)...................5

**Казат АКМАТОВ**
Шахидка.........................................10

**Исабек ИСАКОВ**
Ырлар.....................................................55

**Алексей ТОРК**
Пенсия...................................................63

**Мандевиль**
Дүрбөгөн бал челек
же момунга айланган митайымдар .......81

**Токтогулий**
Зилзала..................................................93

**Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ**
Ырлар ...................................................126

**Санарбек КАРЫМШАКОВ**
Чыңгыз аганын аурасы.........................139

**Раимжан ЭГЕМБЕРДИЕВ**
Толгонай апа, уулуң келе жатат! ..........148

**Гүлнара ТАТЫГУЛОВА**
Жоокердин энеси..................................156

**Олег БОНДАРЕНКО**
Сказка про рыбку.................................164

**Адеми**
Сочинение.......................................173

**Айгерим МАМЫТОВА**
Стихи....................................................177

**Абдыке АЙКӨЛ уулу**
Сирень жыты........................................183

**Ысман бек**
Махабат кайрыктары............................204

**Жусуп БАЛАСАГЫН**
Кутадку билик.......................................211

Котормолор..........................................226

**Максим ГОРЬКИЙ**
А.П. Чехов.............................................236

**Корней ЧУКОВСКИЙ**
Чымын чыңылдак.................................254

**Бактыбек МАКСҮТОВ**
«Манас» эпосунун тагдыры же Манасты коргоп калар уул барбы?.....................259

**Рахат МАКЕЕВА**
Жоголуп бараткан жанрлар................271

**Бозум АЛЫШБАЕВ**
Ата мурастарын ардактайлы...............283

**Мамыр ИМИНЖАНОВ**
Эне.......................................................294

Макал-лакаптар ..................................301

Редакция:

**Жылкычы ЖАПИЕВ –**
редактор
**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** –
жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** –
корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Редакциянын дареги:

720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466
Тел: 34-55-86

Терүүгө 10.03.2010. берилди
Басууга 27.05.2010. кол коюлду.
Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 19 б.т.
Заказ № 463
Нускасы 2000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 34-49-90;
Факс: 34-45-04
Электрондук дареги:
Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!
«Жаңы Ала-Тоо» журналына 2010-жылдын
II жарым жылдыгы үчүн «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.
Жазылуу индекси – 77324
6 айга – 480 сом (редакциялык баа)
3 айга – 240 сом (редакциялык баа)
«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакциядан алышса болот.

# «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» БИР ЖАШТА!

Акылгөй элибизде «Баланын туулганына эмес, турарына сүйүн» деген нускалуу кеп бар. Чынында эле жаңы нерсени жаратуудан да аны токтотпостон улап, кубаттантып сүрөөнгө алып кетүү кыйын. Айрыкча азыркы, албуут рынок шартында. Анын сыңары, өткөн жылдын май айында адабий-көркөм «Жаңы Ала-Тоо» журналынын алгачкы санын чыгарып, ак жол, алгы тилек кааладык эле. Кийинки он беш жылдан ашуун мезгилден бери кезинде журтчулугубуздун эң окумдуу «Ала-Тоо» журналы чыкпай, калемгерлерибиз чыгармаларын окурмандарына жеткире албай мукурап калышкан болучу. Бийликтен адабиятка жетик маани берилбей калган эле. Эми мына, басылмабыз жыл бою ай сайын үзгүлтүксүз чыгып, окурмандарын сүйүнтүп да, ишенимин арттырып да турат. Ага республикабыздын бардык аймактарынан жазылып алган окурмандардын саны улам артып бараткандыгы жакшы далил.

Ушул жыл аралыгында журналыбыз атактуу Ч.Айтматов («Тоолор кулаганда. Кызкайып»), узун элдин учуна белгилүү Ж.Токтоналиев, Э.Турсунов, К.Өгөбай сыяктуу ж.б. жазуучуларыбыздын жаңы романдарын, М.Элебаев, К.Акматов, Т.Абдиева, Т.Мадылбай, А.Муратов, А.Койчиев ж.б. повесттерин, М.Гапаров, А.Саспаев, Ж.Жапиев, К.Сыдыгалиев, К.Абдышев, Ч.Аскаров, А.Калбаев, Ж.Түрк, К.Көкүлов, А.Көлбаев, К.Токтошев, Ш.Калыков, Н.Назаралиева ж.б. мыкты калем чеберлеринин элүүгө чукул аңгемелерин, Кыргыз Эл акындары О.Султанов, М.Абылкасымова, А.Жакшылыков баш болгон С.Тургунбаев, Ө.Кулумбаев, Б.Алыбаев, Б.Асаналиев, З.Иманалиев, Ч.Өмүралиев, Ж.Саалай, Ф.Абдалова, Ж.Мамбетов ж.б. акындарыбыздын жүздөй поэтикалык жаңы жазылган чыгармаларын жарыялап, атына жараша жүк артына алган экен.

«Алтынды дат баспайт» дегендей журналыбыз Ж.Баласагын, Т.Байжиев, Б.Бейшеналиев, К.Матиев, Ж.Абдыкадыров, Т.Кожомбердиев, Ж.Мамытов, А.Токтогуловдой залкар адамдарыбыздын көптөгөн мурас-чыгармаларын, А.Жумакматов, М.Мамакеевдей элдик инсандардын эскерүүлөрүн эли-журтубузга тааныштырып, өз вазийпасын белгилүү өлчөмдө өтөй алды деп айтууга болот.

Кийинки жыйырма жылдай узак убактан бери кыргыз журтчулугу дүйнөлүк адабияттан алыстап кеткен эле. Анткени адабий чыгармалардын өлкөбүзгө келүүсү, аларды которуу кескин солгундап, басылмалар толук баспай калган. Бул өксүктү да журналыбыз колунан келишинче толтурууга умтулуп келет. Эзоптун, Л.Толстойдун, А.Горькийдин, Ф.Годжанын, В.Одоевскийдин, А.Солженицындын, Н.Хикметтин, М.Нуайменин, С.Турсундун, М.Каноаттын, Э.Раушановдун, А.Супрундун чыгармаларынын түп нускаларынын, котормолорунун жарыяла-

нышы дал ошол максатты көздөйт. Орус тилинде жарыяланган чыгармаларды котормочуларыбыз колуна алып кыргызчаласа, окурман журтунун суусунун кандырса деген ниет. Ага көрсөткөн көмөгүбүз.

«Жаңы Ала-Тоо» – адабият, тарых, археология, манастаануу багыттарындагы Б.Алагушевдин, С.Байгазиевдин, К.Табалдиевдин, Б.Акматовдун, Т.Бакчиевдин ондогон илимий макалаларын да басып, заман зарылдыгына төп келген маалыматтарды берүүгө умтулду. Ш.Апыловдун архивдик баалуу табылгалары да ошол максатта берилди.

Басылмабыз жаш калемгерлерди колдоого алууга да өзгөчө маани берип келет. Ага Т.Нуркемел, Ч.Субакожоева, А.Кожогулов, А.Эгембердиева, М.Самыйкожо, А.Исмаилов сыяктуу калыптанып калган калемгерлердин, Т.Бакытаев, Г.Турдалиева, Г.Турусбекова сыяктуу ондогон жаш акындарыбыздын «Жаштар үнү» рубрикабызда үзгүлтүксүз жарыяланып келгени жакшы далил. Мындай салт мурдагы «Ала-Тоо» журналы жаш калемгерлердин алгачкы татыктуу чыгармаларын жарыялап, чыгармачылык тушоосун кесип, калеминин калыптануусуна олуттуу таасирин тийгизип келген эле. «Жаңы Ала-Тоо» журналы да аты уйкаш «агасын» жоктотпой, ооматтуу салтын улантып, дүйнөгө таанымал адабиятыбыздын дагы да өсүп-өнүгүүсүнө өз салымын кошууну көздөп келет.

Журнал публицистика жанрын да колго алып, авторлорунун катарын калыңдатууга умтулууда. Өкүнүчтүүсү, кезинде мыкты публицисттерге бай өлкөбүздө азыр заманбап, күндүн күрөө тамырын кармап жазган чебер калемгерлерибиз калбай калганбы, же калемин таштап коюшканыбы? И.Талип аксакалыбыз менен таланттуу публицист М.Тентимишевден бөлөк авторлорду таппай келебиз. Уучубуз али деле куру эмес деген ойдобуз, чыныгы публицисттер биз менен байланышар, чыгармаларын жолдошор.

Журналыбыз балдар адабиятын, сатира жанрын, нуска, учкул сөздөрдү да унутта калтырбай, адабияттын кеңири алкагын камтууга ниеттенип келет. Алдыда өз кезегин күтүп жаткан не бир кызыктуу, маңыздуу чыгармалар мол.

Бул, учкай айтылган кептин төркүнү – «Жаңы Ала-Тоо» журналынын бир жыл ичинде гана кыргыз адабиятына кошо алган азыноолак салымы. Мынчалык сан чыгармаларды кайсыл гезит-журнал басмак да, авторлордун мээнет, акыбети кандай кайтып, кайда чыгарышмак, окурмандарыбыз чыныгы адабиятка муктаждыгын кантип кандырмак? Демек, журналыбыздын зарылдыгы айныксыз, көздөгөн максаты көсөм.

Ал эми урматтуу окурмандар, калемгерлер журту, эгерим «Жаңы Ала-Тоонун» зарылдыгын туура санап, ак ниеттен колдоо көрсөтүп, үзгүлтүксүз таанышып турайын десеңиздер журналыбызга жазылып алыңыздар. Сиздер журналды колдосоңуздар, «Жаңы Ала-Тоо» адабиятты, сиздерди колдоого дайыма даяр. Бирге бололук!

**Редколлегия**

# КУТ БОЛСУН!

## Арыба, алгалай бер!

Мен көп жылдар бою «Ала-Тоо» журналында эмгектендим. Ал кезде айрым авторлордун басмадан китеби чыкканы менен журналга басууга сунуш этилчү эмес. Себеби «Ала-Тоого» тандалып, көркөмдүгү бийик деп табылган чыгармалар гана жарыялана турган. Журналга басылган чыгармалар адабий чөйрөгө гана эмес, калың окурмандар арасында да ар кандай пикирлерди жаратчу. Азыркы кыргыз адабиятындагы биздин улуу муун өткөн кылымдын 60-жылдарындагы жаш кезибизде адабият астанасын жаңы аттаганда чыгармачылык тушообузду ошол «Ала-Тоо» журналы кесип, ак батасын берген. Дегеле бул журнал кыргыз көркөм адабиятынын өнөрканасы болуп эсептелип, аброю өтө бийик эле.

Ырас, бир нече жылдан бери ошол айтылуу «Ала-Тоо» журналы каражаттын жогунан чыкпай калган. Ал журнал жөнүндө ар кандай деңгээлде сөз болуп, бирок ишке ашпай, көп сөздүн бири катары калып келген. Ушул аралыкта журнал миңдеген окурмандарын, жүздөгөн көркөм чыгармаларын жоготту. Көркөм сөз чеберлери менен миңдеген окурмандар ары кетип-бери кетип, акыры шүк олтуруп калдык. Бул арада айрым авторлор каражат топтошуп китептерин чыгарышты. Бирок ошол чыккан китептердин көбү өсүп-өнгөн, көркөмдүк деңгээли бийик адабиятыбыздын аброюна шайкеш келбеген жеңил-желпи, примитивдүү, жасалмалуу, кошомат чыгарма сөрөйлөр экендиги өтө кейиштүү көрүнүш болду. Адеп-ахлактык, көркөмдүк, салттык адабият унутта калды. Рынок мамилесине шылтоолоп, илгери биздин тушубузда «халтура» деген атка конгон чыгарма сөрөйлөр жаандан кийинки козу карындай жайнады. Көркөм адабияттын баасы төмөн түшүп, таланттуу акын-жазуучулар кепке-сөзгө илинбей калды.

Көркөм сөз ушинтип капаска камалып турганда «Жаңы Ала-Тоо» журналы өчүп бараткан шамды жандырып, кыргыз көркөм адабияты мурдагысындай эле дүйнөлүк масштабда ат салышууга жарактуу экендигин далилдеди. Ээн талаада чөлдөгөн жолоочунун суусунун кандыргандай иш жасады. Бүтүндөй бир мамлекет аткара албай келген зор жүктү аркалады. Мындай саамалыгына алкыш гана айтабыз!

Эми журналдын деңгээлин көтөрүш өзүбүздүн колубузда, кымбаттуу калемдештерим!

«Жаңы Ала-Тоо» журналын барактасам улам барган сайын чыгармалардын көркөмдүк деңгээли, полиграфиялык жасалгаланышы жакшырып, нукка түшүп баратканы кубандырбай койбойт. Окурмандар арасында кадыр-баркы өсүп бараткан көрүп турабыз. Мен жакшы чыгармаларыбыз менен жана журналга жазылып кол кабыш этүүгө жалпы окурмандарды чакырып кетем. Өткөн 2009-жылдын май айында «Жаңы Ала-Тоонун» 1-номери жарык көрдү эле, эми мынтип 1 жашка чыкты. Арыба, алгалай бер, өсө бер, жалпы элдин сүймөнчүлүгү бол, «Жаңы Ала-Тоо»!

**Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА,**
*Кыргыз Эл акыны*

## «Жаңы Ала-Тоо» – жаңы доор жарчысы

Алды менен сүйүктүү журналыбыз, баарыбыздын руханий жан азыгыбыз болгон «Жаңы Ала-Тоону» бир жашка толушу менен чын дилимден куттуктайм! «Жаңы Ала-Тоо» журналы биз үчүн көп зарлантып, саматып, сагынтып жүрүп төрөлгөн перзенттей болду. Мындай журналдын жарык көрүшүн, аябай эңсеп күттүк эле. Мамлекет көркөм адабиятка, аны жаратуучулар болгон акын-жазуучуларга караманча кам көрбөй, каржылабай калгандыктан, мурдагы «Ала-Тоо» журналы чыкпай калганына жыйырма жыл болгон. Ооба, канчалык зар какшап кайрылсак да, «мен мекенчилмин», «мен кыргыз элине кызмат өтөйм» деп ооз көптүргөн капчыктары калың, бирок жандүйнөлөрү жакыр байларыбыз да жардамга келишпеди.

Бирок эл болгондон кийин, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон эр азаматтар чыкпай койбойт экен. Борбор шаардагы «Турар» басмасынын директору Тилек Мураталиев чынында «өчкөн отту күйгүзүп, өлгөн жанды тиргизгендей» эле иш кылды!

Менин жеке байкоомдо, журнал адегенде кас туруп, анан жыгылып-туруп убара тартпастан, «чу» эле дегенде ишенимдүү кадам таштап, шыр басып кетти. Демек, мындан аркы сапары да байсалдуу, өнөгөлүү болоруна бекем ишенем. Бир жыл аралыгында журнал беттеринде окурманга жан азык боло турган көптөгөн мыкты чыгармалар жарык көрдү. Бир катар жаш таланттарыбыздын чыгармачылык тушоолору кесилди! Эмесе, тандап алган ушул багытыңдан тайбай, санжыргалуу көчүңдү улай бер, сүйүктүү журналыбыз «Жаңы Ала-Тоо»!

**Байтемир АСАНАЛЫ уулу,**
*акын, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер*

## «Ала-Тоо» агасын жолдоду

Мына, акжолтой «Жаңы Ала-Тоо» журналыбыз 1 жашка толуп отурат. Ал мурдагы «Ала-Тоо» «агасынын» байсалдуу жолун жолдоп, азыркы адабиятыбыздын жаркыраган күзгүсү болуу менен окурмандарынын сүймөнчүктүү перзентине айланды.

Соңку жылдары объективдүү себептерге байланыштуу адабият, маданият тармагы каржыланбай калып, «ачарчылык» алкымдап калган кезде журнал белгилүү акын-жазуучуларыбыздын бардык жанрдагы чыгармалары менен катар жаңы авторлордун да «тырмак алдын» жарыялап, адабиятыбыздын азыркы деңгээлинин жарчысы болууда. Мисал катары тарыхчы Арслан Койчиевдин «Мисмилдирик» аталган даректүү баянын айтсак болот.

Журналда тажрыйбалуу журналист, жазуучулар эмгектенип жатышкандыктан анда жарыяланган чыгармалар мазмундуулугу, көркөмдүүлүгү жагынан, полиграфиялык маданияты, дизайны боюнча да окурмандарын курсант кылууда.

Каалоо иретиндеги сунушум – адабиятчы, сынчылардын, жалпы эле адабият күйөрмандарынын күчү менен халтурага каршы чабуулга чыгып турсак. Антпесек адабият айдыңын отоо чөп басып кетчүдөй...

Ак жол сага, «Жаңы Ала-Тоо»!

**Санарбек КАРЫМШАКОВ,**
*филология илимдеринин кандидаты,*
*профессор*

## Өркүндө, өс!

Биздин муун, бизден мурдагы муундар да кыргыздын көзгө басар «Ала-Тоо» журналын окуп чоңойгонбуз. Ал журнал өз убагында бүтүндөй Кыргызстанды, шаарлар менен айыл-кыштактарын түгөл аралап, улам жаңы санын күтүп, ошол жаңы сандарынан кыргыз адабиятынын жаңылыктарына кезигишчүбүз. Ал журнал бүтүндөй кыргыз элинин сыймыгы болуп келген. Бирок кийинки он жылдан ашуун мезгилден бери эл эңсеген журнал жарыкка чыкпай калган. Журналдын миңдеген окурмандары жайдак калды.

Бирок элибизде патриот жигиттерибиз бар экен. Журнал өткөн жылдын май айынан бери «Жаңы Ала-Тоо» деген ат менен жарыкка чыгып келе жатат. Миңдеген окурмандардын тилегин ишке ашырып, чаңкаганга суу жуткуруп, дүлөйгө кулак, сокурга көз салгандай албан ишти аркалап турганына ыраазылыгымды айтамын.

Журналдын ички жана тышкы сапаттары улам барган сайын жакшырып баратканын да баса белгилеп кетким келет. Эми менин бир сунушум бар:

«Жаңы Ала-Тоо» журналына кыргыз эли сыймык туткан биздин композиторлорубуз жөнүндө макалалар, изилдөөлөр жарыяланып турса журналдын кадыр-баркынын мындан да өсүшүнө оң таасирин тийгизет деген ишенимдемин.

«Жаңы Ала-Тоо» журналына жаңы ийгиликтерди каалайм! Өркүндөп өсө бер! Дайым бирге бололу!

**Турдубек ЧОКИЕВ,**
*Кыргыз Республикасынын Композиторлор союзунун төрагасы*

## Мы нашли друг друга, мы вместе!

Это – чудо. Чудо, что в нашей маленькой стране, где люди почему-то решили перестать читать, появился настоящий литературный журнал и выжил, несмотря ни на что. Многие мои друзья, знакомые – интеллигенты, не верили, что журнал продержится долго; были прецеденты, когда какое-то, вроде бы хорошее, нужное издание появлялось и – через пару-тройку номеров испарялось без следа.

Это чудо, что «Жаңы Ала-Тоо» удержался, расцвел и завоевал своего читателя. Значит, не всё потеряно, значит рождается новый, в ближайшем будущем – культурный Кыргызстан. Дай Бог счастья и редакции журнала, и тем, кто ищет каждый номер в киоске, ждет с нетерпением продолжения полюбившихся публикаций!

Это чудо, что есть у нас в стране люди, которым не безразлична судьба отечественной литературы. Как я рад, как горд, что можно теперь через журнал сказать: «Мы нашли друг друга, мы вместе!»

**Олег БОНДАРЕНКО,**
*писатель, философ; главный редактор электронной библиотеки «Новая литература Кыргызстана», исполнительный директор Ассоциации издателей и книгораспространителей*

## Алыстан куттук!

Сиздерге жалпы салам айтып, ар бириңиздерге зор таалай, поэтикалык учкул эргүү, прозалык табылга, кетпес дөөлөт, мыкты ден соолук каалап, маарекеңер менен ак ниетибизден куттуктайбыз!

Мурдагы «Ала-Тоону» он жылдан жазылып алып, кунт коюп окуучу элек! Кыргыз элинин окуу, ал түгүл жалпы маданиятын көтөрүүгө «Ала-Тоо» зор салымын кошкон эле, демек, «Жаңы Ала-Тоо» ал салтты улантып кетет деген жакшы ойдо турабыз.

Конкурс жарыялап, ийги иш жасапсыздар, ал өтө керек азыр! Биз «Жаңы Ала-Тоону» баш-аягына чейин кунт коюп окуп чыктык, сиздерге ыраазылык билдиребиз. Котормо жаатына көңүл бөлгөнүңүздөр сонун жөрөлгө. Журналдын кагазы, гарнитурасы, дизайны, полиграфиялык аткарылышы да жагымдуу таасир тартуулады.

Айылдардагы шыктуу жаштарга өзгөчө камкордук көрүү абзел.

Урматтоо менен:
**Аскарбек ЧОНТАЕВ,**
**Нурматбек ДОБУЛБЕКОВ,**
**Сүйүналы НАЗАРБЕКОВ,**
**Касымалы ШАДЫБЕКОВ,**
**Али-Шер ЧОМОНОВ,**
**Өмүралы ТАЖИБАЕВ,**
**Мамбеталы Жүзүмбекович СУРАНБАЕВ.**
*Аксы аймагындагы Ак-Суу айыл чөлкөмү*

## Кыдыр жылоолосун!

Урматтуу Тилек мырза, «Жаңы Ала-Тоо» журналын чыгарып, жалпы кыргыз журтчулугуна, анын ичинде чыгармачыл инсандар үчүн чоң соопкерчилик иш жасадыңыздар деп эсептеймин жана Сизге, Сиз жетектеген чыгармачылык жамаатка чың ден соолук, чыгармачылык ийгиликтерди каалап кетмекчимин. Ишиңерде ийгилик болуп, Кыдыр жылоолосун. Өзүм болсо журналга жазылдым, буга чейинки сандарын алдым. Буйруса толук алып, элди да жазылууга үндөп турамын.

**Абдымомун КАЛБАЕВ**
*Аксы району, Кербен шаары*



*Проза*

Казат
АКМАТОВ

# ШАХИДКА

*Көкүрөктө пайда болгон сезимдер демейде узакка сактала бербейт. Кээ бирлери гана балакат кезде пайда болсо дагы өлгөнгө дейре көңүлдөн өчпөйт. Демек, ал сезимдин сабагы бирөөлөргө керекпи деп ойлоп кетем. Балким, өзүңө керектир, же дагы башка бирөөгө керекпи? Айтору ал жөнсалды эле сезим эмес окшойт. Ошон үчүн ал жашоосун улантып келет. Сенин көңүл сандыгыңдан биротоло орун алып, туруктуу жашап алган. Аны эч нерсе менен өчүрө албайсың. Унутсаң, балким, убактылуу унута калаарсың, бирок күлдүн астындагы чоктой болуп ал өчпөй жата берет. Өмүрүңдүн тигил же бул кайрымында ал чок кайрадан жалын болуп туталып, алоолонуп кетиши да мүмкүн. Ошентип, ал сезим сен аман экениңде тагдырың менен кошо жарышып келет. А балким, сен өлгөн соң да жашоосун уланта берээр. Анткени дене өлсө да ой өлбөйт дейт. Сезим дагы, ой дагы колго кармалбаган, көзгө көрүнбөгөн, бирок аларды жараткан ээсинин көзү өткөн күндө дагы жашай бере турган тирүү касиеттер, илим тилинде – субстанциялар.*

---

**АКМАТОВ Казат** – *жазуучу, мамлекеттик жана коомдук ишмер. Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын ээси.*

*1941-жылы 23-декабрда Ысык-Көл районунун Бостери айылында туулган.*

*Алгачкы «Боз улан» жыйнагы 1974-жылы жарык көрүп, андагы «Эки сап өмүр» повести СССРдин «Роман-газета» журналына орус тилинде жарыяланып, Островский атындагы Бүткүлсоюздук жаштар сыйлыгына ээ болгон.*

*1974-жылдан тартып, СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Жыйырмадан ашык китептердин, пьесалардын, киносценарийлердин автору. Чыгармалары орус, англис, мажар, азербайжан ж.б. дүйнөлүк көп тилдерге которулуп, жарык көргөн. «Архат» романы 2009-жылы республиканын Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон.*

*Жарыяланып жаткан чыгарма автордун соңку кезде жазылган эмгеги.*

*Ошондой сезимдерге менин көкүрөгүм жык толо. Азыр өмүрдүн кыйла жолун басып өтүп калган кишимин. Демек, ушунча жыл көөдөндөгү сыр сандыгыма жыйып чогулткан, кээде өзүм дагы түшүнө бербеген жан-дүйнөм бар го деп ойлоном.*

*Ошондой болгон соң четинен кемиктеп, колдон келишинче кагазга түшүрсөм, балким, кимдир бирөөлөргө сабак, а кимдир бирөөлөргө эрмек болоор…*

* * *

Бул окуя кечээ эле менин боз ат минген отуз жаш кезимдеги, курагым өтүп бараткандыктан үйлөнөм деп үйлөнө албай жандедек болуп жүргөндө болгон иш. Жөн эле окуя эмес, турмуш өзү жараткан табышмактуу бул новелла Ысык-Көлдүн күн батыш сересиндеги дембе-дем бороон улуп, адамдарды алга бастырбай төшкө түртүп, өжөрлөнтүп, ошонусу менен аларга күч-кайрат берип турган Балыкчы шаарында болуп өткөн. Кыштын айы эле. Метеорологдор же түшүндүрүп койбойт – «Улан» деп аталган бул карандай шамал кайдан пайда болуп, кандайча күн алыс Ысык-Көлдүн этегин Чыгышты көздөй буркандата түрүп жатканын. Тоодой толкундар айгыржал болуп сапырылганда жарыктык көлдүн үстү бүтүндөй калаймаканы чыгып жанчылып, кудайга үнү жете тээ тереңинен онтолойт.

Кызыл-Омполдун каары кармады деп коюшат кулакчынын бекем байлап, тумагын көзүнө баса кийген шаардыктар бороонду жиреп баратып. А чынында Кызыл-Омпол аскасынын бул жерде эч айыбы жок деп түшүнүш керек. Айып Боом капчыгайында.

Байыркы бир замандарда Ысык-Көлдөн агып чыгып Туз көлгө* куюп турган «Жан дайра» аттуу зор суунун агымы жырып отуруп пайда кылган Боом капчыгайы кыргыз жергесинин эки өрөөнүн туташтырган түтүк сыяктуу кызмат аткарат.

Анын кызматы бул көлдүн жайкы чогулган күнөс деми менен Ысык-Көл өрөөнүндө кышкысын жылуу, а Чүйдө суук. Атмосферанын басымы жогортон кысканда муздак аба жылууну көздөй сүрүлөт да, Балыкчыда «Улан» деген бороон пайда болот.

Мына ошол ыркырап сөөктү какшаткан Улан улуп турган кечтердин биринде, үйлөнүү тою ортолоп калган кез эле, дал кыз-күйөө отурган столдон мушташ чыгып кеткени баарыбызды капысынан селейтти. Түшүнбөй калдык. Жеп аткан ашыбызды таштаган бойдон ордубуздан атып турдук, бирок эмне кылаарды билген киши жок. Мушташ бир за-

* Каспий деңизинин байыркы аты.

матта күчөп, эки тарап тең кадим мурдатан даярданып келген сымал зал ичи канавайранга айлана баштады. Чыны, табак, кашык, вилка, отургуч дегендер төбөбүздөн учат. Ошол арада менин эсиме биринчи болуп колукту келди. Апакай фата кийип отурган Светлана Черкашина бир заматта көздөн кайым болуп кеткенсиди. Ага үйлөнүп жаткан Сергей Самсонов болсо мушташтын дал чордонунда кадим Александр Невскийдин өзү сымал оңду-солду койгулашып, бети-башы кызыл жаян канга боёлуп жүрөт.

«Невский» дегеним калетсиз кеп, анткени Сергей чынында эле терек бойлуу, келбетинде орустун нагыз кайрат күчү ашып-ташып турган олбурлуу жигит эле. Менин ага ич күйдүм өтө күчтүү, ошого карабай сөздүн чынын айтпаса болбос – Сергей сырт көрүнүшү жагынан Светланадан ашса ашып, ылайым кем калышпаган келишимдүү жигит. Светлана болсо, мен аны жактырып калганымдан улам айтып жаткан жерим жок, ал чынында эле орустун нагыз сулуусу эле. Кеп, балким, анын өңү-башынын түзүлүшүндө эместир, талаша албайм, кеп анын бешенесинде жаркырап жанып турган жылдызында болсо керек. Айтору, ал кирип келгенде биздин ун тарткан «Дан» аттуу фирманын кандай гана түнөргөн кабинети болбосун жаркырай түшчү. Ошого жараша анын дайыма шар жүргөн, чечкиндүү, эркек мүнөзү бар эле. Кандай гана оор, чечилбеген чатак маселе болбосун аны Света жеңил гана тамаша менен жайгарып койчу. Жетекчиси болуп туруп ошенте албаганыма ичимден сызып, таланттуу менеджер катары Светага суктанчумун. Бул кызга Кудай Таала өңдү да, бой-мүчөнү да, акылды да берип койгону эзели айтып бүткүс кеп. Башканы билбейм, мен ошондой ойлочумун. Бирок бул турмуш дегениң өзү кандай гана адамды болбосун оюнчук кылып, ар кадам сайын чакмак ала береби деп калдым.

Светлана бул тоюна мени чакырбай эле койсо болмок. Не деген күндө дагы, мейли, аскерде жигитим бар деген күндө дагы мен аны жанымдан артык сүйөөрүмдү айтып, атасына чейин ачык эле барып колун сурап жүргөм да. Света мага жок деп да айта элек болчу. Баарын тең кийинкиге калтырып, баарын тең оюн-чынга айлантып келген. Ал ортодо экөөбүз кыналышып канчалаган айлуу түндөрдү чогуу өткөрдүк. Денелерибиз деле бири-бирине көнүп, жытыбыз сиңишип бүткөндөй болчу. Ошол себептен мен бул керемет кызга үйлөнөмбү деген чоң үмүт байлап тургам.

Анан эле бир күнү эртең менен ортобузда эч нерсе болбогонсуп, демейдеги жайдары мүнөзү менен кабинетиме шарт кирип келди да, үйлөнүү тоюна чакыруу белетин алдыма коюп койду. Белеттин бурчунда классташ жигити Сергей экөөнүн жупташып түшкөн сүрөтү бар экен.

Дал ушундай болуп калаарына шекшинип жүрсөм да, Светанын бүгүнкү бул жоругуна катуу тырчый түштүм. Кулагыма дейре кыпкы-

зыл болуп кеттим окшойт. Нервимди араң кармадым. Бирок айла жок, жигитим бар деп ачык айтып жүргөндүктөн сыр билгизбемиш болуп ырсайдым. Менин бул ырсаюумда кубаныч эмес, аргасыз ыза, ич күйдүлүк бар экенин билип туруп эле Света билмексенге салды да, мени тоюна өзү иштеген фирманын жетекчиси катары гана чакырып жаткан түр жасап, ачыктан ачык эле жүрөгүмдү жаралап турду.

– Рахмат чакырганыңа, бирок сенин тоюңда мен өзүмдү керексиз, артыкбаш адам катары сезип отурам да, – деп ич кайрыгымды ачык айтып салсам Света анымды да байкамаксан болуп:

– Шеф бардыгыбыз үчүн сүйүктүү жана урматтуу мейман. Шефсиз тоюбуз той болбойт, – деп менин колумду кармап койду да чыгып кетти. Байкашымда мага көз карашы өгөйсүп калгандай эле. Ага деле атайылап маани бербей көңүлүмдү биротоло тузактап, көз алдыман күнү-түнү кетпеген дене-мүчөсүн тиктеген бойдон кала бердим.

Бир нерсе айтып талаш чыгарайын десем тилим күрмөлбөйт. Ички сезимдерим болсо уйгу-туйгу, карама-каршы. Оруста «третий лишний» деген сөз бар. Ушул сөздүн мага тиешеси бар экенин көп эле жолу ойлоп койчумун. Бирок үмүт деген нерсе үзүлбөстөн азгырып, улам жетелеп келе берген. Адамдын жылдызы жүрөгүңдө бир жанса кайра өчмөгү тозок тура. Светлана менин ушул өжөрлөнгөн арзуумду кыйбастан кабыл алып, бирок кандай болгон күндө да анын ниети бала чактан өзүнүн түгөйү сыяктуу болуп калган Сергей деп умтулуп турганын жашырчу эмес. Мен болсо ал сөздөрдү Света өзүнө болгон менин арзуумдун бекемдигин сынаш үчүн айтып жатат ко деп жоруп, анткен сайын ого бетер аны сүйө турганымды бардык айла-амал менен далилдөөгө аракет жасап келген болчумун. Көрсө, Света эч кандай мени сынабай эле чын дилин ачык билдирип жүрчү экен. Анын айныгыс далили катары мынакей, алдымда чекеме тийген октой болуп чакыруу белети жатат.

Мен үчүн өтө жагымсыз бул тойго барсамбы же барбасамбы деп кечке дейре иштен алагды болуп ойлоно берген окшойм. Ал ортодо фирманын кызматкерлери келип, Светанын үлпөтүнө үч мамалагын ээрчиткен чоң аюунун восктон жасалган оюнчугун белек кыла тургандыгын айтышып, менин да ынтымакка кошо турган тиешелүү акчамды алып кетишти.

Фирмадагылардын баарысы тең эле Светага ашык экенимди билишчү деп ойлойм. Анткени ал сырымды көп учурда жашыра албай калып, башка кыз-келиндердин шылдыңына же болбосо каарына калган учурларым аз эмес эле. Жетекчинин бойдок болушу кызматкерлердин арасында көп эле ашыкча сөздөрдү жаратаарын мен көпкө дейре түшүнбөй жүрүпмүн. Акырында аз-аздан түшүндүм, бирок үйлөнүү маселесин моминтип кайрадан чече албаган бойдон калып отурам. Отузга чыкканга дейре нечен кыздар менен достошуп, сүйлөшүп жүрүп бирине да үйлөнө албаган соң апам менен атам экөө тең менден түңүлгөн тейде таптакыр унчукпай

калышкан. Айтып атып тилим тешилди балам, атаӊ экөөбүздүн какшаганыбыз кулагыӊа кирбейт экен, өзүӊ бил эми деп апам таарынган бойдон экинчи үндөбөйт. Мен болсо дилимде аябай эле шашып, үй-бүлө курсам деп аракет кылып жүрөм, бирок жолум болбойт.

Мынакей, бүгүн дагы кайрадан көкүрөгүмдөгү алдейлеп жүргөн максатымдан айрылып өзүмдүкү эмес, башка бирөөнүн тоюна конок сөрөй болуп баратам. Барбасам да болчудай эмес. Фирмамда иштегендердин бардыгынын жакшылыгын да, жамандыгын да мойнума алып кам көрбөсөм жетекчи болгонум кайсы? Башка элдерде кандай экенин билбейм, бизде кыргызда ушундай. Антпесем эле кызматкердин ичине зак кетет, таарынычпайда болот, көӊүлү кирдейт. Андай болуштун мага бир тыйынча кереги не? Мага биринчи кезекте кызматкеримдин ичи таза, көзү түз болгону олжо. Өзүмдү ушинтип соороткон соӊ Светанын чакыруусун кабыл алууга мажбур болдум.

* * *

Тойдо чатактын кандайча чыгып кеткенин даана билген эч ким жок. Зал ичи опур-топур болуп, тамагы менен кошо тарелкалар, отургучтар ыргый баштаганда эле ар ким өз жанын ала чуркап сыртты көздөй жөнөп жатты. Мен кыз-күйөөдөн анча алыс эмес, ошолор отурган столдун катарында элем, чатак дал ошол той ээлери олтурган чөйрөдөн башталгандыктан ыргыган тамактар мага да жетип, үстү-башым ботала. Мушташка катышкандар бир заматта көбөйүп, зал ичи бүтүндөй кызыл жаян боло баштады. Эки тарап өлөөрүнө карабай салгылашып жатышты. Мен да жаныман корккон бойдон эшикти көздөй умтулуп, бирок мушташтын курчоосунан чыга албай, эки колум менен башымды калкалайм.

Ошентип баратып өтө таӊ калганым – Светанын эч жерде көрүнбөгөнү. Качып баратсам дагы бул мушташ ал бечара кыздын күткөн бактысын дароо талкалаганы оюма кылт этип атты. Кандай болгон күндө да, кимиси күнөөлүү болгон күндө да бул каргыш тийген окуянын кара тагы эӊ оболу кыздын бетине жабылган көө болбодубу. Ошону сезген байкуш кыз дароо сыртка качып чыгып өлүп алдыбы деген да ой кетип жатты менде. Эки мерте отургуч менен капталга жеп, араӊдан зорго эшикке жакындадым эле дүрбөгөн эл тыгылышып, чыгууга жол жок. Ошол жерден ресторандын эшигин кайтарган олбурлуу жигитке бетмебет келе түштүм.

– Где невеста?! Невеста где?! – дедим орусча кыйкырып. Ал алаӊдаган бойдон ийинин куушурду да ашкана жакты көрсөтүп коюп жок болду. Санаам биртике тына түшкөнсүдү. Ал түгүл, кептин чыны, эмелеки түнөрүп турган ниетимде жылт эткен бир шоола өтүп кеткендей.

Демек, ашканадагы аялдар жакка барып жашынса керек. Туура кылыптыр. Ошол тушта анан жарымы ачылбай жаткан сырткы эшиктин каалгасы карс этип сынып, тыгылган эл сыртка бой урду эле шашылыш жетип келген кызыл шапкечен милийсалар кетпегиле деп дубинкаларын сороктото алдыларын тосуп калышты.

– Мушташкандар тигил залдын ичинде! Ошолорду камагыла. Биз конокпуз! – деп аңгыча бирөө бакылдады эле милийсалар баамдап туруп тынч элди бирден кетире баштады. Мен дагы эптеп машинама жеттим да, бекинип отурдум.

Балыкчынын Уланы кум, кар учуруп улуп-уңшуп аткан болчу. Суук тимеле сөөктөн өтөт. Аңгычакты дагы үч кызматкерим жүгүрүп жетип мага кошулду. Экөө аялдар. Бирөө болсо Сапар аттуу менде брокер болуп иштеген жигит. Таяк жеген экен, бети-башы айрылып жүрөт.

– Светаны көрдүңбү? – дедим эле аялдардын бири кыздын ашкана тарапка чуркаганын айтты.

– Кошмар! Мындай шумдукту ким көрүптүр?!

– Акмактар да! Бир заматта мас болуп алышты!

– Түшкө кирбей турган окуя!

– Ушуларды тоюна чакырган Света менен Сергей өзүлөрү акмак!

– Эй, коё тур сен! Так Сергей өзү баштабадыбы.

– Мушташтыбы?

– Анан эмне!

– О, койчу! Кантип ошондой болсун?!

– Кандайча Сергей баштады? – деп мен аялдардын сөздөрүнө чыдабай тыбырчылап кеттим.

– Ал жанында отурган бир тууган агасы Викторду капыстан эле табак менен бет талаштыра уруп калды.

– Эч себеби жок элеби?!

– Адегенде экөө бирдеме дешип титирендешип атышкан.

– Мас беле Сергей?

– Улам эле шыпылдап сыртка чыгып келип жаткандай болгон. Алдындагы шампанды ичкен деле эмес.

– Шампан-мампан дегенди ичишпейт да бу сволучтар. Сыртка чыга калып сайынып келип жатты да. Мен байкап эле отурдум.

– Ужас! Какой ужас!

– Аскерден дозага үйрөнүп келгенин Света өзү деле билчү.

– Анан эмнеге ал байкуш кыз балээге башын байлайт?!

– Оңолуп кетээр деп ойлогон да.

– Оңолчу беле?!

– Сүйүү да! Өзү тарсылдап тың болгону менен балалык сокур сүйүүсү менен жүргөн неме болчу Света.

– Бечарага эми убал болбодубу.

– Убал эмес, чоң трагедия болду дебейсиңби.

– Баарынан кызыгы, – деп ушул тушта Сапар сөзгө аралашып калды, – баарынан кызык жери Светанын агалары баш болуп бүткүл туугандары Сергей эмес, анын агасы Виктор тарабында мушташып жатышты. Эмне үчүн андай экенин түшүнсөм буюрбасын.

Сапарды эки аял шылдыңдап күлө кетишти:

– Сен дагы ошол Светанын туугандарына кошулуп алып таяк жебедиңби. Эмнеге кыпчылам дейм да.

– Мен арачалап эле жүрдүм, эжекелер.

– И, сооп болуптур. Арачыга алты таяк деген ошол. Билип жүргүн мындан кийин.

Мен таң калганыман улам кайрадан чыдабай кеттим:

– Эмне үчүн алар Виктор тарабында болот?! Эмне үчүн Сергей агасын табак менен урат?

– Ой, буларды түшүнүш кыйын, шеф. Булар өзүлөрү жакын эле туугандар. Бир көчөнүн эки жээгинде турушат. Илгертен ич ара чатактары барбы деп ойлойм. Дайыма кырдыбычак болуп жүрүшкөнүн эл билет.

– Светаны Сергейге эмес Викторго беребиз деп жүрүшчү дебедиң беле. Ошол чынбы? – деди аялдардын бири экинчисине.

– Укканымды айткам. Аным чын.

Мен таптакыр алдастай түштүм:

– Викторго дейсиңби?!

– Виктор дагы Света менен жашырын жүрчү экен.

– Бир тууган агасыбы Сергейдин?! – деп чаңырып жибердим.

– Ооба. Чатак ошондонбу деп ойлойм.

Мен машинадан кандайча атып чыкканымды билбейм. Кардуу бороон бетиме бир урганда саал эсиме келе түшкөнсүдүм. Ошол тушта милийсалар мушташкандардын бир даарын эки колун аркасына кайырган тейде кара темир машинасына итерип тыгып жатышкан экен. Арасында Сергей да, агасы Виктор да бар окшоп көрүндү. Мен жакамды көтөрө коюп, шилимди жаап карап тургуча эле колдорум какшап кетти. Издегеним Светлана эле. Ал шүмшүк кайда? Деги тирүү барбы? Бар болсо бир катуу сүйлөшүп коюш керек болуп калды. Менин каным кайнап чыкты. Бу, ургаачы деген ушундай болобу?! Эки бир туугандын экөө менен тең эле жүрө береби?!

– Шеф, жылаңбаш турбай машинага кириңиз! – деди аңгыча аялдардын бири айнекти түшүрүп.

Мен болсо бурганга аралаш ресторанды көздөй чуркадым. Келсем залда жалаң эле кызыл шапкечендер жүргөнсүйт. Анча-мынча калган элдин колун кайрып, дубинкалары менен сабап, айтор, мушташты тын-

дым кылышкан экен. Эки-үч гана мас ээ-жаа бербей кыйкырып атат. Бирөө минтет:

– Я этого жениха, подонка убью! Помяните мои слова! Убью я его!

Викторбу деп карасам – ал эмес. Башка эле бир мас. Бул эмне үчүн Сергейди өлтүрөт? Сергейдин күнөөсү эмне? Же бул дагы Света менен жүргөн немеби? Айтор, баш маң. Эч нерсе түшүнүп болбойт.

Аңгыча мен бир мурутчан майорду көрө калдым. Кыязы ушул отряддын чоңу болсо керек дедим да, ага жетип барып:

– Колуктуну таптыңарбы?! – дедим энтигип.

– Эмне?!

– Колукту кызды табыш керек да!

– Сен ким элең?! Бар нары! – деп мурутчан мени көкүрөккө бир түрттү. Мен кызаландай түшүп кайра аны көздөй жулундум эле аңгыча далортомо дубинка тарс этти. Көзүмөн от чагылып, аркама ысык лом тийгендей майышып полго жыгылдым.

– Машинага! – деди аңгыча майор мага кол жаңсай милийсаларга буйрук берип.

Ошентип мен алеки мүнөттө «черный ворон» деп аталган кара темир машинага келип тыгылып калдым. Ичи толтура мастар…

Түндүн бир оокумунда «лазарет» деген өлө коңурсаган сасык бөлмөнүн темир эшиги шарактап ачыла кетти да, жарыкты күйгүзө бир капитан бизге кыйкырды:

– Колукту кыз Светлана Черкашина жоголуп табылбай жатат. Милийса издөө салды. Бул ишке өз эрки менен ким жардамдашат?!

Өлүк уйкуда коңурук тартып, улам бири тарк оосуруп жаткан мастардан үн чыкпады. Ошентсе да арасында бир-экөө бар экен: «Мен, мен» – деп булдурукташты. Аларга кошулуп мен дагы үн каттым эле капитан мени биринчи чакырды. Итатайым тутулуп, Светланага каарым келе чабалактап жаткам. Караңгыда жакшы эле тигилип карадым, Виктор, Сергей эки бир тууган да ушул камерада жатса керек деп. Негедир көрүнбөдү. Аларды башка жакка камаган шекилдүү.

Акыры үчөө болдук. Дароо эле бизди Черкашиналар жашаган үйгө алпарышты. Светанын ата-энеси экөө тең көздөрүнө жаш алып, бозоруп отурушкан экен. Кыздын атасы Даниил Григорьевич деген жыгач уста киши мени жакшы таанычу. Келечектеги кайнатам эмеспи дегендей мен ал кишиге өтө сый-урмат менен мамиле кылаар элем.

– Дочка пропала, – деди ал мени көрө коё ордунан козголуп.

– Найдем Даниил Гргорьевич – дедим мен куру кайрат көрсөтүп. Бирок Светаны кайдан издээрибиз жөнүндө эч түшүнүгүм жок эле. Аны бир пастан кийин келген баягы шашкалактаган мурутчан майор айтты:

– Эң оболу көл жээкти тинтип алалы. Кургак жер эч кайда качпайт!

* * *

Көл жээкте бороон эки эсе күчтүү болот. Аны биз бала чактан билебиз. Көл жээкте адам дагы эки эсе өжөр, эки эсе кайраттуу болуп келет. Анткени жээктеги сени көздөй тээ, тереңден бери жулунуп келе жаткан миңдеген толкундардын зор күчү, шаалдап асманды жарган дабышы, башкача айтканда, жарыктык табигаттын ченемсиз кайнап, барактаган дарамети эрксизден жандүйнөңдү чыйралтып жиберет.

Издөө тактикасын бизге бир сөзүн айтса, бир сөзүн жуткан майор үйрөтүп жатты. Чогулгандарды эки топко бөлүп туруп бизди «жапайы пляж» деп койчу, чырганактуу бадалдар дээрлик көлгө дейре кирип турган кууш жээкти кыдырта чуркатып койду. Колдорубузда күчтүү электрофонарларыбыз бар. Жээктеги кумдан из карайбыз, албуут толкун кайра тартканда суунун түбү бир нече метрге дейре жылаңач көрүнө калат, фонарларыбызды ошол жакка бурабыз, андан ары бадал ичин жарык кылып ар бир карагандын түбүнө үңүлмөй. Эң алдыда бир сержант ит менен жүгүрүп жүрөт.

Бир сааттан ашык дегдектеген соң, суй жыгылып келип бийик кашатка чогулуп отурдук. Кулак-мурунга, көздөргө, коюн-колтукка кум ширелген. «Кеткиле» дегенсип борооон далыбыздан итерет.

– Көлдөн издеген бекер убара. Бул толкун азыр эч кимди сууга жолотпойт.

– Өлөм деген киши кайда болсо да жол табат, баатыр акеси.

– Кырсыктын жолу кууш деп коёт ко.

– Светлана өлө койчу кыз эмес-эй! Бекер эле обу жоктонуп атабыз.

– Ал ызасынан бир таанышынын үйүнө барып жатып алды го.

– Мындай катуу моралдык соккуга чыдаш мүмкүн эмеспи дейм.

Мен унчукпай, шамал ооздон жулган үзүк-созук сөздөргө кулак төшөп отурдум эле акыркы эки кишинин айтканына ниетим кошула түштү. Чынында эле түндөгү окуя канчалык оор болбосун Света өлүмгө бара койбос эле. Мен билгенден ал кыздын өмүрүнүн максаты күйөөгө эле чыгыш эмес, үй-бүлө күтүп, бала-чакалуу болуш эле эмес, башка да ойлору, максаттары, алыскы келечегин ойлогон пландары бар эле.

Болгондо дагы Светлана кээде туруп мен түшүнө бербеген, кайдагы бир романтикалык ойлорго чабыттап кетчү. «Левитация» деген сөздү көп кайталап калды бир сапар. Аның эмне десем «авага көтөрүлүп учкум келет. Кээ бирде көкүрөгүмдөгү энергиям, күч-кубатым ушунчалык ашып-ташып, тимеле чыдай албай от-жалын болуп өрттөнүп кетем. Ошондо асманды көздөй атып чыккым келет, булуттарды аралап кайкып учкум келет» деген.

– Сен антип учуп кетсең мүшөктөрдөгү улпак менен унубузду ким соода кылат? – деп тамашага салгам, бирок менин ал тамашам жаш адамдын ошол ирмемдеги оргуштаган учкул кыялын, тээ космоско дейре сабалаган ой чабытын кирдетип койду окшойт – Света унчукпастан тетири карап кетти.

Дагы бир сапар мындай дейт:

– Мен мурдагы өмүрүмдө каркыра болуп жашаган окшойм.

– Эмне, эмне? – дедим дароо түшүнбөй. Ал «каркыра» деди сөзүн кайталап.

– Каркыра деген жер-ааламдын эркин учкан эң сулуу кушу. Алар үч бурчтук түзүп, ушунчалык тартиптүү, ушунчалык бийик учат тимеле, көргөн сайын жүрөгүм жарыла жаздап өрөпкүйм. Алардын артынан учкум келип, көрүнбөй калганга дейре жалдырап тура берем. Көздөрүмөн жаш кетет…

– Балким, – дедим мен бул сапар кыздын шагын сындырбай. – Балким, сен мурда чын эле каркыра болуп жашагандырсың.

– А сизчи? – деди Света капыстан мага карап.

– Менби? Мен мурда деле тегирменчи болсом керек. Анткени башка эч нерсе колумдан келбейт, оюма да түшпөйт.

Ошентсем бу сөзүмдү кыз өңкөй тамаша катары кабыл алды көрүнөт, күлдү.

– Демек, сиз, – деди анан кошумчалап, – мына бул өмүрүңүздө эң мыкты, ак ниет тегирменчи болууга умтулушуңуз керек. Тегирменчилердин бардыгы сизден үлгү алгыдай деңгээлге жетиңиз. Реинкорнациянын мааниси ошондо.

– Мен азыр эмне, жаман тегирменчиминби?

– Орточосуз. Дагы эки-үч жолу жашоого кайрылып келгениңизде анан көрө жатабыз, – дейт.

– Макулмун. Анда эмесе кайсы дүйнөдө болсо да дайыма чогуу жүрөлү, – деп мен жабыша калдым эле, Света кыткылыктап күлдү.

– Бирок мен эмдиги жолу да бул жарыкка кайрадан каркыра болуп келишим ыктымал, – деди ал ажарлана.

Ошол сыңары дагы да эсиме түшүп турат. Мындайда эмнени гана эстебейсиң дечи. Жайдын бир күнү эле Света экөөбүз катамаран тээп жүрсөк, сиз өлүмдөн коркосузбу деп сурап калды. Мындай суроону беришке каракөк болуп түпсүз кеткен суунун тереңдиги шыкак болду окшойт. Корком дедим мен көз кырым менен иримди тиктеп. Ким эле өлүмдөн коркпосун. Бөөдө өлүмдөн корксо болот, – деди Света ойго баткансып. А акыйкат өлүмдөн коркуп эмне кереги бар? Мисалы, дедим мен ага суроолуу карап. Света адатынча жаркылдап күлүп алды да, мисалы, сиз сууга чөгүп баратсаңыз мен өлүмдөн коркпой эле артыңыздан секирип колдон алмакмын. Огоо! – дедим мен аны ийинден кучактап,

сен жанымда экенинде анда мен дагы өлүмдөн коркпойм эми. Жок андай эмес, сиздин өлүмдөн коркооруңуз көрүнүп турат. Кандайча көрүнүп турат деп мен чычалай түштүм. Сырт кейпиңиз билгизбейт, бирок ички ойлоруңуздун бардыгы жүзүңүздөн окулуп турат. Физиогономика дечү беле? Ооба, – деп кыз башын ийкеди. Ошентти да катамарандан секирип, суунун тереңине чумуп кетти…

Ушул сыяктуу кыялдар менен жашап жүргөн кыз өз өмүрүн мастардын бир мушташына эле садага чаба койчудай майда киши эмес эле. Мен муну түндөтөн бери алдастап жүрүп, негедир ойлобоптурмун. Анын үстүнө бая машинамда олтурган аялдардын «Виктор дагы Света менен жашырын жүрчү экен» деген сөзү эсимди эки кылып, ички дүйнөмдү бүтүндөй талкалап кеткен болчу. Баятан бери жээкте дикилдеп чуркап жүргөндө деле, сөз чынынан бузулбайт, Светанын амандыгы эмес эле жогорку кулакка суук сөздөр мээмде кыжылдап атты. Сөзсүз бир себеп бар да. Болгондо да чындык жыттанып тургансыйт. Антпегенде Сергей бир tууган агасын эмне үчүн тойдо отуруп бетке урат? Иштин жагдайы ошондой болсо керек да. Света Викторду оозунан түшүрчү эмес. Анын өлүп берчү фанаты болчу. Ал чындык, бирок иниси арзыган кызга агасынын кантип дити барат дейм да! Жээкте жүгүрүп жүрүп ушуларды ойлогондо бир учур эсиме кылт дей түштү. Виктор Светаны кызганып, ага тийишкен Нарындан келген офицер жигит менен мушташкан жери бар. Аны мага көздөй кишим айтып берген. Анда бул сөзгө көңүл да бурган эмесмин. Иниси Сергей үчүн мушташса керек деп койгом. А көрсө…

Жээктеги аламандан кийин Боомдун суук шамалы жардам бергенби, айтор, ачуум тарагансып, өрттөнгөн жүрөгүм саал суугансып калыптыр. «Ушак» деди өзүмдүн бир сезимим мени сооротконго жарап, ал дайыма болуп жүргөн ыплас ушак. Далил жок болгон соң андай келжиреген сөздү дароо белге тээп ташташ керек. Басса-турса эл көзүндө кашкайып турган Светадай сулуу кереметти ээрчибей, ушак сөз анан кимди ээрчимек эле?! Албетте, Светаны ээрчийт!

Мен жакшы эле өзүмө келгенсидим окшойт, кызганычты коюп Светанын амандыгын тилей баштадым. Ошентсе дагы «ушак» сөз дегендин ушак экендигин эртедир-кечтир бышыктап коюу турган нерсе, анткени көңүл тынчыш керек. Көңүл тынчымайынча адамды билинбеген санаа жей берип саргайтып жиберет. Бара-бара көзүңдүн оту өчүп, жүзүңдөн күлкүнүн изи кетип, бир жүргөн бечарага окшоп каласың. Ошентпеш үчүн эң жакын көргөн адамыңа көңүлүң сүттөй аппак болгону абзел. Мен буларды ичимден ойлоп телмиргениме себеп, Светанын үйлөнүү тоюнун күтүлбөгөн жерден катуу бузулганы болуп турду го. Мындай шермендечиликтен кийин Сергей экөөнүн ортосу кантип кайрадан оңолсун? Эч качан оңолбойт! – деп менин көкүрөгүмдөгү баягы болушчаак сезимим ишенимдүү кайталап турду. Бирок андан башка дагы бир сези-

мим көөдөндүн тереңине жашынып алып, үнү билинээр-билинбес кыңылдап жатты. Анын нервди алагды кылып тынчытпай жаткан кыңылдагы мурда дайыма Сергей жөнүндө болуп келсе, эми азыр анын агасы Виктор жөнүндө эле.

Виктор иниси Сергей сымал келишкен байтерек жигит болбогону менен гитараны сыздата чертип, эстрада тобун жетектеген, ырларга өзү обон чыгарган өтө ышкыбоз жигит. Шаарда кичинеден чоңго дейре угулган аты бар. Өзгөчө эл аны «Атама» деген трагедиялуу кайрыктагы өзү чыгарган ыры үчүн аябай урматтайт. Баса, кеп келгенде айтпаса кептин атасы өлөт деген макал бар. Ушул жерден мен, удулу келип турган соң бул Виктор жана Сергей деген эки бир туугандын легендарлуу, аты эл жүрөгүнөн өлбөс-өчпөс орун алган атасы Самсонов Петр Никитич жөнүндө айта кетейинчи. Айтпасам болчудай эмес. Өзү кыска эле баян, бирок бир уккан адам өмүрү унутпай турган, анүстүнө, куу турмуш өзү жараткан өтө кайгылуу окуя. Муну мен өз сөзүм кылбай, Даниил Григорьевич Черкашин мага кандай дааналап айткан болсо ошону бузбай кайталап берейин.

* * *

Мындан кыйла илгери, Петр Никитич тоодо егерь болуп иштеген инисинен бирөө аркылуу тил кат алат. «Петь, я забил хромого кабана. Приезжайте все. Заодно отметим моё 40-летие. Питьё у нас на нуле. Захвати. Тимофей».

Бир ата, бир энеден экөө эле болгондон кийин Петр ойлонуп отурмак беле, «Москвичтин» эски дөңгөлөгүн шарико-подшибниги менен кошо салган эки аттык арабасына аялын салып алып жөнөп калат. Иниси Балыкчы шаарынан болгону жыйырма чакырымдай эле жогоруда, бирок машинага жолу жок, чер токойлуу коктунун ичинде өкмөт салып берген жыгач үйдө турчу. Анын эрезеге жете элек эки баласы бар эле – бир кыз, бир эркек.

Эки бир тууган үй-бүлө ал түнү жаңы сойгон камандын өпкө, боорунан ливер* жасап жешип чер жазышат, кичүүсүнүн кырк жылдыгын майрамдашат. Эртеси таң заарда капыстан Тимофейдин аялынын чаңырган үнү угулду. Баарысы тура жүгүрүп келишсе – чачына али буурул кире элек олбурлуу егерь жигит оозгу бөлмөдөгү төшөгүндө сенейип жансыз. Мындай бир карасаң типтирүүдөй – бетинин кызылы – кызыл, агы – ак. А бирок дем тартпайт. Бир топко нес боло тиктеп тургандан кийин:

---

* *Ливер* – куурдак.

– Бул эмне деген шумдук?! – деп жалаң турсийчен жүгүрүп келген Петр Никитич жер тепкилеп бакырып баштаганда аялы:

– Балдардын жүрөгү түшөт! – деп аны зорго басылтат. Ошондон соң баарысы тең үнсүз шолоктоп көпкө дейре эстерине келе алышпайт. Тагдыр деген көп учурда ушундай болот – качан өлөөрүңдү билбейсиң, жыргап-куунап отурасың, а дал ошол саатта сенин чымындай жаның Кудай Таалага керек болуп калат…

– Кеттик! – деди демдери сууп түңүлгөн соң Петр Никитич шашке ченде.

– Кайда кеттик?! – Тимофейдин аялы Катерина деген арык аял чочугандай көз жашын сүртө калды.

– Тиманы жерге бербейбизби. Шаарга кеттик.

– Тимофей эч кайда барбайт. Ушул жерде эле жатат.

– Сенин, Катерина, башың деги иштейби?! Инимди ээн талаага көмөлүбү? Шаардын мүрзөсүндө атабыз жатат. Атабыздын жанынан жай алсын да.

Катерина болбоду. Ал келиндин кайнагасы менен дайыма каршыккан өчү бар эле. Тынч эле жерден экөө чатакташа кетип, ошондон улам күйөөсү Тимофей ичкиликти ашык ичип, бирде агасына, бирде аялына кол көтөргөн учурлары болгон.

Бу сапар Тима маркум үнсүз жатты. Капыстан жүрөгү токтоп, денеси муздап, агасы менен аялынын ортолоруна арачы түшмөк түгүл алардын үнүн уккан да жок. Мындай учурда Петр Никитич эркектик кылыш керек да. Ал дал ошондой иш жасады. Катеринаны колунун сырты менен жыга түрттү да, Тимофей инисин нарыда жаткан килемге ороп, аркан менен бекем курчаган соң өзүнүн аялы Люда экөө көтөрүп келип арабага салышты.

– Андай болсо мен барбайм, өзүңөр көмгүлө иниңерди! – деп Катерина көпкө дейре доюрланды эле Людмила эптеп атып ийге келтиргенсиди. Ошондо да болбой, арабага түшпөй, Катерина түндөгү ичкен самогондун күүсү менен кайнагасына акаарат айтып убара кылды.

Каарына келген Петр Никитич аттарын арабага чегип бүткөн соң кызуу уйкуда жаткан балдарды жууркандарына орогон бойдон ойготпой эле көтөрүп келип, өлүү Тимофейдин каптал-капталына жаткырды да можуну колуна ала аттарды «чу» деди. Эки аял анын артында отурушат. Чыга берээрде жолго деп чоң-чоң стакандар менен дагы бирден басып алышкан. Күн бүркөк, айлана боз туман.

Тик ылдый күүлөнгөн араба аттарга ээ бербей доңкулдаган сайын Катерина:

– Бирдин ичинен чыгасың, Петр Никитич. Кой десем болбодуң. Арабаңды оодарып, менин балдарымды атайын кырсыкка кабылдатканы жатасың! – деп кайнагасына тийиштик кыла баштады. А кезде эки бала,

экөө тең ойгонушкан болчу. Энесинин тигиндей сөзүн уккан Тимофейдин сегиз жаштагы кызы бакырып ыйлап кирди. Айтор, араба үстү ызычуу.

Петр Никитич болсо ылдыйта ээликкен аттардын оозун тарта албай, өң-алаттан кетип калчылдайт.

– Жаагыңарды баскыла! – деди ал бир кезде артына мойнун кайрып. Дал ошол ирмемде ал ылдыйдан, аттардын чандыр тушунан чуркап бараткан кандайдыр боз көлөкөнү байкап калды. Итпи деп ойлоду адегенде. Аңгычакты ошондой эле көлөкө сол жактан көрүндү. Араба тик ылдыйдан түзгө түшүп, жүрүшү жайлап калган чак болчу. Ылдыйда туман коюураак экен. Ошого карабастан бир үйүр карышкыр аларга кол салганын Петр Никитич эми дапдаана көрдү. Бетинен сөлү качып, жүрөгү оозуна тыгыла түштү, бирок сыр берген жок.

Аңгычакты көркоолордун келгенин сезген аттар үркүп жөнөдү. Таштуу жолдогу араба калдаңдап үстүндөгү кишилерди бирден силкип ыргытчудай. Чиедей эки балагат, эки аял, бир сөөк! Мунун баарысы тең эле бир ирмемде жырткычтын колкосуна тыгылып жок болушу Петр Никитичтин көз алдына элестей түштү.

– Ноо! Ноо! – деди ал жанталаша аттарды камчысы менен сабап. Ансыз да жалаңкычтан үрккөн аттардын төрт аягы тыбырайт. Бирок араба оор, жол баткак.

Жазгы ала-шалбырттагы кабыргалары каркайып, ичеги боору кынжыйган көркоолор болсо өлгүдөй ач. Алар кыжырына чыдабай аттарга жете электе бир сыйрадан арабанын резинка дөңгөлөктөрүнө тиш салып жиберишти. Андан соң, күчтөн тайып солбуй баштаган жылкылардын кан жыты буркураган ысык чандырына тумшук сала кетишти.

Эмне кылаарын билбей алдастаган Петр Никитич арабадан эбиле калып бир нече жолу бөрүлөргө камчы шилтеди эле алардын тогото койчу түрү жок. Ого бетер күчөп айыгышат. Ал тушта араба жырткычтардын курчоосунда калганын, адамдар менен аттардын өмүрү акыры кылдын учуна келгенин Петр Никитичтин артында отурган эки аял экөө тең түшүнүп калган. Бирок алар жүрөктөрү түшкөндөн улам лам дей албай катып, селейип келатышат эле. Ошого карабастан энелик сезими мастыкка кошул-ташыл болгон Катерина капыстан кыйкырып кирди:

– Балдарымды өлтүрдүң! Балдарымды өлтүрдүң, убалдан коркпогон Петр Никитич! Кудай сени жазалайт! Сен атайын кылдың!..

Ар дайым сабыр туткан, өзүн ачууга чанда гана алдырган аялы Людмила дагы өлүм дал жанында жүгүрүп бараткандыктан эсин алдырып койду окшойт, Катеринага кошула кыйкырды:

– Айда аттарыңды, Петя! Шал болуп калдыңбы?! Айда тезирээк!

Ансыз деле жүрөгү жарылчудай жанын үрөп, аттарын болушунча сабап келаткан Петр Никитич ушул жерден үмүтү үзүлө түшкөндөй бол-

ду. Көздөрү чанагынан чыгып кетти. Анткени көк жалдын бирөө чуркап бараткан аттын толорсугуна тиш салган бойдон коё бербей сүйрөлүп алган. Калган эки-үчөө алдыга озо чыгып, жылкыларды кокодон алыштын аракетинде болчу.

Петр Никитич бир ирмемде өзүн дароо жоготту. Жоготту эмес, өзүнүн бардык өмүр күнүн караңгыга таштай салып, жылт эткен жарыкты көздөй секирди. Анткени ошол жарыкта гана арабадагылардын бардыгы аман кутулушу мүмкүн эле. Башка эч кандай ылаажы калган эмес. «Ме, можуну карма! Аттарды бачым айда!»

Людмиланын кулагында күйөөсүнүн акыркы киркиреген үнү жаңырып, көздөрүндө болсо Петр Никитичтин толорсукта сүйрөлүп бараткан көк жалдуу боз бөрүнүн үстүнө арбаң этип секирген кебетеси түбөлүккө катып калды. Ошентип ал шордуу өз денесин жырткычтарга таштап берген болчу.

Араба калдаландап узай бергенде ач бөрүлөр бир заматта тумшуктарын ысык канга мылгый, чогуу тойлоп калышты… Адамдын эти алар үчүн сейрек кезиге турган ширин тамак эмеспи деп аңгемесин аяктаган болчу Даниил Черкашин.

***

Бу жалганда эки бүлөнүн амандыгы үчүн өз жанын берген атасы менен улуу баласы Виктор өзгөчө сыймыктанчу, а кичүүсү Сергей болсо ал жөнүндө түк оозунан сөз чыгарып көргөн эмес дешет билгендер. Бир үйдө эки бала болсо – эки мүнөз. Адам дегениңди жан жараткан табигат ошондой, айтып бүткүс ажырым кылып койгон тура, чиркин.

Виктор «Атама» деген ырынын сөзү менен, обонун бир нече жыл тирмейип жүрүп, бирок өз оюндагыдай чыгарган окшойт – биринчи жолу гитара менен ырдап чыкканда эле уккандар көздөрүнө жаш алыптыр. Чынында эле жаш албай угушка мүмкүн эмес эле. Мен дагы бир нече жолу уккам ал ырды. Сөзү, обону, аткаруусу, үчөө тең шайкеш келип, жаш жигиттин жандүйнөсүн, ичтеги сызылган кайгы-муңун, атасына болгон урматын, а эң негизгиси, атасы Петрдун ааламда жок асыл сапатын ачып берип, анын улуулугун даңазалай алган ыр жараткан. Виктор атасына ыр менен өлбөс-өчпөс эстелик койгон деген сөздөрдү газеталар биринен бири көчүрүп жазгандарын да окугам. Мына эми, ошол Виктор ырчы азыр камакта иниси менен кошо отурат. Мага кызыгы, анын ички ахвалы эле. Эмнени ойлоп, эмнеге күйүп отурду экен? Инисинен табак менен бетке жеген соң ошого татыктуу күнөөсүн сезип отурабы же болбосо асыя мушташка өкүнүп, наркота куюнган, жинди болгон инисине жаны кейип, эмне кылаар айласын таппай, Светанын тагдырына

күйүп отурабы? А балким, ал экөөнүн ортосундагы мамиле дагы терең кеткендир? Ошолорду Виктор көз алдында элестетип, же өкүнүп, же болбосо канааттанып, Сергейдин үйлөнүү тоюу ойрон болгонуна сүйүнүп, мынакей эми, Света сулуу меники болот деп үмүт байлап отургандыр. Ай, анте албайт ко. Кандай болгон күндө да, эгерде эле Сергей иниси өлүп жоголбосо Викторго мындан ары күн жоктур. Мен ушундай ойлойм. Экөө бирин бири өлтүрүп тынбаса болду. Андай болуп кетиши да ыктымал. Орус мүнөз деген баарына бара берет, эч нерседен кайра тартпайт эмеспи…

* * *

Тилекке каршы, үч күндүк аракет эч майнап бербеди. Светлана Черкашина табылган жок, ың-жыңсыз. Соо болсо телефон ураар, же тил кат берээр деп күткөнбүз. Андай да болбоду. Күн өткөн сайын милийсанын издөөсү солгундай баштады. Аны алдыртан байкап отурган кыздын ата-энесинде, туугандарында өң-алат жок, купкуу. «Колукту жоголду» – деп сенсация берип, шаардык газеталар өз ишин айныбай жасап жатты. Антпегенде карап турабы. Жоголоорун жоголду. Башкаларды билбейм, жеке менин уятым ачыкка чыгып, эң жаман авалда калдым. Ара-чолодо кызматыма кире калсам баарысы эле мага боор ооругансып муңайым карашат. Көздөрү жылтырап, бирок эмне ойлоп тургандарын жашырып жатышты. Айтпаса да белгилүү да – «третий лишний» экеним баарына билинип, эми ичтеринен мени шылдыңга алып олтурушпайбы. Ошого карабастан, өзүмдү чанып башкага күйөөгө чыгып жаткан Светлананы кошо издешип чуркап жүргөнүмө дагы күлүп жатышкандыр. Ал кеңкелестигимди өзүм түшүнүп турсам деле болбой, дагыле издөө тобундамын. Максатым эле – ушул болуп өткөн чуулгандуу, түшүнүксүз окуялардан кийин жүрөгүмө жаккан адамдын бир сапар жүзүн көрүп, көзүнө тике карап алгым келет. Ошондо мен анын дегеле кандай адам экендигин түшүнөм го деген үмүт. Балким, ал дагы деле мен үчүн сүйкүмдүү, табышмактуу, бирок таза бойдон калгандыр, же балким, мен андан биротоло түңүлөрмүн, жек көрүп калаармын. Мына ушуну билмейинче жаным жай албайт. Кыскасы, нары же бери болушум керек эле.

Ал ортодо хулигандык кылгандыгы үчүн деп Сергейге жана ага кошулуп мушташкан шериктерине кылмыш иши ачылып, тергөө башталганын уктук. Он чакты адам ресторанда ар кандай жаракат алып ооруканага түшүптүр. Бирөө өлүм алдында жатат дешти. Менин фирмамда Света менен чогуу иштегендерди да суракка чакырып жатты тергөөчү. Алардын айтымына караганда айыптоонун багыты бүт эле Сергейге каршы. Ошол эле учурда тергөөчү бул чатактын чыгышында Светанын

да салымы жок эмес экендигин далилдешке аракет кылып жаткандыгын айтышты. Ушул жагдайда, балким, мени дагы суракка чакырабы деп күтүп жүрдүм эле, азырынча чакырбады.

Арийне, кандай гана курч окуя болбосун убакыт деген улуу күч анын мизин мокото баштайт экен, андан соң мокогон мизди чаң баса баштайт тура. Ошентип, курч окуя акырындап мезгилдин күңүрт желесине оролуп, жаркырак жүзү бозоруп, көздөн да, эстен да алыстай берет экен.

Ошол сыңары алды менен канчалык көп адамдар кайгырып, кабатыр болгон күндө да Светанын дайынсыз жоголгонун шаардагы көпчүлүк унутуп бараткан эле. Ар кимдин өз кара жаны, күндөлүк күйгүлтүгү дегендей кеп.

Тергөөнүн жүрүшү бир айдан ашып бараткан болчу. Ошол күндөрдүн биринде мага Виктор телефон чалып калды. Күткөнсүп жүрдүм эле. Анткени Сергей али СИЗОдо, а Викторду болсо камактан чыгарышкан. Эгерде ал Светанын тагдырына чындап эле күйө турган болсо анда жөн жатпай көп жерге бармак, көп аракет кылмак, ошонун ичинде мага да сөзсүз келет деп түкшөмөлдөп жүргөм. Ошондой эле болду. Бирок ал мага келгенде мен өзүм кандай авалда болорумду билбепмин. Ал телефон чалгандан кийин өзүмчө эле ызырына баштадым. Иниси аскерде экенде анын сүйлөшкөн кызына тап койгон бетпак менен мен кандайча сүйлөшөт элем! Ошол да адамбы? Адам эмес да!

Ал аңгыча Виктор эшигимди кыңайтып ачып калды. Концертинин иштери боюнча мага мурда көп эле жолу келген болчу. Света үчүн деп жардамымды аячу эмесмин.

– Киргин! – дедим суз.

Менин тиртейген кебетимди көргөн соң ал олдоксон тартынып, кыңырылып келип унчукпай колун сунду. Мен колун алымыш болдум да:

– Эки бир тууган эмне акмак болуп жүрөсүңөр?! – дедим орой эле.

Виктор эч сөз айтпастан көпкө чейин мени тиктеп калды. Көз карашында ачуу да жок, таттуу да жок, бирок айтылбаган эң эле көп сыр жаткандай. Ошол сырлардын четин кантип мага чыгараарын билбей жалдырагансыйт.

– Айт, эмне келдиң мага! – дедим мен өзүмдө айып жок болгондон кийин дегенсип тигини опузалай.

Ошентсем Виктор бир топко башын жерге салып отурду да өтө кыжаалат жүзүн менден ала качып, бирок айласы кеткен, башка бараар жери, айтаар адамы жок таризде бир шумдук жомогун жобурап кирди.

Сөздүн чыны мындай таржымалга ишениш кыйын эле, бирок турмуштун будан да татаал кыйчалыштарын угуп-көрүп туруп, Виктордун айтканын тана албай аргасыздан моюндоого туура келет. Анткени бу дүйнөдө Адам тагдырынан татаал эмне бар? Болгондо да эки шыйрагына тикелей баскан жер үстүндө канча тирүү жан болсо ошончолук

башка-башка, бирине бири чендебеген тагдырлар, ар биринин ичине сүңгүп карасаң жыргалынан кууралы көп, ошончолук азаптуу трагедиялар өтүп жатат, биринин үстүнө бири үйүлөт. Акыр аягы, барып-келип отуруп ошонун бардыгы тең жер үстүндө кыбыраган бүткүл эле адампендени эзелтен бери коштоп келе жаткан ичээр суусу, көрөөр күнү окшобойбу.

Чынымды айтайын, мени бул ойлорго түрткөн Виктордун айтып берген аңгемеси болду. Адегенде атайылап эле анын жобураган жомогуна ишенбеген түр көрсөтүп отурдум. Жо, чынында эле мен эмне үчүн ага ишенишим керек? Биз, бизнесмендер мындайларды жакшы билебиз, тажап да бүткөнбүз – кайдагы үрөй учурган окуяларды саймедиреп келип аягында колкабыш сурашат. Колкабышы – акча! Болду-болбоду, Светанын кайгысын бетине кармап келип, аны издөөгө жардамдаш деген шылтоо менен Виктор азыр акча сурап келди. Бербей коё албайт деген ишенимде келди. Берсе балким берээрмин, бирок берээрден мурун бул жигитке айтаар бир топ катуу сөздөрүм бар.

Мен алды менен боюмду жыйра кармап, карандашты столго тыкылдатып отуруп уктум. Бирок карандашымды качан тигиндей таштаганымды билбейм, айтор, оозумду ачып калган экемин. Бир кезде эсиме келдим да:

– Эркексиңби? Ыйлабай отуруп айт! – дедим Викторго дымак бергим келип. Ал оңтойсуздана көзүн сүртүп, бирок сөзүн ырааттуу айта албай демигип, үзүл-кезил сүйлөп жатты.

Көрсө, узун сабак таржымалды кыскартып айтканда мындай экен. Кыргызстанга Черкашиндер менен Самсоновдор орус падышасы Николай IIнин тушунда мындан жүз кырк жыл илгери, крепостнойлук укукка каршы көз карашы үчүн саясий сүргүнгө айдалып келгендер экен. Аталаш бир тууган бул эки бүлөнүн ошондон берки тарыхы жөнөкөй да, татаал да, ачуу да, таттуу да, оң да, терс да болуп жүрүп отурат да акыры мындан бир топ жыл илгери Даниил Григорьевич Черкашин менен Петр Никитич Самсоновдун тушунда өтө катуу бузулушат. Себепчи – баягы эле түбүң түшкөн ичкилик эмей эмине. Бир майрамда катуу ичишкен соң Даниил Черкашин Катеринанын агасы Константинди бычак менен курсакка бышып алат. Кийин сотто жаш жигит Константин өзүнөн улуу кудасы Даниилди ашата сөккөнү, жакалап сүйрөгөнү, кирзо өтүк менен ичке тепкени далил болот, болгон менен анын баарысы сот тарабынан эсепке алынбады, анткени Константин ооруканада жатып каза болот. Ал сотто Петр Никитич Самсонов күбө катары келип, Катеринанын агасы Константинди күнөөлөп сүйлөгөн экен. Ошондон баштап өз келини Катерина Петр Самсоновдун ашыккан душманы болот да калат. Иниси Тимофей болсо өзүнүн аялы жагын алат. Кайын журт менен чогулуп, Даниилди он жылга кестиришет.

Түрмө деген түрмө да. Ал жердеги ачендиктер сенин кокустан кырсыкка туш болгонуңа, же болбосо мурда-кийин жакшы адам экениңе карабайт, ал жерде бардыгы тең бир гана мокочо ат менен аталат – кылмышкер. Ошентсе да Даниил Черкашиндин жыгач усталык кесиби аны кай жерде болбосун оорун колдон алып дегендей, нечен азап-тозоктон куткарып, жанына жардамы чоң эле. Түрмөдө да ошондой болду – кай жумушка салбасын, күнү-түнү баш көтөрбөй балта-чотун кармаган Черкашин он жылдын ордуна беш жылда бошоп, аман-соо үйүнө кайтып келүүгө үмүт байлап турган. Баары бүтүп бир гана нерсе жетпей жаткан – түрмөнүн начальнигине ошол кездеги чен боюнча беш тоголок* бериш керек эле. Ал акчаны чогулта турган ким? Баягы эле балыкчылык туугандары, анын ичинде баягы эле Самсоновдор. Акча көпкө дейре чогулбай жатты. Черкашин саргарып күтүп, бирок демейкисиндей эле иштен башын көтөргөн жок. Ошол кезде «не было бы счастья да несчастье помогло» деген орустун макалы Даниилдин тагдырына түздөн-түз кийлигишкен экен. Шордуу кишини түрмөдөгү жаш кылмышкер зөөкүрлөр чогулуп алып зордуктап салышат. Аларга каршылык көрсөтөм деп катуу таяк жеген Даниил Григорьевич чалажан тейде эс-учун билбей ооруканага түшөт.

Бул факт боюнча түрмөнүн начальниги кызматынан бир заматта кол жууп калышы ыктымал эле, себеби зордукчулар түрмөдөгү өздөрүнө тиешелүү аймактан ээн-эркин чыгып кетишип, оор кылмышка барышкан. Түрмөдөгү режим, тартип орой бузулган, ал үчүн администрация түздөн-түз күнөөкөр эле.

Жагдай капыстан ушундай болуп калган соң түрмөнүн чоңдору өзүлөрү эбилип чуркап жатышып, Черкашинди эптеп бутуна тургузушат дагы, эч кайда арызданбагын деп көндүрүшүп, документтерин түрмөдөгү үлгүлүү тартиби жана кужүрмөн эмгеги үчүн мөөнөтүнөн мурда бошотууга деп түрмөлөрдүн жогорку сотуна шашылыш жөнөтүшөт.

* * *

Даниил Черкашин үйүнө араңжан келди. Колу-бутунун жараты бүткөнү менен мээсинин чайкалганы жанын жеп жатты. Күндүзү саал өзүнө келгени менен түндөсү таңга дейре башын мыкчып, онтолоп чыгат.

Онтологону бир эсеп, андан да ашкан күйүтү кырктан өтүп, ушунча жашка келгени шермендеси чыгып, жаш зөөкүрлөргө зордуктатканы жүрөгүн мыжыйт.

---

* *Беш тоголок* – беш миң рубль дегени.

Колунда балтасы бар эле. Атаңкөрай, ошондо айбандардын бирөөсүнүн башын кыя чапсам болбойт беле деп төшөгүнө чүмкөнө жатып алып эми ыйлайт.

Өтөөрү өттү, кетээри кетти деп өзүн соороточон десе азыр, мезгил өткөн сайын ошол иштин уяты, мазагы ого бетер жанын жей турган болду. Барган сайын ызасы тарайбы десе кайра күчөйт. Жок дегенде ал окуя Балыкчыга угулбай калса эмне? Угулуптур. Болгондо да дароо эле түрмөдөгү бакан ооз жердеши телефон чалып элге «сүйүнчүлөгөн» экен. Ал дагы он жылга айдалган бир кесеп болчу. Аялын өлтүргөн үчүн кесилген. Жайма-жай жыгач кармап, беймарал өз оокатын кылып тынч жүргөн Даниил тагдыры ушунчалык татаал мүшкүлгө урунаарын түк ойлогон эместир да! Ошондуктан, түрмөдөн келгени, эптеп баш оорудан кутулсам, кайрадан баягы жайгерчилик оокатыма киришсем деген пендечилик чоң тилеги бар эле.

Бирок адамдагы кекчил сезим ага карайбы – агасы Константиндин кегин кууган Катерина: «Эмне үчүн түрмөдөн эрте бошонду?! Мен арызданам, БКга* арыз жазам» – деп буй сала баштады. Күйөөсү Тимофей болсо эч айныбастан аялынын жаатын жактап чыгат. Ошону менен баягы Самсонов менен Черкашиналардын ортосунда эзелки чатагы кайрадан от алат.

Буга жаны чыдабаган Даниил өлөйүн деп нечен аракет кылды, бирок өлө албады. Адамдын жаны кээде иттикинен да кайышчыл болуп туруп алмайы бар. Даниил уу да ичип көрдү, асынып да көрдү, бирок жолу болбоду. Эки сапар тең эринен көзүн албай аңдыган Зоя Ивановна аман алып калды аны.

– Өлүмгө жетпеген акмак, мобул чүрпөдөй кызыңды аясаң болбойбу?! – деди Зоя беш жаштагы Светлана кызын кучактап ыйлап. – Ушуну жетим калтырганда кудай сени деги кечиреби?! Ойлосоң болбойбу!

Даниил ойлонду, бирок ойлонгондо колунан эмне келмекчи? Аталаш тууган-уруктун ортосунда кайрадан элдешкис кек тутантып, кайрадан түбөлүк чатакты салбадыбы. Муну эми өлүп эле тындырбаса башка чарасы жок. Аялы Зоя жалгыз кызы Светлананы бетине кармаган менен андан эмне айла? Кыз болсо өз күнүн көрүп чоңоёр, аман болсо бактысын таап бир жагына кетээр. Энеси бар, агалары бар, кор боло койбос ал…

Мына ошентип, аялына көрсөтпөй көзүнө жаш чайып жаткан күндөрдүн биринде Даниилди көрмөккө кыргыз досу Асанкул келип калды. Экөө жаштайынан сырдаш да, курдаш да эле. Кыргыз мектепте чогуу окушкан, футболду чогуу тебишкен. Даниил түрмөгө кеткенде Асанкул көзүнө жаш алып узаткан болчу.

---

*БК – ал кезде өлкөнүн коммунисттик партиянын Борбордук Комитети башкарчу.

Черкашиндин арманын бүтүндөй уккан соң ошол Асанкул досу күтүлбөгөн жерден сунуш айтып калды:

– Кыргыздар, – деди ал, – сеникиндей кыйын авалда калганда бир жол табат. Ал жол – кудалашуу. Билесиңби, кыргызда кудалашуу деген эмне экенин?

– Уккам.

– Уксаң анда мындай. Сенде кыз бар – Света. Петр Самсондо болсо эки уул бар: Виктор менен Сергей. Петрону мен көндүрөйүн. Ал эки уулунун бирин айтып туруп сенин кызыңа куда түшсүн, сөйкө салып койсун. Улуусу Виктор ылайыктуу го. Ошентип куда болуп каласыңар. Куда болгон соң ортоңордо чатак эмес, сый-урмат деген болуш керек. Ал өзү адамдык милдет. Эч кайда кете албайсыңар! Туурабы?

Оң колу менен жүрөгүн баса шылкыйып отурган Даниил Асанкул досуна ишенимсиз бир карап алып, ийнин арсар куушурду.

– Виктор деген Тимофейдин баласы эмес да, – деди көптөн кийин ал үнүн зорго кирилдетип. – Ал Петрдун уулу эмеспи.

– Эмнеси бар экен? Тимофей менен Петр жатындаш бир тууган да. Ошондо Тимофей сага бир тууган куда болуп калат. Анын тажаал катыны Катя кудагыйың болуп калат. Же алар эмне, жатындашы Петрдан кете коёт беле? Кетпейт эч кайда!

– Сен орусту кыргыздай көрүп жатасың го, Асанкул.

– Эми, Данике кыргыз эле болуп калдыңар да, биз менен алыш-беришиңер бир. Петр болсо сенден да өткөн кыргыз. Мен аны жакшы билем го. Ага азыркы оюмду айтсам тимеле сүйүнүп кетээр. Андан кийин инисин ыкка келтиребиз. Тимофей ыкка келген соң катыны кайда качмак эле. Мас болуп алса Тима аны бир заматта көкала койдой союп коёт.

– Кой, антпе. Аны кудай бергилик кылбасын. Ал өзү жеткен кара ниет неме. Бир күнү Тимофейди сотко берип отургузуп койгондон кайра тартпайт.

– Коркпо, Данике. Эл бар, журт бар. Биз турабыз. Сени деле түрмөдөн алып калмакпыз. Алиги Константин деген зөөкүр, энеңди урайын, өлүп бербедиби. Болбосо сени алып эле калмакпыз. Адепки күнөө тигинде болчу да, туурабы? Сени биринчи тепкилеген ошо да.

Даниил башын көтөргөн да жок, досуна жооп берген да жок. Өлүп кеткен кудасы Костя жөнүндө козголгон сөзгө таптакыр кошулгусу келбеди.

Ал сөздүн азыр не кажаты бар эле? Андан көрөкчө – деп ал ичинде Асанкулдун сунушун ойлонуп отурду.

– Сен анда Петро менен сөйкөлөшүп көрчү, – деди акырында Даниил башын секин өйдө кылып.

* * *

Иш мына ушундай болгон экен. Асанкул Петрду көндүрөт, ал иниси Тимофейди көндүрөт, Катерина болсо так түйүлүп каршы. Ага болбой эле эркектер чогулуп келет да, Даниилдикинде сары боор маринкадан үч кайрым уха жасашып, арактан шыңгыта ичишкен соң беш жашар Светанын кулагына күмүштөн сөйкө салып кетишет. Сөйкөнү оюнчук катары көргөн наристе кыз таптакыр кулагынан албай, эрезеге жеткенге дейре такай тагынып жүргөн экен.

Чоңойгондо кимге күйөөгө чыгасың десе «Виктойго» деп жооп берчү эле, – деп шарактап күлүшөт билгендер. Өспүрүм кезинде Виктор өзүнүн бул тарыхын адеп угат да, мектептен келип алып атасына тултуңдап чоң чатак салат.

– Света экөөбүздү бүт мектеп «колукту-күйөө» деп шылдыңдап атат. Аны так сен баштаптырсың, папа!

– А сен ага көңүл бурбагын. Айта беришсин, – деди Петр уулун сооротуп.

– Ооба сага, айта беришсин! Шылдыңдап жатышат. Мектепке барбайм экинчи. Окубайм.

Муну укканда Петр жооп таба албай үрпөңдөй түштү. Аялы Людмила болсо тигиндейде табасы канып турат.

– Бирөөлөр келжиреп сүйлөсө эле окубайм дегениң кандай сенин?! – деди Петр уулунан мурда аялына жинденип. Себеби бул сөздү мектепке жеткирген аялы менен келини Катерина экөө экенин ал айттырбай түшүнгөн болчу.

– Окубайм.

– Мынаке, баланы моминтип бузмаксың! Караңгы кыргыздардын тилине кирип…

Аялы бул сөздөрүн биринчи жолу айтып жаткан эмес. Акылдуу, токтоо деген Людмиласы башында жакшы эле, а кийин чатакчыл келини Катеринанын жолоюна түшкөнүнө Петрдун кыжыры кайнап, чыдабай кетчү. Ошондуктан Петр эшигин тарс жапты да үйүнөн чыгып кетти. Күйөөсүнүн бул кебетеси жакшылыктын жышааны эмес эле. Ошону абдан түшүнгөн Людмила түнү менен саруулап, эки уулун эки жагына алып жатты. А Петр болсо эртеси шашкеде, уулдарым мектепке кетти го деген ой менен аялын ийлеп коймокко атайын мас болуп келген. Келсе Викторy чын эле мектепке барбай үйдө калыптыр.

– Ты что, зараза! – деди ал төшөктө жаткан баласын желкеден алып ыргытып.

– Не хочешь учиться?! Очень даже прекрасно! Айда со мной. Будешь возить говно.

Петр баласынан жашырып жүргөн чындыкты айткан болчу. Анткени ал шаардын горкомхоз деген мекемесинде ассенизатор* болуп иштечү эле. Бирок анысын ар кимге, төтөн балдарына айта койчу эмес. А бу сапар болсо ачууга алдырган тейде улуу баласын эки күн бою септиктерден** бок-сийдик сордуруучу, саңырсыгы жууса да эч убакта кетпеген кабыргалуу оор шлангдарды көтөртүп ишке салып койду.

– Окуйсуңбу?! – деди үчүнчү күнү баласын ээктен көтөрүп. Виктор унчукпай көзүн жумду.

– Бар! – деди атасы аны желкеге түртүп. – Окубайм деп экинчи айтпай жүргүн. Эгер окубай турган болсоң өмүр бою мына минтип сасык шланг көтөрөсүң. Түшүндүңбү?!

Виктор үн дебестен үйүн көздөй илкиди, окуйм же окубайм деп айта алган жок.

– А Светлана кандай авалда болду «колукту-күйөө» дегенди укканда? – деп мен сөзү байып бараткада Викторго суроо узатып койдум. Антпесем Сергейдин иниси экөөнүн ортосундагы чатактын сыры ачылчудай эмес. Ал сырдын жандырмагы болсо мага керек болуп туру. Виктор өзү ыр жазган, обон чыгарган назик мүнөздүү жумшак жигит болгону менен сөзгө чоркок. Ошого жараша кыйдылыгы да бар. Тээ, адегенде эле Сергей сени эмне үчүн табак менен бетке койду деп сурасам ачык айтпай, ары буйтап, бери буйтап келатат. Анын үстүнө ыраааты жок, тантык сүйлөчү болуп алыптыр. Ошондуктан анын чаржайыт, үзүл-кезил айткандарын жыйынтыктаганда мындай экен.

Света бир мектептин бойлуусу да, өңдүү-түстүүсү да, мыкты окуганы да болгондуктан дайыма башын көтөрө кармап, өзүн сыймыктуу алып жүрчү дейт. Мүнөзү шайдоот, басканы шар. А «колукту-күйөөнү» биринчи укканда каткырып туруп ошол айткан баланы китеп менен каң дедире башка бир салыптыр. Андан кийин айткандарды да дал ошондой кылат экен.

Эч сөз айтпайт дейт, мылжыңдап ага тийишкен балдарды же китеп, же тетрад менен жалп эттире бетке бир чаап басып кетет дейт.

Бул эмне деген жоругу экенин балдар-кыздар же түшүнүшпөйт. Кичинесинде кудаланган колукту экенин моюндаганыбы же танганыбы? Же бир уялып, тартынып койбойт. Бая мурдагысындай эле тарсылдап жүргөнү-жүргөн.

Ага караганда эркек башы менен Виктор тигил сөзгө ызаланып, кирерге жер таппай, көп күндөр курбуларынан корунуп, окуусун да начарлатат. Кокус Света маңдайынан чыгып калса бети дуу кызарып, саламдашпай тетири качат. Ал кыздын айынан кечки дискотекаларга барбай, өзү түзгөн эстрада тобун башка бирөөгө табыштап, үйүнөн чыкпай кору-

---

* *Ассенизатор* – шаардын дааратканаларын тазалоочу адис.

** *Септиктер* – дааратканадан чыккан бок-сийдикти топточу чуңкур.

нат. Мурда Светанын жанын койбой эстрадага чакырып, хордо ырдатып, үйүнө дейре күндө кечинде узатып, ыгы келгенде кызды кучактай калып ага өтө дилгир болчу. Кудай ага берген кыял ушул экен – эми тигинтип сөйкө салынган өз кызынан өзү безип үйүндө жалгыз отурат.

Ал арада Светлана Виктордун иниси Сергейди адегенде тууган катары колтуктап алды. Кечки зоокторго чогуу барышат, кайта чогуу келишет, үйлөрү жакын. Викторго караганда Сергей өтө келишимдүү, бою Светага төп келген, сырын ичине катып, көп сүйлөбөгөн бир мүнөздүү жигит болуп өстү. Ошонусу кыздарга аябагандай жага турган, мектеп боюнча Сергейди кылгырып тиктебеген бир да кыз жок болсо керек эле. Ошолордун бардыгынын жүрөктөрүн зыркыратып туруп, Светлана Сергейди опоңой эле ээлеп алды.

Адамдын табияты деген акыл жеткис бир караңгы токой го, чиркин. Света өзүнүн кудалаган колуктусу экенин укканда кызаландап качып жүргөн ошол эле Виктор, иниси Сергей ал кыздын тандаган жигити болгондон кийин анан Черкашинанын көлөкөсүн ээрчип жүрбөйбү. Бая мурдагысындай күн сайын эстрадага чакырат, эптеп шылтоо таап гүлдесте тапшырат, көл жээктеги концерттерге алпарат, айтор, Сергейдин көзү мындай боло калса эле Светанын жанында – Виктор. Турмушта болбой турган бул окуя оздон-оозго өтүп отуруп бүтүндөй шаарга тарап, акыры эки уулдун ата-энесине дейре жетти.

– Уулум, – деди бир күнү Петр Никитич Сергейди алдына чакырып, – сен эмне, башка кыз таппай калдыңбы?

– Эмне экен?

– Эл айтат сени тигил тууганыбыз Черкашиндин кызы Света менен кучакташып жүрөт деп.

– Жүрсө жүргөндүрмүн.

– Жүрбөгүн! Анын чатагы көп. Бири-бирибизди кайрадан өлтүрүшүп калабыз. Араңдан зорго тынчып келатканыбызда сен уулум, кырсыкты кайра козгобо. Эки уулум экөөң тең бала эмессиңер. Эсиңерге келгиле!

– Аны сен Викторго айт, папа!

– Викторго айтпайм! Анын жөнү башка. Силер али ымыркай кезде ушундай иш болуп калган.

– Эмне болду эле?

– Уккан жок белең?

– Жок.

– Ал экөө кудалашып, Светага сөйкө салынып калган.

– Ким экөө?

– Виктор менен Света.

– Ха-ха-ха! Силер эмне, жапайы туземец болуп кеттиңер беле?

– Башка айла калбаса ошондой ишке барасың да! Аны дагы эл ойлоп чыгарган амал.

– Сөйкөсүн Света небак таштандыга ыргытып жиберген. Ошон үчүн башыңарды курубекер оорутпагыла, папа!

– Ишенбейм. Света андайга барчу кыз эмес.

– Эй, папа, мен андай сөйкөдөн сага жүздү сатып берейинчи. Каалаган кызыңарга барып кулагына иле бергиле. Керек болсо мурдун көзөп илип койгула. А бирок Светага жабышпагыла. Ал экөөбүз билебиз эмне кылышты. Уктуңбу?!

Петр Никитичтин жаактары карышып, өңү кубарып, сүйлөй албай энтигип кыйлага үнсүз отурду да, акырында мындай деди:

– Уулум, мен силердин атаңармын. Кокус чоң чатак чыгып кетсе экөөңдүн бириңди жок кыламын. Угуп койгула!..

* * *

Деп бир кезде уулдарына ачууланган байкуш Петр Никитич азыр эми өзү кайда? Дени да, сөөгү да көмүлбөй дайынсыз. Жер үстүндө анын бир дагы күкүмү калган жок. Бөрүлөр маркумду мойсогон күндүн эртеси шаардагы уккандын баары жапатырмак жабылып барышып, бечара Петрдун бир укум сөөгүн табалбай кайтып келишти. Андан соң эки уулу кайрадан бир апта ошол кандуу талаада темселеп жүрүшүп куржалак кайтышты. Ачыгып калган жазгы жалаңкычтар ныпым сөөк да калтырбаган окшоду. Ошентип, биздин драмага негизги каармандардын бири болуп келаткан Петр Никитич Самсоновго бул тоголок жер үстүндө бир ууч топо буюрбай, дайынсыз, дарексиз, чокчойгон мүрзөсүз о дүйнө кетти. Биз дагы анын жаркын элесин унутпайбыз. Жакшыбы, жаманбы, колдон келишкенче ак кагазга анын инсандык образын түшүрдүк.

Жаткан жери жайлуу болсун деген сөз оозго барбайт. Петр Никитичтин түбөлүк жаткан жайы жок. Топурагы торко болсун деп да айта албайбыз. Петр Никитичтин сөөгү топурактын астында эмес. Мына ушундай жылчыгы жок кыйын учурда кыргыздар бир гана сөз айтат: «Жаны жаннатка барсын» – дейт. Демек, адамдын жүрөгү сокпой калганда асманга учуп кеткен чымындай жаны бейишке барып, ошерден өзүнүн ордун алсын деген тилек. А жан болсо түбөлүк өлбөс, замандын бир заманында дагы бир дене менен кошо кайрадан жарала турган тирүүлүк.

* * *

Виктордун айтып жаткан баяны узарган сайын мен чыдабастан туйлай баштадым.

– Светлана кайда, билесиңби? Ошону айтчы! – дедим тигинин сөзүнө кыпчыла калып.

– Болжолум бар.

– Кандай болжол?!

Виктор мени шекшине карап койду. Бул эмне мынчалык жанталашат дегенсиди окшойт. А менин болсо чынында эле ичим бышып бараткан. Сөздү кыскартып, жоголгон адамды издөө керек эле да.

– Эмне болжолуң бар? – дедим унчукпай калган Викторго кайрадан окурайып.

– Сизге чынын айтайынбы?

– Анан калп айткын деп жатамбы сага! Света менин кызматкерим да!

– Сиз дагы энеси менен атасына барып анын колун сурагансыз. Укканбыз.

– Кеп анда эмес! – деп мен тайсалдай түштүм. – Азыр кеп аны табышта болуп жатпайбы. Же түшүнбөй турасыңбы?!

– Түшүнөм.

– Түшүнсөң анан тезирээк айтпайсыңбы билгениңди?! Эгер бирдеме билсең.

– Билем. Аны Нарынга алып кетти болуш керек.

– Ким?!

– «Кавказдык».

– Эмне, эмне?!

– Нарынга мени менен кошо бара аласызбы?

– Баягы, сен мушташкан кавказдыкпы?

– Ошол.

– Света эмне, аны менен да жүрчү беле?

– Света баарыбыз менен тең жүрчү. Бирибиздин да көңүлүбүздү калтырган эмес.

– Ал кандай акмак неме?! – дедим мен столдон тура титиреп.

– Ким?

– Светлана! Ким болмок эле?!

– Өзүнө жигит тандаш анын укугу да. Эркектер ойлойбуз, биз тандайбыз деп. А чынында кыздар тандайт экен го.

Эмне дээримди билбей далдырап калдым.

– Болгон философияң ушулбу? Ушуну айтайын деп келдиң беле мага?!

– Мени менен Нарынга бара аласызбы деп келгем.

– Светаңар деги канча эркек менен жүргөн? Ошону айтчы!

– Аны айтыш кыйын. Сергей аскерге кеткенде мага табыштап кеткен. Кайтаргын деген. А мен эмне үчүн кайтарышым керек? Ал деген мага кудаланган кыз болчу. Света өзү да танчу эмес. Мен сендикмин дечү. Экөөбүз бирге жатчубуз.

– Бирге жатчубуз?! Сөйкөсүн ыргытып жиберген турбайбы? – дедим айлам түгөнүп.

– Аны Сергей ойлоп чыгарган. Сөйкөсү сандыгында эле катылуу.

– Түшүнсөм кудай урсун. Экөөң бир тууган болсоңор… Анан бир кызды талашып. А Света Сергей менен да бир төшөктө жатчу беле?

– Жатчу. Бирок денесин эч кимге берген жок.

– Сен аны кантип билип коюпсуң?! – деп жарылып кеттим.

– Билем. Мага да берген жок.

– Хе-хе! – дедим мен ызама чыдабай. – Сага бербесе башкаларга бергендир да? Келесоо!

– Билбейм. Балким, сизге белек кылгандыр?

Оозум жап боло түштү. Себеби менин ахвалым дагы дал Виктордукундай эле. Бирок менин Светага болгон жашыруун, астейдил аруу сезимдеримди Виктор баш болуп бардыгы тең ачык билип алганына бир чети таң калсам, бир чети жинденип турдум. Менин түшүнүгүмдө мындай ыйык сезимдер эч убакта башкаларга жарыя болбой, эки гана адамдын жүрөгүндө балапан сымал уялаш керек эле да! Антпегенде сүйүү деген улук нерсенин касиети өлбөйбү!

– Нарынга бара аласызбы?

– Нарынга?!

– Барып Светаны издейли. Кавказдык ошол чек арада погранзаставада кызмат өтөйт.

Мен көпкө дейре эч нерсе түшүнбөй, башым маң болуп отурдум.

– Света кандайча Нарынга барып калат? – дедим акырында.

– Баягы, той болуп жаткан учурда кавказдык машинеси менен ресторандын далдоосунда Светаны күтүп отуруптур деп көргөндөр айтышты.

– Төбөдө Кудай турат. Түшүнсөм буюрбасын. Кавказдыкты чакырган Света өзү бекен? Аны сыртта күттүрүп коюп өзү Сергейге күйөөгө чыгып жатыптырбы? Ушундай кеңкелестик болобу?

– Болгону ошол да.

– Бул келжиреген сөздү сага деги ким айтты?

– Кечиресиз. Кавказдыкты Света чакырган эмес ко. Ал өзү эле кандайдыр бир сыйкырга ишенип күтүп отурган. Менин оюм ушундай.

Ой жүгүртүүсү чаржайыт, сүйлөгөнү так эмес адамдарга бирде бооруң ооруйт, бирде жиниң келет. Эки саатча ушул Виктор менен сүйлөшүп отуруп, эч бир оңдуу түшүнүк ала албаганыма кейип кеттим.

– Ал кавказдык менен каерден мушташып жүрөсүң? Ошону тагыраак билсем болобу деги?

– Эмнеси бар экен. Кавказдык ар жумада заставасына тамак-аш алганы Нарындан Балыкчыга келчү. Кайдан экенин билбейм, Света менен таанышыптыр. Бир сапар Нарынга чейин алпарып келген экен.

– Кимди, Светаныбы?!

– Ооба.

Менин каным үркүп бетиме чыга түшкөн окшойт, аны байкаган Виктор сырдуу жылмайып койду.

– Анан?! – дедим мен араңдан зорго боюмду токтотуп.

– Анан бир жолу дискотекага келди. Менин ансамблим ойноп жаткан. Ал акчасын төлөп, кайра-кайра эле кавказдын лезгинкасын ойното берди. Света экөө бийлеп, башкаларды такыр көздөрүнө илбейт. Эч ким жакын жолобой калды. Мен адегенде Светанын азарт менен бийлегенине таң калдым. Ал тигил кавказдыктан да крутой бийлейт экен. Андан кийин кавказдыкка баарыбыздын жинибиз келди. Эч кимди көзүнө илбегени жаныбызды чыгарды.

– Будем мочить! – деди Олег деген бала. Ал дагы Светаны өлгүдөй сүйчү. Бий бүтө электе эле кавказдыкты нары, кафенин артына чакырып барып тепкилеп кирдик. Бирок ал төртөөбүздү жерге чапты. Сволоч экен тимеле. Көйнөгү тытылганда карасак жүрөгүнүн үстүнө Светанын сүрөтүн ийнелеп* алыптыр.

– Кандай боёк менен? – дептирмин мен башка сөз түгөнүп калгансып.

– Апарман**. Кудайдын боёгу дейт экен.

– Кавказдык Светага экинчи жолобой калдыбы анан?

– Билбейм. Бизди дароо милиция алып кеткен. Света чакырыптыр. Армиянын офицери үчүн деп беш ай камалдык.

– Демек, ал кийин деле Светага такай келип жүргөн экен да?

– Балким. Ал өзү кара дуба окуган неме экен дешти.

– Света аны менен деле төшөктө жатты деп ойлойсуңбу?

– Болсо болот. Себеби Света аны сүйчү.

– Сүйчү?!

– Бир жолу байкагам. Анда Света техникумда окучу. Экөө үч күн жоголуп кеткен. Светанын атасы мага келип айкырган. Сен эмне үчүн сөйкө салган колуктуңду карабайсың дейт. А мен кантип карайм? Света эмне, оттоп жүргөн уй беле?

– Сен аны сүйөсүң да, чынбы?!

– Чын.

– Анда карашың керек эле да!

– Света Сергейге көбүрөөк макул болчу.

– А кавказдыккачы?

– Ага дагы. Кавказдык жөн эмес, бир балээси бар неме го деп ойлойм.

Мен бул дөөдүрөгөн кеңкелес менен ушунча убакыт сүйлөшүп отурганыма биротоло иренжидим. Билбейм, кимисине көбүрөөк жинденгенимди – бугабы же жылмайып койгондун баарысын сүйө берген Светагабы? Ушуну менен бул суу кечпеген тантыраак сөздү токтотуп, ордуман туруп кетүүгө камына баштадым.

Эгерде Света ушу сапар кавказдык менен кетип калганы чын болсо анда мен ал кызга короткон убактымды да, курулай делбе болуп, акыры

---

* *Ийнелеп* – татуировка.

** *Апарман* – кызыл-сары.

шылдыңга тушуккан жүрөк сезимдеримди дагы жокко эсептедим! Экинчи бул жөнүндө эстебеймин да, ойлонбоймун дагы!

– Рахмат, сүйлөп бергениңе. Демек, Света баарыбызды бирден тандап жүрүп акыры кавказдык дегенге токтогон тура, – дедим мен канталаган көздөрүмдү Викторго кезеп. – Анда эмесе ошону менен бактылуу болсун. Айтып кой!

– Туура эмес. Кавказдыкка ал макул болбошу керек. Ал деген ичинде жин-шайтаны бар неме. Адегенде Света табылсын. Анан ал өзү айтат. Заставага баруу керек.

– Мен бара албайм! – дедим ачуу кыйкырып.

– Анда мени жөнөтүңүз. Света сиздики болот. Мен билем.

– Эмне? Эмне?

– Мен билем. Ал солидный, бай күйөөнү каалайт. Кавказдыктын ким экендигин билбей жатат.

– Мен анчалык бай эмесмин. Бирок сени Нарынга жибергенге кудуретим жетет.

Менин заматта жумшара түшкөнүмдү байкаган Виктор шарт тура калып, колун берди. Ал менден жетишээрлик акча алып чыгып кетээри менен башым сыздап чыкты. Эч нерсе түшүнүксүз, эч нерсе белгисиз, эч нерсени болжоп айтыш мүмкүн эмес. Ал түгүл Виктордун Нарынга жөнөгөндөгү чыныгы максаты эмне экенин да бир кудайдын өзү билет.

Болуптур дедим бир аздан кийин чекемди мыкчып. Ал го ал болсун. А бирок негизги балээ Сергей дегенде жатпайбы. Ал СИЗОдо отуруп алып эмне деген алааматты ойлонуп жатат? Адам уккус кылгылыкты баштагандан кийин ал эми соо калбайт болуш керек. Же өзү өлөт же бирөөнү өлтүрөт. Башка жолу жок. Анын бир сырдуу ичимтап мүнөзү көп кырсыктын ичинен чыгышы мүмкүн. Ал кырсыкка Света кирептер болобу же болбосо өз агасы Викторбу, же кавказдыкпы, айтор, бирдеме деп айтыш өтө эле кыйын болуп калды. Соосунда жоошсунган Сергей баңги болуп алганда кимди биринчи күнөөлөй кетет, кеп ошондо…

Анын кокаинге ууланган мээсинин кай тарапка биринчи багыт алаарын азырынча эч ким билбейт.

Виктор Нарынга кеткен соң мени бир гана үмүт бийлеп жүрдү. Эгер жер үстүндө тирүү экени чын болсо Света мага, же үйүнө, ата-энесине телефон чалмак, кызматкер адамдын милдети ошол да! Мен чөнтөк телефонумду жанымаан чыгарбай звонок күтүп жүрдүм, бирок ал ортодо мээмден кетпей уялап алган бир ойдон качып аттым. Ал ой – Светанын мага болгон мамилеси жөнүндө эле. Адамдын үмүтү өтө кайышчыл болот окшойт, анын үзүлмөгү дароо эмес экен. Дароо тургай, тозок экен. Алдыда болуп өткөн окуялардан кийин мен дөдөй түшүнүшүм керек эле да: – Света мени сүйбөйт, эч убакта сүйгөн да эмес, жөн гана тамаша чегип, чакмак алып жүргөн. Ушул ой башыма келген сайын андан буй-

тап качам. Ишиме алаксыйын дейм, башка түйшүктөр менен алектенем, ал түгүл шаардын өмүрүмдө жолобогон казиносуна да, түнкү клубуна да досторум менен барып көрдүм, болбойт. Алиги жагымсыз нерсе жүрөгүмдө тыкыят да турат. Анан акыры ошого багына баштагансыдым. Светадан эч кабар болбогон соң, демек, ал ушунча күндөн бери мени бир сапар, ал түгүл кызматын эстеп да койгон жок го. Десем, болбой эле башка бир сезимим кайырмакка балык илгенсип үмүтүмдү кыл жипке байлап, коё бербей турду. Балким, ал кандайдыр жаракат алып, оор авалда жаткандыр. Догдурлардын колундадыр. Күтө турушуң керек да чычалактабай. Издешиң керек да! – дейт ал сезимим. А мен болсо кайдан издээримди билбейм. Виктордон эле бир кабар күтүш калды. Бирок ал кабар деле, эгер Света Нарынга кайдагы бир немени ээрчип кеткени чын болсо, менин чекемди жылыта коймок беле? Кыскасы, көңүлүм чөгүп, денем шалдырап, ишке да, ашка да табитим жок отурат элем, капыстан эшигимди ачып, Светанын атасы Даниил Григорьевич келип калды. Өтө кызуу экен. Ыйлап алган түрү бар.

– Света нашлась, – деди ал босогого мүдүрүлүп келип мага колун бере.

– Кайда экен? – дедим мен ордуман тура калып.

– Акча керек, акча!

– Кандай акча? – дедим мен түшүнбөй.

– Кадимки эле жашыл акча! Янкилердин акчасы!

– Аны ким сурап атат?

– Сволочи! Бандиттер. Сөзсүз бандиттер да! Сен уулум, түшүнөсүңбү мен айткан сөзгө? Бандит дегениң кишини ит катары эле атып салат. Дал ушинтип айтышты. Кызыңды ит аткандай атып салабыз деди!

– Түшүнбөй жатам, Даниил Григорьевич!

Даниил Григорьевич эки муштуму менен кызарган көздөрүн жанып, жанып алды.

– Сен менин Светамды сүйдүң беле? – Мен жооп айтпастан тултуюп турдум. – Сүйгөнсүң, шайтан. Света кемакыл дагы сени сүйгөн. Ош-ш-шондуктан акча керек, болбосо алар сенин Светаңды бир мүнөттө тындым кылат. Кызым аман болсо акчаңды кайрып берет, билдиңби?! Коркпо.

– Кимдер экенин түшүндүрүңүзчү? – десем:

– Бандиттер! – деди абышка столду муштай чаңырып.

– Эмне, Светаны бандиттер уурдап кетишиптирби?!

– Сен кандай макоо немесиң? Канча жолу айтып жатам сага?

– Канча акча сурап жатышат?

– Мен карыган чалмын. Андай акча менде жок.

– Жо, канча сумма деп сурап жатам?

– Миллион, – деди Даниил Григорьевич шоросу аккан көздөрүн мага чакырайтып.

– Миллионбу? Сомбу же долларбы?

– Мен аны кайдан билип коюптурмун, неңди … өзүң сүйлөшпөйсүңбү ал көтөн зордукчулар менен!

Жаңы эле бир толтура стаканды уруп келсе керек, Даниил Григорьевич мени менен сүйлөшкөн сайын масы күчөп, сөгүнө баштады. Ошентсе да иштин жайын түшүнгөндөй болдум окшойт.

Эртеси чал соолуккандан кийин аны менен тактап сүйлөштүм да, шаардык милициянын начальнигине бардым. Кеп-кеңештен кийин Светанын атасына телефон чалган кылмышкерлердин шартына «макул» болмой болдук. Ошол эле күнү көп күттүрбөй тигилер абышкага телефон урушуп, акчаны качан, каерден ала тургандарын дааналап айтышкан экен. Ошентип, миллиондук «кукла» сом салынган целлофан пакетти көлгө терең кирип турган шаардык пирстин кылда учуна алпарып гражданча кийинген милиционер илип коймой болду. А Светаны болсо, акчаны текшерип алган соң алар ошол эле жерге, кайыкка отургузуп бизге таштап кетишет экен.

Опергруппанын башчысы, баягы бизге тааныш, мурутчан майор болгонун Светанын атасы таптакыр жактырбай ар кимибизге шыбырай баштады. «Бул кайсардан эч нерсе чыкпайт. Бул өзү болбогон неме дейт». Кыязы, майордун алдастама кыялын мурда эле жактырбай калган окшойт.

– Акчаны берээрден мурда мен кызымдын үнүн өз кулагым менен угушум керек, – деди Даниил Григорьевич майорго кайрылбастан мага мойнун буруп.

– Сен, абышка, давай оперативный ишке тоскоол болбогун. Кызыңдын үнүн угузбаган күндө да биз бул кылмыш тобун колго түшүрүшүбүз керек, – деди майор Даниил Григорьевичке сыртын салып.

– Көрдүңбү, булардын менин кызымды табалы деген ою жок! Булардын издегени башка!

Мен аргасыз ортого кыпчыла калдым.

– Даниил Григорьевич, – дедим ордуман обдулуп, – опергруппа өз ишин иштесин, тоскоол болбойлучу!

* * *

Түнкү саат төрт болду. Эс алуу сезону бүтүп, ээн калган «Толкун» аттуу пансионаттын дубалынын ичинде, милийсанын «бобигинде» отурабыз. Дубалдын жылчыгынан биз аңдыган пирстин карааны көзгө дайын. Болбой жатып Светанын атасы да бизге кошулуп алган. Саат таңкы бешке чукул калганда анын чөнтөгүндөгү телефону дыңылдап калды. Өзү болсо аны укпайт.

– Телефонуңузду алыңыз, – дедим мен чалды нукуп.

– Алло, – деди Даниил Григорьевич бир топко демин чыгарбай. Андан соң ал ордунан туйлап, секире баштады. – Антпегиле! Өлтүрбөгүлө! Жалгыз кызым! О, Кудай! О, Кудай! Кызымда эмне күнөө?! Андан көрө мени чөктүрүп жибергиле! Мени!

Чалга бандиттер чалып жатканын биз дароо түшүндүк, бирок эмне кылаарды билбей айлабыз алты.

– Бандиттерби? – дедим мен Даниил Григорьевич телефонун кулагынан алаар менен аны ийинден алып. Десем ал бир паска дейре унчуга албай жалдырайт. – Бу сволочтор баарын көрүп алган турбайбы, – деди оо бир топтон кийин аргасыз таңыркап. – Мобу биздин отурганыбызды, тиги буктурмадагы милийсанын катерин, пирстин алдына катылган кайыкты – баарын тең көрүп отурушуптур. Мен айтпадым беле, жанагы неңди … мурутчан майор сөрөй ушуну кылмак. Ал акмак азыр катерде уктап жатса керек? Сотко берем аны. Эгер бандиттер кызымды сууга ыргытса так ушу мурутту сотко берем!

– Сууга ыргытабыз дедиби?

– Анан эмне! Ыргытышат да! Акча колуна тийбесе алар ыргытышат да катерин айдап баса берет! Кууп да жетпейсиң! Мени картаң эшек дешти. Милийсаны жалдаганың үчүн башыңды артыңа кайрып туруп көчүгүңө тыгып кетебиз дейт, мыкаачы неңди …

– Сөгүнбөңүзчү, Даниил Григорьевич! Андан көрө амал издейли. Бирок бүгүн таңдан калбашыбыз керек.

– Сен кызыксың уулум, кайдагы амалды издегени жатасың? Алар айтты, акчаны суу кирбеген мүшөккө салып туруп шаардын тээ, башындагы ээн талаага апкелесиң да лотокко салып кетесиң дейт.

– Суу барбы ал лотокто?

– Мен кайдан билет элем?

– Качан апкел деди?

– Азыр, тез апкел дейт. Өзүң жалгыз кел дейт. Бир нерсе болсо мени ошол жерден атып салышкан атат да.

– А Светланачы? Аны кандайча беришет экен?

– Билбейм, – деди Даниил Григорьевич мага жалдырап.

– Сурашыңыз керек эле. Кеп ошондо да. Азыр барганыңызда кандайча сизге кызыңызды өткөрүп берет?

– Башым иштебей калбадыбы, – деди Даниил Григорьевич шылкыйып.

Майор келип ахвалды уккан соң лотокту тезинен курчоого алуу тууралуу шашкалактап сүйлөй баштады эле Даниил Григорьевич катуу кыжыңдап жиберди.

– Силер бандиттерди курчабай эле, бандиттер силерди курчап атпайбы. Мени кызымдан ажыратканы турасыңар! Билдиңби, майор?! Кудайдан корккула! Мен өзүм жалгыз барам. Пакетти бергиле мага! Мен өзүм!...

Калган окуяны биз бардыгыбыз шаардын чекесиндеги бир имараттын терезесинен жабалактап карап турдук. Башка айлабыз жок эле. Бандиттер ойлоп тапкан амал өтө капыстан, болгондо да күн мурун даярдалган экен. Аныбызды биз мына, азыр араң түшүндүк. Кеч болсо да деп биздин опергруппа аларды туш-тараптан кууп кармашка машиналар жана мотоциклдер менен даяр турду. Бирок тилекке каршы, көз ачып-жумганча операциябызды абдан шерменделик менен уттуруп тындык. Даниил Григорьевич сөлпөңдөп отуруп мелжеген жерге жете барган кезде бийик лотоктун наркы бетинен маскачан бир караан секирип чыкты да чал көтөргөн көк пакетти жулуп алып кайрадан нары карай секирип кетти. Көрсө, анын нары жакта катылуу турган мотоцикли бар экен…

Шашкан майор «алга!» деп чаңырды эле, бирок кайдагы алга?! Лотоктун нары жагына өтүш үчүн машиналар батыштагы көпүрөнү көздөй жыйырма чакырым аралыкты айланыш керек болчу…

* * *

Ортодон бир топ күндөр билинбей өтүп кетиптир. Нарынга кеткен Викордон эч кабар жок. Милийса болсо «кукласын» алдамчы жуликтерге жулдуруп жибергенден кийин үнү да, сөзү да жок ың-жың. Жайында жер жайнаган милийсалардын бирин да кыштын суугунда таппайсың. Баарыбыз эле адамбыз да. Сергей Самсоновдун болсо тергөөсү бүтүп, иши сотко ашты деп уктук. Ресторандагы мушташта бир киши өлгөн, ошол өлүктү Сергейге илип койгону жатышат деген күбүр-шыбыр. Антпесе милийсадагы өлүм фактысы жабылбай туруп алат экен.

Менин болсо депрессиялык авалым күчөгөндөн күчөп барат. Аны догдурсуз, психологсуз эле өзүм сопсонун түшүнүп турам. Өз фирмама ишке баргандан уялам. Элдин бетин карай албайм. Света баарыбызды тең, өзгөчө мени ушундай жаман авалга калтырып кетпедиби. Ал кыз өлүүбү же тирүүбү али белгисиз, бирок анын артынан чуркаган баарыбызды тең ал карандай чанып кеткени бештен белгилүү болду да. Мына ушул тымызын шылдыңга чыдаш, башкаларды билбейм, мен үчүн абдан оор болуп жатты. Түнкүсүн уйкусуз жатып кээде жаман ойго да берилип кетем, кокус Света тирүү табылбай калса анда баарыбыздын эл алдындагы уят абалыбыз анча-мынча кол жууду болот эле деп. Анысы го ал дейли. Бирок адамды дегеле бир жаңсыл түшүнүп болобу? Болбойт да! Ошол себептен биз, өзгөчө мен дагыле жакшылыкка тымызын үмүт артып жүрдүм. Балким, жоголгон кыз чын эле ооруканалардын биринен табылып калаар, айыгып чыгып ишине келээр. Экөөбүздүн мамилебиз кандайдыр бир жагдайда оңолушуп кетээр… Айтор, үмүт кургур үлпүлдөй берет тура. Мунуңду сен, албетте, эч кимге лам деп айтпай-

сың, бирок сени карагандын баарысы эле ички дартыңды көрүп-билип тургандай сезиле берет экен. Башымдан өткөн үчүн айтып жатам. Болбосо мындай асанкайгы түйшүктү кайдан билет элем.

* * *

Кышта Нарынга кеткен Виктор жазында араң Балыкчыда пайда болду деп уктук. Кайдан-жайдандыр келип, ооруканага түшүптүр. Тил-оозу жок дейт, эч ким менен сүйлөшпөйт дейт. Арыктап, сөөгү эле калган имиш. Светанын дайынын билели деп барган биздин кызматкерлерди догдурлар ага киргизбей коюптур. Менин ага баргым да келген жок. Анткени ушунча убакыт өткөн соң турмуштун ушул мени кыйнаган драмасы акыр түбү бүткөндүр деп ойлогом. А көрсө ар кимди терең ойго сала турган табышмактуу адам сырлары али алдыда экен. Таң калдым. Орустун тамаша макалдарынын ичинде мындай дегени бар: «Кылым жаша, кылым окуп үйрөн – баары бир кеңкелес бойдон өлөсүң». Элдин акылы муну адамжандын түпкү насилине карата айткан болуу керек. Себеби бардык илимдерди окуп, изилдеп үйрөнсө, билсе болот – жалгыз гана адамдын адамдык табышмагын жандырыш колдон келбейт. Кыязы, ал мүмкүн да эмеспи деп ойлойм. Жазуучунун кесиби мына ушул жагдайдын сырын чечишке арналган болуу керек, а бирок натыйжасы кандай экенин өзүңүздөр көрүп турасыздар. Тарыхта не деген улуу ойчулдар өтпөдү, ошолор дагы бул иштин өтөсүнө чыга албаган бойдон кетишти, дагы да кетип жатышат.

Ошондой болсо да мен бул драманын аягын окуучуга жеткиришим керек деп чечтим. Бирок өз сөзүм менен эмес, Виктордун мага айтып бергени боюнча берейин. Анткени болуп өткөн акылга сыйгыс окуяны баштан-аяк көргөн, билген, уккан ошол да. Албетте, анын орусча тилин кыргызчалап, анан дагы окууга мүмкүн болсун деп контузиянын айынан мээ кеселине чалдыккан байкуш Виктордун үзүл-кезил сөздөрүн тартипке салып, жөлөп-түзөп кагазга түшүрдүм.

* * *

– Сен эмне мага келдиң? – деди койкада жаткан Виктор көпкө дейре мени түшүнүксүз тиктеп туруп. Мен бир аз жыйрыла түштүм. Бул мени мурда «сиз» деп сүйлөчү эле, азыр болсо тикелей эле «сен» деп калыптыр. Анысын өзү сезген түрү жок. Демек, контузиясы бир топ окшоду. Көздөрү жансыз экен, оту өчүп бүткөн сыяктанды.

– Сен өзүң чакырткан турбайсыңбы! Мени таанybай турасыңбы? Мен фирманын президенти Самат Садыковмун! – десем Виктордун көзү бир аз жылт эте түшкөнсүдү.

– Билем. Сен мага акча бергенсиң. Билем, сага Света керек. Ал аркы дүйнөдө. Чечен менен аркы дүйнөдө жыргап жүрөт. Күн сайын музыка угат. Себеби Светанын оорусун музыка айыктырат. Меникин айыктыра албайт. Мен эми музыкант боло албай калдым. Слух өлдү, – деп Виктор эчкирип-эчкирип алып араң дегенде өзүнө келгенсиди. – Брамсты сен билесиңби? «Венгер бийин». Света аны укканда чечен свечка коюп, өзү бийлеп турат. А күзгүдөн алардын аркы дүйнөдө жүргөнү көрүнөт.

Мен чочуп:

– Аркы дүйнөбү? – деп шашыла сурадым. – Эмне, ал экөө бул дүйнөдө жокпу? Каза болушканбы? Түндөсү Балыкчыдан Нарынга качып барышып, дайрага агып өлүшүптүр деген айың кепти биз кышында эле эшиткен жайыбыз бар эле.

– Алар эки дүйнөдө тең жашай беришет, – деди Виктор башын мыкчып мага ачууланып.

– Нарындабы алар? – десем Виктор ыкшып күлгөн сыяктуу мойнун тескери буруп анан мага чукул карады.

– Ичкерияда! – деди кыжырланып. – Кандай түшүнбөгөн кеңкелессиң?!

Мен башымды тез-тез ийкегиледим. Антпесем болчудай эмес. Ошондон соң Виктор мени «айтканыма түшүндү» деген ишенимге келди окшойт, ачуусу таркай түштү.

– Мен Ичкерияда алар менен чогуу жашадым. Чоң той болду. Накта кыргыздыкындай. Жоолук салышты. Узун көйнөк кийгизишти. Шашлык!

– Света Ичкерияга өзү макул болуп барыптырбы?! – дедим анын сөзүн оозунан жулуп.

– Света сияет! (Кыргызча которо албай койдум.) Ал бактылуу!

Дал ушул сөздү уккандан кийин менин өңүм бозоро түшкөнүн күзгүсүз жок эле сездим. Бүткөн боюм муздай түштү. Света деген атты, сөздүн чыны, уккум да келбей калды. Ички сезимдерим жаа бою үрктү. Виктор менин ушул ахвалымды байкаган сыяктанды.

– Света сени сүйөт, – дейт ошентсе да болбой эле кайра мага. Нервдерим чыңала түштү. Чыгып кетсемби деп эшикти шарт карадым. Бирок бир сезим мени кармай калды. Бул икаяны аягына дейре угайын. Эгерде кайдагы бир чеченди ээрчип кеткен Света шордуу жаңылган болсо, анда ага сооп деп бир өчүмдү кандырып алгым келди. Антпесем өмүр бою ичимде ыза калып, жашоомду иритчүдөй.

Виктор улам уктап кетип, кайра ойгонуп атты. Канында уйкунун дарысы бир топ окшойт. Башын көтөрө албайт. Мен жаздыгын өйдө кы-

лып койдум. – Чечендердин тоолору жапыз экен, – деди ал бир кезде кыңылдап. – Биздикиндей эмес. Мен аны күзгүдөн көрдүм. Иттер жүрөт. Уйлар жүрөт. Чечендер жүрөт. Өлүмдөн түк коркушпайт экен. Вайнахтар! – деп бир кезде Виктор көздөрүн чакырайтып калды. Вайнахтар согуш дегенде кубанып, бийлешет экен. Вайнахтар! Пулемёт! Автомат! Гранат! Жардыргычтар! – Виктордун кез-кези каны кызып, көздөрү кызарып кетип атты. – Мага көп акча беришти, – деди ал бир кезде сүйүнчүлөгөндөй. – Света үчүн. Мен анын сөйкө салган күйөөсү экенимди айтсам Мовсар баары бир калың берем деди. Себеби Света ага кыз бойдон тийди дешти. Анда мен эч кандай күйөөсү болбой калат экем. Мен күнөөсүз болдум. Света дагы. Орус келинди алар жек көрбөйт экен. Тескерисинче, орус кызды аял кылып алдыңбы, анда эрдик көрсөттүң. Россия армиясы менен согушта эрдик көрсөттүң. Россия армиясын жеңдиң дешти Мовсарды. Светаны колдоруна көтөрүп жүрүштү. Той үч күнгө созулду. Бир тайпа эл бүт чогулду деп мактанышты. Карыган абышкалары дагы бийлешет экен. Мен музыкантмын да. Чеченге вайнахтын музыкасы, мыкты аты, сулуу катыны болсо башка эч нерсенин кереги жок экен. Сулуу кызды орус улуттан алып келсе эң мыкты вайнах деп мактașат. Анан ал аялын мусулманга өткөрсө чечен өзү да, аялы экөө тең түптүз бейишке барат дешти.

– Света, эмне мусулман динин алам дедиби?

Виктор менин суроомду укпай бир далайга башын мыкчып кыйналды. Ал эс алганда мен суроомду кайра кайталадым.

– Билбейм, – деди Виктор. – Мени Света менен көп сүйлөштүрүшкөн жок.

– Кунак, – деди Мовсар. – Эгер менин аялыма жакындасаң дароо эле мууздап салам. Эскертип коёюн. Бизде адат ушундай. Мыйзамды биз адат дейбиз. Аны бузууга эч кимдин акысы жок. Сен орус экенсиң. Сени аялымдын агасы деп сыйлайм. Эмне үчүн сенин атаң Светага сөйкө салган? Анын себептерин бүт Света мага айтып түшүндүргөн. Силер айла жоктон кыргыздардын салтын жасаган экенсиңер. Чечендердин салты да дал ошондой. Бирок нике кыймайынча сөйкө салган жигиттин кызга тийүүгө акысы жок. Бул – адат, – дейт Мовсар.

Мен колумду жаңсап Виктордун сөзүн токтоттум да мындай дедим:

– Сөйкө салынган кыз дагы башка күйөөгө чыгышка акысы жок да. Анда эмне үчүн сен ал салтты бузуп, Светага үйлөнүп жатасың деп сурабадыңбы чеченден?

– Сурадым, – дейт Виктор. – Сурасам, жаныбыздагы кары адамдар бул кыз орус да, оруска биздин салт жүрбөйт. Орус оюна келгенин кыла берет. Күйөөнү дагы кыз өзү тандап алат. Аял болгону Света таптакыр өзгөрүп кетиптир. Чечендердин эле көздөрүн карайт жалдырап. Баягы шайыр Света жок. Же Мовсар сыйкырлап алганбы. Эркектер турган

жерге жолобой, күйөөсүнүн астынан өтпөй калыптыр. Жоолугун башынан түшүрбөйт, о Кудая тобо!

– Күйөөсүнүн эмне, сыйкыры бар бекен? – дедим мен дагы эле ичимдеги ызаны анча жашыра албай калп жылмайган болуп.

– Бар да, – деди Виктор кызууланып, – бар үчүн сен алам деген кыздын башын айлантып албадыбы.

– Мага жабыштырба! Ал деген сенин иниң Сергейге күйөөгө тийип жатпады беле. Унутуп калдыңбы?

Ошентсем Виктор эч нерсе түшүнбөгөнсүп мени тиктеп калды.

– Бекер кылды. Ал сага эле чыкса болмок, – деди андан соң чындап эле өкүнүп. Мен абдан чычалап кеттим.

– Мага жабыштырба! – дедим экинчи жолу катуу айтып. – Ал өзү мурдатан эле башы айланган кыз болчу. Анын башы менен кошо биздики да айланып жүрүп, акыры баарыбыз тең шерменде болдук. Силер болсо тоюңарда мушташып… Иниң түрмөгө түшкөнү турат, бир туруксуз ойсокенин айынан!

Виктор эмнелерди ойлоп жиберди билбейм, айтор, көздөрүнө жаш тегеренип кетти. Албетте, ал мен айткан сөздөргө кайгырып эмес, башка бирдемеге жашый түшкөнүн сезип турдум. Аны бул авалдан акырын чыгарыш керек эле. Ошондуктан, мен бейкапар түр жасап суроо узаттым:

– А сен, Виктор, агасы катары Света менен бир дагы жолу көзмө-көз сүйлөшө алган жоксуңбу? Эмне, таптакыр эле сүйлөштүрбөйт бекен чечендер. Же Света өзү сүйлөшпөй койдубу?

– Сүйлөштүм. Ал түгүл, сени чечен сыйкырлап алдыбы, эмне буларга баш көтөрбөй жүгүнөсүң? – дедим түз эле.

– Анда эмне? – деди Света.

– Бул эл дейт, өз эркиндиги үчүн күрөшүп жатат дейт. Бул эл зомбулукка каршы күрөшүп жатат.

– Ошончолук эле «идейный» болуп кетиптирби карындашың? – дедим мен. – Андайы жок эле го. Же бар беле?

– Бар болчу. Бирок биз аны байкачу эмеспиз. Ал дайыма шарактап күлүп калчу: «Мен бул дүйнөдө жөн жашап жөн эле өлгүм келбейт, мен татыктуу жашап, татыктуу өлгүм келет» – деп шарактап күлүп калчу. Бул сыяктуу сөздү чын эле эч ким элес албайт да деп мен дагы ичимден ойлоп койдум. Эстеп көрсөм Света мага деле ошол өңдөнгөн сөздөрдү көп эле жолу айткан окшойт. Ооба макул, уктум, сонун сөз экен дегениң менен чынында кулактын сыртынан кетчү. Андай, гезитке жазылгандай сөздөрдү ким эле тыңшап отурмак. Андан көрөкчө бир күлкүмүш көңүлдү ачпайбы.

Ушул тушта палатага догдурлар кирип келишти.

– Сен кетпей тур, мен сага бирдеме берем, – деди Виктор чыгып баратсам. Баш ийкедим да, ишимди көздөй жөө жөнөдүм. Викторго кайра

кирүүгө ниетим тартпады. Баратып таңыркадым, таңыркадым эмес, кыжырландым – эмне үчүн кээ бирөөлөр өзүнө кымындай тиешеси жок аркандай идеяларга берилчээк болот? Кыязы, бул өзү шизофрениянын бир түрү болсо керек. Балким, бул ооруну адамдарга жазуучулар жугузуп келет. Мисалы, мынакей, Света чечендердин шизоиддик идеясына берилип алган турбайбы көрсө. Алар миң жылдап тынбай күрөшүп, согушуп, кан төгүп эркиндикке жетебиз дейт. Бир дагы жолу жете албады. Бир дагы жолу! Анан Света көк мээге эмне жок?! Орустун кызы орус тарабында болгондун ордуна бир чеченге жатып берди! Ал чечен ошону баалайбы? Андай кеңкелес катындардын канчасын чечендер тарпын чыгарып бүткөн соң өз согушуна садага чаап жатышат. Ошонун бирөө болот да. Башын айлантып, бир взвод бүтүндөй чогуу зордуктап, наркотаны оозуна шыкап, гранатаны белине байлап туруп «фас!» дегенде жинди неме өзүнүн орустарына кирип барып жарылат да күмжам болот. Ошон үчүн чечен аны сүйүмүш этип жылмаңдап, Кавказга алдап алып кеткенин түшүнбөгөн соң ага чала болот. Өзү да өлөт, бир топ орусун да көргө ала жатат. Мындайды күн сайын газеталардан окуп, жадап бүттүк ко. Террористтерден, мээси жок шахидкалардан өлө тажап бүтпөдүкпү!

Мен улам катуулап жинденип отуруп жумушума кандай жеткенимди билбейм, келсем бухгалтерим күтүп отуруптур. «Светанын албай кеткен айлыгын, быйылкы өргүү акчасын, ата-энесине берели дебедиңиз беле, сиз аларга телефон чалып чакырасызбы» – дейт. Өзүң чакыра бер, – деп мен эшикти тарс жаап алдым.

Бир пастан кийин бухгалтерим көзүн алаңдатып кирип келип айтат:

– Светанын акчасын алмак түгүл атын уккубуз келбейт, биздин андай аттуу кызыбыз жок, – дешти.

– Кимиси ошентти? – дедим элейип.

– Атасы да, апасы да.

– Койчу? – дептирмин адегенде ишенбей.

– Ишенбесеңиз өзүңүз чалып көрүңүз, – дейт бухгалтерим.

Мен ойлоно түштүм, бирок чалгым келген жок. Эмнеге чалам?! Кимдир бирөө өз кызынан баш тартып атса анда менин жумушум эмне? Анда кызы ошого татыктуу!

– Баш тартышса эң эле сонун болуптур!

Мен өзүм жөнүндө андай-мындай деп айта албайм. Балким, мүнөзүм боштур. Айтор, үч күндөн кийин Викторго кайра бардым. Барсам палатасы суук. Терезелерин жука муз чалып, үстүнө ардеме-бирдемелерди үйүп жаап жатыптыр.

– Эмне кайра-кайра чакырасың? – дедим чыртыйып.

Бети-башы чулганып, көздөрү эле араң жылтырайт. Таноосунан муздак буу чыгат.

– Сен Светаны түшүнбөйсүң, ал сени түшүнөт, – дейт Виктор.

Жиним кайнап, дароо туруп басып кетким келди. Кереги эмне анын түшүнгөнүнүн?! Бир тыйын кереги жок! Бирок болбой эле тигини тыңшап турсам кекечтенип мындай дейт.

– Ал сени адам катары сүйөт экен, – дейт.

Хо-хо-хоо! – дедим ичимден албууттанып. Мени адам катары сүйөт экен, а бирок эрге башкага тиет экен! Рахмат, анын эки жүздүү сүйүүсүнө! Тойдум! Менин сезимдерим бир топко буркан-шаркан түштү. Светага чын эле жиним келди. Андай болсо мурдатан тереңирээк ойлонбойбу! Чеченге башын байлап, денесин берип алып анан түштөн кийин…

Бир аздан кийин, ачуум басылган соң мен кызыгып акырын сурадым.

– А сен кайдан билдиң мени адам катары сүйөрүн?

– Көрүнүп турат. Баары көрүнүп турат.

– Кандайча көрүнүп турат?!

Виктор аба жетпегенсип тумчугуп, бир башкача толкунданып кетти.

– Сен эч нерсе түшүнбөгөн неме экенсиң. Адамдын денеси айнек да. Ичинен баары көрүнүп турат. Мынакей, өзүң карап көрчү.

Ошентти да Виктор мага бир сүрөт сунду. Карасам Светанын сүрөтү. Тимеле жарпы жазылып, жаз күнүндөй жадырайт. Кыш болсо дагы Кавказдын жашыл тоосунун фонунда түшкөн экен. Жанында чечен күйөөсү жок, жалгыз. Ошол себептен мен аны бир топко карап турууга чыдамым жетти окшойт. Көздөрүм аны жек көрүп турса да көөдөнүмдөгү туңгуюк сезимдерим тымызын зыркырап, бир ирмемге ал көрүнбөй эле, анын нары жагында чеги жок мейкиндик көрүнүп, ошондо өзүмдү жалган кыялдан жаралган бир пенде катары сезип кеттим. Буга дейре, өзгөчө Света менен сүйлөшүп, сырдашып жүргөн күндөрү өзүмдүн кандай адам экенимди билген сыяктуу жүрчү элем, азыр болсо билбей турдум. Кудай акы билбей турдум. Сүрөттөгү Света мени карайт, мен аны карайм. Бирок негизинде биз экөөбүз, балким, бири-бирибизди жактыраарбыз, а бирок тагибизде, зилибизде экөөбүз эки башка адам экенибизди көрүп турдук окшойт. Мен так кесер айта албайм. Балким, Света өзүнүн ким экендигин билгендир, мурдатан эле билип жүргөндүр, а мен болсо ушул мүнөттө, чынын айтайын бүшүркөп, өзүмдөн өзүм жалтанып турдум. Адам өзүн толук билген, сезген, түшүнгөн учур дегеле качан болот? Айталбайм.

Акырында көздөрүмө капыстан ысык жаш тегеренип келатканын байкадым да, сүрөттү Викторго шашылыш суна салдым.

– Муну сага берип жиберген, – дейт ал сүрөттү албай.

Мен тайсалдай түштүм. Аламбы же албаймбы? Мага эмне кереги бар бул сүрөттүн? Бирөөгө эрге тийген аялдын сүрөтүнүн мага азыр кереги барбы?.. Же турмушта ушундай окуялар боло береби?..

– Ал экөөнү чечендер баары бир жашатпайт, – деди бир кезде Виктор уктап, кайра ойгонгон сыяктуу булдуруктап.

– Эмне үчүн? – дедим мен түшүнбөй.

Көрсө, окуя мындай болуптур.

Жаңы үйлөнгөндөр тойлоп бүтүп, кайра Кыргызстанга кетебиз деген күнү экөөнү тең ошол жердин милиция бөлүмүнө чакырат да түшүнүк жазгыла дейт. Алар түшүнүк жазып берген соң Мовсарга сунуш болот. Сен быякта калып, Россияны колдогон чечен аскерине офицер болуп кызмат кыл, дароо полковник чинин аласың дейт. Мовсар ал сунуштан дароо баш тартат. Себеби эмне дейт милийсанын начальниги каардаsucc. Себеби мен чечендердин эркиндик үчүн күрөшүнө каршы чыга албайм. Анда сен бандит турбайсыңбы. Бандиттерди сырттан колдоп жүргөн, кой терисин жамынган боевик турбайсыңбы! Жок, андай эмес. Мен кыргызстандык орус кызга үйлөндүм, ошол жакка барып тынч жашайм. Башка менен жумушум жок…

Мовсарды чыккынчы деп камап салышат. Светанын милийсага жазып берген түшүнүгү болсо мынакей, кыскартылды: *«Мовсар экөөбүз Балыкчы шаарындагы бир дискотекада таанышканбыз. Мен аны дароо эле жактырдым. Эмне үчүн экенин айтып берейин. Ал көздөрү шоола чачып турган сулуу жигит экен. Эң оболу бийлегенин жактырдым. Башка эч ким андай бийлей албайт эле. Мовсарда космикалык энергия бар экенин бүткүл денем менен дароо сездим. Мен ага дейре достошуп жүргөн жигиттердин биринде да андай энергия жок болчу. Алардын бардыгы тең жөнөкөй, аурасы күңүрт, биоэнергиясы солгун, бирок анысын өздөрү сезбеген, каныңды, жаныңды дүргүтө албаган, сезимдериңди вулкан сыяктуу оргуштата албаган муздак, жүдөмүш жигиттер эле. Бирок бардыгы тең акылдуу, курулай сөздөрдү сүйлөмүш этишчү. Өзгөчө менин начальнигим…»*

Ушул жерине келгенде мен бул албарсты катындын түшүнүк каты жазылган Виктордун ноутбугун полго чаап жибере жаздадым. Калчылдап, андан ары окуй албай көпкө дейре отурдум.

– Сен эмне, ушул сөздөрдү мага окутуш үчүн ноутбугуңду Кавказдан бери көтөрүп келдиңби?! – деп кыйкырдым Викторго.

– Шашылбай, андан ары окуй бергин, – дейт ал.

Андан ары окушка менин эч курсантым жок калган эле. Кереги эмне? Бирок адамдын тагдыры деген кыйын нерсе болот экен. Кинодогу чоочун бирөөнүн тагдырына деле кызыгасың да. Балким, ошондонбу, арылап акырындан окуй баштадым. Анын үстүнө кайсы бир сезимим: «Эми сүйбөсө сени сүйбөгөндүр да» – деп мени акырын соорото баштагансыйт. Ага эми күйүп-бышканда не пайда деп кыңылдайт. Ошол себептен азыр эми Светанын элесин жакын жуутпай, өгөй, мага жат бирөөнүн тагдыры сыяктуу окуп жаттым*: «Ошондой болсо да мен туулуп-өскөн Балыкчы шаарында мектепте чогуу окуп, достошуп жүргөн Самсонов Сергей аттуу жигитке турмушка чыгып, үйлөнүү тою өтүп жаткан болчу. Сергей үчүн фата кийип, анын колтугунда отурсам да болбой жүрөгүм*

*алып-учуп Мовсарды эңсей берди. Аны таштап, Сергейге күйөөгө чыгып жатканым үчүн ичимде Мовсардан миң ирет кечирим сурап отурган болчумун, үч күн мурда ага дагы чакыруу билетимди жөнөтүп койгом. Бирок менин үйлөнүү тоюма келбесине, албетте, көзүм жеткен. Мен үчүн өмүрүмдөгү эң оор нерсе – Мовсардын ошондогу авалы эле. Анын сүттөн ак сүйүүсүн мен адепсиз тебелеп жаттым. Эгерде мен өзүм аны сүйбөсөм дагы бир жөн эле. Мен өзүмдүн дагы ага болгон эң бийик, таза махабатымды кошо тебелеп жаттым. Абийири бар бир дагы адам мындай ишке барбашы керектигин менин жүрөгүм өзүмө опсуз түрсүлдөп айтып жатты. Бирок кеч болуп калган. Мен чечкинсиздик кылып, Сергейди кыя албай, апамдын «чеченге чыксаң кызым эмессиң» деген сөзүн аттай албай, башымды жерге салып кайгыда отургам. Менин ошол маанайым Сергейге жаккан жок окшойт – ал туталанып улам сыртка чыгып кетип, кайра келип атты. Анткен менен менин кабагым ачылбай санаа тартып отурганым Сергейдин бир тууган агасы Викторго жагып атты. Сергей сыртка чыгып кеткенде улам жаныма отура калып: Сергейге чыкканыңа өкүнүп жатасыңбы? Кебетең ошону айтып турат деп оюн-чынга салат. Мен ага таптакыр жооп кылбадым. Акыркы жолу, катуу кызып алган соң Виктор менин колумду кармалап: Бир аз жашап көр Сергей менен. Анан акыры түңүлөсүң андан, – деп кулагыма шыбырап кирди. Андан соң ал өзү чыгарган «Сүйгөнүмө» деген ырын өтө берилип, менден көзүн албай ырдады да ордуна келип отуруп калды. Ошондон бир аз өтпөй Сергей агасын капыстан тарелка менен бетке уруп, мушташ чыгарды. Мен ойлуу отуруп байкабапмын, көрсө ал кезде тойдогу эл өтө мас болуп, Сергей өзү наркотаны ченебей сайынып алган экен. Мен жалынып-жалбарып, мойнуна асылсам да сөзүмдү тыңшабады. Акыры туш-тараптан кан төгүлүп, идиш-аяктар учуп келип менин дагы башыма тие баштаганда аба жетпей демим кысылып, ашкана аркылуу сыртка чуркап чыктым.*

*Менин колдоочу периштем бар экенине азыр, ушул тапта ишенип отурам, анткени бороон-чапкында жалгыз лампочкасы күйгөн обочодогу столбанын түбүндө турган Мовсардын жүк ташыган машинасын көрө койдум. Кандай учуп жеткенимди билбейм, кабинаны ачып жиберсем Мовсар ыйлап отуруптур. «Мени алып кет» – деп бир кыйкырганым эсимде…*

*Мен милийсага бул жазып берген түшүнүгүмдө эч нерсе жашырган жокмун. Болгонун толук жаздым. Анткени эмне себептен ушундай ишке барганымды суроо салган бардык адамдар түшүнсүн дедим».*

*Черкашина Светлана Даниловна.*

Бечара Черкашинанын андан аркы тагдыры өтө эле ачуу болуптур. Мындай фантастиканы фильм-ужастан да көрө албайсың.

– Сенин чечен күйөөң Мовсар сага, орус кызына үйлөнгөн соң эмне үчүн орустун чындыгы үчүн күрөштөн баш тартып жатасың? Демек, экөөңөр Россиянын курамындагы Чеченстанга каршы жолдо жүрөсүңөр.

Кыргызстанда жашаган болуп, бирок тымызын чечен бандиттерине кызмат кылып жүрөсүңөр. Ошол туурасында түшүнүгүңдү улантып жазып бер деп Светага кыйноо талап коюшат.

*«Биз бири-бирибизди сүйүп жүрүп үйлөндүк. Согуш менен кенедей да жумушубуз жок. Мовсар орус армиясын да, чечен боевиктерин да колдобойт. Анткени эки тарап тең чатактарын жапайы күч менен чечкилери келишет. Менин Мовсарым чыныгы офицер эмес, ал чыныгы музыкант. Ал адамдын адам экендигин түшүнөт. Чечен тартышын чечиш үчүн эки тарап тең жырткычтыктан өйдө көтөрүлүп, чыныгы Адам касиетине жетиши керек. Ельцин менен Масхадов кол койгон келишимди бузбаш керек эле деп Мовсар мага нечен жолу айткан болчу. Калганын билбейм…»*

Светанын бул түшүнүгүнөн кийин чечен эркиндигине каршы жалданган психолог Мовсарга мындай шарт коёт.

*«Сенин орус аялың түшүнүк берди. Аны адегенде зордуктап, андаң соң өлтүрөм деп күч менен Кыргызстандан Чеченстанга алып келипсиң. Бул кылмышың үчүн чечен адаты боюнча сени орустардын колуна салып беришибиз керек. Алар тирүү койбойт. Эгерде орус жагына өтсөң анда алар күнөөңдү кечүү жагын карап көрүшөт».*

Мовсар: «Сөзсүз ойлоноюн, бир түн убакыт бергиле» – дейт. Анткени ошол түнү Мовсардын туугандары кыз-күйөөнү качырууга даярданып жатышкан. Бирок качуу оңунан чыкпай, Мовсар менен Света экөө тең колго түшөт. Чеченстандын орус бийлиги экөөнү тең камакка алат. Камакка алган эле түнү Мовсардын туугандары СИЗОдогу орус күзөтчүлөрүнө чоң пара берип туруп, Светаны оюна койбой кайрадан качырып чыгышып, Кыргызстанга, Мекенине жөнөтүшөт. Келиним, – дейт Мовсардын агасы Светланага, – менин иним өлсө өлсүн, анткени чечендин сөөгү жатпаган жер үстүндө бир да чуңкур жок. Бирок сенин жаның аман болсун. Сен, орус кызы, чечен баласына өмүрүңдү биротоло байлап берип вайнахка нике туттуң. Муну менен сен чечен-орус согушун биз тарапка бир ирет жеңип бердиң. Аман бол! Чечен эли сени унутпайт. Нахчолла! Аллах колдосо Мовсар эртең эле артыңдан Кыргызстанга жетип барат. Сен Мовсарга көп жолу эркек төрөп бер! Алар чоңоюп, чечен элинин эркиндиги үчүн жанын берген, энеси орус вайнахтар болот! Андай азаматтар бизде жыл сайын көбөйүп барат!

Ушундай батаны алган бойдон Светлана Черкашина, Мовсардын инисинин коштоосунда, бир кезде Жохар Дудаев жарыя кылган, бирок кийин кайра жоюлган Ичкерия Республикасынын чегарасынан аман-эсен чыгып кетет. Бирок эмнегедир Кыргызстанга келбейт…

«Учурда Грозныйдын түрмөсүндө камакта жаткан капитан Мовсар Байбулаев деген неме Афгандан ооп келген мусулман фанаттарынын туткунунда калган билимсиз, караңгы бечаралардын дагы бир мисалы болуп саналмакчы. Мындан беш жыл мурун Россия армиясынын катар-

дагы солдаты Мовсар Байбулаев ваххабиттердин реакциячыл идеологиясына берилүү менен он беш жаштагы өзүнүн бир тууган карындашы Зейнулланы токойго алдап ээрчитип барып зордуктайт. Сени баары бир башкалар зордуктамак, а көрөк кыз белгиңди өзүм алдым. Мусулман дини ушуну талап кылат. Эми сен дагы аксың, мен дагы акмын дейт ал, көз жашын көлдөтүп жерде жаткан карындашына. Андан соң кызды нары, тоодон түшүп келип күтүп отурган боевиктерге өткөрүп берет. Бандиттер да жаш баланы бүткүл отряды менен эки жума бою кезектешип зордукташат, сабашат, келекелешет, чачын сапсары кылып боёшот. Эси ооп, тил-оозу жок жаткан кыздын денесине наркота куюшат. Уу заттын таасири менен кыз ордунан тургандан кийин анын белине тротил шашкаларын байлашат да орус армиясынын ротасы жайгашкан буктурманы көздөй: «Нан сурап кел» – деп жөнөтүшөт. Кыздын колуна болсо: «Мен орус кызымын, силерден нан сурап келатам» деген жазууну карматып коюшкан. Сенделип араң келаткан балакатты алыстан атып салууга эч кимдин колу барбайт, ал чукул келген кезде «тирүү бомба» тарс жарылып, ротанын айыпсыз көп солдаты набыт болот. Кыздын денеси болсо былчырап кетип, бир дагы мүчөсү табылган эмес. Мынакей, чечен бандиттеринин моралдык жүзү.

Ушул окуядан кийин катардагы солдат Мовсар Байбулаев мекенин, элин таштап качып дайынсыз жоголот. Көрсө, ал алыскы, тоо арасындагы белгисиз өлкө Кыргызстанга бозуп барып, өзүн Россиянын офицеримин деп жалган документ тапшырган экен. Ошонун негизинде Россиянын ал жердеги чегара кызматына офицер катары кирип, кийин капитан наамын сатып алат. Изин жашырган кылмышкер акыры жүрүп, Светлана Черкашина деген орус кызын күйөөгө чыгып жаткан мезгилде алдамчы торуна түшүрөт да, тоо арасындагы Нарын шаарына ала качып келип, айбанчылык менен зордуктайт. Андан соң, психотроптук ууларды пайдалануу менен эс-учун жоготкон кызды Чеченстанга алып келип өзүнүн жердеш, кандаш бандиттерине өткөрүп берүү учурунда Чечен-Ингуш өлкөсүнүн патриоттук куралдуу күчтөрү тарабынан колго түшүрүлгөн. Учурда кылмышкердин иши тергелип, аскердик сотко берилди. Тинтүү учурунда Мовсар Байбулаевдин ноутбугунан ваххабит ырчы Тимур Муцараевдин «Биз Грозныйга кайтып келебиз» деген төмөндөгү чечен элине каршы, провокаторлук ырынын тексти табылган. Окуп көрсөңүздөр болот:

Кан күйгөн кызыл горизонт
Алоолойт түнгө шашылып.
Асманды бүтүн өрт чалган
Грозный күлгө басылып.

Калаанын бетин тыткылап,
Снаряддар жарылат.
Наристе жатат кол-бутсуз
Снайпер аны аткылап.

Жүрөктөр канайт, жаш агат
Көздөрдөн кызыл кан тамат.
Куулсак да бүгүн мекенден
Келгендер эртең өч алат!

Кылмышкер барддын бул тантыраган ырын тынч отуруп угууга мүмкүн эмес. Бул ыр сөрөй ансыз да элдик салтында байыртан келаткан жырткычтык «канга-кан» деген салты бар чечен элине эркиндик тартуулаган орус армиясынан өч алууга чакырып жатат.

«Stringer» Интерсайт… Газета «Чечен чындыгы»

«Капитан Мовсар Байбулаев экөөбүз жөнүндөгү ушул карөзгөй калпты окуганда мен бир нече күн-түнү тилсиз калып, ооруп жаттым. Адамдарга каршы ушунчалык дагы карасанатайлык ушак ойлоп табууга болобу?! Бул өзү согуштан да жаман кыянатчылык деп эсептейм. Мындай жалган жалаага чыдагандан көрө душмандын аткан огуна учуп өлгөн жеңил.

Мовсар эч убакта бирөөнү зордуктаган эмес. Ал дос кыздарынын таасирине кирип, курман болгон шахидка карындашы Зейнулланын күйүтүн ушул күнгө дейре тартып ыйлап жүргөнүн көп жолу көрүп жатам. Мен болсо «Чечен чындыгы» гезитин сотко берем, өзүм кыргызстандык орус кызымын. «Чечен чындыгы» гезити мага каршы кара ниет калпты жазгандыгы үчүн сот алдында жооп бериши керек.

*Светлана Черкашина. Январь, 2009 г.* «Stringer» Интерсайт

Виктордун айтымында бир жумадан кийин Черкашина Грозный шаарында пайда болот. Бажы декларациясында ал жанында жүз рубль акчасы бар экендигин, келген максатын – Чеченстан спецслужбасынын камагында жаткан өмүрлүк жолдошу Байбулаев Мовсарга жолугуу деп көрсөткөн. Ошону менен бирге эле колунда шаардык сотко жазылган «Чечен чындыгы» гезитине карата доо-арызы бар эле. Грозныйдын бажыканасынан өтө албай убара болуп жүргөн күндөрдүн биринде анын колуна кайрадан «Чечен чындыгы» гезитинин жаңы саны урунат. Караса: «Бандиттерге кызмат кылган орус сойкусу» деген макала жүрөт. Окуй калса дал өзүнө бирилген жооп экен. «Такшалган профессионал сойку, орус кызы С.Черкашина Басаевдин сырттагы «эмири», өзүн «карышкыр» деп атаган чечен улутундагы Мовсар Байбулаевге күйөөгө чыгуу иша-

ратын жалган уюштуруп, ваххабиттердин террордук иш планын аткаруу үчүн Чеченстанга атайын жиберилген. Учурда ал сойкунун «жүрүштөрүнүн» бетин ачып, бүткүл коомчулукка чындыкты жарыя кылган «Чечен чындыгы» гезитине С.Черкашина соттук доо-арыз коёт имиш. Ошол максатта ал провокатор аял «Чечен чындыгы» гезитинин Интернет сайтына өз күнөөсүн танган маалымат жарыялаган. Кимде-ким бул аял менен (сүрөтү берилди) жолугуп калса, же кокустан дарегин билсе дароо Чеченстандын өкмөттүк спецслужбасына кабарлооңорду өтүнөбүз. Телефондор…»

Ушундан эки күн өтпөй Россия менен Чеченстандын орус бийлигине жан тарткан маалымат каражаттарында «Грозныйдагы «Чечен чындыгы» гезитинин редакция имараты белгисиз шахидка тарабынан жардырууга дуушар болду. Террорист аял орус улутунун өкүлү деп болжолдонууда. Киши өлүмү жок жардыруу учурунда редакциянын кызматкерлери, аларды Кудай өзү колдоп, чылым чегүү комнатында отурушкан болот.

Шахидканын чачырап кеткен өлүү денесинен туюк медальон табылып, ичинде «Мен түбөлүк жашайм» деген ислам диний фанаткасынын башы айныган жазуусу чыккан.

Мынакей, прогрессивдүү чечен калкына биротоло жек көрүмчү болгон сепаратчы-бандиттердин мыкаачы жүзүнүн дагы бир фактысы!»

* * *

Арадан кыйла мезгил өттү. Чечен эли эркиндикке чыккан жок. Света болсо жер үстүндө эмес. Анын кадимки элесин мен дагы унутуп бүттүм. Болгону, көкүрөгүмдө бир кезде пайда болгон аялуу сезим өчпөй калды. Ал сезим азыр эки ача, татаал, түшүнүксүз. Анткени «мен түбөлүк жашайм» деген ишеним менен өлүмгө түпөтүз барган адамды түшүнүш кыйын. Ким билет, так айта албайм, балким, ошонуку туурадыр, анткени тирүү Адам гана жер үстүндөгү өз максатына жете алат да.

*Жеңиштин 65 жылдыгына*

**Исабек ИСАКОВ**



# ЫРЛАР

## *Карыянын согуш күндөрүндөгү балалыгы*

**I**

*... Ал карыя аңгеме айтса түгөнбөй,*
*Ак калпагы Ала-Тоону чагылтып,*
*Ондон ашык чөбүрөсүн эркелүү,*
*Ойго салды жандүйнөсүн жаңыртып...*

**II**

*Уу татыган согуш күнгө туш болуп,*
*Учту-кетти... Кайран шаттык кездерим,*
*Жүрөк күйүп, жараланган куш болуп,*
*Балалыктын бал ширинин сезбедим...*

*Кара кагаз күндө келип кейитти,*
*Кара көздөн кан аралаш жаш агып,*

---

**ИСАКОВ Исабек** *Кочкор районунун «Теңдик» айылында 1933-жылы туулган. Кесиби боюнча филолог. Жыйырмага чукул ыр жана проза китептеринин автору. Орус, казак, эстон, азербайжан, литва, түркмөн ж.б. көптөгөн тилдерде жыйнактары жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Өкмөттүн бир нече сыйлыктарынын ээси. Бишкек шаарында жашайт.*

*Ал кездеги ач күндү айтпа... Бейиттүү*
*Азыркыдай кийим кайда жасанып?*

*Ачуу күндөр өтсө суудай жарышып,*
*Анда кайда... Бакча, лагерь дегениң.*
*Туюп турдук Жер эне да майышып,*
*Согуш өртү тоскоол болгон себебин.*

**III**

*Ач, жылаңач азап күүсүн тартсак да,*
*Албан иштер айыл жүгүн аркалап,*
*Бардык кайрат, тоодой кубат күчүбүз,*
*Фашизмге болду кыргын автомат.*

*Ак таңдарга жүздү чайып кайраттуу,*
*Ак үмүттүү шумкар болуп ашыгып,*
*Кыйын күндөр, бороон күндөр айбаттуу,*
*Кино болуп калды мээде жазылып...*

*Жеңиш келди... Биздин дагы салым бар,*
*Жер дүңгүрөп, жерге сыйбай кубаныч.*
*Аалам билди, жүрөк билди, эл билди*
*Ата Мекен бекемдигин урагыс.*

*Миллиондоп жоокер өлдү майданда,*
*Миллиондоп көз жаш селдей төгүлдү.*
*Күлгүн жаштык өрт күндөрдө жетилип,*
*Күч-кайратка бөлөдү өтөр өмүрдү.*

**IV**

*Айтар сөзүм: айланайын урпагым,*
*Аалам күнүң албырт болуп жанса экен.*
*Сынбай эзел тынчтык күндө дарагың,*
*Согуш деген жомок болуп калса экен!*

# Кыргыздар

*Максатка үндөп эл, жерди,*
*Манасың далай дем берди.*
*Берекең көлдөй тереңдеп,*
*Бейпилде элиң термелди...*

*Кыйноого салып зулумдар,*
*Кыйрады, бирок жыйындар.*
*Кулуңду көккө сапырды,*
*Күчтөнүп келген куюндар.*

*Эгешти айтсаң сен эгер,*
*Эмнелер менен ченелер?!*
*Боз үйүң күйсө чатырап,*
*Боздоду бала, энелер...*

*Акылы менен колбаштын,*
*Аңтарып далай жол бастың...*
*Кутулдуң кармаш, капастан,*
*Курчтугун күтүп алмаздын...*

*Ак өргөөң бүтүп саймадан,*
*Ак тоолор болуп айланаң.*
*Жомоктой ишиң түгөнбөй,*
*Жол бастың кыргыз кайрадан...*

*Энесай, Алтай аймагы,*
*Эгедер канат байлады.*
*Максатка бийик күүлөттү,*
*Манастын тирүү арбагы...*

*Талашка дайым кам турдуң,*
*Тагдырын ойлоп калкыңдын.*
*Тарыхта дайын болсун – деп,*
*Таштарга жазууң калтырдың...*

*Абалтаң кыргыз оң жолуң,*
*Алмаздай курчуп ойлоруң.*
*Акылы кетип, журт бузар,*
*Абыке, Көбөш болбогун...*

*Манасым, Манас дегенде,*
*Майданы дайын көп элге.*
*Чачылган журтту жыйнаган,*
*Чалгыны анын тереңде...*

*Чарчабай жоодо акылман,*
*Чагылган болуп атылган.*
*Жолборстой сүрдүү үн менен,*
*Жоокерин жоого чакырган.*

*Бийикте туруп аскадай,*
*Биримдик салтын таштабай,*
*Ак Бакай курган кеңешин,*
*Акылман, улук, жашка бай.*

*Жашоонун таап дабасын,*
*Чабыттап Жер, Күн арасын.*
*Ар сөзү болуп керемет,*
*Акылдын көзүн табасың...*

*Турмушуң өтсө түш өңдүү,*
*Журт кылдың тоодо түзөңдү.*
*Кайрадан өргөөң тигилип,*
*Кайрадан көчүң түзөлдү.*

*Үмүтүң сенин бу дагы,*
*Урпагын, күчүн курады.*
*Улуулук жолуң узартып,*
*Улуттук жолун улады.*

*Кыргызым, өткүр кыргызым,*
*Желбиреп тууң – кырмызың,*
*Өмүрүң улам узартып,*
*Өчүрбөй келдиң жылдызың.*

## Катагандын хан Кошой жөнүндө

*Жолой жоо, залкар албан да,*
*Ыргыткан жанды чалганда.*
*Намысын коргоп кыргыздын,*
*Эр Кошой түшкөн балбанга.*

*Кара чач күмүш чалса да,*
*Карылык келип калса да,*
*Кайратын жыйган хан Кошой,*
*Каруу-күч кетип калса да...*

*Тоо эли, журту барында,*
*Кызыл өрт ойноп канында,*
*Жаштыгы колдоп Кошойду,*
*Жалынга баткан, жалынга!*

*Кошойго тоо, эл дем берип,*
*Эки эсе күчү шерденип,*
*Оңкодон сайса Жолойду,*
*Жер көчүп кеткен термелип...*

*Бийиктик, калыс дил менен,*
*Калкына калыс сүйлөгөн,*
*Катагандын хан Кошой,*
*Кыргыз – деп өткөн дүйнөдөн.*

## Менин Дездемонам

*Канат кагып кыл чокуга, кырларга,*
*Арзыйм улам ак тилек-ой сырларга.*
*Дездемона болуп жаным мен үчүн,*
*Дегдейм улам батып сүйүү ырларга.*

*Күндө көрсөм Күн нур жанып жүзүңдөн,*
*Тагдыр берген таалайым деп түшүнгөм.*
*Чоктой күйүп сүйүү тарткан илебиң,*
*Чолпонсуңбу көктөн жерге түшүргөн?*

*Күмүшсүңбү шыңгыр үнүң угулган?*
*Ак куусуңбу Айчүрөктөй кубулган?*
*Аалам дүйнө аңыз кылган жомоктоп,*
*Алтынсыңбы Ата Журтка уюлган?*

*Мен эңсеген Дездемонам – сүйгөнүм,*
*Теңдеши жок чүрөгүсүң дүйнөнүн.*
*Бул жашоодо Яго чыгып кокустан*
*Бузбаса экен эки жаштын үйлөрүн...*

## Сени менен

*Көргөндө сүйкүмдүү карааның,*
*Көрөмүн гүлдөрүн талаанын.*
*Атырдай жыттарың буруксуп*
*Аземдеп жакама тагамын.*

*Талпынып дайым сен десем*
*Ала-Тоо кыйырын кеземин,*
*Ак сүйүүм сен деп сеземин.*

*Булактай келечек сезимиң*
*Жалбарып жан эркем дечүмүн.*
*Терметип өзүңдөй перини*
*Телчиккен Ала-Тоо бешигим.*

*Талпынып дайым сен десем*
*Ала-Тоо кыйырын кеземин,*
*Ак сүйүүм сен деп сеземин.*

*Алыста жүргөндө сагынып,*
*Ай жаркын элесиң чагылып.*
*Ар дайым биргемин Ай, Күнүм,*
*Ашыктык отуңа малынып.*

*Талпынып дайым сен десем*
*Ала-Тоо кыйырын кеземин,*
*Ак сүйүүм сен деп сеземин.*

## Эсен кыл, тагдыр!

*Башатты булгаар ылайдан сакта,*
*Батасы тетир «кудайдан» сакта.*

*Сөздөрү жаман чуулардан сакта,*
*Көздөрү жаман куулардан сакта.*

*Ойноктоп күйгөн жалындан сакта,*
*Оп траткан бузук чагымдан сакта.*

*Кыйындап келген оорудан сакта,*
*Кырсыктын күтпөс торунан сакта.*

*Үмүттү үзбөй өмүрдү сүйгөн,*
*Эсен кыл тагдыр Ай, Жылың, Күндөн.*

*Толкуну деңиз тилекти бергин,*
*Тоо бузар балбан билекти бергин.*

*Бакытка балкып кулачым толсун,*
*Балдарга берер мурасым болсун!*

*Ынтымак болуп үйүмдө дайым*
*Тазалык болсун сүйүүмдө дайым!*

## Сүйүү жөнүндө ойлор

*Сүйүүнү эрксиз кармап жүгөндөгөн,*
*Армандуу ак жолунда гүл өнбөгөн.*
*Кылымдар күүгө салып күйүт жолун,*
*Көөдөндө көз жаш ыйы түгөнбөгөн.*

*... Жаз сымал өмүрдө да көктөмдөр бар.*
*Сүйүүдөн бакыт алып өткөндөр бар.*
*Түн уйку түштөн кетпей сүйгөн жары,*
*Түбөлүк карегине чөккөндөр бар.*

*Сүйүүнүн таш муз болуп тоңору бар,*
*Сүйүүдө вулкан күчтөй торолуу бар.*
*Урпакка унутулбай чексиз кеткен,*
*Сүйүүнүн ырдан бүткөн жомогу бар.*

*Сүйүүдө сезимди өрттөөр сулуулук бар,*
*Жандүйнөң жалынды алган жылуулук бар.*
*Ааламдын алкак чегин ээлеп алган,*
*Сүйүүдө сырдуу түйүн улуулук бар...*

## Суктануу

*Жашыл түс боёнуп арчалар,*
*Өтүштү дүйнөдөн канчалар,*
*Тирдигин турмуштун берсем дейм,*
*Тирүүлүк кубатым канча бар...*

*Дилимде мындайча талам бар:*
*Армансыз өтсө деп адамдар,*
*Анан да артылып бакыт күү,*
*Алп ишке шилтенсе кадамдар...*

*Эрдикти жаратсаң таң калтып,*
*Элеси каректен чыкпаган,*
*Жарык күн көркү деп дүйнөнүн,*
*Жашоого жан дилден суктанам...*

*Проза*

**Алексей ТОРК**



# ПЕНСИЯ

Тутишские старики позорились с ловлей стремительных, вертких псов.

– Фить-фить, Белый, старый шайтан! – из последних сил кричал у реки Сайфулло.

– Фить-фить, Волк, старый бурдюк! – уже едва шелестел себе под нос Али у тыквенной делянки.

Кароматулло, отставив острый зад, молча волокся за своим Медведем мимо мечети. Где-то у почты шумели Усман с Шодибеком.

– Фить-фить, фить… фить, фть… фть… – догорали звуки в изжаренной дочерна и до хруста, пропахшей мятой и неочищенным хлопковым маслом вселенной Тутиша. Деревенские наглые псы, окончательно заматеревшие в своей вольнице, разлетелись по округе, как горох от стола. Одноухий Волк в три прыжка одолел реку и скрылся на Ивовом острове. Трехлапый Белый влетел в проволочные заросли шиповника. Медведь спокойно трусил от Кароматулло по приятно тенистому кольцу вокруг мечети.

---

**Алексей ТОРК** *(наст. имя Алишер Ниязов) родился в 1970 году в Таджикистане. Работал в таджикских СМИ. С 1996 по 1999 год был корреспондентом ИТАР—ТАСС в Кыргызстане. В 2000 году работал спецкором программы «Вместе» (канал ОРТ), потом корреспондентом агентства РИА Новости в Кыргызстане и Казахстане. Освещал военные конфликты в Таджикистане и на юге Кыргызстана.*

*Литературным творчеством начал заниматься в 2000 году. Его рассказ «Пенсия» стал первой литературной публикацией, опубликован в журнале «Дружба Народов» №7 за 2006 год. По этому рассказу был поставлен драматический спектакль под названием «Тутиш» во МХАТе.*

*Перу А.Торка также принадлежат рассказы «Джамшед Блистательный», «Лухтак», эссе «Полмиллиона снов о Бактрии» и др.*

*В настоящее время живет в Бишкеке.*

– О, Аллах! И, Аллах! – бестолково выкрикивала Хафиза. Полдня она простояла у калитки, держа ладонь козырьком и глядя из-под нее на эту охоту. – Обратно, обратно беги, Короматулло! – подсказала она.

Короматулло развернулся и побежал против часовой стрелки. Медведь, увидев это, ушел в сторону через холм к реке, по-собачьи ухмыляясь.

– Йех! – ругнулась Хафиза и, тряся затекшей рукой, пошла к колодцу – брать воду на чай. На затихающий шум из своего коровника выполз Лутфулло. Он зыркнул по сторонам и пошел к Сайфулло – давать урок выманивания псов из зарослей шиповника. Пока они переругивались, Белый выполз сам, прошмыгнул меж стариковских ичигов[1] и дал деру, скрывшись в ближайшем переулке. К охоте с веселым визгом примкнула вернувшаяся из фисташкового сада детвора, да только все испортила. Деревенские собаки, уставшие быть индийской конницей, заслышав пацанву, уже без следа растворились среди окрестных косогоров. Старики поплескали воды на красные лица, уложили руки на поясницы и собрались на южной окраине кишлака, в айване[2] мечети. «К Иблису собак, – отдувались старики, рассаживаясь на тахте и разминая пальцы. – Встретим русского вечером здесь, у мечети, и проводим в кишлак». Сели, принялись за мятный чай. Место удобное. Проселочная дорога выскакивает из фисташкового сада и, делая вид, что уходит вправо, на Бохтарский район, на самом деле валится круто влево, на тутишскую мечеть, пролетая впритирку к айвану и обдавая людей, пьющих чай, пылью и выхлопными газами. Так что мимо них русский не проедет. Он явится вечером. Так сказал Зафар, завотделом образования районного хукумата[3], приезжавший рано утром сообщить: «Во-первых, ждите русского сегодня к вечеру, во-вторых, другого учителя больше не дам, хватит, неделю назад уже с одним опозорились. В-третьих… нет, тоже во-вторых: русские – не корм вашим собакам. Всех собак загнать в сараи».

Ох, эти псы… Их надо вырезать, как баранов, и надеяться, что на том свете есть собачий ад. И сегодня их не поймали, и неделю назад они учителя огорчили. Неделю назад в Тутиш уже приезжал русский. Он сошел с попутки-сеновозки и зашагал по направлению к Тутишу. Обогнул край тыквенного поля, прошел вдоль арыка, нырнул в садовые ворота. И здесь-то, в фисташковом саду, его встретила гнусная свора тутишских псов. Русский же нес в одной руке чемодан, а в другой – клетку с кошкой. Казалось бы – ну, и что? Хотят русские держать кошек в клетках – это их право. В Таджикистане в клетках держат певчих фазанов, в России кошек, в Америке еще кого-нибудь. Но, явись русский с фазаном, собаки

---

[1] *Ичиги* – высокие сапоги из мягкой кожи. (Здесь и далее прим. автора)

[2] *Беседка.*

[3] *Администрация.*

его обнюхали бы и трусливо расступились. Фазаний дух напомнил бы им о железном кулаке чайханщика Гафура. Он лупил вороватых псов регулярно – и за сожранного фазана, и за баранью печень с лопаткой… За многое. Чайханщик отделывал их так, что до сих пор собаки, учуяв фазана или овцу, жалобно поскуливают.

Однако кошка – не фазан, а русский – не здоровяк Гафур. Был он тощий, но с отвислым большим животом – как удалось? Псы ринулись на него, будто пчелы, густым жалящим облаком, кто в клетку вцепился, кто в бок. Учитель орет, кошка визжит, собаки рычат! И спас положение Рустам. Он и был тем водителем, который привез учителя на сеновозке. Хотел дальше в Бохтарский район ехать, но задержался – радиатор вскипел. Льет он воду в радиатор, слышит крики. Поднял голову – ой-бой! – собаки русского убивают. Бросился в свалку с ведром и – хрясь-хрясь по собачьим головам. Но пользы мало – ведро брезентовое.

– Бросай клетку, бросай клетку! – закричал Рустам. Но русский вцепился в клетку, как петух в полоза. Будь жив Гафур, дал бы ему (русскому-то, учителю-то!) новую клетку, ореховую, с кожаной оплеткой. Но животастый вырвался сам и свою кошку сохранил. Залетел с ней в кабину грузовика, даже не коснувшись подножки. В райцентре отсчитал Рустаму 15 сомонов на новый халат. В райцентре столько халат стоит. В Нурхан-Тюбе просят 20 сомонов, в Душанбе… А-ии! – бессовестный город. Про то, как учителя искусали собаки, сам Рустам рассказал. Проезжал на следующий день в Бохтарский район, но опять не доехал, стал пить чай, увлекся рассказом. Старики ругали Лутфулло «старым гремливым жбаном». В тот день, когда русский приезжал, он лепил саманный кирпич. Натаскал во двор кучу глины и – ширк-пырк ее лопатой, добавляя изредка в глину песок и соломенную резку. Внук его рядом на корточках нарезал солому. Им «на счастье» рядом проходил Кароматулло. Куда шел, сам забыл, едва глянул за дувал.

– Что ж ты спички режешь, паршивец, а?! – упрекнул мальчика Кароматулло. – Солома для саманного кирпича режется не короче 10 сантиметров. А у тебя и пяти нет, дом хочешь обвалить, безмозглый?

Казалось, поблагодари человека, Кароматулло зря не скажет. Толкни его ночью – он в минуту доложит про все, от цоколя до стропильных ног, пусть сам ни одного дома не построил.

О-о! Поблагодарить?! Что вы! Лутфулло – об этом все знают – с рождения одолжил спеси у двадцати шахиншахов. Он подскочил к дувалу и стал говорить так:

– У вас, – сказал он Кароматулло, – в Кулябе, вместо соломы в раствор мох режут и с суглинком мешают, а не с глиной, сам видел.

Еще сказал, что в Кулябе вместо родниковой воды в замес будто бы заливают ишачью мочу. Разругались они. Лутфулло по одну сторону

дувала орет, как изгнанная из рая гурия, Короматулло – по другую. Унимать стариков сбежался весь Тутиш. Спор стал всеобщим и едва не окончился потасовкой. Короматулло, доказывая тутишцам губительность короткой резки, перелез через дувал и яростно порубал оставшуюся солому в палочки длиной с ноготь…...

Оттого и не услышали в Тутише ни воплей русского, ни собачьего лая.

– Когда русский садился в автобус, сказал, что и сам больше не приедет, и своих коллег отговорит, – дорассказал водитель Рустам. – К нам в кишлак три дня назад тоже учителя прислали. Моя Ниссо вчера Пушкина читала. Хороший поэт, очень своего папу уважает. «Мой дада[1] – самих честних правил», – по-русски процитировал Рустам.

– А дальше? – спросил Короматулло.

– Не знаю. Ниссошка дальше не читала, – сказал Рустам. Он вытер шею тюбетейкой (чаю выдул 3 чайника) и засобирался домой, потому что в Бохтарский район уже не попадал.

– А дальше она накрасит рожу и сбежит в город,– сказал ему в спину Лутфулло, но Рустам этого уже не услышал. Лутфулло поцокал языком и закрыл глаза.

– Побереги язык, это – единственное, что у тебя еще работает, – вступился Короматулло за добрую скромную Ниссо. Другие тоже обозлились, обругали Лутфулло:

– Ох, молчи! Зафар-ако из кожи вылез – достал нам учителя. Канду не дали, Сафедораку не дали. Болотарцам не дали, а в Болотаре 100 дворов, у нас – вполовину меньше…...

Незадолго до всей этой истории с русским учителем и позора с собаками, когда тутишцы еще никого не ждали, Зафар-ако припылил в Тутиш на «уазике», развалился на тахте и сказал:

– Говорю телефонограмму: президент Шарипов подписал указ – с первого сентября в Таджикистане опять вводятся русский язык и литература. Президенты – наш и российский – договорились. Раис связался с Душанбе, нам в район дают пять учителей. Я вылез из кожи и включил Тутиш на получение. И запомните: Канду не дали, Сафедораку не дали, болотарцам не дали, а в Болотаре 100 дворов, у вас вполовину меньше…

Хафиза принесла водки в заварочном чайнике. Зафар строго обвел глазами кишмиенцев, взял водку в левую руку и стал ее пить, пощелкивая пальцами правой.

– Фу-фу,– сказал он, – на Шарипова надавили русские. Это – только первый шаг.

---

[1] *Папа.*

– А второй когда, Зафар-джон? – поинтересовались старики, из деликатности не уточняя, кто, куда и зачем шагает (человек без того много сказал).

– Много будете знать – быстро состаритесь. Ваше дело стихи учить. Вам русской литературы в школе и в исэсэр не давали. Сталин не давал, Алим-хан не давал, а щедроуважаемый президент вам дает, – сказал Зафар. – «Онегин, я с кроват не встану», – наморщив лоб, вспомнил он откуда-то, осушил вторую и третью пиалу, влез в «уазик» и уехал по государственным делам, в Бохтарский район на чью-то свадьбу. Чуть позже учитель и приехал. С кошкой, в фисташковый сад. Стыдно вспомнить.

Тутишцы, больше и не вспоминают.

Они сидят сейчас в айване мечети, изнуренные охотой на собак, и ждут второго русского учителя, который должен явиться вечером по проселочной дороге. Они пьют мятный чай и выдвигают мнения. Мнения сошлись: второй шаг – это новая старая Советская власть. Хафиза – а в Тутише старше ее только платан у почты – сказала, что в 1918 году в Тутиш из Ташкента тоже вначале прислали учительницу – Раилю Кадырову, русскую из уфимских татар. Вслед за ней (Раиля и книг не распаковала) в кишлак влетел отдельный эскадрон Душанбинского кавполка чьего-то имени. «Энге… менге…» – вспоминая, мычала Хафиза, но так и не вспомнила. Командир эскадрона, носатый и белый, как мучной червь, юноша по имени Федор Томин освободил десяток тутишцев из долговой тюрьмы, среди них – отца Хафизы. Затем в мечети объявил о вхождении кишлака в Бухарскую народную социалистическую республику. Томин говорил – Раиля плохо, но переводила. О прежнем хозяине Тутиша, сбежавшем накануне в Афганистан Мадамин-беке, русский говорил яростно. Он сек воздух ладонью, шлепал по кобуре и наговорил больше, чем перевела сельчанам застеснявшаяся Раиля…...

Ушла Советская власть из Тутиша также вместе с русским учителем.

В сентябре девяносто первого года учитель русского языка Сергей (Сиродж, как его звали в Тутише) уехал в Душанбе с улепетывавшими от исламистов московскими археологами. Москвичи страшно нервничали, озирались в сторону Пянджа, торопили Сергея, который с помощью тутишцев закидывал в экспедиционный «Газ 66» бесконечные связки книг: «Поднажми… мамину-маму! Куда ты их столько?!»

Их и след еще не простыл, как в Тутиш влетели две инкассаторские «Нивы» с пулеметами на крыше – разведка Первого исламского батальона. Руководил аскерами Эшони Мумин, внук когда-то свергнутого Федором Томиным Мадамин-хана. Он приехал из Афганистана, носил афганскую войлочную шапку и говорил, неприятно экая, как говорят заносчивые дикие афганцы. Эшони Мумин сказал в мечети вдохновен-

ную речь о загробной радости предков, о запрете телевизоров и, помолившись, включил кишлак в состав Исламской республики Таджикистан. После этого в окружении афганских телохранителей отправился на центральную – имени Федора Томина – улицу Тутиша. Здесь он расстрелял табличку с носатым профилем комэска. Афганцы сорвали красный флаг с сельсовета и сгрудились у фанерного щита. Этот щит у входа в аллею пять лет назад лично врыл Сиродж к какому-то юбилею Пушкина.

– Что там написано? – спросил Эшони Мумин переводчика.

– Говорит, что построил себе памятник.

– Даже великий Саади такое не хвастал, – сказал Эшони Мумин и от бедра, крест-накрест, разнес хвастуна на щепочные фонтанчики. Через сутки власть в Тутише стала меняться так часто, что у тутишцев кружилась голова. Эшони Мумин был убит в перестрелке на рассвете. В кишлак вошли кулябцы из Народного фронта с красными лентами на автоматах. Ими командовал некто Фазлиев. Кулябцы отменили запрет на телевизоры. Чтобы было нагляднее, они подвязали тело Эшони Мумина к телевизионной антенне сельсовета. К руке покойника, хохоча, привязали красный флаг и ушли к Хафизе есть курутоб[1].

На следующий день ворвались гармцы – сторонники исламской республики – с белыми лентами на автоматах. Они отвязали почерневшего уже Эшони Мумина и насадили на освободившуюся антенну голову изловленного в овине кулябского командира Фазлиева.

Другого пленника, рядового бойца, распластали у сельсовета лицом вниз и, поплевав на ладони, стали вырезать на его спине главу «О телевидении» из глубоко-ученого трактата «10 способов сокрушить пороки». Его автор Кори-Мафтун, афганский ученый, известный небу и земле. Крестьянская тощая спина уместила не много текста, и взбешенные боевики едва не продолжили его на белой раздольной спине Хафизы – жалостливая старуха пришла к сельсовету с чайником дать воды хрипящему полуживому кулябцу.

Лутфулло – единственный гармец в Тутише – отбил у земляков визжащую старуху.

– Псы, анашисты, своих матерей хватайте за нижние юбки! – кричал отважный старик, отлепляя от Хафизы впившиеся в нее, как репьи, лапы.

– Ты чего, осел, кулябскую ведьму защищаешь? Или не знаешь, что кулябцы – коммунисты и коммунистов рожают? Постой, да гармский ли ты? Мусульманин ли? – с фальшивым изумлением воскликнул командир боевиков, заросший, как як.

Лутфулло затрясло изнутри и снаружи:

---

[1] Деревенское блюдо из измельченных лепешек и масла.

– Юноша! Лутфулло выходец из гармского кишлака шейхов. Я суфий, сын и внук суфия. Я высчитывал кратчайшую линию Тариката еще тогда, когда твой отец бегал с тряпкой на шее и языческим горном. Тарикат же, – зазвенел Лутфулло, – причисляет мужчину, причиняющего боль женщине, к женскому же слабому роду, ибо сила меряется с силой, а слабость – со слабостью.

Командир почесал ячью бороду. Без сомнения, с откровениями Тариката он был знаком меньше, чем с устройством ручного пулемета, свисавшего с его плеча. Однако же дал знак своим людям – бросьте, мол, ведьму.

Не зря сказано у одного мудреца (у Лутфулло, между нами), что истина доходит до каждого: к мудрецу – со сплетеньем звезд, к крестьянину – со звуками пастушьего рожка.

Тем же вечером гармскую власть вновь сменила кулябская. С противоположных сторон в кишлак заскочили два танка. На башнях черной краской были намалеваны скрещенные автоматы с надписью: «Камондир Фазлиеф».

Кулябцы прочесали все дома, овины и коровиники, но никого не поймали – гармские посты засекли приближающуюся технику, и боевики успели сбежать.

У сельсовета народофронтовцы нашли истерзанного афганским трактатом своего бойца и насаженную на прогнувшуюся антенну голову командира Фазлиева. Обезумев от горя, они бегали взад-вперед, пытаясь обрушить небо автоматными очередями. Еще раз заглянули в коровники – поискать гармцев. Затем подогнали грузовик с приваренным к бамперу швеллером и обрушили дом единственного в Тутише гармца Лутфулло. Его самого поставили у стены коровника и передернули затворы. Лутфулло, красный от страха, выкрикивал рвущие сердце строчки из Тариката и благословенной суфийской поэзии.

– Так еще приятней, – сквозь зубы процедил командир расстрельной команды, маленький бровастый кулябец. – Кричи громче, ваххабит!

Тут к месту расстрела сбежался весь наличный Тутиш, созванный вопящей Хафизой.

– Ой-ой-ой! – верещала Хафиза. – Не ваххабит он, суфий он. Какой ваххабит, если делает заговоры, видит злых духов?

Это была сущая правда. Лутфулло и в уборную не заходил, пока не прочитает молитву от нечистой силы. В одно утро тутишцы увидели его разбрасывающим просо с крыльца. Так продолжалось неделю.

– Отгоняю огнеглазых драконов, – объяснил он.

– Помогает? – с серьезным видом спросили тутишцы.

– А как же! – самодовольно ответил старик. – Кто из вас видел у моего дома хоть одного?

– Видишь нечистых и духов? – спросил кулябский командир старика.

– Вижу, – к Лутфулло вернулась его заносчивость. – Вот прямо сейчас, на кулябцев похожи.

Кулябец засмеялся и дал знак отпустить его. Следующим утром танки, чадя и ревя, покинули Тутиш. Фазлиевцы скорбно восседали на броне, придерживая три байковых свертка. В самом маленьком из них находилась голова командира Фазлиева. Чуть поодаль тряслись его тело и тело бойца, изрезанного цитатами из Кори-Мафтуна.

Недорасстрелянный Лутфулло переселился в коровник, снеся туда кипу одеял и книги. Несмотря на уговоры соседей, наотрез отказался жить у них.

– Если Аллаху будет угодно, вернется сын – и отстроим дом.

В последний год в Душанбе воцарился президент Шарипов. Деньгами и оружием он замирил всех со всеми: гармцев, кулябцев, бадахшанцев… Новая власть, однако, доползла только до райцентра и там замерла. В Тутише с ней встречались во время редких наездов Зафар-джона. Глухой кишлак никому не нужен. Советская власть под конец считала его неперспективным, нынешняя – несуществующим. В Тутише – восемь стариков, их внуки и правнуки и Хафиза – единственная живая старуха. Другие женщины умерли, кто от жизни – постарев, но больше – от прошлогоднего туберкулеза. Невзлюбил он крикливых старух, выдергивал по одной каждый месяц. А с Хафизой промахнулся, залетел к ней, когда она гузапаю[1] собирала в Бохтарском районе. Где Хафиза? Нет Хафизы. Мужа ее тогда забрал – кожевника Увайса. Сейчас тутишцы живут огородами. Родители пацанвы – в России на заработках. Кто-то из них пропал с концами, другие пишут письма, мол, Бахтиерчик-Рустамчик снится каждую ночь, мол, сердце болит, но…но…но… И денег подослать не могут. Платят копейки, милиция, бандиты обирают, русская вторая жена хуже бандитов.

Аллах всеблаг, воспитаем без ваших денег, были бы пенсии! Шарипов не дает. Советская власть давала регулярно. Раз так, то будет давать и впредь, как только появится. А чего ей не появиться, если русских учителей уже рассылают? Хафиза так утверждает, а она много видела. В совхозе платили 35 рублей пенсии. Дадут хоть бы половину – все согласятся на Советскую власть.

– Да, все, – сказал Кароматулло задумчиво. Он глянул на дорогу, не везут ли учителя. Другие старики тоже посмотрели.

– Вы, голодранцы, согласитесь – не я, – сказал Лутфулло. – В восемьдесят девятом году мне добавили к пенсии 50 рублей. Ты голосовала, Хафиза, на колхозном собрании как член правления и ты, Кароматулло.

---

[1] Хворост из веток хлопчатника.

В протоколе записали: прибавить Лутфулло Ерову 50 рублей как имеющему заслуги в…

– Русский приедет – опозоримся. Он за стол сядет, станет водку искать, а ее Зафар выхлестал, – сказала Хафиза с женским умением влезть в мужской разговор некстати и поперек. Старики, однако же, замолчали. В кишлаке – полмешка муки, два мешка гороха-маша и ведро хлопкового масла. Много мяты, из нее варят индийский чай. Хафиза же только водку тронула, чтобы не задеть достоинство мужчин. Гость-де едет, все нормально, а водки нет.

– Да… конфуз... – отводя глаза, сказали мужчины. Бережливый Али распустил поясной платок-румолу, ссыпал под ноги мелкие купюры. Вышло столько же, сколько и вчера, и месяц назад – 20 дирамов. На овечье копыто. Другие старики прочистили горло, у них не было и таких денег.

– Маш есть,– сказала Хафиза.– Сготовлю плов из него. А водку русский, скорее всего, привезет с собой. Сиродж так делал.

Она обнесла стариков пиалами с мятным чаем и ушла заниматься делом. По кишлаку разлетелись ее крики. Она созывала детвору, чтобы отправить ее на Ивовый остров за хворостом. Тутишцы повеселели – Хафиза из чего хочешь плов сварит. Чайханщик Гафур тоже из ревеня барана жарил. Несчастный Гафур! Год назад, в начале войны еще, он уехал в Нурхан-Тюбе за углем, а там его убили за то, что он бадахшанец. Люди в масках окликнули Гафура у автостанции. «Бадахшанец?» – спросили. «Чайханщик», – кратко ответил Гафур.

– Считай до десяти.

– Адэн, дэве, тэри, – считал Гафур с самоубийственным горским акцентом.

– Читыр, пят, шиест… – ликующим хором подхватили боевики. На цифре восемь молодой вертлявый парень, сгоравший от нетерпения, вскинул автомат и прошил ему печень. Гафур встал на колени. Его уже почти мертвые губы досчитали: «…дэвят, дэсят». Затем чайханщик упал боком в пыль и умер полностью. Его тело спустили в канал. Об этом, плача, рассказал очевидец – возчик арбы Наим. С гибелью Гафура тутишцы заколотили чайхану, фазанов съели в какой-то тяжелый месяц…...

Вспомнив Гафура, старики сильно расстроились. В айване засморкалось стариковское горе.

– Я тогда еще сон видел, – сказал Лутфулло, наливая мятного чаю. – В ночь после убийства Гафура. Зашел будто в чайхану одолжить бараньего жира, а там пусто. Только Гафур сидит спиной к двери. Я у порога, зайти отчего-то страшно. А Гафур говорит: «Заходи, бобои Лутфулло, знаю, тебе бараний жир нужен!» И тут резко оборачивается, а у него не лицо, а волчья пасть, и он ею как зарычит: «Нет уже Гафура, покормил

вас, теперь в канале собой рыб кормит». Вай-дод! Я развернулся – и бежать. Бегу и ору: «Волк, волк!»

Тутищцам от этого рассказа стало и жутко, и смешно. Лутфулло, когда волновался, сбивался на гармский выговор, обильно теряя гласные буквы. В такие минуты у него выходило: «Бгу и ору – влк, влк!»

– О, чудо! В ту ночь и я видел сон, – отозвался мстительный Кароматулло. – Бежит по улице Лутфулло с выпученными глазами и икает: «Влк, влк!» Я еще подумал: до сортира бежит. Покушал старой шурпы, бедняга, да еще разыкался со слабого желудка. Ты, Лутфулло, впредь, как увидишь оборотня, кричи разборчивей, чтобы мы тоже успели сбежать!

В айване грянул хохот – столь сильный, что разметал тутишских скворцов к окраинным синим тополям. Кароматулло не забыл «ишачьей мочи». Лутфулло раздулся, как кобра. Его жалящее неистовство обрушилось на семидесятилетнего ленинабадца Усмана, заливавшегося громче остальных.

–Ты чему смеешься, Усман? – взревел старик. – Ква-ква-ква. Так вы разговариваете у себя в Ленинабаде. Вспомни, лягушка, как ты звал свою мамочку, когда я делал из тебя мишень для рогатки! – Лутфулло задрал голову и тонко завопил: – Бва-а-а-а[1]!

Ленинабадец Усман взвизгнул и упал на спину, задыхаясь от непосильного уже сотрясения кишок… Лутфулло плюнул ему под ноги и встал, чтобы уйти. Старики, еще всхлипывая, хватали его за руки: «Останься, Лутфулло, мы ведь любим тебя». Лутфулло остался, но сел к дастархану полубоком. Близился вечер, на проселочную дорогу легли решетчатые тени. Солнце, преодолев небесные перевалы и убыстряясь теперь с каждой минутой, скатывалось вниз, в долину Пянджа. Часа через два светило со страшным шипеньем свалится в еще серебряную реку, окрасив ее охрой и шафраном. Так было всегда и тому быть вечно. Вдоль горизонта заструился острый кизячный дым – Хафиза грела казан. Старики молчали. Они вслушивались в дорогу – не шумит ли грузовик Рустама? Уезжая в райцентр, Рустам сказал, что будет следить за автостанцией, как увидит русского – обязательно его привезет. Он очень хороший парень, этот Рустам, сына ждет, но Мавчуда рожает только девочек. Шестерых уже. В последний раз он сводил жену к гробнице чудотворца Мумина, клал ей на живот соседских младенцев – мальчиков. Жена нашила мальчуковых штанишек и родила… седьмую дочку.

Никто не ехал пока. Тутищцам приятно и грустно наблюдать за пустынной дорогой, едва прикрытой лоскутами асфальта. Для старцев дорога полна жизни, теней и звуков, ведь старость видит то, чего не видит мо-

[1] *Бва* – «мама» в северном ленинабадском диалекте таджикского языка. В других регионах страны мама – оча.

лодость, – бестелесных духов прошлого. Вот проносится тракторный прицеп, набитый хохочущими школьниками. Их везут в зажиточный хлопкосеющий Тутиш – подбирать за комбайном хлопковые тугие клочья. Вон вдалеке, клаксоня тутишским бездельникам, несется красно-белый автобус. Его ведет Яхья – отец Рустама, умерший еще до войны от прободения язвы. В автобусе едет учитель Сиродж. Нет-нет, не Сиродж! Сиродж большой и молочно-рыжий, как исфаринский абрикос. А это его предшественник – маленький и улыбчивый литовец Рутас. Можно уже различить, как он гладит волосы и надевает фетровую кепку, готовясь сойти. У его ног сумка, полная книг. Рутас часто ездил в Душанбе в «Книжный мир». Там работает его земляк, сосланный шпион из Каунаса. Еще тутишцы видят, как за автобусом нервно вихляет и бибикает, требуя дать дорогу, райкомовский «ЗИС». Спаси Аллах! Это – Нарзулло, завотделом сельского хозяйства. Всякий раз он появляется в кишлаке с известием о конце света. Сейчас вылетит из машины, затянутый в русский френч с накинутым поверх него бухарским халатом, и заорет: «Чего сидим? Вредители! Звонили пограничники – белокрылка идет с Афганистана. Всем грузиться на машины – и в райцентр!». Тутишцы разбегутся по домам – взять пару лепешек и тревожно гадая: кто вредители – они или белокрылка…?..

По дороге пронесся ветер. Он сдул расшалившихся духов и убежал, наследив песчаными дымками.

– Я вот думаю, остались наши старые пенсионные списки или русские сделают переосвидетельствование? – произнес Кароматулло.

– Опор же нет ни одной. Если Зафар подсобит, ток восстановят от бохтарской ветки, – рассеянно невпопад отозвался Али.

– Зубы сделаю стальные. А пластмассу заберите, пластмассой только суп хлебать... – препирался с кем-то обычно молчаливый Сайфулло.

– Приедет большая комиссия – она все решит,– проявил информированность глуповатый гиссарец Шакарбек.

Лутфулло, ненадолго открыв глаза, сказал зловеще:

– Не забудь ей рассказать, как ты выводил отца из коммунистов по совету Кароматулло.

Старики с возросшей жаждой тянули чай и попеременно косились то на Шакарбека, то на Кароматулло. Медлительный Шакарбек возился с жевательным табаком-насваем. Он вытряс из мешочка на ладонь щепотку этого табака, жгучего, как ферганский перец. Пошурудил большим пальцем и отправил под язык так же заботливо, как мать укладывает малыша в люльку.

– Два года прошло. Кто сейчас помнит? – сказал наконец Шакарбек.

– Кому надо помнить, помнит все,– отозвался Лутфулло. – И-и, болваны. Не пенсии дадут – тюрьму вам соорудят русские, и я их не осужу.

В айване раздалось трусливое цоканье. Лутфулло же прикрыл веки, и по его губам зазмеилась усмешка. В девяностом году у Шакарбека умер отец – одноглазый Шодибек, многолетний парторг тутишского совхоза. При жизни его боялись все, даже крикливый, но трусоватый райкомовец Нарзулло. Шодибек не унижал себя ором, не грубил, но убеждал строптивцев, а особенно колхозных визгливых пьяниц, в секунду. Ударом головой в переносицу. Этой штуке он научился на фронте, в СМЕРШ'е, и отточил прием до совершенства. Но вот он умер, и только-только ему уложили камень на живот для лучшего отхождения газов, как из Душанбе дошла ошеломляющая фетва[1]. Казиат отныне запрещает хоронить коммунистов на мусульманских кладбищах. «Из-за геноцида и советского бесчестья таджикского народа», – говорилось в сообщении казиата.

«Вай-дод! – кричал в ярости Шакарбек. – Дайте разорву геноцид-меноцид! Я людей, муллу позвал, яму вырыл!»

Полдня он шарахался по Тутишу, придумывал, как ему решить вопрос с отцом- коммунистом. Муллу просил – мулла жалостливо разводил руками: «Ну, что, ну, что я могу сделать, дорогой Шакарбек?» Думающий Шакарбек – это смех, о его туповатости знают и суслики. Как-то работал он сторожем на хлопкоочистительном заводе, к ним заслали наладчиков из Душанбе, веселых мужиков. И случился у наладчиков перебой со снабжением. Закололи они тихонько шакарбекову собачку Чучу, плов изготовили, крикнули сторожа, все поели, довольны. Шакарбек собрал косточки, выходит за дверь и вопит: «Чуча, Чуча! На! На!..»

Незадачливый он. Тутишцы тогда стали помогать ему что-нибудь придумать.

– А деньги дать?.. – предложила Хафиза с женским умением сказать бесполезную ерунду, прекрасно сознавая, что сказала бесполезную ерунду. Шакарбек глуп, откуда же у него деньги? Его отец был неглуп, но честен и тоже денег никогда не имел. Так бы и зарыли Шодибека, как язычника, в бурьяне на окраине, если бы не Кароматулло.

– Самое лучшее, – сказал он,– если твой отец добровольно выйдет из партии.

– Нечистый в твоем языке! – в ужасе вскричал Шакарбек.

– Ну, раз нельзя добровольно, то надо – недобровольно. То есть, исключить уважаемого Шодибека из партии, – продолжил Кароматулло. – Нигде в уставе не написано, что нельзя исключать из партии неживых коммунистов. Сейчас оформим, а протокол покажешь мулле.

О, о! Шакарбек от счастья едва не бросился к много повидавшим ичигам мудрого старика. Так и сделали: затолкали партсобрание в дом к Шакарбеку и в пять минут исключили покойного за «геноцид». Води-

[1] *Фетва* – в мусульманских странах решение высшего религиозного авторитета, муфтия.

тель Рустам помчался с протоколом и с мешком знаменитых тутишских фисташек в нурхан-тюбинский горком. Там сказали, что орехи прошлого урожая, что не соленые, что решением перестройки они уже почти хлопковая биржа, но протокол утвердили.

– И вот они вернутся, – сказал Лутфулло, имея в виду русских, – и спросят ласково: «Где парторг, где Шодибек? Почему не докладывает? Ах, умер! Сладостных же лютней, среброглазых гурий ему на том свете, честный, хороший был коммунист! А партбилет где?» Учетность, туда-сюда… Вой! – как бы в панике взвизгнул Лутфулло, и все в айване вздрогнули. – Не коммунист уже?! Изгнали?! И все выйдет наружу… Шакарбек-джон, мне тебя жалко! Кароматулло, тот извернется, он лис, ишачью мочу в раствор плещет, а ты-то что, недоумок, ответишь?

Шакарбек молча жевал табак, увлажняясь левым, почти невидящим глазом. Он посматривал на Кароматулло, но тот отмалчивался.

– Ишак ты, – заклокотал Али. – Зря тебя не расстреляли. Зачем пугаешь нас? Я свой страх уже съел, вот: – он распахнул синий беззубый рот, – сжевал и в туалете оставил вместе с тутовой корой и мятной соломой. Мне сейчас пенсия не для жизни, для смерти нужна, чтоб вас шурпой кормить на поминках… И я свою пенсию не языком, не Тарикатом заработал, а простреленной в сорок пятом у Ляйсинга головой… Шакарбек, да ответь ты, что ты молчишь? – воскликнул Али, пытаясь вызвать общую злость, но тутишцы молча уткнулись носами в зеленые чайные лужицы… Старость – как юность: легко поддается отчаянию. Лутфулло и сам смущенно замолчал. Ощутил: про пенсии так не шутят. Воздух понемногу стал густеть, ожил горный ветер, который в это время всегда наносит в Тутиш кислый запах замерзающих трав и ледниковых речушек. Нежные ивы зашептались тонкими заговорщицкими голосами. Могучий платан у почты затоптался по-медвежьи, страшно раздражая крикливых скворцов. Отчетливо стали слышны жалобы Хафизы: бестолковые ленивые дети принесли сырой гузапаи. Все знает старый тутишский ветер, все видит и обо всем рассказывает своим дряхлым тутишским дружкам. Вот и об автомашине, приближающейся к Тутишу, первым сообщил сторожевой ветер: вначале надул из-за поворота клубы дорожной пыли на фисташковый сад, потом донес квохчущее, тревожное завыванье мотора.

– Везут! – крикнул ленинабадец Усман.

«О Аллах, о, аллах!» – засуетились старцы, сползая с тахты и суя ноги в непослушные галоши. В фисташковом саду грянул собачий лай, но не успели тутишцы ужаснуться изворотливой подлости псов, как лай затих. Это значило, что кто бы ни ехал сейчас в кишлак, он едет без кошки. Приехал земляк Зафар. Пока «уазик» добирался до мечети, сгрудившиеся у дороги старики видели, как внутри машины Зафар падал на водите-

ля и тыкал пальцем в их сторону. Водитель крутил баранку одной рукой, другой держал раиса[1] за плечо.

– Головы от старости прохудились? Затыкайте ватой, – сказал, еще не вылезя из машины, Зафар, едва Усман успел открыть дверцу. – Я кому говорил про псов?

Водитель засмеялся, он держал Зафара за талию – раис был смертельно пьян.

– Ладно. Пришла телефонограмма, – Зафар, наморщив лоб, повернулся к водителю.

– Не знаю, ако! – признался водитель.

– И не можешь знать. С первого сентября в Таджикистане вводятся турецкий язык и литература. Нам в район дают пять учителей. Одного зашлю сюда, позже сообщу, когда… Шею мне, вот здесь, намозолили вы все! – тоскливо сказал Зафар.

Старики, держа ладони у сердца, помычали.

– Все, Рауфчик, – мутно скомандовал раис, – гони в Бохтарский, уже невесту запускают…

Тутишцы молчали в ошеломлении. И только когда Зафар убрал жирную ногу с подножки и взялся за дверцу, раздался несмелый голос Кароматулло:

– А русский, Зафар-джон? Русского языка и литературы теперь не будет?

– Я все сказал. Что неясно? – с раздражением ответил Зафар. – Не будет. Турецкий вместо русского. По секрету, – раис выдвинул голову, – Шарипов поругался с русским президентом – пошла дружба с турками. Так что ждите турка. Уй-уй! Турчанку одну знал!..

Опаздывающий «уазик» взревел и ринулся в Бохтарский район, слегка заваливаясь на правую, перегруженную Зафаром сторону. Тутишцы смотрели ему вслед.

– Ясно. Ждите турка, – неизвестно кому и непонятно что объяснил Кароматулло.

– Турка? – переспросили тутишцы, хотя и сами все слышали.

– Да, ждите турка, – подтвердил Кароматулло.

– Пойду домой, уберусь веником, посплю, – сказал ленинабадец Усман и пошел в кишлак узкой, ближайшей тропинкой. Другие старики гуськом двинулись за ним, будто это был приказ: идти всем по домам, чтобы убраться вениками и поспать. Навстречу им бежала Хафиза, потрясая шумовкой. Старуха видела мчащийся в сторону Бохтарского района «уазик» и спешила узнать новости.

– Что, что? – кричала она на ходу.

---

[1] *Начальник.*

– Ждите турка, – ответил ей ленинабадец Усман – он шел первым.

– Ждите турка? – переспросила Хафиза.

– Да, ждите турка, – подтвердил Кароматулло.

– А для чего? – растерянно проговорила Хафиза.

– И-и! – махнул на нее рукой Лутфулло. Другие старики обтекали ее без дополнительных разъяснений. У них болели ноги, жало сердце, они шли домой. Жалостливый тутишский ветер подталкивал их в спину и шептал в уши: «Я с вами, я с вами...»

*Конкурска* *Дүйнөлүк адабияттан*

**Мандевиль**

# СЫРДУУ МУРАС

*Адамзат өз тарыхында улам өнүгүп-өсүү менен коомдук ар кандай формацияларды басып өтүп, баштагысынан асман-жердей айырмаланган бүгүнкү бийиктигине жетип олтурат. Адам ата, Обо эненин урпактары жалаң байлык, бийлик кулуна айланып, кызыл кыргын салган алаамат согуштар менен гана арбалышпай, Египет пирамидалары баштаган дүйнөнүн жети кереметин да жараткан. Өз элинин эркиндиги, бейпил жашоосу үчүн өмүрүн арнаган Айкөл Манас сыяктуу берендеринин эрдигин даңазалаган ажайып дастандарды, эпосторду да жаратышкан. Буга кыргыз элинин «Манас» баштаган ондогон эпостору, Гомердин «Иллиадасы», хинди элинин «Махабхараты», карело-финдердин «Калевалосу» күбө.*

*Ырас, абалкы аңыз, уламыштар элдик оозеки чыгармачылык аркылуу ар кандай сюжеттик өнүгүүгө ээ болуп, акыры формасын да тапкан. Ушундан улам эпос, дастандардын көркөмдүк деңгээли, көлөмү бирдей эмес. Атүгүл айтуучунун талантына, фантазиясына жараша белгилүү сюжет вариацияланып, түп нускасынан алда канча айырмаланып калат. М: Кенжебай Жабай уулунун «Мен Жеңижоктун тузун көп таткам» деген эскерүүсүндө Токтогулдун «Жаныш-Байыш» эпосун бир күн кечке айтканын, ал эми Жеңижок эки күн кечке айтып, жарымына гана жеткенин баяндайт. Мындай көрүнүш манасчыларда арбын кездешкен.*

*Арийне, адам баласы жазууну ойлоп тапкандан кийин орошон таланттуу инсандар адабияттын дүйнөлүк алтын казынасын түзгөн зербаа шедеврлерди калтырып кетишти. Алардын аркасы менен жанрлар калыптанып, профессионал жазма адабият баралынча өнүгүү жолуна өттү. Советтик доордо туташ сабаттуулукка жетишкен кыргыз эли замандаш залкарлардын гана эмес, дүйнөлүк адабият алптарынын асыл мурастары менен*

*да кең-кесири таанышууга жетишти. Атүгүл башкы байлык китеп эсептелип, ар бир үй-бүлө анын санын болушунча арбытууга далалаттанды.*

*Биз орус классиктери жана алардын асыл мурастары жөнүндөгү маалыматты мектеп программасы аркылуу алып, оригиналга «тиш өткүчө» Пушкиндин, Лермонтовдун, Крыловдун, Гоголдун, Тургеневдин, Л.Толстойдун, Салтыков - Щедриндин ж.б. улуу устат калемгерлердин чыгармалары менен алардын кыргызча котормосу аркылуу тааныштык. Бул карапайым окурманга гана эмес, адабият талапкерлерине да дүйнөлүк руханий кенчке жол ачкан баскыч болгон. Котормо өнөрү поэзия, проза жанрларынын кыргыз кыртышында жерпай бекемдешине гана эмес, өзгөчө сатиранын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Буга кыргыз муздрама театрынын сахнасында 40-жылдарга чейин эле Гоголдун «Текшерүүчүсү», «Үйлөнүүсү» менен катар Лопе де Веганын, Ж.Мольердин, В. Шекспирдин, К. Голдонинин, кийин Ф.Шиллердин, Б.Брехттин окуялары курч, терс көрүнүштөрдүн терисин сыйрыган ачуу мыскылдуу комедиялык чыгармалары коюлганы айкын далил.*

*Биз алардан тышкары Эсхил, Софокл, Еврипид, Аристофан, Калидаса, Ибсен, Расин, Б.Шоу, О.Нил, К.Гоцци, П.Бомарше, Ф.Гойя, Дж.Свифт, О.Домне сыяктуу комедия жанрынын улуу устаттарынын асыл мурастары менен да орус тили аркылуу тааныштык. 70 жылдын аралыгында дүйнөлүк искусствонун дөө-шаалары жараткан гениалдуу чыгармаларды дыкат үйрөнүү менен гана чектелбестен, алган таалим-таасиринин негизинде өнөргө шыктуу уул-кыздарыбыз улуттук шедеврлерди жаратууга да жетишти. Илим-техника жаатындагы ийгиликтерди мындай кой, адабият, музыка, сүрөт жана киноискусстводогу жасалган секирик дүйнөнү таң калтырды.*

*Ошентсе да жогоруда аталган 70 жыл адамзаттын генийлери мурастаган зербаа дөөлөттөрдү илик-жиликтеп чыгууга эмес, үстүн жоруптоого да аздык кылган окшобойбу. Болбосо, XIII кылымдын башында өзүнүн бир тамсили менен европалык философтор, саясатчылар жана коомдук ишмерлер чөйрөсүнө чуу салган Бернард Мандевиль (1670–1733) жөнүндө окурмандарыбыздын кабары жок болушун эмне менен түшүндүрө алаар элек?*

*Мандевиль дүйнө салгандан бир топ жыл кийин Дэвид Юм өзүнүн «Адам табияты жөнүндө трактатын» жазуу менен маркумду Дж.Локк, А.Шефтеберн, Ф.Хатчесон жана Дж.Батлер менен бир катарга коюп, дал ушул философтор адам жөнүндөгү илимди жаңы жерпайга – тажрыйбага орнотушкан дейт. Арийне, Мандевилдин мурасы тууралуу сөз кылганда анын Агартуу кылымынын ойчулдары менен жазуучуларына тикелей да, кыйыр да тийгизген таасирин көңүлдө тутуу керек. Өз чыгармаларында Вольтер менен Монтескье, Руссо менен Дидро, Мабли менен Гольбах, Галлер менен Годвин, Гердер менен Кант да Мандевилге кайрылышкан. Ф.А.Ланге анын шарапаты жалпы жакшылыкка кызмат кылат деген негизги жобо-*

*су: «Бир кыйла жагынан сейрек эскерилип, бирок эч качан унутулбаган агартуунун жашырун беренеси болгон» – деп таамай белгилеген.*

*Мандевилдик мурас анын кылымына гана таандык болбогон. Ал эч качан унутта калбаган ойчул болгон. Ф.Б.Кайе өзүнүн «Аарылар жөнүндө тамсилдер» аттуу үлгүлүү жыйнагына тиркеме иретинде 1716-жылдан 1923-жылга чейин дүйнөлүк адабиятта анын чыгармаларына жасалган шилтемелердин хронологиялык тартиптеги кеңири тизмесин берген. Бул XIX жана XX кылымдын башында философтор, жазуучулар, экономисттер, тарыхчылар, публицисттер, саясатчылар Мандевилге Агартуу кылымынын авторлорунан кем эмес көңүл бөлүшкөндүгүн айгинелейт. Мында дагы биз XIII кылымдагыдай эле Мандевилдин көз караштары жөнүндөгү ар кыл ой жүгүртүүлөрдүн спектрин жолуктурабыз. Ошону менен бирге дал XIX кылымда анын көз караштарына системалуу талдоо жүргүзүүгө аракеттер жасалып,адегенде айрым макалалар,анан китептер чыга баштайт.*

*Мандевилдин чыгармачылыгы жөнүндөгү дыкат серептелген эмгектин автору немец тарыхчысы П.Сакман андан цивилизациялык коомдун маданиятынын маңызынан материалдык жана моралдык фактордун ортосундагы антагонизмдин кыртышында өсүп чыкчу карама-каршылыкты ачкан ойчулду көргөн. Арийне, мезгил деген адам жасаганга гана эмес, идеяларга да эң калыс, эң мыкты сот. Ойчул жана моралист Бернард Мандевилдин идеялык мурастарын бүгүн карап жатып, анын көз караштарындагы сын компоненти канчалык туруктуу жана маанилүү экендигин, буржуазиялык дүйнө тааным тар горизонтунун сыртына чыга албаган мандевилдик түшүнүктөрдү ал канчалык далдалап, экинчи планга сүрүп таштаганын айкын көрөбүз. Буга Мандевиль тарабынан колдонулган көркөм форма да кабыл алынып, адабий эстафета катары өткөндүгүн кошумчалооо болот.*

*Ырас, коомдун, мамлекеттин аарынын уюгуна окшоштурулушу Мандевилге чейинки адабиятта да жолугат. М: Шекспирдин «Король Генрих V нин өмүрү» аттуу пьесасында ал сословиелик монархисттик мамлекеттин табигыйлыгы жөнүндөгү идеянын иллюстрациясы катары колдонулган. Бирок Мандевиль бул аналогияны башка ракурста көрүп, аны сатира катары караган, андан соң аарылар уюгунун тарыхын адам коомунун сатиралык аллегориясы сыңары санап, ар кыл жазуучулар кайрылышкан. Албетте, мында аллегориянын астарындагы маани-маңыз, анын идеялык негизи жана сатиралык багыты өзгөрүп турган. Аарылар уюгунун тарыхын эми ыр түрүндө эмес,кара сөз түрүндө жаза баштапкан. Бирок негизинен Мандевилдин эле формасын пайдаланышкан. Буга К.Фогдун «Аарылар мамлекети» (1850), Д.И.Писаревдин «Аарылар» (1862), Л.Н.Толстойдун «Уюктун тарыхынын эки версиясы» (1900) эң сонун мисал боло алат.*

*Мандевиль жөнүндөгү талаш алиге чейин уланып келет. Анын улам арбып бараткан тарапкерлери мындай суроолорду коюшат: мандевилдик парадокс сатиралык сындын фигурасы эле болгонбу же ал чындыктын дал*

*өзүн чагылдырганбы? Мандевиль экономикалык ишмердиктин эркиндигин коргогонбу же ал коомдун анык негиздерине көз жумган эки жүздүүлөрдү гана ашкерелегенби? Анын сынынын өзөгүндө эмне жаткан – сергек реалистик көз карашпы, же евангелиялык жоготулган боорукерликти эңсөөбү? Анын этикасы таянычты Жаратқандын окууларынан издөөнү талап кылабы, же ал тарабынан жөнсүз утилитардык мораль кубатталганбы? Акырында – ирониялык бетпардага жашынган ким, ал – ыймандуу христианинби, катаал моралистпи же кудайсызбы, аксымбы? Анын жүзүн портрети боюнча да көрбөгөн биз мына ушул эки жарым кылымдан бери уланып келе жаткан талаш жөнүндө билсе, Мандевилде кандай жылмаюу жаратарын да элестете албайбыз.*

*Табышмактуу тамсилинин сыры али күнчө ачылбаган улуу ойчул, чыгаан философ жана акындын мурасы менен окурман журту таанышууга акылуу экендигин эске алып, ошондой эле чыгармада чагылдырылган жагдайлар азыр канчалык актуалдуулугун жоготкондугун салыштырып көрүшсүн деген ойдо кыргызча котормосун сунуш кылууну туура таптык.*

**Редакциядан**

# ДҮРБӨГӨН БАЛ ЧЕЛЕК

## же момунга айланган митайымдар

*Кең бал челек – жашап жатты аарылар,*
*Анда жаның тилегендин баары бар,*
*Кулач жайып улам илим тармагы,*
*Өркүндөөгө өткөн өнөр жайлары.*
*Күчүндөгү мыйзам менен куралдан*
*Ыйык уюк өзүн сактап тура алган.*
*Ар бир жазда кемибестен төлү бүт*
*Чыгып турган жаңы уюк бөлүнүп.*
*Өкүмдардын тарткан эмес зобунун,*
*Билген эмес демократия оюнун.*
*Эркин жашап жатышкан бал аарылар,*
*Арасында наалыгандар дагы бар.*
*Башкарып бул уюкту король келген*
*Чектелген андагы укук мыйзам менен.*

*Кыскасы, уюгу бул аарылардын*
*Коомуна окшош болчу адамдардын.*

*Не чыгарса биздин шаар,кыштактар*
*Дал ошондой чыгарылчу кымбат мал:*
*Керектелчү жай турмушта, согушта*
*Буюмдарга булар эле чоң уста.*
*Бизде кайда алардагы курулуш,*
*Машинеден,кемеден да курубуз.*
*Искусство, илим менен өнөрдөн*
*Аары коому агарган да, көгөргөн.*
*Чыпалактай жарак менен урунган*
*Дал адамдар жасагандар курулган.*
*Сүрөттөөгө алардын зор эмгегин*
*Жетет биздин сөз берметин тергениң.*
*Калбагандай болчу уюкка мындагы*
*Адамзаттын жашоосунун сырлары.*
*Кечип, балким, кумарпоздук оюндан*
*Азгырыкты эрчип, жоктур бой урган.*
*Ал анык да бийлик тутчу баш белги —*
*Королдор да күтүп келген аскерди.*
*Оюн деген таап турган так ээсин,*
*Полк болгонбу анын билбес мазесин?*

*Аары уюгу гүлдөп жеткен баралга*
*Челегине батпай жатты баары анда;*
*Керишкендер кээде чыгып тобунан*
*Айырмасыз болду адамдар коомунан.*
*Кээлери басып обор, дамааларын*
*Ээлешти мансап, сыймык, каалаганын.*
*Калгандар кен ичинде жан карч уруп,*
*Өлгүчө төрөлөргө кылат жумуш.*
*Дээрлик дүйнө жарымын баккан менен ,*
*Байкуштук тагдыр болчу баштан белен.*
*Шылуундар бар байлыкты алган басып,*
*Бейкапар доорон сүрөт сайрандашып,*
*Эсептейт кирешесин жалмаңдашып.*
*Башкалар карч урушуп кара жанды,*
*Буу чыгып төбөсүнөн, тери тамды.*
*Тыным жок тырбалаңдап таңдан-кечке*
*Азыгы – нан, шылдыр суу, жетпейт этке.*
*Бар эле Кудайдан жөө качкандары,*
*Арамдык жолго жалаң баскандары.*
*Шумпайлар ак эмгекке жулунбаган,*

*Макоопез, ууру-кески, жулук жалаң.*
*Баарында күткөн өнөр алдамчылык*
*Байыты келе калса калган шылып.*
*Кем сокпой бетпактыктан башкалары,*
*Калбады бузук жолго баспаганы.*
*Карасаң бардык жерде иблистер,*
*Жасалбай калгансыды изги иштер.*

*Жорудай тарп аңдыган адвокаттар,*
*Жон териң сыйрыганга абдан маштар.*
*Кайраштырып добогер, күнөөкөрдү*
*Каракчың да чендебес пайда көрдү.*
*Ажатын иштин ачпай соттор сүйрөп,*
*Калыстыктан жарандар түңүлдү көп.*
*Ал эми жең ичинен берсең пара*
*Алганын акташ үчүн көрчү чара.*
*Туюкка тушуксаң да жылчык табар*
*Жат билчү жадыбалдай мыйзамды алар.*
*Дүкөнгө киргичекти уурулукка,*
*Аңдуусун салып жүрөт жулук журтта.*

*Мындайда көкөлөтүп дары наркын*
*Көз боочу болот врач - шарлатаның.*
*Бейтапты жан үрөбөйт дарылашка.*
*Аларда касапчыдай кайгы башка.*
*Кирмекке ишенимге калп кубулуп,*
*Жапакеч көрүнүшөт жасап куулук.*
*Бейтапка карап жылуу ырай менен*
*Жан окшойт бечаранын камын жеген.*
*Жагынып жакындарын коштоп сүйлөп,*
*Келжирейт келди-кетти кепти чүргөп.*

*Мырзалар да руханият жактагы*
*Мааниси жок маңыз сөздөн качпады.*
*Кудайларга кызмат өтөп жатышып,*
*Баары бүттү күнөөлөргө батышып.*
*Иренжитчү булардагы манчыркоо,*
*Карөзгөйлүк,аңгиликке жан таштоо.*
*Тикмечи кыйындыдан кымтыгандай,*
*Кыянат иш буларга жакчу майдай.*
*Аларың жалынышчу көктү карап,*

*Калчудай туурам нанга кылып канаат.*
*Амалейким напси агытып өздөрү*
*Кампам толо дан болсо деп көксүдү.*
*Жрецтериң жанталашса ак уруп,*
*Жалдагандар жатты жана туйтунуп.*
*Акыйкаты ошолордун айынан*
*Кудайларга жамынгандар байыган.*

*Солдаттарга жоону беттеп өмөлгөн,*
*Куру койбой акылары төлөнгөн.*
*Жок дегенди кыргында мен баш бергим,*
*Соттоп турган трибуналы аскердин.*
*Катаал эле указы кут учурган*
*Качкын болсоң, айрылчусуң бутуңдан.*
*Ак согушпай аздектеген жандарын,*
*Анда дагы болгон генералдарың.*
*Пулдун кулу болгон ач көз, суктарың*
*Пара берсе куткаруучу душманын.*
*Эрендердин жоону кайсап, кечкен кан*
*Жаратына кала турган жетпей сан.*
*Коркокторуң өйдө жатып баш катып,*
*Кош маяна алган жанын сакташып.*
*Абрактуулар Ак сарайда чардашкан*
*Кызматына жүрчү айлык албастан.*
*Так алдына таазим кылып жүгүнүп,*
*Казынаны тоношчу анан бүлүнүп.*
*Королдордун байлык, мүлкүн жеп баарын*
*Абийирим ак деп төш какчу бетпагың.*
*Жадыгөйлөр бардык жерде кууланып,*
*Жасаганы окшоп жалаң тууралык –*
*Айтчу айла-амал менен тапканын,*
*Тарткан чыгым кирешелеп кайтканын.*
*Арамдыкка байланыштуу чоо-жайы*
*Актап кирчү алдамчылык соодасы.*
*Ток этери – ошол аары коомунда*
*Ар кимиси жүрдү баюу жолунда.*
*Көмүскөдө көп мүлк өөнөп-кымтыган,*
*Көрүнмөк ал момун болуп сыртынан.*
*Кумарчыдай айтпас канча утканын,*
*Билип болбойт булардын жеп-жутканын.*

*Санап болбос жоболоңдуу жоругун,*
*Жасалма эле жарымы саткан погунун.*
*Аңыз калып жер семирткич заттардан,*
*Анысы да турчу жалаң таштардан.*
*Обор кызып, байлык табам дегенде*
*Туугандан шай турган тартып жегенге.*
*Арам ою жыдып болсо маскара,*
*Ал күнөөсүн артып кирчү башкага.*

*Фемиданын көзү туруп таңылуу,*
*Анда деле болуп жатты жаңылуу.*
*Адилдиктин андагы курч чеңгели*
*Алып жатты аста сунган теңгени.*
*Анан дагы маалым болчу жамаатка,*
*Ар өкүмдүн тартканы кай тарапка.*
*Акыйкаттык пир турса да асманда*
*Көздү жумчу жерде жүрүп жатканга.*
*Ал түшүрүп бей-бечара жүрөгүн,*
*Сенде дечү башы бардык күнөөнүн.*
*Анан дагы муктаждыктын айынан*
*Момундарды ак жолдон саал тайыган.*
*Бай, шааларга бакырлыкты билбеген,*
*Фемиданын кылычы эч тийбеген.*
*Белен турган жазалоого карыпты,*
*Төбөлдөрдү коргоого алып багытты.*

*Бул уюктун арткан менен былыгы*
*Окшош болчу бейишиңе чыныгы.*
*Тургандыктан оомат колдо кармалып,*
*Касы коркуп, дос карачу жарданып.*
*Бал челектин баарын алсаң сырттагы,*
*Бул уюкка, айтор, теңдеш чыкпады.*
*Түзүлүшү бул жарандык коомдун*
*Түбүн тешик кылган дайым сооптун.*
*Калк камында жүргүзүлгөн көп иштен*
*Калабанын аяндарын көрүшкөн.*
*Бул коомдо бир бечара аары да*
*Пайдам тийсе деп жашады баарыга.*

*Башкарууда туткан кылдат, так кадам,*
*Аарылардын биримдигин сактаган.*

*Болгон менен нааразылар арада*
*Бузулбады үй-бүлөлүк каада да.*
*Бир-бирине берилиш болду жардамын,*
*Жоктугунан мындан башка арганын.*
*Бирөөлөрдү болсо ыйман-салават*
*Чабал урук ошолордон наар алат.*
*Сараңдыгың өтчү мында сайранга,*
*Артык байлык жетчү карып жандарга.*
*Кербезденүү, ичи тардык, ач көздүк*
*Ак эмгекке дилди турчу өзгөртүп.*
*Тапкөйлүктүн коом калкы жаңыга*
*Мода дагы улам берчү жаңыра.*
*Алдастаган галаты салт барынан*
*Соода жагын от алдырган абыдан.*
*Оюн-зоок, тамак-ашта, кийимде –*
*Мода кууп, токтолуу жок биринде.*
*Жагалдансаң жаңы үлгү деп кийип,*
*Жыл айланбай кала турган эскирип.*
*Коомдогу тартипти улам жаңылап,*
*Өксүктөрүн жойгон коюп жабыла ат.*
*Акырында жамандык да, айталык,*
*Жатты мында жакшылыкты кайтарып.*

*Жыйып-терип бузуктуктун түшүмүн*
*Уюк көрдү улуу дөөлөт үзүрүн.*
*Ойлоп табуу, эмгек менен жаратман,*
*Өлкө өзгөрүп, укмуш болуп бараткан.*
*Келген муун алдыңкынын артынан*
*Кенендикке, молчулукка жалчыган.*
*Кедей эми кечем деген жанымдан,*
*Кененирээк жашап калган байыңдан.*

*Бирок кандай ойт бермелүү жыргалың,*
*Аярлыктын ачпайт Кудай сырларын.*
*Аны билсе көр дүйнөдө макулук*
*Амириңдей болбойт беле аты улук.*
*Кокус иш боло калса, салат айгай:*
*«Шылуундар алдап кетти өчү бардай.*
*Бийликте, же аскердеби, соттобу –*
*Ууруга ууру, шумга куусу коштолуу».*
*Шумпайлардын кум өрттөөгө маштары*

*Өзүн актап, айыптады башканы.*
*Бир байды көр, алдап келген баарыны,*
*Башкасынан айырмасыз анығы.*
*Өкүрөт ал изги жолдон азгансың,*
*Артып күнөө, кудайларга жазгансың.*
*Мынча күйүп, наалат айтып тилдеген*
*Ал каракчы болду дейсиң ким деген?*
*Өзүнө окшош жадыгөйдөн шериги*
*Булгаары деп саткан буга терини.*

*Аарыларда иш оң, батпай бал дагы,*
*Андан баары көрүп жатты пайданы.*
*Ошентсе да бүт ажылдайт кудайлап:*
*«Ак жашайлы,бизди карма катуураак!»*
*Жалынычты уккан Гермес жылмайды,*
*Жаалы келген Зевс сөзүн тыңдайлы:*
*«Ушул сабак болсун эми силерге!»*
*Укмушту көр-алдоо житти биерде.*
*Унутулду куулук-шумдук, жулуктук*
*Баары ыймандуу,жалкоо ишке умтулуп.*
*Эстүүлөрү жаңылыкка кубанып,*
*Эски жашоо үчүн калган уялып.*

*Даңктуу уюк! Тартты капыс жазаны,*
*Кимдердин бул тапкан шумдук мазагы.*
*Бул өлкөдө бир саамда алдастап,*
*Азык-түлүк баасы кетти арзандап.*
*Баары ыргытып кара беттик пардасын,*
*Баш урушту аруулукка анда чын.*
*Кыйындарың куубай байлык артынан,*
*Арылды уюк абалкы жек дартынан.*
*Сүткорлор да убай тартпай көөнү ток,*
*Адвокаттар акакташпайт кол бошоп.*
*Ал анткени ар ким өтөп парызын,*
*Так кайтарып берди алган карызын.*
*Ким унутса насыясын төлөөнү,*
*Кечирилди, болсун канча көлөмү.*
*Кыскаргандан көптөгөн иш соттордо*
*Кызматсыздар арбыды бул топтордо.*
*Абалтадан белгилүү го баарыга*
*Сотко кыйын иш айланса агына.*

*Балыгы жок суугa салбайт кайырмак,*
*Пайда түшпөй олтурбайт сот байырлап.*

*Кылмышкердин кээси тартып жазаны,*
*Кээси акталып, бүттү абактын азабы.*
*Калгандан соң камак жайлар бош болуп,*
*Карaар иш жок, сот жараян токтолуп*
*Таштап кетти Фемида бал челекти,*
*Коштоп аны бүт жан-жөкөр, кеңешчи.*
*Каада менен басат уста тобу бу*
*Жасап жүрчү кишен, чидер, зоолуну.*
*Темир эшик, тор дайисти коруган*
*Чыкканына сыймыктанып колунан.*
*Абактардын күзөтчүсү, сакчысы*
*Адымдашат, колдору бош башкысы.*
*Алардан соң айбалтасыз жаркыган,*
*Баш кесер да эрчип келет артынан*
*Чүмбөтүндө кочкул кандын бар тагы,*
*Колунда анын балта менен арканы.*
*Шериф, соттор эң акыркы сабында*
*Кудай айым көтөрүшкөн тагында.*

*Кеселдерди болсо дагы кандай дарт*
*Эми калды адис врач дарылап.*
*Унут калбай элеттеги айыл да*
*Мыкты медик жүрдү сыркоо камында.*
*Тапкандыктан шыпаагерлер дабаны*
*Жеңилдеди бейдармандын абалы.*
*Эч ким мында напсисин жок агыткан,*
*Таңкыс дары изделбеди алыстан.*
*Табыптары бул өлкөнүн даанышман*
*Өлбөстүктүн мүрөк суусун табышкан.*

*Жрецтер да кыйыктыгын таштaшты,*
*Жан дилинен табынышa баштaшты.*
*Артык өңдүү диактарга жармашкан*
*Өздөрүнчө кудайларды алкашкан.*
*Жактыргандар жыргап-куунап жашоону*
*Бекер калып, баары тапты баш оору.*
*(Аарыларга тыныm билбес, мээнеткеч*
*Андайлардын тиймек эмес кереги эч).*

*Башкы жрец парзын өтөп ал дагы*
*Өзүн бүтүн ыйык ишке арнады.*
*Каралганда маселелер жарандык,*
*Ал укуксуз үн кошууга жарарлык.*
*Бирок карып, кайырчылар дайыма*
*Түнөк таап, келчү анын жайына.*
*Ач-арыган мындан өзөк жалгачу,*
*Жолоочунун бостек тапчу жамбашы.*

*Керектигин айлык менен жан багуу*
*Министрлер эми гана аңдады.*
*Жек көрүнүп алдамчылык, жеп-ичмей*
*Ак сарайда калды буга келишпей.*
*Бир бечара аары кабылдамада*
*Күн-түн күтсө, кезек жетчү ага да.*
*Жетекчиге маалымдалып кабары,*
*Анын дагы аткарылчу талабы.*
*Клеркке ким сунам десе теңгени,*
*Көк желкеден алды мыйзам чеңгели.*
*Бар кездечи мурда көздүн таңуусу,*
*Мындай иштер байкалбастан калуучу.*
*Буга чейин бир орунда үч сүлүк*
*Олтурушчу олжо күтүп түктүйүп.*
*Алдырбаска ашык кебек бирине*
*Акыйышчу келгендерге тигиле.*
*Анан кайра аңдышууну таштачу,*
*Абалкыдай эшек ойнун баштачу.*
*Азыр болсо бири калып амалда*
*Эки өнөктөш кошулду бош жаранга.*

*Бүт аарылар жоюш үчүн карызын,*
*Сатып кирди колдо бардын баарысын.*
*Ат, карета, фарфор, атлас, шуру да*
*Өз баасын кой, кетти жарым пулуна.*
*Көнгүчөктү карызарлык матоого*
*Кайыл болчу булар жакыр жашоого.*

*Алар качып артык ыгым-чыгымдан*
*Четке аскер чыгаруу да тыйылган.*
*Бейпилдикти артык көрүп урушкан,*
*Мекен үчүн тикесинен турушкан.*

*Аскер даңкы бааланбаган аларда*
*Атуул даяр турган жанды саярга.*

*Баштагы жок, өзгөрүлгөн дүнүйө:*
*Ак жүрөктүк жеткен соода түбүнө.*
*Ишсиз калган сансыз аары-жансерек*
*Аңгырады ичи базар бал челек.*
*Байлар менен сайранпоздор жоголду*
*Убай жешпейт – ойлоп чыгым болорду.*
*Башын салып кире турган барбы жер*
*Күчүн сатып, жанын баккан мандикер?*
*Сатып алуу, керектөө да жок болду*
*Бир саамда өндүрүш да токтолду;*
*Кайда барба, эми угасың бир жооп:*
*«Соода жүрбөйт – ошон үчүн жумуш жок».*

*Арзандады жер өз наркын актабай,*
*Батир болду даркан курган ак сарай.*
*Укмуш жайлар кудайлар да суктанган,*
*Учкандыгын көрүп турду кутту андан.*
*Ишсиз эми жыгач уста, таш кесер,*
*Бул кесипке муктаждык жок, жат бекер;*
*Күм-жам болуп шаардагы курулуш*
*Кереги жок эми эч кимге бу жумуш.*
*Сүрөтчүнүн бир ажайып эмгеги*
*Тыйынга да турбай калды элге эми.*

*Айлык дагы жалчытпады жумурду,*
*Күнүмдүк нан жалмап жатты пулуңду.*
*Таверняга төлөйм дебей карызды*
*Ал убайдан аласталып калышты.*
*Бийкеч-көйнөк кийчү зербап адеми,*
*Арзан баалуу бөз жамынды ал эми.*
*Сатып албайт эми бардар шаалары*
*Куш этин да, француздун шарабын.*
*Ак сөөктөр кызмат кылган сарайда,*
*Барга кайыл башка кандай бар айла?*
*Азыркысы,абалкысы тогошпой,*
*Өткөн турмуш болуп калды жомоктой.*

*Хлоя айым бир аз гана мурдараак*
*Калбас үчүн байлык, куттан кур жалак –*

*Өз жубайын арам жолго үндөөчү*
*Өмүрүндө сахып адам жүрбөчү.*
*Эми болсо коюп жатат сатыкка?*
*Зер буюмун, эмерегин шашып да.*
*Вест-Индия баскынында бул уюк*
*Талап-тонол алгандарын жутунуп*
*Жамаат күттү жаңы салтты, адатты,*
*Унутушуп мода, шоок-наватты.*
*Токуучулар өрмөк согуп отурбай,*
*Жибек, баркыт, парча калган токулбай.*
*Жүз эсеге жакырланып жаш-кары,*
*Бүт арзандап, бирдей эми шарттары.*
*Анткен менен аарынын бул уюгу*
*Тынчтык, бакыт, бейпилдикке уюду.*
*Алар алды табигаттын бергенин,*
*Керектебейт бактар багван эмгегин.*
*Жумшалбастан билим, мээнет үзүрү,*
*Мөртөй-шөртөй азып алган түшүмү.*

*Каттабады базарга чет элдеги*
*Баштагыдай кемелердин кербени.*
*Эч ким билбейт эми кайда житкенин,*
*Көпөсүңдүн, эсепкоруң, ишкериң.*
*Өнөрчүлүк өрчүбөстөн кыйрады*
*Жалкоолугуң жандын болуп жыргалы.*
*Соода-сатык жол-жобосун түшүнбөй,*
*Кирешеден кол жуушту бүтүндөй.*
*Дал ошондо бул уюкка бүлүнгөн,*
*Коломолуу колу селдей сүрүлгөн,*
*Кара ниет кошуналар катылды,*
*Кызыл кыргын,калкты канга батырды.*
*Деген менен камалоодон думукту*
*Багынтууга болбой жатты бу журтту.*
*Ойлоп келген ойрон салып,жутканды*
*Көркоо жоодон эрдик, көктүк куткарды.*
*Мына Жеңиш! Ал оңойго турбады,*
*Арбын аары болду анын курманы.*
*Миллиондордун башын согуш жалмады,*
*Бул өлкөдө жук-жубурдан калбады.*
*Акырында ала турган бар сабак:*
*Бейгамдык деп бир балээге алпарат.*

*Карапайым, изгиликке кам уруп,*
*Ээлеп рухту эң абалкы аруулук –*
*Кечил кейпте мискиндикке өтүштү,*
*Бир дарактын көңдөйүнө көчүштү.*
*Эми таза жакырлыгын туу тутуп,*
*Сыймыктана жашап келет бул уюк.*

**Мораль**

*Дөдөйлөргө болсун маалым ар убак,*
*Аары уюгу жашай албайт аруу, ак.*
*Байлык жана даңазаны ашырып,*
*Арам ишиң калалбайсың жашырып.*
*Жанталашпа жашаймын деп адал, ак*
*Ал болгону куру кыял, далалат.*
*Бизге зарыл, баары керек аңдашы,*
*Бой көтөрүү, дүйнөкорлук, алдашуу.*
*Тобокел деп бир иштерге барганда,*
*Алар бизге дайым келет жардамга.*
*Ачарчылык – бул бир мүшкүл арийне,*
*Бирок ансыз келмек эмес баары ийге.*
*Билмекчи ким азиз жанды багышты,*
*Сактаганды жан-жаныбар, кайыпты.*
*Түшүм бербейт өскөн дарак жапайы,*
*Багван гана жөндөйт мында катаны.*
*Каалайсыңбы, шиңгил шире жыйышын,*
*Кыйла жолу керек сабак кыйышың.*
*Сынган бутак таңылганын карагын,*
*Ал араң жан, билбейт жашап каларын.*
*Антсе дагы берип келет шарабын.*
*Элге тиет балээнин да кайыры,*
*Адил сотко байланышса тамыры.*
*Улуулукка жетмекчи эл бу да чын –*
*Эгер анда малгун салса уясын.*
*Жалаң жакшы ой молчулукту жаратпайт*
*Бул акыйкат, эч ким аны талашпайт.*
*Баары деген: «Өттү-кетти, жок орду».*
*Кайтаргандар мээрбан, алтын доорду.*
*Момундарда ак иш кылган не жазык,*
*Эмен ашы эми аларга кулазык.*

Которгон **Дилназ**

*Конкурска*

## Токтогулий

# ЗИЛЗАЛА

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

Берки үчөө тең бирдей артына бурулуп, терезени тиктеди. Айнектин артында шырылдап суу агып жатыптыр. Кочкул күрөң, кир суюктук терезенин кычыктарынан кудум булактай чууруп, дубалдын ылайын эзип жеп келе берди. Отургандардын бардыгы ордуна кадалып, корконунан акыл-эсин жоготуп койгонсуду. Эсине биринчи болуп Баяман келди, ал секирип туруп эшикти карай жүгүрдү. Бирок ал канчалык булкуганы менен каалга ачылбай туруп алды. Ошондо гана ал кырдаал канчалык оор экенин түшүндү көрүнөт, аялына айкырды:

– Сен минеге отуруп алдың? Балдарды алып, төркү бөлмөгө өткүлө!..

Анан ал өзү барып Кенжебекти колуна ала койду да, коңшу бөлмөгө чуркап кирип кетти. Салима дагы ыйламсырап отурган баласын колунан тартып, анын артынан ээрчиди. Баяман текчеге чыгып алып, кайктан таба койгону белгисиз бир шиш темир менен шыптын ылайын чукуп жатыптыр. Сырткы бөлмөдөн тарсылдаган дабыштар угулду, бирок тигил ага да тоготпой, алы жетишинче ургулап отуруп басажупка жетип барды. Дал ошол маалда бөлмөнүн каалгасы тарсылдай түштү. Баяман өжөрлүк менен тырышып, көздөрүнө топурак түшкөнүнө карабастан бадыраны баралап кирди: ал бирде темир казыкты колуна ала коюп, анысы менен жыгач, самандарды жулуп ыргытып, анан кайра колу менен салаңдаган кесектерди тыткылап жерге таштай берди. Акырында оюлган жерден чатырдагы арта салма көрүндү. Бөлмөнүн ичи ботколонгон сууга толо баштады. Нурдин бутунда тура албай жыгылып түштү,

бирок Кенжебек аны кайра тартып тургузду. Суу бөлмөнүн ичине улам толуп келе берди.

– Ата! Ата-а! – деп чыңырып жиберди Нурдин бирде коюу баткактын арасына чөгүп жоголуп кетип, бирде чамбылала болуп кайра сороюп чыга калып.

Баяман эңкейип уулун суудан сууруп чыгарып алды да, аны шыптагы тешикке такады.

– Чык үстүнө! – деп кыйкырды ал. – Үстүнө чык!..

Бирок Нурдиндин башы батып, денеси эч өтпөй койду, ошондо атасы аны суугa түртүп жиберип, текчеге алы жетишинче атырылып барып калган Кенжебекти колунан тартып алды. Кики Нурга караганда кичинерээк болчу, ошондуктан ал тешикке дароо эле батып кетти.

– Үстүнөн каз, – деди ага Баяман. –Тешикти кеңейт!

Ал колундагы темирди Кенжебекке бере койду, берки ошол замат ишке киришти. Үстүнөн шагырап түшкөн кесектерден жалтанып, Баяман өзү да суугa кулап түштү. Дагы бир кесек келип, Салиманын жанына түштү.

– Кач, башыңа тиет! –деп кыйкырды Баяман, бирок өзү улам тешикти карап коёт.

Акырында алардын жанына келип килейген кесек түшкөндө шыптын тешиги аңырайып калды.

– Болгула, тезирээк үстүнө чыккыла! – Баяман сууда чапчылап сүзүп жүргөн уулун бир колу менен түрткүлөп текчеге чыгарды.

Салима да текчеге жетип барды, ал улам шыпырылып түшүп кетип жатып акырында Нурдиндин артынан тамдын башына чыкты. Эң акырында Баяман өзү да зордун зору менен тешиктен өттү.

Тамдын башында туруп, алар иштин жайын толук түшүндү. Тээ алыстан, бөксөлөрдү аралап өткөн арыктардан келаткан сел ботколонгон агымына аралаштырып, тамыры менен жулунган талдарды, короо-короолордон чогултулган акыр-чикирди, тамдардын калдыктарын кошо алкындап алыптыр. Анча алыс эмес жерде бутактарын кенен жайган килейген жаңгактын үстүндө бир адам азына салып жатат, шаардын тоо тарабынан бопбоз туман каптап, ылдый жакта жайнаган эл бирде дүргүп качып, бирде дыгдырып кирип келип сууда будаланып жаткан кишилерди куткарып, башаламан чуркап жүрдү. Муну бүт көргөн Нурдин менен Кенжебек ыйлап жиберди, Салима дагы онтоп көзүнө жаш алды.

– О кудай! Кудай! – деп жалдырап жатты ал балдарды бекем кучактап. – Бизде мине күнөө бар? Кудай, сактай көр!..

Баяман дагы эмне кыларын билбей ыйлап жаткан үчөөнү жалдырап тиктеп, нес бойдон чатырдын үстүндө отура берди.

Астыда кыян аркырап, эч нерсеге баш ийбей албууттанып жатты, үстүңкү гүзөрлөрдү да чаң басып, жер менен асмандын чеги көрүнбөй, тутулган күн мындай алааматтын алдында алсырап, дайынсыз көздөн

кайым болду. Аңгыраган дүйнөдө жалаң гана шаардын ушул бөлүгү, жээкти бойлоп арсар чуркап жүргөн бирин-серин киши, жаңгактын бутактарына асылган байкуш бир пенде, арал сыңары туш-тарабынан суу баскан тамдын үстүндөгү төрт адам калгансыды. Эки баланы кучактап эне ыйлап жатты, башын мыкчып найүмүт, алсыз ата отурду.

Бир маалда алыстан элдин чыркыраганы угулду, тамдын үстүндөгү төртөө сестене түштү. Бардыгы чуулдап, колдору менен көрсөтүп жаткан тарапка бурулуп, төрт байкуш түз эле аларды көздөй агып келаткан май куюлган цистерналарды көрдү. Бир паска тымтырс боло түштү: адамдар аларды карай умтулган коркунучту көздөрүн алайтып тиктеп, ордунан жылбай турду. Анан эң коркунучтуу нерсе башталды: топураган эл баятан бери сууда тыбырчылап, жанталашып далбастап жаткандарды унутуп коюп, өздөрү тоону карай жулкунуп жөнөдү, алар менен кошо эмеле өздөрү зордун зору менен суудан чыгып алгандар да качты. Мунун баарын көргөн суудагылар өздөрүн бечара сезип, жанатан бери тырмышкан аракеттерин токтотту, эми алар болгону кудайдын чечимин күтүп, толкундардын арасында алсыз-азадар калкып жүрдү.

Цистерналар көчөнүн кууш жерине келгенде тирелишип, бири-бирине жолун тороп калды. Килейген кара жалын асманды карай атырылды. От бир пастын ичинде көчөнүн эки жагындагы үйлөрдү каптап, айлананын баарын кызыл түскө боёду. Сууга төгүлгөн май тутанып, агым менен кошо жайылып, туура эле тамды карай умтулду. Суканы учкан эл абдырап, бөксөнүн чокусунда жымжырт турду.

Өрттөнгөн суу үйгө жакындап келе берди, ошондо биринчи болуп Баяман эсине келди.

– Секиргиле! Наркы өйүзгө сүзгүлө! – деп кыйкырды да анан жол көрсөтүп, өзү биринчи болуп муздак, ботколонгон сууга секирди.

Бир аздан кийин майда толкундардын арасынан сороюп чыга калып, балдар коркуп сууга түшпөй жаткандарын көрүп ал азына салды:

– Секиргиле деп атам! Наркы өйүзгө өтсөк, аман калышыбыз мүмкүн, оттон эч кимибиз тирүү калбайбыз...

Салима ушул жерден акылдуулук кылды, ал эринин сөздөрүн туура түшүндү көрүнөт, коркуп тырышып алган балдарды биринин артынан бирин сууга түртүп жиберди да, анан өзү дагы шаркыраган агымдын үстүнө боюн таштады. Мындайды күтпөгөн балдар ылай сууга чөмүп барып, анан колу-буттарын тыбырчылатып чамбылала бойдон толкундун үстүнө чыга калды. Балдардын аман экенин көргөн Баяман алардын жанына сүзүп барып, дагы кыйкырды:

– Мени ээрчигиле! Артыман калбай сүзгүлө!..

Алар бардыгы жээкти карай кулач уруп жөнөдү. Кенжебек дагы алардын артынан калбай келатты. Суу муздак, жогорудан агызып келген акыр-чикирден ылай болуп коюу экен, кийимдери оорлонуп, аны ыл-

дый тартты. Бир пастан кийин бала күйүгүп, кулач ура албай калды. Кенжебек жээк тарапты карады: Баяман аке, Салима эже, Нурдин үчөө тең кургакка чыгып алып, ага кол булгап жатат. Бирок Кенжебек алсырап шайы кетип калган, ал канчалык чапчылаганы менен ордунан эч жыла албай койду. Айпап-жайпап аккан суу аны жээктен улам алыстата берди. Болду. Эми мен өлдүм. Атам менен апам ыйлайт болду бекен? Эми мен аларга эч жолтоо болбойм...

Дал ошондо ал асманда карайган бир нерсени көрдү. Чабалекей! Ал мени куткарат болду бекен? Жок, куткарбайт. Мен анын туугандарын өлтүрүп атсам, ал мени минеге куткармак эле. Ал мени канаты менен чапкылап сууга чөктүрөт.

Кенжебек чымчык менен алек болуп, колдору менен кулач урганын, буттарын тыбырчылатканын токтотту. Жээктеги Баяман кайрадан сууга секирип, аны көздөй сүзүп жөнөдү, бирок бала аны байкабай эле кайра дагы улам чабалекейге жалынып жатты. Кечир мени, чабалекей! Кечирип кой... Мен мындан нары эч качан сенин туугандарыңа тийбейм. Жардам бер мага, чабалекей. Кечир мени...

Чымчык асманда ойкуп-кайкып учуп, канаттары менен сууну серпип кетип, кайра көккө сызып чыгып жатты.

Кечир мени, чабалекей! Мен мындан нары эч качан сенин туугандарыңа тийбейм. Жардам бер мага, чабалекей...

Баяман балага тез ылдамдыкта жакындап келатты, бирок беш-алты кулач аралык калганда килейген толкун тигини үстүнөн басып таштады.

– Кики, чыдай тур, мен сага баратам! –деп гана кыйкырып калды Баяман.

Бирок бала аны уккан жок, ал бир жолу суунун астына чөккөн бойдон кайра көрүнбөй калды.

**8**

Мечит мурда обочолонуп тоонун тескейинде турчу. Ал убакта михрап да туура түштүк-батышка ачык, эл да көп келчи. Азыр мечит шаардын четинде турат.

Имам күндө сууну бойлоп, кадуу менен түшүп келип, жээктеги бакты бир пас аралап, анан деми кыстыкканына карабастан онтоп, оор дем алып отуруп ийри тепкичтер менен көтөрүлүп азанканага чыгат. Мурун азанчысы бар болчу, ал дүйнөдөн кайтып кеткен. Андан кийин бул кызматты эч ким аткаргысы келбейт. Аңкилдеп отурамбы дейт көөсөрлөр. Аңкилдегени минеси кен, тиешелүү аятты окуйт, андан мине болмок эле? Кайра сооп болбойбу. Кээ бир карыялар макул эле, аларга тепкичтен чыгуу өтө оор, ал эми жаштар бу иштен качат. Мине гана болуп кетер экен минтип отурса?..

Имам терең дем алып, азанды баштады:

– Аллаху акбар! Аллаху акбар!..

Анын үнү дале бакубат, карылык баспагандай заңкылдап турат. Болгону эле буттары ооруйт, муундары калчылдап түнкүсүн сыздачу болуп алды. Мейли, эптеп чыдап турайын. Кудайдын алдында милдетим ушу.

Демейдегидей эле алыстан биринчи болуп Жакып, Исман, Шеркулдар көрүндү. Алар шашып чоң аттап, бири бакты аралап, бири шаардан алып келген жалгыз даңгыр жол менен жетип келди. Шеркул байкуш эшегин минип, кыдыңдатып бастырып алыптыр. Кудага шүгүр, бүгүн да намаз болот окшойт. Имам бир күнү намаз бузулуп калабы деп дайыма коркот. Ушуга чейин бузулалек, бирок ким билет...ким билет...

– Ассаламу аллейкум, имам аке! – Бир бутуна чолоңдогон Жусуп да каяктан жетип келгени белгисиз, ыйлдыйдан кыйкырды.

– Аллейкум ассалам! Барча хамид аллах азажилге болсун. – Имам өзүнүн адаттагы саламын айтты. – Анын рахматы уа саламы пайгамбарыбыз Мухамед мустафа селалаху алей уассаламга болсун, анын сахабларына уа үммөтлөрүнө, уа барча мусулман балдарына аллаху тагала туура жолду көрсөтсүн.

Имам жерге түшүп бардыгы менен алик алышты.

– Буйруса, бүгүн да намаз болот окшойт, имам аке? – Исман бардыгын кабатырланткан ойду айтты.

– Буйруса, буйруса… – Имамдын өңү сүрдүү боло түштү.

Мине гана болуп кетер экен? Бир күнү намаз бузулса мине болот? Акыр заман деген ушу да. Бирок бүгүн али намаз бар, ушуга деле шүгүр.

Багымдат башталды. Кийинки келген төртөөнүн үндөрү киргилденип угулуп, бара-бара түзөлүп отуруп анан акырында «кулхуаллаху ахадга» жеткенде коңур чыкты. Намаз эмей ле, бир алка болуп калды го. Кокуй! «Азаныңбы, алкаңбы, зикириңби, ырыңбы?» дегендей болду... Тобо! Тобо!.. Имам жакасын карманды. Кудай, өзүң кечире көр...

Алар шашпай ордунан туруп, уюп калган буттарын ушалаган бойдон, аксап басып сыртка чыкты. Таң заардын шооласы батыштагы тоолордун кырларына түшүп калыптыр. Алар төртөө тең эртең мененки шүүдүрүмдү шиберден кагып, сайды бойлоп жөнөдү. Имам дагы аларды узатып чыкты. Шоокумданган дарыя көбүрүп кашка суусун шаркыратып агып жатты. Ушу кереметти көрбөгөн адам кантип бактылуу болсун? Бирок көпчүлүк азыр ширин уйкуда, алар болсо мунун баарын чанып жүрөт. Намаз го бери ле калды. Былтыркы зилзаладан кийин эл кудайга кайрылабы дегем, бирок андай болбоду: адам өзү башына түшкөн мүшкүлгө деле көнүп калат окшойт. Же динге каршы күрөшкөндөрдүн ишлети өз максатына жеттиби? Жо-жок, андай болушу мүмкүн эмес го. Адамдар ичинен бардыгы ле кудайга ишенет, бирок ойлорун ачык айткандан коркот, кызматтарынан айрылгысы келбейт. Имам өзүнүн кан душманын

эстей койду; тигил азыр катуу ооруп жатат, барып акыбалын сурап коюш керек эле. Ошо кылды бардыгын: эски мечитти өрттөгөн да ошол, элди динден качырган да ошол. Ал эми мен жаман оюмда адамдар зилзаладан кийин кайра кудайга кайрылабы дегем, жок, антпеди. Согуштан кийин алар бир аз кудайды эстеди ле, бирок анда челептер да үгүттөрүн күчөттү. Бара-бара согуштун жарааттары унутулуп, акырында эл кайрадан мурунку калыбына келди. Адамдар өз иманын жей баштады: кыянатчылык арбыды, паракорлук, зина күчөдү.

Имам намазга келгендерди узатып коюп, кайра мечиттин короосуна кирди. Минеге адамдар жаш кезинде кудайды карабайт? Алар дайыма карыганда же оруп кыйналганда гана кудайды эстейт, ал эми ага чейин ичкилик ичип, зина кылат. Же шайтандын жаратканын эстебейби? Динге каршы күрөшкөн илимпоздордун дөөдүрөгөн сөзү, адам өлгөндөн кийин додо сүлдөргө айланат дегени элдин баарын ишенимден качырды. Ошондон кийин адамдар бу дүйнөдө бир гана жолу жашайбыз, демек, азыр эч кимден коркпой ле жыргап алалы деп оюна келгенин кылат. Кудай жокпу, ыстыкпарды эч ким сурабайбы, демек, бирөөнү өлтүрүп койсоң да, сенден эч ким доо кылбайт деп жашайт. Акырет жалганбы, демек, калпың үчүн сени эч ким жазалабайт; денең сөөккө айланабы, демек, анын тазалыгын ойлобосоң деле болот дейт алар. Азыр адамдар кыяматка дагы ишенбей калды. Азыр адамдар өзү кыяматтан да коркунучтуу куралды ойлоп чыгарды. Бирок адамзат кыйраса, ал куралдан кыйрабайт, ал өзүнүн наадандыгынан кыйрайт. Эгер адамзат жер үстүнөн жок боло турган болсо, анда ал согуштан, кырсыктан жоголбойт; ал өзүнүн тамак соолугунан, ач көздүгүнөн жок болот. Ал эми курал мурун деле болгон, согуш мурун деле жүргөн, алардан адамдар ойрон бололек.

Имам ушинтип ойлонуп, мечиттин короосунда гүлдөргө суу сээп, алардын ашык баш бутактарын кыркып жүрдү. Мечит эл келип кудайга саждага жыгыла турган гана жай эмес, көңүлүн ачып, ырахаттанып дагы кете турган жер болушу керек. Чынында эле мечиттин короосу шаардагы эң кооз, таза жерлерден болчу: туш-тарабы гүлзар, арыктарында жылаажындай шылдыраган суу.

Имам гүлдөрдү сугарып бүтүп, кыр менен басты. Ал үстүдөн шаркырап агып жаткан сууну бойлоп көрүстөнгө түштү. Былтыр дал ушул жерден чоң арыктарды жырып кетип шаарды сел баскан. Анда дагы азыркыдай күз болчу. Күрүлдөгөн агым колоттун ичин аралап барып шаардын жарымысын каптаган. Кары ошол күндү коркунучтуу түштөй эстеп жатты.

Ал күнү ушул бөксөнүн үстүндө майда балдар ойноп жүргөн, бир маалда алардын бирөө шыпырылып кетип суугa бир чөмүп алды да, анан кайра тыбырчылап чыга калып, шаркыраган агымга кошулуп арылай баштады. Баланын шериктери коркуп, чыңырган бойдон бөксөлөрдү аралап качты. Имам дагы ириде чочуп кетип дел болду, бирок алеки

саатта эсине келип, үстүндөгү чапанын ыргытып жиберди да, жээкти бойлоп чуркады. Ал суунун боюна шыпырылып түштү да, колдорун ташка тилдирип алганына карабай сыйпалап таяк издеди. Ал эми бала улам суу толкундардын арасында жоголуп кетип, анан бир аздан кийин кайра сороюп чыга калып жатты. Ал киргилт суунун үстүн чапчылап, улам суу жутуп алып отуруп алсырап калды. Карынын айласы кетти, ал бирде сайдын боюна чуркап барып балага колун сунуп, бирде колуна тиер бир нерсе таппай топуракты сыйпалай берди. Акырында ылаажы жок ал эки жагын карап алды да, жанында эч ким жок экенин көрүп кийимин чече салды. Айлампадай чимирилген агымды бойлоп барып, анан албууттанган толкун аны агызып жөнөгөндө, кулач ура албаса да чапчылап баланын жанына жетип алды. Агыл таштардан бирөө анын бутуна келип тийди, ал буту ушуга чейин сыздап ооруйт. Имам баланы эптеп тарткылап отуруп акыры жээкке чыкты. Бала үшүгөнүнөн көгөрүп кетиптир, деми чыкпайт. Имам аны көмкөрүп, далынан басып оозундагы көбүктү аарчыды. Бала кичинеден дем ала баштаганда, ал өзүнүн суу болгон ич кийимин чечип сыгып кирди.

Бала бир аздан кийин көздөрүн ачты, ал жанында турган чалды дагдаарып тиктеп: «Ата!» – деп онтоп жиберди.

– Абайлабайсыңбы, балам! – Имамдын ага боору ачыды. – Агып кетсең мине болот?

Бала көз жашын шолоктотуп коё берди.

– Болду эми ыйлаба, – деди имам. – Басаласыңбы? Жүр, мени менен мечитке барып, бир аз курганып ал...

Кечинде гана үйүнө келгенде имам ошол күнү сел көптөгөн баланы алып кеткенин укту.

...Көрүстөндө кишилер жүрүптүр, имам аларды үстүдөн эле байкады. Ал акырындап басып, жыгылып калбайын деп колу менен жерге таянып отуруп ылдый түшүп барды. Мүрзөлөрдүн биринин үстүндө аял жатыптыр, ал кулачын жайып, жаш баланыкы болсо керек, көрүн кучактап боздоп ыйлап алыптыр. Имам саганага көз жүгүрттү: андан аны кичине баланын көздөрү тиктеп турду. Сүрөттүн астында кооздолуп чоң тамга менен:

АРМАН УУЛУ КЕНЖЕБЕК
1974–1982

деп жазылыптыр.

А, байкуш! Муну да былтыркы сел алып кетсе керек... Имам аялга жакындап барып, акырын үн катты:

– Сабыр кыл, кызым... Балаңын топурагы торко болсун...

Аял башын көтөрдү, ал жанындагы кишини дароо тааный коюп, денеси бүт калчылдап чыкты да, анан шилекейин чачырата айкырды:

– Кана сенин кудайың? Кудайың чын эле бар болсо, анда ал минеге менин баламы кырсыктан алып калбайт?

А кокуй! Мас болуп алыптыр... Имам тигинин өңүнөн эле мас экенин биле койду. Баласынын көрүнө энеси мас болуп келгени минеси кен? О замана! Ал ичинен онтоп жиберди, бирок сыр алдырбай токтоолук менен тигини сооротуп кирди:

– Андай дебе, кызым. Анткениң туура мес, кудайга сөз тийгизбе...

– Түкүрдүм сенин кудайыңа! Сага да, кудайыңа да түкүрдүм! – Аял ого бетер долуланды.

Имам унчукпай башын жерге салып, мас аялдан алыстап басты. Бу азадар аял менен талашып болбойт. Аны кудай өзү кечирсин. Азыр буга айтканың менен, айтпаганың менен баары бир. Бул аракка мас болгон аялдын дагы өз акыйкаты бар, анын дагы бу дүйнөгө өз арманы, доомату бар. Албетте, алары сөзсүз түрдө ле бардык адамдардын оюна текteш келе бербейт. Менин да өз акыйкатым бар, мен да көп армандарды айтсам болмок... Сел алып кеткен баланын да өз акыйкаты бар эле, бирок ал байкуш анысын айталбай о дүйнөгө кете берди. Имам бир аз токтоп, ойлоно түштү. Бирок анда ар бир акмактын да өз акыйкаты бар экен да!? Тиги... Менин душманымын да өз акыйкаты бар экен да!? Илгерки канкор падышалардын да өз акыйкаты болуптур да!? Чыңгыз хан, Темирландардын да акыйкаты болуптур... Бирок анткенде биз бардыгынын акыйкатын кабыл ала берсек болобу? Кабыл алган соң бардыгын кечирсек болобу? Демек, анда адамдар каалаганын кылып, уурдап, киши өлтүрүп, калп айтып, зинага батып жүрө берсе болот экен да!? Жок, андай болбосо керек. Анда тиги... Душманымдын акыйкаты туура болуп чыкпайбы! Жок, андай мес болушу керек. Бу дүйнөдө адамдардан да бийик, элдер, өлкөлөрдөн да бийик бир акыйкат болушу керек. Бирок ал кандай акыйкат? Ал кана, каерде? Муну мен да билбейм, тиги мас аял, менин душманым да билбейт. Ал акыйкат ошонусу менен улуу!..

Ал нары жакта ээрчишип жүргөн экөөнү карай басты. Бу аялдын шериктери окшойт. Бир маалда имам токтоп калды. Булар да мага асылсачы? Адам дайыма өзүнүн башына мүшкүл түшкөндө бөлөк бирөөнү күнөөлөй берет, алар менен талашып болобу? Анын үстүнө алар да мас болсо керек...

Имам кайра артына бурулду, дале өксүп ыйлап жаткан аялдын тушуна келгенде сагананы дагы бир тиктеди. Байкуш бала! Имам наристелердин мүрзөсүн көргөндө дайыма капаланчу. Буларда мине күнөө? Өңгөсүн алсаң да, наристелерге тийбей ле койбойсуңбу, кудай. Анан ал өзүнүн ойлорунан коркуп кетти. Мен да тиги аялга окшоп баратамбы? «Ошондо ал айтпады беле: «Алла баланы өзү үчүн алды», – деп. Алхамдулилла! Ооба, Ага асмандагынын, жердегинин дагы бардыгы тиешелүү! Бардыгы Ага баш иет!» ...Жүз онунчу сүрөөдө, жүз он алтынчы аятта ушундай деген. О кудай! Кечирип кой мени, туура мес ойлорум үчүн кечирип кой...

Ал тез басып, чоң жолго түштү да, мечитти карай шашып жөнөдү.

**9**

Арман Жоронун каткырыгынан чочуп кетти.

– Атам туура айтчы кен, – деп ыкшып алыптыр тигил күлкүсүн токтото албай сандарын чапкылап.

Арман эми гана өзүнүн сөөрүдө отурганын эстеди, ал милийса саларын аңырайып бир тиктеп алды.

– Деги сага мине болгон бүгүн? – Жоро анын укпай отурганын сезди. – Кубарып эле баратасың да...

– Эчтеке мес. Жөн эле бир аз чыйрыгып турам. – Арман калп айтты. – Ананчы? Анан мине болду? Акыркы сөздөрүңү жакшы укпай калдым...

– Койчу андай кылыгыңы… – Жоро таарынгансыды. – Сен мени башынан эле укпай отургансың. Сен мине жанагы жинди чалдан корктуңбу? Коркпой ле кой, айтпадымбы, биз аны керек болсо кайра артына жөнөтүп иебиз, – ал кайталап кыткылыктап күлдү. – Андан көрө эч кабатыр болбой, менин кебиме кулак сал... Атам айтып калчы ле... Ал эми жеп да, ичип да байыйм десең, анда уурулук кыл дечи. Мен да ойлойм, жеп-ичип байыйм десең, анда мендей бол...

Жоро кайрадан эки санын чапкылап, өзүнчө жыргап калды. Арман дагы ага кошулуп күлүмүш болду.

Алар экөө килейген талдын түбүндө сөөрүдө отурду, алардын жанынан кэдде кызмат кылган балдар-кыздар өтүп жатты. Арман өзүнүн бул жерге келгенин эми гана эстегенсип үн катты:

– Тигилер кечикти го, я? Саат өзү канча болуп калды?

– Келбесе койсун, – Жоробек жамбаштап жатты. – Мына месе деп өзүбүз тоюп алып кете беребиз. Анын минеси бар экен? Эт деги бар, арак-коньяк да жетиштүү...

Ал жанындагы оозу жаңы эле бузулган шишеден коньяк куюп, күлүчтөрдүн бирөөнү Арманга сунду.

– Биз мине бирөөнүн акчасына ичип атыптырбызбы, өзүбүздүн акчабызга келген немени ичебиз. – Ал күлүчүн Армандыкына кагыштырып, ичкиликти жутуп жиберди.

Эчтеке менен иши да жок, эптеп эле курсагы тойсо болду. Арман күлүчтү колуна кармаган бойдон унчукпай Жорону тиктеп отурду. Эчтекеден сестенип да койбойт, дайыма жайдары. Ошондуктан минтип былчыйып алды да. Арман ушундай кишилерге дайыма суктанчу. Мен минтип болбогон немелерге кейип-кепчий берем, ал эми булар болсо эчтеке менен иштери жок жайбаракат жүрөт. Э-э, анын минесин айтам, мен эч качан булардай болалбайм көрүнөт!..

– Мейли, анда ден соолукта бололук. – Арман дагы коньягын жутуп жиберди, анын ичин жылуулук каптап, денеси кичине жибий түшкөнсүдү. – Бах, чиркин! Дартыңын баарын айыктырган ушу дары окшойт...

– Мына эми оңолдуң! – Жоро кубанып күлүчтөрдү кайрадан толтурду. – Эми оңолдуң... Баяле ошентпейсиңби. Тигилерби? – Ал кыябандын уч жагын бир карап алды. – Алар келет, келбесе келбей ле койсун.

Алар дагы бирден коньяк ичти. Минегедир меймандар кечикти да, бирөөнү жөнөтсөм окшойт. Арман ордунан турду.

– Ал эми тиги чалдан коркпой ле кой, аны мен өзүм растайм. – Жоро дагы анын артынан турду.

– Корккон деле жокмун... Мен балдардан бирөөнү жөнөтсөм окшойт, тигилер өтө ле кечикти...

– Жөнөтсөң жөнөт. Бирок кайра тезирээк кел, дагы бирден кылт этип алалы.

Арман четте турган ашкана үйдү карай басты. Кыш жакындап калганы менен күн дале жылуу. Көпкө ушундай болуп турса экен. Арман ашкананын жанына барды: ичинде күлкү-тамашалар, кыздардын шаңкылдаган үндөрү чыгат. Ал кирсемби-кирбесемби деп көпкө ойлонуп калды. Күлкүлөрү кандай таза угулат, Жоронун каткырыгындай мес: Жоронун күлгөнүндө кандайдыр бир кытмырлык бар. Ал өзүн тим эле бир пайгамбар сезет көрүнөт, ал дайыма элдин баарына сын тагып күлөт. Ал эми бу жаш кыздардын күлкүсү таза, назик, эч кимди какшыктабайт, эчтекени шылдыңдабайт. Кимге сынтагып, кимди шылдыңдамак эле? Же мендей болуп бирөөнөн коркпосо. Күлө беришсин...

Ал ашканага кирбей кыябан жакты бир карап алды. Жоро тээ алыста сөөрүнүн жанында турат. Армандын анын жанына баргысы келген жок, ошондуктан ал тамдын аркасына өттү. Мине кылсам? Ашканага кирсемби? Анда тиги жаштар мурдагыдай шайыр, шаттуу күлбөй менден тартынат. Жорого барсам, ал дале баягы кептерин баштайт. Мине кылсам? Үйгө кетип калсамбы?... Жок, андай кылганым болбойт го...

Арман тамдын четиндеги орундукка отурду. Ашканадагылар дале күлүп атат. Бирөөнүн үнү тааныш угулат. Ал ким болду кен? Кимдикине окшойт? Бир маалда Арман эстей койду. Ал биякка каяктан келип калды? Ал үйүндө ле калбады беле...

## 10

Жоро бир жолу анын өзүн да кестирип жибере таштаган. Арман мурун деле андан анча-мынча коркуп жүрчү, бирок ал окуядан кийин Жородон биротоло  шекшип калган.

О, мындай адамдардан коркуш керек, алардан дайыма сак болуш керек! Жорого окшогон адамдар кызматка жетиш үчүн ириде ар кимдин алдына төшөлүп көрүнгөнгө кошомат кылып жүрүп, анан өз максатына жеткенден кийин алардын бардыгынан өч алгысы келет. Алар бир кездерде канчалык бирөөнөн тепки жесе, канчалык бирөөнүн алдында кемсинсе, ошончолук кыжыр менен кийин ал ызалары үчүн башкалардан жинин чыгаргысы келет.

Ал окуя Армандын эсинен эч кетпейт, анткени ошонун эле алдында ал өмүрүндөгү эң мыкты, балким, эң бактылуу күндөрүнүн бирин башынан өткөргөн. Бирок анын артынан (бул каргаша ошол күндөр үчүн жаза деп да ойлосо болот, анын натыйжасы деп да кабыл алса болот) дароо ушул шерменде шаардын бүт дүркүрөтүп ушак кепке толтурган кырсык болду.

Арман Сабираны ишке жаңы алып жатканда ушул көз айнекчен, арык кыз кийинчерээк ага сүйкүмдүү, назик болоорун билген эмес. Анын үстүнө Сабиранын кара тору өңү ошол күнү оронуп келген жоолугунун астынан ого бетер карайып, адырайган көздөрү биротоло тостоюп алыптыр болчу. Бирок эртеси эле ал ишке жасанып-түзөнүп келгенде, Арман анын сулуулугун дароо баалады: баягы коркконсуп алайган көздөрү жок, сүрмөлөрү ачык көрүнүп, сумсайган өңдүү, арык чырай, шыңга бойлуу кыз экен. Ал кабинетке суйсала басып кирип, томсоргон кой көздөрүн жалт эттиргенде Армандын жүрөгү дикилдеп кагып, ал өзүн жоготуп койгонсуду. Сабира, албетте, муну дароо сезди: анысы аздык кылгансып, ал кээде коңур үн менен саларынын акыбалын сурап кеткенде, тигинин денеси бүт бою дүрт этип чыкчу. Көптөн кийин гана анын иш тартибин талап кылды, себеби Сабира кээде кечигип калып, бирок жаза албаганына чычалаган кызматташтары бара-бара күбүр-сүбүр болуп, өздөрүнүн наразылыктарын ачык билдиргенге өттү. Ал эми кобур-собур күңкүлдөгөндөрдүн арты барып ушакка уланат, аны Арман жакшы билет, ошондуктан, ал Сабирага эки-үч жолу элдин көзүнчө угуза катуу сөздөрдү айтууга аргасыз болду. Катчысы аны туура түшүндү, ал андан кийин кечиккенин токтотту. Арман ага абдан ыраазы болуп калды, балким, ошол ыраазылыгынын белгиси катары ал Сабирага кайра эки-үч мактоо сөздөрдү айтып, жакшы каалоолорун билдирди. Анда катчысы ого бетер эрип калды. Ал эми бир күнү алар ишканада майрамдап отурганда Арман аны кандай кызыктырарын билбей, бирок аялзаттын бардыгы табышмакка ынтызар экенин эске алып, жаш жигиттердин ортосунда төбөсү көккө жетип отурган Сабиранын жанына барып, акырын кулагына шыбырады:

– Мен сага бирдемени айтайын дедим эле, мейли, кийинчерээк айтам...

– Минени? Ал мине ле, айта бериңиз. – Ал күткөндөй Сабира кызыгып калды. – Азыр эле айтсаңыз.

– Жок, – деп кескин сүйлөдү Арман. – Кийин... эч ким жок жерде айтам.

Ал көптөгөн кыздардын көңүлүн өзүнө ушундайча бурган, эми да ошол ыкмасын пайдаланды. Арман жакшы билчү, бул ыкма кыздардын көңүлүн өзүнө тартып алуунун эң оңой жолу. Ал ыкма эч жаңылышсыз иштейт. Бул мертебе да дал ошондой болду: Сабира табышмактын жандырмагын издеп, анын артынан калбай ээрчип алды. Арман да аны тим койду, ар жолу Сабира ага суроосу менен кайрылганда ал жылмайымыш этип, тигини жоопсуз калтырчу.

Күн өткөн сайын Сабиранын кызыкканы арта берди, анан бир жолу шарт туура келгенде Арман аны бир үйгө мейманга чакырып, ага баягы сөзүнүн учугун чыгарып койду. Ошол мезгилге Сабира күндө күтө берип чыдамы кетип калган, ошондуктан ал дароо макул болду.

Кечинде иш бүткөндө алар шаардан алысыраак кыштактагы бир үйгө барды. Жолдо баратканда Сабира бир-эки жолу андан сурамыш болду:

– Биз каякка баратабыз?

– Мейманга, – деп гана кутулуп жатты Арман.

Алар кыштактын четинде бөтөнчө турган үйдүн короосуна кирип машинеден түшкөндө, Сабира эки жагын каранып алып, кайрадан сурады:

– Бу кимдин үйү?

– Меники десе деле болот… – Арман анын колунан алып үйдү көздөй тартты.

Тигил эч каршылык көрсөткөн жок.

Үйдүн ичи караңгы болчу, Арман алдыга басып, бөлмөлөрдүн ичин жарык кылды. Бөлмөлөр кооз жасалгаланганын көрүп, Сабира аларды таңыркап кыдырып жүрдү: дубалдагы чоң сүрөттөрдү, кооз килемдерди колу менен кармалап, анан жумшак паластын үстүнөн басып барып жумшак отургучтардын бирине отурду.

– Айтсаңыз, бу чын эле кимдин үйү? – Ал назик жылмайды.

– Айтпадымбы, меники десе деле болот. – Арман бир аз жалтактай түштү. – Сен бир пас отуруп тур, мен азыр...

Ал ашкана бөлмөгө кирип кетти, ал жерден шам-шум эткени бир нерсени көмөч казанга чырылдатып бышырып калды. Муздаткычтан мурунтан даярдалган коньяк, шампанды алып келип, жозунун үстүнө койду, Сабира отурган бөлмөнүн ичиндеги жабандан ширindиктерди алып, кыздын жанына жайнатып салды.

– Сен музыка угуп тур, мейлиби? Мен азыр...

Ал кайра ашкана бөлмөгө чуркап кетип, бир пастан кийин куурулган жумуртканы көтөрүп келди.

– Кел, отур. – Ал Сабираны өзүнүн жанына чакырды.

Ууртунан жылмайып келип, анын баятан бери казан-аякка аралашып жүргөнүн кызыгуу менен карап турган кыз ал көрсөткөн жерге отурду.

– Мага минени айтам дедиңиз эле, эми айта бериңиз. – Сабира кылыктанып, эркелегенсип сурады.

– Анан айтам. Азыр ке, оокаттан ал. – Арман шампанды ачып, идиштерге куйду. – Оокат бир аз кем болуп калды, мен мурун эчтекке жасап көргөн эмесмин...

Ал күлүчтөрдүн бирөөнү Сабирага сунду, тигил башка кыздардай тартынымыш болбостон ичкиликти колуна алды.

– Анда месе сен үчүн алып иели. – Алар шампандарын ичип жиберди. – Эми мына бу шириндиктерден ал...

Арман кутучалардын бирөөнү бузуп, аны ачты да кызга сунду.

– О-о, бу куштун сүтү го! – Сабира ооз тийди. – Ширин экен, сиз буларды каяктан таптыңыз?

– Э-э, Сабира, эгер сен мага мурунураак жолугуп калганыңда мен сени жалаң куштун сүтү менен бакмакмын. – Армандын оозунан көптөн бери ойлоп жүргөн күбү чыгып кетти. – Сага окшогон кыздар жалаң гана ушундай шириндиктерди жеши керек...

– Сиздин баягында мага айтайын дегениңиз ушу беле? – Сабиранын сөздөрү аны бир сыйра чыйрыктырып жиберди.

Арман тилин тиштеп калды. Ка-ап, сөзүмү эрте баштап алган экем! Мейли, болгон иш болду, эми тобокел...

– Ооба, ушуну мен сага дайым айтам деп айталбай жүргөм… – Ал мукактанып барып кайра оңолду. – Бирок сен мени да түшүнүшүң керек, менин үй-бүлөм бар.

– Коркпой ле коюңуз, мен үй-бүлөңүзгө кол салбайм. – Сабира аны тике карады. – Эгер мен андай кыла турган болсом, анда мен биерге келбейт элем...

Арман кыздын ушул сөздөрүнө ыраазы болду: анын төбөсү көккө көтөрүлүп, ал бир жагынан кубанып, бир жагынан ичи тызылдап калды. Мына акылдуу кыздын кеби... Ал эми менин катыным болсо дайым соодалашып турат, дайым мени жемелегенден башканы билбейт.

Анан алар бийлешти, бир убакка чейин музыка угуп отурду, анан... Эстедим! Жанагы чал Сабиранын атасы болуш керек. Ооба, ооба, жинди бухгалтер эмей эле ошо Сабиранын атасы. Аны ал бир жолу ооруканадан көргөн. Дал өзү... Ошо күнү биз экөөбүз үч кабат имараттын алдында Сабиранын терезеден баш багаарын чогуу күтүп турганбыз. Ооба, эми эстедим. Сакалдары ак, беттерин бүт тырыш баскан, болгону гана ал анда көздөрү шишип, кызарып алыптыр болчу...

Ошол кыштакка барып келген күндөн кийин Сабира ого бетер элпек, кызматташтарына сыр алдырбай иштей баштады. Анын ар бир кыймылы ченемдүү, сөздөрү саналуу болуп калды. Арман күн өткөн сайын ага кубанып, кээде сыймыктануу менен тиктеп, кээде унутуп калганда бир сөзгө алаксып калган Сабираны сүймөнчүктүү карап алчу. Анда тигил

дале сергектик менен анын көз карашын иле коюп, Арманды кыялдарынан ойготчу.

– Сизге мине болду? – дечү Сабира шыбырап. – Сиз мени чогулушта да ушинтип тиктейсиз. Эл көрсө мине дейт?

– Йа, мине дейсиң? А-а, туура, сеники туура... Мен жөн эле ойлонуп кетиптирмин.

Бирок саал кийинчерээк эле ал кайрадан терең ойго чөмүлүп, алдында кагаздарга кол койдурганы турган кызды тигилип карап калчу. Ошентип отуруп акырында алардын ортосундагы мамилени бирге иштеген айрым кишилер да байкай баштады, кичинеден күбүр-шыбыр ушактардын чети чыкты. Анткени менен экөө тең дале сыр сактап, душман көзүнө эч нерсени билдирбөөнүн аракетин жасап жүрдү.

Алар дагы эки жолу кыштактагы үйгө барып келди, анда да экөөнүн саякатын эч ким билген жок. Иште дале кадимкидей, эч нерсе болбогондой ар ким өз кызматын аткарып жүрө берди. Сабира мурдагыдай эле жайдары.

Ошондо ле токтоп калсамчы. Жок, адам өзү катуу кагылмайынча кете берет турбайбы! Анын мундай болоорун ким ойлоптур? Мен го мен, Сабира өзү деле мага мурунураак айтып койбойбу,ошондо биз экөөлөп эптеп бир айласын табат элек го. Мурунураак айтып койсочу, чунак кыз...

Бир күнү Сабира ишке келбей калды. Арман анын жакын курдаштарынын бирөөнөн сураганда, тигил аны ооруканада жатат деди. Ириде Арман эч нерседен деле шекшиген жок, аны мүмкүн чын эле ооруп калдыбы деп ойлоду. Анан гана ал өзү жалгыз калып, бүт баарын кайра бир сыйра териштирип келгенде бир нерседен шекшиди, тигил курдашын чакырып, кайрадан тактап сурады. Бирок ал башка эч кандай кабарды айта албай койду. Армандын жүрөгү биротоло түшүп калды. Жо-жок, анын чын эле боюнда болгондо да ал тууй турган маал бололек. Анда мине боюнан алдырган атабы? Арман өзүнө орун таппай калды, ошол күнкү иштерин бүт таштап, кабинетинде нары-бери басып жүрдү. Шерменде! Шерменде! Эл укса мине дейт? Ал курдашына айткан эле болуш керек, эми анысы бардыгына жайып-таратат. Шерменде... Ооруканага телефон чалсамбы? Бирок анда ушактар ого бетер тарайт да. Арман бир аз күтө турууну чечти.

Эртеси уккандары анын шайын кетирди: шүмшүк кыз сирке ичкен имиш! Мына эми анык чатак башталмай болду. Армандын шаштысы кетти: ал бул жолу эч кандай сактык дегенди ойлобой Сабиранын курдашын чакырып алып, андан бүт майда-чуйдасына чейин сурады. Кудай жалгап катчысы ага экөөнүн ортосундагы мамиле тууралуу эч нерсе айтпаптыр. Бирок анда да анын көңүлү тынчыбады. Арман болгон сөзмөрлүгүн пайдаланып, Сабира жөнүндө ийне-жибине чейин сураштырып чыкты. Ал ойлогондой эле Сабира боюна бүтүп калыптыр, би-

рок кимден экенин курдашы билбейт имиш. Ириде эле ал боюнан алдырмак болуп догдурга кайрылыптыр, анткени менен кайра эмнегедир айнып алдырбай коюп, акырында минтип сирке ичиптир.

Мунун баарын укканда Арман ошол замат өзүнүн күнөөсүн өлчөп кирди. Зордуктады дебегенде да баары бир мени өз кызматынан пайдаланды дешет. Андан тышкары сөзсүз партиядан чыгарат, аялым албетте чыр салат. Эми мен аксакалдын колуна нак түшүптүрмүн, ал мундан пайдаланат. Ансыз деле мени жактырбай жүрчү ле, эми ал менден күчүн бүт чыгарат. Тала, душманым, талай бер... Талагыла, душмандарым! Душмандарым көп, мурда мага жылмайгандардын баары душман, эми алар жыргайт го. Мурун мага кошомат кылып мактап жүргөндөр, эми биринчилерден болуп боорго тебет – ал турган иш. Мурун алы жетпей ичтеринен кек сактап жүргөндөр да мага асылат. Мейли, жегиле, жей бергиле чөөлөр!...

Анын жалгыз үмүтү – бажасынан жардам суроо эле, бирок ойлонуштуруп көрүп, ал оюнан баш тартты. Ар кандай кыйынчылыктарым менен ага чуркай берсем болбойт. Ал да менден түңүлүп калат, анча-мынчаны өзү ле чечпейби дейт. Кой, бу жолу өзүм кутулуп көрөйүн, болбосо менин минем эркек? Анын үстүнө али эчтеке такталалек. Сабыр кыл, достум, сабыр кыл...

Эки-үч күндөн кийин Арман досторунан бир-экөөнү ээрчитип алып, капысынан өтүп бараткан кишидей болуп ооруканага кайрылып калды. Дал ошондо ал алардын жанында кызынын баш багарын күтүп ыйламсырап турган чалды көргөн. Арман дароо түшүнгөн: бул Сабиранын атасы болсо керек. Тигил көздөрү шишип, улам алар тарапты кылчактап тиктеп коюп жаткан. Балким, кызынын убалына калган кимиси экенин билбей аларды бирден териштирип турган чыгаар...

Эки аптадан кийин Сабира ооруканадан чыкты, дагы бир айдан кийин эч нерсе болбогондой ишке келди.

Бирок ошондогу Жоронун өнөрү... Сабира тууралуу ушактарга таянып, ал Арманды милийсага чакырткан. О ошондо ал менин күнөөмү далилдегенде, мени каматтырып жибермек, сөзсүз каматмак, анын колунан бу келет. Кудага шүгүр, Сабира эч кимге доо койгон жок, болбосо... Ошондо да Жоро дал азыркыдай бейкапар күлүп койгон. Бу куурагыр кишини өлтүрүүгө буйрук берип атып дагы ушинтип күлөбү? Мине болсо да мундан сак болуш керек. Анык сурайыл ушу...

## 11

Түнү менен жер асманга көтөрүлүп, асман жерге түшүп, алаамат болуп отуруп таң атканда зорго тынчыды. Эртең менен мурун гүлдөпөнүгүп турган шаардын ордуна пайда болгон көлдүн үстүндө жалгыз

кайык агып жүрдү. Анын ичинде мурунку падыша, азыркы пенде Сурайыл уулу, анын жубайы менен жалгыз баласы бар эле. Алар эстери ооп, түнү бою алеңгир табият менен айыгышып жүрүп чарчагандан кийин уктап калган. Башкаруусуз калган кайык чайпалып, ичиндеги үч адам баласын бешик сыңары терметип алып баратты. Асманда бийик асылган күн, айлананы бүт сүкүт баскан.

Түш чакта кайык кургак жерге барып такалды, анын учу дөмөргө урунганда солкулдап кетип, аз жерден ичиндеги адамдарды сууга силкип жибере жаздады. Сурайыл уулу ойгоно калып кайыктан секирип түштү да, аны тайыз жээк менен сүйрөп кургакка алып чыкты. Аялы баласын колуна алып, кайыктан түштү, алар суу кийимдерин чечип, күнгө кургатты.

Бул туш-тарабынан бүт суу баскан балгындуу арал экен, жээктен алысыраак жерде бадалдын арасында шоңшойгон дөңсөөнүн учу көрүнөт, бир маалдарда ал да тоо болсо керек. Сурайыл уулу анын үстүнө чыгып, туш-тарабын карап көрдү: учу-кыйыры көрүнбөгөн улуу көл, ортосунда гана буталуу арал, маңгилик.

Күүгүм киргенде Сурайыл уулу даакыланган кийимин кайра кийип кайыкка түштү да, жээктен алыс балык улоого кетти. Аялы аралда баласы менен жалгыз калды. Кайырмагы деле жок Сурайыл уулу кечке чейин колу менен эки-үч чабак кармап келди. Анан алар жээкте отуруп, күндүн батышын тиктеп, чийки балыктарды жеп жатты. Ак сарайда оокаттын түрүн жеп көнүп калган аялы тамашаламыш болду:

– Карасаң тагдырды, – деди ал. – Кечээ ле дөөгүрсүп, наарды тандап жүргөн мен минтип итиме бербеген оокатты бүгүн өзүм жеп отурам.

Ал эми Сурайыл уулу жийиркенмек турсун кайра тамшанып коёт.

– Жийиркенбей ле жей бер. Кечээ ле экөөбүз ушу балыктардын жеми болбойлу деп жанталашып атпадык беле...

Ошондо гана аялы күйөөсүнүн кан жуккан тиштерин, кан чууруп жаткан билегин көрүп сезиктенди. Ошондо гана ал эринин чыныгы адам эмес экенин, анын атасы Сурайыл далай адамдарды жегенин, кыздарды да жегенин эстеп чочуп кетти. Бирок ал эч сыр алдырбай, болгону гана талдын түбүндө көлөкөдө жаткан баласын бир тиктеп алды. Эри да эч нерсени байкаган жок, ал калган балыктардын баарын жеп, карды ток кебелбей уктап калды.

Эртеси күндөн баштап ал бирде балык улоого кетип, бирде тоону аралап аңчылык кылып, кечкиге алмак-салмак же чабактан, же жаныбардан өлтүрүп келип жүрдү. Анан алар чогуу отуруп оокаттанчу, Сурайыл уулу эч кандай бычагы жок эле али денеси тыпырап жаткан жаныбарды тыткылап мүчөлөп жиберип, кан бойдон этти сугунуп алчу, ал эми байкуш аял күндүзү чогултуп алган чөп-чардан жеп тиктеп отурчу. Кечке чуркап жүрүп чарчаган Сурайыл уулу оозун кызылала кылып эт-

тен чайнап отуруп, жанындагы бейнаар аялы күндөн-күнгө арыктап баратканын да байкачу эмес.

Бир күнү Сурайыл уулу тоону кыдырып аңга кеткенден кийин аялын таппай калды. Ал жээкти бойлоп издеп жөнөдү: кумдакты бүт карайт тигилер көрүнбөйт, сазды карайт – көрүнбөйт, тоону аралап да көрдү, эч кимден дайын жок. Ошондо ал чокуда туруп айкырып жиберди, бирок өз айкырыгынан өзү коркуп кетти: анын үнү нак эле өзүнүн атасынын ач чыңырыгына окшоп кетти. Акырындан көлдүн жээгине барды, ошондо гана ал тээ алыста көлдүн тең ортосунда сүзүп бараткан кайыкты көрдү.

Ал шашып-бушуп суу кечип барды да, анан бою жетпей калганда алы жетишинче кыйкырды:

– Ата-а! – деп жалбарып жиберди ал атасын эми гана эстегенсип. – Ата, уулума тийбе! Мен күнөөлүүмүн, керек болсо менин жанымы ал, бирок уулума тийбе...

Бирок кайык толкундардын үстүндө калкып кете берди.

– Ата, уулума тие көрбө! Мына, мен сага баратам! – Сурайыл уулу алдыга жылып кете берди. – Балама тийбе, ата! Аялым менен уулумда эч күнөө жок, ата, алсаң менин жанымы ал, ата, бирок уулума тийбе...

Аба бүт дүмөктөнүп барып бороон башталды, бирок Сурайыл уулу тайманбастан баары бир сууну кечип кете берди.

Анан айлананы дымкыл түн каптады...

## 12

Дымкыл түнү үйүнө кирип бараткан Берметтин артынан тиктеп Карабек машинесинде отурду. Аялдын баскан-турганы бүт кылык. Бермет дагы жөн кетпей, машинеден түшөөрдүн алдында аны өөп койду. Жанагы кыткылыктап күлгөн Бермет жок, ал бир пастын ичинде алар Чычкандын боюна барып келгенче өзгөрүлүп кетти. Катындын дарты оңой: кучактап-жыттап койсоң, бир паста койдон жоош болуп калат. Жана ле мени шылдыңдап-мазактап атты ле, эми анысынын дайыны билинбейт.

Зинатты үйүнө жеткиргенден кийин Карабек Берметти дарыянын боюна алып барды. Тигил ириде каршы болумуш этип машинени токтотуусун талап кылды.

– Сен мени каякка апаратасың? – деди акырында Карабек аны тоготпой койгондон кийин аргасыз макул болгонсуп.

– Ырдаганы, – деп күңк этти Карабек, анан келинди таарынтып албайын деп кайра тамашалаганын токтотту. – Суунун боюна барып ойноп келебиз. Тиги... жеңенин ыйлаганынан кийин көңүл бир аз чөгүп турат...

– Демек, сен тиякта калп эле кайгырымыш болгон экенсиң да, а? – Бермет аны жемеледи. – Көрсө, сен жеткен кошоматчылардан турбайсыңбы.

Карабек апкаарып сөз айталбай калды. Анан ал кайра бадырандамыш болуп үн катты:

– Сенчи? Сен эле чындап кайгырып ийдиңби? Силер экөөңөр тең ырдап келаттыңар эле го...

Эми Бермет тилин тиштеп калды. И, мине унчукпай калдың? Эмеле чаңкылдап аттың эле го. Карабек ууртунан жылмайып койду. Кана сүйлөбөйсүңбү.

– Ал эми тигилерге кошомат тууралуу, – Карабек өзү сөз козгоду. – Алар мине?.. Арман акенин тиякта бажасы бар. Ал өзү да биерде байлык башында, мүмкүн жакында чоң бийликке да жетип калат. Ал эми биз... биз илгертен бир байкуш болуп келгенбиз, дале байкушпуз. Анан ошолорго кошомат кылбаганда, кимге кошомат кылат элек? Биз да алардын алдында бир жыргап алалык. Же сага эчтекенин кереги жокпу? Сен деле бекеринен жеңе деп жүргөн эместирсиң, я?

Бермет жооп кайтарган жок, ал унчукпай ичинен тызылдаганы менен өңүнөн сыр бербей келатты. Карабек жолго тигилип, андан жооп күтүп калгансыды. Бирок келин ооз ачкан жок, ал машиненин эки тарабынан көрүнгөн тоо-токойлордун караанын тиктемиш болот. Машиненин ичи жылуу, термелип отуруп ал бир убакта үргүлөп кетиптир, көздөрүн ачса алар капчыгайдын ичинде экен. Карабек машинесин өчүрүп, аны көздөй бурулду.

– Кел, алдыга отур, – деп жылмайды ал.

Бермет сыртка чыгып, алдыдагы орунга, Карабектин жанына барып отурду.

– Үшүдүңбү? – деп сурады Карабек, анан жанындагы кутучадан бир шише коньяк алып чыкты.

– Жок, жөн эле бир аз чыйрыгып калыптырмын. – Бермет актанды. – Бу мине? Муну каяктан таба койдуң?

– Муну мен мурун эле алып алгам... үчөөбүз ичебиз деп... Анан тиги... жеңемин шишесин көрүп, экөөңөргө өтө көптүк кылат деп бекитип койгом. – Карабек шишенин оозун ача баштады. – Ансыз деле жеңем тигинтип мас болуп ыйлаганы жетет.

Ал коньякты эки күлүчкө куйду, бирөөнү Берметке сунуп, экинчисин өзүнө калтырды.

– Сен да ичесиңби? Сага ичүүгө болбойт да, – деди Бермет.

– Минеге болбойт? Биз шашпай ичебиз да, ага чейин мен соолугуп калам... Кел анда, экөөбүз таанышканыбыз үчүн алып коёлу.

Алар ичкиликтерин алып жиберишти.

– Момпосуйдан ал. – Карабек беш-алты момпосуйду келинге сунду.– Кандай, жылый түштүңбү?

Бермет башын ийкеди. Карабек идиштерди кайрадан толтурду.

– Шашпай ичели, – деди Бермет. – Эс алып ичпесек, мен тез эле мас болуп калам.

Машиненин ичи жарык болчу, ал эми алардын айланасында караңгы түн. Бир пастан кийин дагы бирден ичишти. Бул жолу ичкилик ачуу сезилди, Берметтин башы азыраак кеңгирей түштү. Карабек акырын аны өзүнө тартып кучагына кысты.

– Жана мине дедиң эле?

– Качан? – Бермет сөз төркүнүн түшүнбөй калды.

– Жаначы? Көрүстөнгө баратканда. «Уялчак жигит» деп атадыңбы? Кел анда месе, эми жүз алышалы.

– Сен мине ичкенде гана эр жүрөк болуп каласыңбы? – Бермет бошонумуш болду. – Жана ле унчукпай, улам кызарып келатпадың беле...

Карабек анын сөзүн аягына чыгартпай илеби менен илебине кадалып калды. Бермет дагы бир-эки булкунду, бирок тигил аны коё берген жок. Карабек анын ийнинен, төшүнөн сыйпалап, улам артына оодарып жалмай баштады. Бермет эми ага каршылык көрсөткөн жок, ал анын оюна коюп, денеси бүт болукшуп, көптөн бери эркекти билбеген сыңары алкымын тосуп берди. Карабек бир маалда орундуктун аркасын ылдый түшүрүп, аны жыгып алды.

– Жок, Карабек, болбойт! – Бермет жулкунду, бирок тигил дале коё бербей, оор денеси менен аны былчыйтып басып алды. – Болбойт, Карабек, буга мен макул эмесмин. Коё бер, коё бер деп атам сага, болбосо экөөбүз таарынышып калабыз...

Күчтөнүп туруп ал үстүндөгү эркекти өзүнөн түртүп жиберди. Карабек делдейип күтүп калды. Бермет көйнөгүнүн топчуларын илип, оңдонуп-түзөнүп отуруп алды.

– Болбойт дебедимби! – Бермет демигип алды. – Мен андайга барбайм. Же сен мени ошондойлордон дейсиңби? Менин үйдө эрим бар. Бир аз тамашалаштык, эми кеттик.

– Каякка?

– Үйгө, каякка болмок эле? Айда машинеңи, мени үйдө күтүп калгандыр...

Карабек унчукпай жылмайып, сүзүлгөн көздөрүн биротоло жүлжүйтүп алып аны тиктеп отура берди.

– Болбойсуңбу эми, жүр кеттик. – Бермет жайдаңдап күлүмүш болду. – Айда эми, мине мени тиктейсиң? Мени биринчи көрүп атышыңбы?

– Сен мени жаш бала дедиң беле? – Каяша жооп берди Карабек. – Же мени ушу менен тим болот дейсиңби?

Ал кайра Берметти кучактап, аны жыгып алды. Тигил ириде каршылык көрсөтүмүш этти, бирок жигит тынчын койбосун түшүнүп, алы жетпей баратканда анын эркине койду...

Мына эми мени шылдыңдай бер. Жооштугуму эми билдиңби? Ириде өзүңөр ушинтип тийишип аласыңар, анан эле кайра кылыктана бересиңер... Карабек кетип бараткан Берметтин артынан карап тамекисин түтөтүп отурду. Катын дегениң бир шайтан да. Аларды түшүнүп болбойт: бирде алар ургаачы катын, бирде наздуу аял, бирде эне. Бу да бирөөнүн энеси... Бир убакта Карабек ушуга чейин анын эсин оодарып, жүрөгүн азадар кылып келген окуяны эстей койду. Ал окуяга Карабек былтыр сел жүргөн маалда күбө болгон. Андан бери бир жыл убакыт өттү, бирок ал дале эсине келе албай шайы кетип, жатса-турса окуя улам көз алдына тартылып аны кыйнап, анын абийир жарааты болуп калган сыңары. Ал күндү эстеген сайын Карабек алсырап, туталанып, түнү менен килейген дөө менен алпурушуп чыккансып өңү азыңкы, ойлоно берип, көзүнүн чанагындагы майы да түгөндү.

Ошол күнү дагы ал бүгүнкүдөй жанына бир келинди салып алып Чычкандын боюнда ойноп жүргөн, болгону гана азыркыдай токойдун ичинде эмес, тигил шаардын чекесиндеги бактын арасында болчу. Алар эл көрбөй турган жерде, талдардын арасында махабаттын жыргалына батып эс алып жаткан. Жанында ичкилик, оокат-соокаты бар, экөө чакан үлпөт куруп, улам сууга түшүп келет. Көптөн бери ар кандай иштен колу бошобой, үйүнөн чыга албай жүрүп, акыры минтип таза абага жеткен Карабектин төбөсү көккө жетип күлүп, көңүлүндөгү кирин сууга жууп, денеси жибий түшкөндүктөн ал арактан бир топ ичип алган. Машинеси бактын тереңинде болчу, бирок ал аны башкара албастыгын түшүнүп, сергигенче бул жерден кетпей келин экөө күүгүм киргенин күтүп жатты.

Бир маалда жер солк эткенде алар чочуп ордунан тура калды, Карабек болсо бир паста соолуга да түшкөндөй болду. Келин нарагыраакта күнгө какталып жаткан, жер кайрадан титиреп киргенде ал бакырып жиберип, Карабекти карай умтулду. Бирок жарым жолдон бутуна тура албай көмкөрөсүнөн кулап түшүп, ал өңгүрөп ыйлап жиберди. Ага жетмек каякта, Карабек өзү да темтеңдеп баса албай турган жеринде эки-үч ала салып барып кулады. Ал эми жер тынбай титирей берди. Ошол оокумда бүт бардыгы асты-үстү болуп, катуу катмар кебездей жумшакка айланды, Жер Гундасы адамдарга таарынып, алардын кусуру үчүн бир күчтөнүп долуланып жатты.Шамал аркырап, айлананы кара булут басты. Анан бара-бара акырындап барып жер солкулдабай калды.

Карабек чымырканып зорго турду да, келинди карай жөнөдү. Тигил коркконунан жер аны куткарып кала тургансып топуракты тегерегине чогултуп алыптыр. Карабек чамбылала, жарымысынан кумга көмүлгөн келинди колунан тартып тургузду. Аны жалт коюп карап алып ойношун катуу кучактады да, кайрадан жаңгап ыйлады.

– Бизди кусур урду, Карабек! Кусур урду! – Ал Карабектин төшүнө башын коюп алып солкулдап боздоп жатты. – Менин эримин, сенин аялыңын кусуру урду...

– Койчу андай кебиңди. – Карабек аны сооротту. – Бу жөнөкөй ле зилзала да, андай дебе.

– Жок, Карабек, бу чындык. – Келиндин денеси дале калчылдап турду. – Мундан нары жолугушпай ле коёлу, антпесек кудайдын каары тиет. Мени тезирээк үйүмө жеткир, суранам сенден...

– Азыр... Азыр жеткирем… – Карабектин да үнү диркиреп кетти. – Азыр, чырагым...

Ал талдардын арасына кийингени жөнөдү, ойношу дагы сууга жуунганы басты. Карабек көйнөгүн жаңы эле кийген, ошол учурда дарыянын боюнда жуунуп жаткан келин кайрадан азына салып аны карай жүткүндү.

– Карабек! Карабек! – деп чыркырап жиберди ал түз эле бакты карай бет алып.

Карабек жээкке чуркап барды. Ошондо ал өзүнө эмне болгонун билбейт, делдейип туруп калыптыр. Чычкан жээгинен чыгып, долу толкундар арылдап сууга аралаштырып агын таштарды алып келатыптыр. Бир аз эсине келе калган Карабек да ойношунун артынан дөбөнүн үстүнө чуркап чыкты.

Суу сайга толуп келе берди, шаркыраган агым анын машинесин алыс сүрүп барып тартайган бир талга такады. Кийимдери да суунун астында калды: алар эмне кыларын билбей айласы кетип, дөбөнүн үстүндө жылаңач турду. Же үйлөрүнө кете албай, же бекинер жайы жок алар тынбай толуп жаткан сууну тиктеп дел болду. Ошол учурда наркы өйүздөн жайнаган эл көрүндү. Алар бир нерсени кыйкырып ызы-чуу салып, жээкте нары-бери шашып чуркап жүрдү. Карабек ойношу экөө дөбөдөгү эки түп теректин түбүнө бекине калды, алар ошол убакта өзүнүн жылаңачтыгынан уялып, аларды бүт аалам көрүп тургандай сезди.

Наркы өйүздөгүлөрдүн бирөө сууга секирди. Бу минеси? Эл селден кутула албай жээкке качып атса, мунун кайра сууга секиргени минеси? Же менин машинеме келатабы?

Ошондо гана алар суунун үстүндө агып бараткан карааңды көрдү. Ал аялдын карааны экен, жалгыз эмес окшойт, колунда баласы бар, ал аны өйдө көтөрүп алыптыр. Карабек эки көзүн ошол аялдан албай, эмне болоор экен деп күтүп турду, ал эми байкуш эне долу толкундарга тумчукканына карабастан эки колун бийик көтөрөт. Сууга секирген жигит алы жетишинче кулач уруп, анын артынан жете албай бир аз нарагыраакта жулкунуп жатты. Аял берки өйүзгө эки ойнош турган жээкке жакын болчу, бирок Карабек талдын түбүнөн ачыкка чыга албай, уяты били-

нип калбасын деп далдада бекинип турду. Ал бир умтулган, бирок ойношунун кыйкырыгы аны кайра токтотту.

– Каякка? – деп айкырды экинчи теректин түбүндө жаткан келин. – Сен мине мени биротоло шерменде кылайын дедиңби?

– Бирок сени эч ким көргөн жок го!.. – Карабек жалбарып жиберди. – Байкуш аял чөгүп кетет эми.

– Ооба, эч ким көрбөйт, – деп жекирди келин. – Сен аялды каякка алып чыкмаксың, наркы өйүзгөбү?

Карабек унчукпай калды. Ал өзүнүн алсыздыгынан уялып, бирок айла таппай кайрадан талдын түбүнө бекинди. Аял алсырап калды көрүнөт, суудан анын башы менен эки колу, колундагы баласы гана көрүнүп калды. Жээктеги кишилер чыңырып-бакырып, аялга улам жакындап бараткан жигитти кубаттап жатты. Карабек да чыдамсыздык менен кыйкырып жиберди, анан келинди жалтактап карап алды: тигил купкуу жатыптыр. Аялзат, сени мине деп атаса болот? Биерде сен өзүңүн уятыңы ойлоп бекинип отурасың, ал эми тиерде болсо сенин эжең наристе баланын өмүрү үчүн күрөшүп атат. Жанагы ой Карабекке ошондо эле келген: аялзат, сен бирде ургаачы катын, бирде наздуу аял, бирде энесиң...

Жигит жакындап калганда аялдын колдору бошоп, ал наристе менен кошо толкундардын арасына жоголуп кетти. Наркы өйүздөгү эл бир добуштан онтоп жиберди, аны Карабек берки өйүздө туруп уккандай болду. Суудагы жигит дале үмүтүн үзбөй, эмеле аял чөгүп кеткен жерге жетип барып эки-үч жолу чөмүп көрдү, бирок эч кимди таппай айласыз жээкти карай сүзүп жөнөдү.

Карабек эртеси күнү достору менен барып талга илинген машинесин чыгарып келди. Бирок алигиче ошол балалуу энени эстегенде ичи тызылдап, жүрөгү туйлайт.

## 13

Зилзала тууралуу кептер бир жыл мурун эле башталган: айрым гезиттер сооралардын катар тизилгени жөнүндө жазып, анын артынан дүйнөнүн бурч-булуңунда жер титиреп, суу кирип, сел жүрөрүн баяндаган. Мунун баарын уккан кээ бир адамдар келечектеги кырсыктарды башкага жоруп, акырында алар тээ атам замандан бери келаткан кыямат жакындап калса керек деген тыянакка токтоду. Ушактар күндөнкүнгө көбөйө берди, бара-бара элдин ой-санаасына коркунуч кошулуп, шаарлыктар болочок акыр заманга ойлору менен да, дили менен да даяр күтүп калды. Тынымсыз кептерден жадаган экинчилери күнү-түнү кырсык-каргаша, өлүм жөнүндө ойлоно берип, андан кийин чыдабай болсо боло берсин, келсе келе берсин деген найүмүт чечимге жетти. Алар ал-

дыдагы алааматты чыдамсыздык менен күтүп, ар кимиси аны өзүнүн күнөөлөрү үчүн жалгыз гана жаза катары кабыл ала баштады.

Бирок жан деген ширин экен: жарым жылдан кийин элдин арасында анык козголоң болду. Бирөөлөрү үйлөрүнүн жанына чатыр-алачык тигип, экинчилери күбөлөнгөн кагаздарды жерге көмүп бекитти. Зилзала болор күн жакындаган сайын шаарлыктар короолорундагы иттердин үргөнүн тыңшап, малдардын кыбыр эткенинен чочуй турган болду.

Арман жакшы билет: ошол күнү ал иштен демейдегиден эрте кайтып келатып, көчөлөрдүн жымжыртына, асмандын бозоргонуна таңгалган. Анын өзүнүн да кабагы бүркөк болчу акыркы маалдарда анын ишине даттангандар көп болуп кетти, биринин артынан бири текшерүүчүлөр келип жатат. Албетте, ага түздөн-түз эч ким күнөө койгон жок, бирок баары бир улам текшере бергендери анын кыжырына тийип кыжалат кылды. Болду-болбоду бу аксакалдын мага ишараты. Ал мени башынан эле жактырбайт, ушуга чейин мени кызматынан алып койбогону дале болсо бажамын кудуретинен. Минеге ле ал мага мунча асылып калды? Же мен ага каяша айтпасам, айткандарынын баарын аткарсам, анан минеге ле мени мунча жаман көрөт? Балким, ал менин ордума башка бирөөнү коёюн дегендир? Бөлөк бирөөнө убада берип койсо керек. Же менин бажам министр экенине кыжыры келип атабы? Мине болсо да ал мени жадатты: эки күндүн биринде ле текшерүүчүнү жиберет...

Ушундай ойлору менен Арман үйүнө кирди. Кийимин жаңы эле чечип кире бериштеги илгичке илгенде, ашканадан аялынын үнү угулду:

– Арман, чечинбей тур! Ушу бойдон биротоло мектепке барып кел.

– И, мине чогулуш болот бекен? – Арман ашканага баш бакты.

– Жок, жөн эле Кикинин эжекеси менен сүйлөшүп келбесең болбойт. Сыныбындагы балдар аны коркутуп коюптур.

– Коркутуп? Алар мине уруптурбу?

– Жок. Каяктагы бир кыямат болот, ошондо сен өлөсүң деген имиш.

– О койчу! Ошого ле ыйлай бергендей биздин балабыз мине айбан болуп калганбы? Эми мен балабыз кыяматтан коркуп атат деп бармак белем?

– Барбаганда мине? Эжекеси ушундай аңкоо сөздөрдү тыйбаганда мине иш кылып жүрөт?

– Койсоңчу болбогон кепти! – Армандын чындап жини келди. – Башка балдар коркпой ле, биздин балабыз коркуп калыптырбы. Жөн эле дөөдүрөй бересиңби?

– И, ким дөөдүрөптүр? – Зинат көздөрүн адырайтты. – Көрүнгөндөр баланы коркута берсе, мен дөөдүрөгөн болуп калат экем да, а? Бала мине мага ле керек бекен? Же барып келсең сенин бир жериң кемип калат беле?

– Болдучу эми... Сүйлөйт десе ле сүйлөй берет экенсиң да… – Арман күңгүрөнүп алды. – Андан көрө тезирээк оокатыңды апкел, курсагым ачты.

– Дегеле карасаң, дароо ле оокатты эстейт. – Зинат дале күйпөлөктөп жатты. – Сага оокаттан башканын кереги жок... Балаң үчүн деле кичине күйүп койсоң эчтеке болбойт.

– Бербесең кой оокатыңы, басчы оозуңу! – Арман таарынган өңдүү өзүнүн бөлмөсүнө кирип кетти.

Аялы артынан дагы бир нерселерди ажылдай берди, бирок ал аны уккан жок. Арман биротоло кыжынып дивандын үстүнө жатып алды. Канча убакыт жатканы белгисиз, бир маалда ал чочуп ойгонду. Үй солкулдап жатыптыр. Арман бөлмөдөн октой атып чыкты.

– Зинат! Зинат! Тамдын бурчуна тур! – деп кыйкырды ал, анан бөлмөлөрдүн каалгаларын биринин артынан бирин ачып, уулун издеди. – Кики! Кики кана, Зинат?

– Жок ал... Ал баяле көчөгө чыгып кеткен, – деп чыңырып жиберди аялы бурчка жабышып алып буркурап.

Арман дагы темтеңдеп барып бурчтардын бирөөнө тура калды. Там момдон жасалган сыңары солкулдап жатты, айнектердин бирөө тарс жарылды. Айлананын баары барсылдап, тамдын башында бир нерсе кулап түштү. О кудай! Там көчпөсө кен, айланайын кудай! Бу мине деген каргаша? Кудай, күнөөбүз болсо кечире көр! Кудай, сактай көр... Ал башын бекем мыкчып алып, муундары бошоп бурчта чөгөлөп турду. Зинат чыдай албай чалынып жыгылып, жерде тыпырап жатты. Кудай, өзүң сактай көр... Кечире көр, кудай...

Жер канча убакыт титирегенин эч ким билбейт, бир пастан кийин ал токтогондо бөлмөнүн ичи бүт чаңга толуптур. Айлана тымтырс боло түштү. Арман башын өйдө кылып жалтактап, эки жагын карады. Чаңда оонап тура албай жаткан аялынын жанына ал барды барып, аны колунан тартты. Зинат чаңданбы, корккондонбу, бопбоз болуп ордунан турду да, аны мойнунан кучактап алып өксүп ыйлады.

– Кечир… Кечирип кой мени, Арман! Мен сени дайыма жемелеген үчүн кечир… Дагы кандай күнөөлөрүм болсо кечир…

– Ыйлаба. Кой ыйлаба, Зинат. – Армандын үнү да киргилденип кетти. – Андан көрө жүр эшикке чыгалы, мүмкүн кайра кайталанып калбасын…

Алар ээрчишип, эшикке чыкты.

– Мен Кикини издеп келейин…

– Жок, кетпе, – Зинат аны жалооруп карады. – Мен корком.

– Коркпо, – Арман аялын чачынан сылады. – Мен Кикини таап келейин. Ал каякта жүрдү болду кен, акмак?

Арман аялынын кучагынан зорго бошонуп, илгичтеги чаң болгон кийимин кагып кийди да көчөгө чыгып кетти. Шаарды бүт чаң каптап, күн тутулгандай болуп турат. Бир да адам көрүнбөйт, жымжырт. Арман жай басып, көчөнү бойлоп келатты. Кики дагы баягы досунукуна кетип калса керек. Дайыма ле биз урушсак ошоякты карай качат.

Ал күңүрт көчөнү аралап келатты. Алдыңкы гүзөргө жетип калганда анын бет маңдайынан топураган кишилер чуркап өттү. Арман катуу ойлонуп бараткан, ошондуктан ал тигилердин бирөө: «Тез, эч ким көрбөсүн!» – дегенин чала угуп түшүнбөй калды. Кийинчерээк гана көчөнүн бурчуна барганда ал бурулуштагы дүкөндүн айнектери сынып, ичи аңырайып бош экенин көрдү. Ошондо гана ал тигил качып кеткендердин ким экенин түшүндү. Ка-ап, ууруларды качырып ийген экемин! Арман артына бурулуп, караандар жоголуп кеткен жакка беш-алты кадам шилтеди, бирок анан кайра токтоп ойлонуп калды. Алар көп экен... Мен Кикини издеп баратпадым беле… Ал кайрадан жолуна түштү. Кики байкуш коркуп бир жерде ыйлап турган болушу керек. Анын досунун үйү каерде ле? Ушул тарапта экенин ал билет, бирок бул жакта тамдар көп да, Арман дагы бир көчөнү имерилди. Алдыда кадуунун үстүндө жайнаган эл туруптур. Мине болду кен? Бирөөнүн тамы көчүп кеттиби? Ал кадууну көздөй шашылды.

Кырга чыгары менен ал элдин эмнеге чогулганын түшүндү: коктудагы гүзөрлөрдү бүт сел басып калыптыр. Тээ бөксөлөрдөгү арыктарды жырып келген суу албууттанып, долу толкундарына аралаштырып, агыл таштарды, жолундагы тамтардын түркүк-тосундарын, тамыры менен жулунган талдарды сүрүп келатыптыр. Бөксөлөрдө алагды чуркап жүргөн адамдардын көбү убагында үйүнөн качып чыккандар экен: алардын өңдөрү найүмүт, беттеринде жапаа толо, алар ызы-чуу салып, көз алдынан тайып бараткан тамдарынын урандыларын тиктеп турушту. А байкуштар! Алар эми үйлөрү жок мине кылат? Арман аларды аяп карады, анан өзүнүн бул жерге эмнеге келгенин эстеп, топураган элдин арасынан уулун издеди. Кики көрүнбөйт. Ал каякка кетип калды эми? Арман башкаларга кошулуп, шаркыраган селди тиктеп турду. Тигинде бирөөлөр тамдын башына чыгып алыптыр. Эми алар жээкке кантип чыгат? Суу да муздак болсо керек…

Ошол убакта аны бирөө колунан тартты. Караса, аялы экен.

– Арман, сени иштеген жериңен чакырып атат, – деди ал. – Тез келсин дешти.

– Мине болуптур? – Армандын жүрөгү селт этти. – Минеге кенин айттыбы?

– Билбейм, жакшы угулбай койду. – Селдин күркүрөгөн үнүнөн Зинаттын үнү жакшы угулбай калды. – Сен иштеген жерде өрт чыкты дегендей болду…

Оп-па. Муна ушундай болмок! Айбан Шамшы! Дал мен айткандай кылган экен… Арман ылдамыраак басты, аялы анын артынан жете албай келатты.

– Жуманды айттыңбы? – Арман бир паска токтой калды.

– Айттым. Ал эмгиче келип калгандыр.

Алар үйгө жакындаганда эшиктин алдында турган машинени көрдү. Жуман жанында нары-бери басып жүрүптүр, ал да толкунданып жатса керек. Арман үйгө кирбей дароо машинеге отурду.

– Аякта мине болуптур? – деп сурады айдоочусунан. – Сен ошояктан келдиңби?

– Жүк кампалар өрттөнүптүр?

– Аякта дагы кимдер бар?

– Милийсалар жайнап жүрөт, прокурор да ошоякта. Токтон күйгөн дешти.

– Шамшыбекчи? Шамшыбек өзү бар бекен?

– Ал көрүнбөйт.

Дөөпөрөс! Ушинтип эле баарын билгизип коёт. Ал мине өрттөгөнүн өрттөп алып өзү качып кеткенби? Ошоерде турушу керек эле да…

Өрттүн жалыны алыстан эле көрүндү. Күүгүмдүн асманын жарык кылып чатыраган оттун айланасында эл үйүлүп турат. Четкерээк прокурор, милийсалары, дагы эки-үч кишинин караандары көрүнөт. Алар Армандын машинесин тааный коюп, аны карай басты. Арман машинеден түшүп, бардыгына унчукпай салам берди. Тигилер да үн чыгарган жок, болгону үшкүрүнүп аны ээрчип алды. Арман көпкө өрттү тиктеп турду: жүк кампаларды тегерете милийсалар коюлуптур, калган адамдар биринин артынан бири жалындын арасына кирип жоголуп кетип, анан бир пастан кийин колдоруна бир нерсени көтөрүп чамбылала болуп чуркап чыгып жатты. Шамшыбек чын эле көрүнбөйт, Арман топураган элдин арасынан аны издеп карады, бирок анын дайыны да билинбейт. Айбан! Ал чын эле качып кетсе керек, дөөпөрөс!..

– Биздин адамдардан бирөө бар бекен? – Арман акырын үн катты.

– Беш-алты жумушчу жүрөт. – Ага Жоро жооп кайтарды.

– Жүк кампалардын башчысычы?

– Аны ток уруп, моргго алып кетишти.

– Мине? Өлүп калыптырбы? – Арман сестене түштү.

– Тагын билбейбиз… Ошондой го…

– Ал мине ичинде бекен?

– Ооба. Өрттү өзү өчүрөм десе керек. Биз келгенде деми чыкпай калыптыр. Балдар аны өрттүн арасынан алып чыкты. Дагы жакшы, аз жерден бышып калмак экен.

Анын минеси жакшы? Өлгөндөн кийин эми ага баары бир да. Бирок өлдү бекен? Арман өз оюнан коркуп кетти: ушул оокумда ал ичинен Шамшыбектин өлүмүн тилеп жибергенсиди. Бирөөнүн өлүмүнө сүйүнөт дегени минеси кен? Кудай, өзүң кечире көр…

Өрттүн арасынан чуркап чыгып жаткан адамдар буюмдарды милийсаларга тапшырып, кайра жалбырттаган оттун ичине кирип кетип отурду. Беркилер алардын чөнтөк-койнуна чейин аңтарып, эч нерсе уурдал-

ган жокпу, текшерип турат. Эки-үч адамдын койнунан бекитилген буюмдар табылды, көбүнчө майда-чүйдө эле нерселер: жоолук, шым, жеңил күрмөлөр. Күйүккөндөрү четке чөптүн үстүнө отура калып эс алып жатты. Минеге өрт өчүрүүчүлөр көрүнбөйт?

– Өрт өчүрүүчүлөр жок го?

– Алар келди, – Жоро күлүп койду. – Ушерге келгенде гана суулары жок экенин эстеп, кайра кетип калды.

– Алар келгенче өрт өзү деле күйүп бүтүп кала турган болду. – Баятан бери дугдуюп унчукпай турган прокурор биринчи жолу кепке кошулду.

– Акмактар! – Арман кыжыры менен сөгүнүп алды, анан нары-бери басып тамекисин түтөттү.

Прокурор айткандай эле өрт эки-үч сааттан кийин өзү күйүп бүтүп калды. Ышталган бетон түркүктөрдөн башка эч нерсе калган жок. Акыркы бүлбүлдөгөн гүлкандарды тиктеп туруп Арман Шамшыбекти эстей койду. Ага мине болду кен, байкуш? Үйүнө кабарлап коюш керек эле. Кылган ишин кара дөөпүрөстүн. Өзү күнөөлүү...

– Мейли, калганын эртең тактайбыз. – Прокурор менен милийсалары экөө машинелерине түшүп, үйлөрүнө кетип калды.

Арман да алардын артынан машинесине түшүп, бирок үйүнө эмес, ооруканаlistаны карай жөнөдү.

– Шамшыбектикине өзүң кабарлап кой, – деди ал жолдо келатып айдоочусуна.

Жуман унчукпай башын ийкеди. Ооруканага жеткенче Армандын көңүлү тынчыбай ичинен Шамшыбекти сөгүп келатты. Айбан! Кылган иши ушубу? Мен жөн тамашалап койбодум беле...

Кечээ Арман зилзала тууралуу угуп алып, склад башчысы Шамшыбекке жарым тамаша, жарым чындык кылып айткан: «Эртең зилзала болот экен, Шамшыбек, ошондон пайдаланып калбайсыңбы. Сенин да, менин да мойнубузда карыз көп...» Тигил анын бул кеңешине ошол замат жабышкан: «Түшүндүм, аксакал, туура айтасыз. Зилзала учурунда жүк кампа өрттөнүп кетпей мине?..»

Бирок мен кечээ чын эле тамашаладым беле же... Каргыш тийгир ушу зилзаланы!.. Байкуш жигит! Өмүрүбүз ушу турбайбы: бир тарабынан сел, зилзала, кыяндар, экинчисинен, оору, каргаша, өлүм...

Ооруканнын дарбазасы жабык экен, Жуман машинени жолдун четине токтотту.

– Мен азыр сурап келем. – Арман машинеден түшүп, кароолкананын эшигинен короого өтүп барды.

Кашайгырдыкы, морг каерде кенин да билбейт экем! Ал кароолчудан сурады.

– Түз бара берсеңиз, эң башында, – деди тигил.

Арман оорукананын эң четинде турган чакан имаратка барды. Эшиктин алдында бир кемпир шыпырып жүрүптүр.

– Морг ушубу? – деп сурады ал.

– Мине керек эле? – деп суроосуна суроо менен жооп берди кемпир.

– Биерге бүгүн өлүк апкелиштиби?..

Минеге сурап атам? Зилзаладан кийин биерде өлүк толуп кеткен чыгаар...

– Сиз ага ким болосуз? – кемпир такып сурады.

– Мен анын досумун...

Кемпир унчукпай барып эшикти ачты, Арман анын артынан ээрчип кирди. Кемпир дагы бир каалганы ачканда Арман кирип барып эшиктин түбүнө туруп калды. Бийик темир чыгырыктын үстүндө бүткөн бою күйгөн Шамшыбек жатыптыр.

– Ушубу? – Кемпир камырабай туруп сурады.

Арман дел болуп унчукпай тура берди. Үстүн жаап да койбоптур... Ал эмнегедир өлүктөр да оорулардай болуп ак менен жабылат деп ойлоп жүргөн.

Акырында эсине келип, ал башын ийкеди. Ушуга чейин чыдамдуулук менен анын жообун күтүп турган кемпир анын баш ийкегенине канааттангансып сыртка чыгып кетти. Арман өзү жалгыз калды. Бир маалда ал азыр өлүк тура кала тургансып чоочуп кетти. Шашып эшикке чыга калды.

Сыртка чыкканда гана ал кадамдарын жайлатып, кайра машинесине барды.

– Кеттик, – деди ал айдоочусуна. – Үйдү карай айда...

Жуман андан эч нерсени сураган жок, ал аны бир тиктеп алып эле бардыгын өзү түшүндү. Арман дагы ага эч нерсе деген жок, болгону гана үйүнө жетип тамга киреерде артына кайрылып кылчактап туруп калды.

– Бала-чакасына кабарлап кой, – ал айдоочусуна башка бир нерсени айтмак болгон, бирок айткан жок.

Зинат үйдө купкуу болуп отуруптур. Эринин келгенин көрүп ал ордунан тура калды да, мойнунан кучактап боздоп жиберди.

– Көзүбүз кашайды го, Арман!..

– Сабыр кыл, Зинат, болор иш болду, – деп сооротту аны эри.

Аялы жийиркенгенсип аны түртүп жиберди, анан өзүнүн бөлмөсүнө чуркап кирип камалып алды. Буга мине кен? Шамшыбекти эки-үч жолу ле көргөн, анан минеге мынча безилдейт? Арман аялынын бөлмөсүнө жакын барды.

– Болду эми, Зинат, таарынба. – Ал күнөөлүү кишидей пасыраак үн чыгарды. – Шамшыбекти мен отко түртүп ийди деп атасыңбы?

Алам саатта каалга ачылып босогодо кайра Зинат пайда болду. Ал өңү-башы бузулуп алыптыр.

– Сен мине деп атасың, кашайгыр? Кайсы Шамшыбек? – деп чыңырды ал.

– Кайсы Шамшыбек эле? Биздин жүк кампачы...

– О кашайган дүйнө! – деп онтоп жиберди аялы. – Биз уулубуздан айрылдык, Арман! Кикини сел алып кетиптир!..

Арман делдейип, эмне болуп кеткенин түшүнө албай муундары бошоп, башын мыкчыган бойдон бөк жыгылды.

**14**

– Келишти... Алар келатат, Арман! – Жоро өз атасын көрө койгонсуп сүйүнүп, шашкан бойдон анын жанынан өтүп кетти.

Арман ордунан туруп, тигинин артынан короонун оозун көздөй басып барды. Эки «Волга» бири кара, бири ак түз эле сызып келип дарбазанын түбүнө туруп калды. Бактын четиндеги үйдөн чуркап чыккан короолчу дарбазаны ачты. Машинедегилер сыртка чыгып, аларды күтүп турган Жоро, Армандар менен учурашты. Аксакал да алардын арасында эле.

– Үйгө кириңиздер. Жүрүңүздөр. – Жоро ыкчамдуулук кылып колдорун жайып, аларды нары бактын ичиндеги тамдарды карай ээрчитти.

Меймандар салабаттуу басып, кээде гана кеп алмашып коюп кыябанды бойлоп жөнөдү. Караңгы кирип калган, талдардын арасынан сороюп чыгып турган мамылардагы шамдар эндүү жолду туш-тараптан жарык кылып жатты. Токойду тең бөлүп кесип өткөн дарыя шаркырап жайнаган элдин дабыштарын басып коюп турду. Меймандар түз эле алар үчүн атайын даярдалган үйдүн ичине кирип кетти. Жоро дагы алар менен кошо кирди. Арман сыртта кала берди.

– Сен кирбейсиңби? – деди босогону аттап калган Жоро.

– Менин бир аз табым айнып турат. – Арман актанды. – Мен таза абада болуп турайын...

Бардыгы кирип кеткенден кийин ал бүт даярбы, көрүп келгени басты. Мен киргенде мине? Менсиз деле аякта адам көп. Арман аксакал менен отурбаганына сүйүндү. Кереги мине? Менин ушерде экенимди деги көрдү. Анан анын алдында соксоюп отурганда мине, ал мага устуканын сунмак беле? Ал ириде оокат бышыргандарга барды, бүт даяр экен. Андан кийин «бийкечтерге» кирди, алар өз маалын күтүп отуруптур. Негизинен маданият үйүнүн келин-кыздары, аларды дайыма ушинтип мейман тосcондо ушул жерге алып келет. Бардыгы күлүп-ойноп жайдары отурат, болгону гана бирөөнүн өңү муңайыңкы. Ал башкалардан четкерээк, бу жерге кокусунан кошулуп калгансып, ичип-жегендерден бөлүнүп алыптыр. Ишке жаңы ле орношсо керек. Арман эшикти кайра жаап бак-

ты аралап жөнөдү. Эчтеке мес секинден-секинден барып, көнүп кетет, булардын баары ушундай болот: жаңы келгенде уялып, анан наркы-беркини түшүнгөндө кайра, тескерисинче, эркектердин өзүн качырат. Жөн эле комуз черткен кыз дагы падышанын ойношу болгусу келет.

Сагасанын жыты буруксуп келип жатты. Аба бүгүн бөтөнчө тунук, карагай, арчалар бийиктеги тегерек айдын жарыгында зоңкоёт. Ай толуптур. Арман суунун боюна барды: шаркыраган агым көбүрүп, айрым жерлерде айлампаларга өтүп кашкайып турду. Суунун тунуктугунанбы же айдын жарыгынанбы, дарыя өзүнөн кандайдыр бир нур чачыратып тургансыды. Дал ушуерге тээ атам заманда кайыктын ичинде жалгыз баласын алып бир аял келип токтогон дешет, дал ушуерден алар өз уулунун таш боорлугунан каза болгон Сурайылдын өлүгүн тапкан дешет.

Арман муздак сууга бетин жууду, ал бир аз сергий түшкөнсүдү. Сабира мине болду кен? Ал эми эч качан балалуу болбойт. Бир маалда Армандын денесин селесеп басты. Мен өзүм да эми бала көрбөйм: жалгыз уулум бар эле, аны кудай менден алып койду, аялым да мундан нары эч туубайт. Бу мине кудайдын каргышыбы? Чын эле бирөө бийиктен туруп алып бизди мерездүүлүгүбүз үчүн жазалап атабы? Андай болсо минеге башкаларды жазага тартпайт? Минеге бирөөлөр алдап да, жеп да жүрөт, бирок аларды эч ким жоопкерчиликке чакырбайт, ал эми мени биртике күнөөм үчүн мунча кордойт?.. Биртике деп коём... Күнөөм канча кенин мен каяктан билем? Кимдин күнөөсү канча кенин ким өлчөп коюптур? Кусур урду, болду. Кээде бир күнөө миңдеген айыптарга барабар, ошондуктан, кимдин күнөөсү канча кенин эсептеп кереги жок, кудай өзү аны илгеп алат...

Арман сууну бойлоп басты, бир аз чыйрыгып калса керек ыткытып кетти. Бирок ал Чычкандын кылаасынан алыстаган жок. Апам байкуш мине болуп атты кен? Ал апасыныкына көптөн бери каттабай калган: ага Кикинин өлүмү себеп болду. Мине кылайын, эми апам өз небересинин өлгөнүн менден көрүп атса? Бир күндүн ичинде ушунча окуя болорун ал эч качан ойлогон эмес: жүк кампалардын өрттөнгөнү, Шамшыбектин өлүмү, анан үйүнө кайтып келгенде Кикинин агып кеткенин укканы, анын артынан апасынын каргышы – мундайды бардык эле адам көтөрө албайт. Дагы жакшы ошондо жинди болуп кетпегеним... Арман ошол учурда өзүн алсыз сезген, биринчи жолу өзүнүн мажестигин түшүнгөн. Бир аз эсине келгенден кийин ал барып апасыныкына кабарлады.

– Апа, Кенжебектен айрылдык, – деди ал үнү киргилденип чыкпай.

– Мине дейсиң, кокуй? – апасы чоочуп кетти. – Жакшы угулбай атат, балам, кайрадан кайталап айтчы...

– Кикини сел алып кетиптир дейм. Кикиден айрылдык, апа! – Ал бардык үнүн чогултуп кыйкырды. Анан ыйлап жиберди.

– Даат! – апасы азына салды. – Кара көзүм кашайган турбайбы!..

Апасы боздоп калды. Ушинтип алар экөө эки тараптан колдоруна телефонду кармаган бойдон безеленди. Анан апасынын ыйлаганы угулбай калды, бир маалда телефондон:

– Сени кусур урду, балам, кусур урду! – деген сөздөр чыкты.

– Бу мине дегениңиз, апа? Бу мине дегениңиз? – Арман ого бетер жаңгап ыйлап жиберди.

– Сага кудайдын каары тийди! Байкуш балам атасынын акисине калган турбайбы...

Арман телефонду таштап жиберди, купкуу болуп турган жеринде катып калды.

Кенжебектин сөөгү эртеси күнү табылды. Мүрзөгө койгону алып баратканда апасы да баласына унчуккан жок, Арман да ага жакындаган жок...

Үйгө барып, апаман кечирим сурайын. Зинаттан да кечирим сурайын. Арман тамдарды карай жөнөдү. Ал шашпай жай басып, дилинде ал жакка баргысы келбей, бирок аргасыз алдыга кадам шилтеп келатты.

Меймандар кызып калган экен, айрымдары эшикке чыгып, тамтаңдап буттарына тура албай нары-бери темселеп жүрүптүр. Жанараак эле чоюлуп-керилген кишилер жок, азыр алар далдырап сүйлөп, биринен өтө бири бакылдап, кээ бирөөлөрү нары четке баса коюп, улам өтүп жаткан кыз-келиндерден да тартынбай турган жеринде шырылдатып заара кылып жатат. Арман аларга жакындабай бир тамдын аркасына бурулуп кетти, бирок оттон качкан чокко күйөт болуп талдын түбүндө турган караандарга урунуп алды. Тигилер экөө болсо керек, бирөө аял киши булкунуп, аны жулмалап жаткан эркекке шыбырап калды:

– Бирөө келатат, коё бериңиз мени...

– Келсе келе берсин, ал ким экен? – Эркек киши тигини коё бербей кучактап-өпкүлөп жатты. – Мен сени жыргатам... Көрөсүң, мен сени жыргатам...

Арман жол тарапты карай басты. Кантип жыргатар экенсиң? Өзү бутунда туралбайт да, анан жыргатам деп коёт. Ушуларга ишенген аялдар да айбан... Ошол замат Арман Сабираны эстей койду. Андан да кечирим сурашым керек. Мен күнөөлүүмүн, бардыгыңардын алдыңарда күнөөлүүмүн...

Арман бир үйгө кирип, жылынып алууну чечти. Меймандарга түнөк катары калтырылган тамдардын бирине кирип барды. Караңгыда бурчтан кобур-собур үндөр угулду:

– Бирөө келатат...Туруңуз, агай...

– Эч ким деле жок, коё тур... Азыр...

Арман ичинен сөгүнүп алып, бир пас дем чыгарбай тургандан кийин эшикке октой атып чыкты. Балээ басты!.. Каякка барсам? Ушинтип эле

элден качып жүрө беремби? Ал кайра кыябанды бойлоп жөнөдү, суудан чап-тарапка бурулду. Түкүрдүм булардын кызматына! Түкүрдүм ушундай жашоого! Ал башы маң болуп каякка баратканын билбей, акырында бир үйдүн жанына туруп калды. Ал кароолчунун үйү экен, ичинде кароолчунун кемпири балдарына тамак берип жатыптыр. Бул байкуш кемпир балдарына чоңдордун кешигин берип жатат, балким, аларга дагы ошол чоңдордун кызматы жугуп калабы десе керек. Ал эми ошо чоңдору болсо тиякта аракка мас болуп, ушу кемпирдин балдары менен тең кыздарды уйпалап, зордуктап атат... Арман артына кайрылды. Бир тамдын бурчунда бирөө ыйлап туруптур, Арман анын жанына барды. Жанагы муңайыңкы отурган кыз экен.

– Мине болду? – деп сурады Арман.

Кыз ого бетер шолоктоп жиберди, анан келип аны кучактап калды.

– Ыйлаба. – Арман кызды башынан сылады, ушул учурда анда кандайдыр бир аталык сезим ойгонду. – Ыйлаба, айланайын... Мине болду, айтчы?

– Ал мага асылып атат… – Кыз кайрадан көз жашын чуурутуп берди. – Ал мага ойнош бол, мен сага батир алып берем деди... Анан... анан коркута баштады...

– Жүр! – Арман тигини өзү менен кошо ээрчитти. – Жүр мен сени үйүңө жеткирип коёюн. Эшиктин алдында машине турат, ошого барып отур...

Алар катар тизилген машиненин жанына барды, Арман алдыга отурду.

– Айдоочум келмек эле, ал каякта жүрөт, шүмшүк! – Ал ызырынып алды, анан өзү машинени от алдырып кызды отурууга чакырды. – Отур, кыймылдабай отур, дарбазанын алдынан сени көрүп койбосун.

Ал машинени айдады, ичинен бир нерсе деп кобурап алып, жай жылдырып жөнөдү. Кароолчу дарбазанын жанында жүрүптүр, машине келе жатканын көрүп ал дарбазаны ачты.

– Кеттиңерби? – деп тиштерин ырсайтты кароолчу Арманды тааный коюп.

– Кеттик, жакшы калыңыз, Жапай аке. – Арман ага бир нерсени айтмак болуп умтулуп, бирок бир аздан кийин кайра айнып унчукпай калды.

Алар чоң жолго чыкты. Экөө тең унчукпай келатты. Түнкү капчыгайдын ичи ээн, кенен, жолдун эки тарабынан талдарды караңгылык жутуп кеткенсип, эч нерсе көрүнбөйт. Алыста дарыянын шаркыраганы угулат.

Арман көздөрү илинип кетип жатканын сезип, кепке алаксымак болду.

– Атың ким? – деп сурады ал артын кылчактап карап коркуп келаткан кыздан.

– Гүлнара...

Азыркы кыздардын баары ле Гүлнара, Динара... Айзада, Гүлзада. Кара кыз болсо деле Айзада. Арман өзүнчө күлүмсүрөдү. Аталардын бардыгы ле өз кыздарын сулуу деп сулуулардын атын коё берет окшойт. Ал эми сулуулуктун кесепети тиги... Булардын аталары мине эчтекени көргөн эмеспи? Каякка болсо коё берет экен. Алар мине «Миң бир түндү» окуган эмеспи? Ал эми кыздарынын кылганы бу... Арман оор үшкүрүнүп алды. Э-э, кыздар, кыздар... Ка-ап, балама да куран окутуп койгон жокмун...

– Ишке качан кирдиң эле?

– Бир ай болду.

– Сага биерде мине кыларыңы айткан эмес беле?

– Ырдап бересиң дешкен...

– Менин кеңешим – бу иштен чык, кызым.

– Иштенби? Анан каякка барып иштейм?

– Сенин мине, кесибиң жокпу?

– Жок...

Арман унчукпай калды. Ушу кесиби жоктордуку өттү. Кыйратып олуя болуп кете тургансып эле бардыгы институтту бир сүзүп алып келет да, анан аталарын, башка туугандарын орточу салып бизди кыйнайт. Анан биз минтип ушуга окшогон чала артист, чала билимдүү балакайлар менен иштешибиз керек ...

– Ишиңен бошоно бер, анан мага кел. – Арман эки көзүн жолдон албай келатты. – Эптеп бирдемени ойлоп табарбыз. Бирок эми сага бу ордуңда калууга болбойт.

Кыз макулдугун билдирип башын ийкеди. Алар экөө тең кайрадан унчукпай калды.

Алыстан шаардын оттору көрүндү, айрым үйлөрдө али уктай элек экен...



*Эскерүү*

**Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ**

*Алп жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун дүйнөдөн өткөнүнө туура эки жыл болду. Жаркын элеси ар бирибиздин жүрөгүбүздө...*

# Рух дүйнөнүн Асманында Алп жатат

*Айтматов да келди, кетти дүйнөдөн,*
*Адилетке, Жакшылыкка үндөгөн.*
*Турчу эле го төп келишип турпаты,*
*Кимдер гана Айтматовду сүйбөгөн.*

*Айтматов да келди, кетти дүйнөдөн,*
*Адам барбы түбөлүккө өлбөгөн.*
*Замзам суусун берип коюп жомоктой,*
*Болсо гана жерге бергис, көмбөгөн.*

*Кечээ күнү казак досум кеп айтат,*
*Кеп айтканда жүрөгүнөн деп айтат:*
*«Саманчынын жолу өңдүү созулуп,*
*Рух дүйнөнүн Асманында Алп жатат».*

*Бул ойлорго өзбектер да кошулат,*
*Жакшы тилек – аны улап толтурат.*
*«Айтматовду бергилечи бизге» – деп,*
*Көк чай ичип өзбек достор олтурат.*

*Которушуп романын да «Тоо кулайт»,*
*Махтумкули урпактары кеп улайт.*
*«Эстелигин алтындатып коймокпуз»,*
*Түркмөн досум ээ-жаа бербей көп сурайт.*

*Тажик досум күткөн өңдүү мүнөттү,*
*Сууруп чыгат чөнтөгүнөн сүрөттү.*
*«Манас жездем, Чыңгыз агам, жээнибиз,*
*Элжиретип ээлеп алган жүрөктү».*

*Азер досум «билесиң» деп көз кысып,*
*Боордошторго чын ниеттен ичи ысып:*
*«Айтматовду бергилечи бизге», – деп,*
*Биздин сөздү уккусу жок бут сызып...*

*Түрк досторум сурабастан «берчилеп»,*
*Айтматовду алган алар энчилеп.*
*Компоюшуп, күлүп-жайнап турушат,*
*«Кимиңер бар, урматтаган бизчилеп»...*

*Бир жагынан башкырт, татар жаалашып,*
*«Биздики» – деп Айтматовду талашып,*
*Ар кимиси көкөлөтүп көтөрсө,*
*Калат экен бардыгына жарашып.*

*Француз, испан, араб жана кытайлар,*
*Япон, орус, поляк менен голланддар,*
*Швед, фин, венгер, еврейлер,*
*Англис, кореец, чех, немистер...*

*«Айтматовду биздики» – деп санашып,*
*Кыргызымды турса барктап, баалашып,*
*Арман жоктур, арманыбыз эмнеде?!*
*А биз болсо отурабыз кармашып...*

Алма-Ата–Бишкек–Балыкчы, 30–31-октябрь, 2009-ж.

**P.S.:** *Рух дүйнөнүн Асманында Алп жатат,*
*Адамзаттын Ааламына үн катат:*
*«Күн сайын Адам болуу абдан кыйын...»*
*Уктап жатат, уктап жатат – Таң атат...*

# *Аппак Таңсыз, таң шооладан ойгондум...*

*Көптөн бери тартып жүрдүм убайым,*
*Сизсиз өткөн күндү эстеп чубадым.*
*Бүгүн болсо таң шооласын чачкансып,*
*Түшүмө Сиз кирдиңиз деп кубандым.*

*Сүйлөп жатсам суроо салып тактайсыз,*
*Көңүл кушун көтөрүңкү таптайсыз.*
*«Айтматов – жаштар» деген форумга,*
*«Катышам» – деп, макул болуп жактайсыз.*

*Ойлоп коём: «Жакшы болот турбайбы,*
*Акыл айтып, сонун маек курбайбы!*
*Кол тамга да Айтматовдун белеги,*
*Жаштар келип, колун берип сунбайбы!»*

*Карашыңыз жандүйнөмө дем берген,*
*Отурабыз, убакыт бар эң кенен.*
*«Качан болот, Кайда болот?» – суроого,*
*«Туулган күндө – декабрда...» – жооп берем.*

*Тамашалап, күлүп анан калдыңыз:*
*«Чогулалы, биздей чалдар баарыбыз*
*Өзгөрүлүп, артка жылып кетпейби?!»*
*Дегениңиз, ойго бизди салдыңыз.*

*Ойлоп коём: «Агай унутуп калганбы,*
*Мен өткөргөн нечен кече жалганбы?!*
*Алтымыш да, жетимиш да жылдыктар,*
*Эсинде жок... карылык да алганбы?!»*

*Кызык түшүм – жомок сымал кыш экен,*
*Кийгениңиз жылуу тери тон экен.*
*Кезигүүбүз китеп саткан дүкөндө,*
*Балким, үшүп жатасызбы, суук бекен?!*

*Китеп дүкөн, келгендер көп карашат,*
*Сиз менен бир сүрөт түшүү самашат.*
*Мурдагыдай четте калам азып да,*
*Окурмандар колтуктташат, жанашат.*

*Чагылышып тик караган көзүбүз,*
*Кайра анан уланаарда сөзүбүз...*
*Аппак Таңсыз, таң шооладан ойгондум,*
*Жолугаарбыз дагы бир жол өзүбүз...*

Бишкек,
20-ноябрь, 2009-жыл.

***P.S.:*** *Бүгүн, 20-ноябрда, Роза Төрөкуловна Айтматова менен бирдикте Би-Би-Си телепрограммасында Чыңгыз агайдын чыгармаларынын Батыштагы, дүйнөлүк адабияттагы орду, кадыр-баркы, аброю жөнүндө маек курдук. Агайдын Би-Би-Синин Лондондогу штабына баргандагы сүйлөгөн сөзүн угуп, толкунданып кеттим...*

## *Айкөлсүз да, Айкөлүңүз Ааламдай...*

*Аманчылык каалоочусуз баарына:*
*Эльтуранга, Мединага, жарыма!*
*«Айланайын, ананайын балдарым»,*
*Дегениңиз турчу эле го жаңыра!*

*Бакыт-таалай кааладыңыз дайыма,*
*Кубанычтан маңдайыңыз жарыла!*
*«Айланайын, ананайын балдарым»[1],*
*Кат жаздыңыз жандүйнөдөн жалына!*

*Балдарым да ооруп калса түйшөлүп,*
*Ичиңизден кайгы тартып бүктөлүп.*
*Алтындан да убакытты аябай,*
*Ишибизди доктурлардан бүткөрүп[2].*

---

[1] Агай жазган каттан: «Мелис айланайын! Аман-эсен жатасыңарбы? Эльтуран, кичинекей бөбөк, Диля, апаң баарыңар сак-саламатта болушуңарга мен тилектеш. 18-октябрь, 1991-жыл. Цюрих шаары».

[2] 1990-жылы 7-ноябрда Эльтуран кептөр оорусу менен ооруп калганда Москва убактысы боюнча түнкү саат 12де агайга телефон чалып, агай Москвадан Бишкекке министр Исмаиловго телефон менен кайрылып, өмүрүн сактап калган эле. Ошондо мындай саптарды жазган элем:

... Агай чалып тынчыбай,
Тилек айтат «Аманат...»
Анын сөзүн укканда,
Жүрөк бир аз жай алат.

Чыкем койгон атыңдан,
Айланайын жытыңдан...

7-ноябрь, 1990-жыл.

*Эсимде тур, текши ойлоп бар жагын,*
*Күнү-түнү сурап турган ал-жайын.*
*Бишкек жактан табылбасын билгенсип,*
*Дары-дармек Москвадан салганын.*

*Телефондун жаагы тынбай ар дайым,*
*Кызыкчусуз Мединанын жагдайын*[1].
*«Билесиңби, атыңды ким койгонун?!»*
*Сылоочусуз Эльтурандын маңдайын...*

*Өмүргө Сиз кароочусуз кубанып,*
*Эльдар, Ширин, Эльтурандар уланып.*
*Жандүйнөдө кыйнап келет бир суроо:*
*«Капысынан калдыбы деп ууланып?!»*

*Уландыңыз жандүйнөдө баарынан,*
*Көзүн арткан адамдардан, замандан.*
*Өйдө туруп пенделиктен, жамандан,*
*Көз чаптырып турасызбы Ааламдан.*

*Туулган күн да келет улам жакындап*[2] *,*
*Өтөөр жылдар ондоп-жүздөп закымдап.*
*Баркты билээр окурманда санаа көп,*
*Рух ыйыгы кетпесе деп алыстап.*

*Шылтоо издеп ысым бербей көчөгө*[3]*,*
*Чиренишет чиновниктер көпкөнгө.*
*Асман, Айды тиреп анан тургансып,*
*Өчөгүшүп өлүм менен өткөнгө.*

*Тирүүлүктүн баркын билбей, кеч билип,*
*Ойго батам сөзүңүздү эскерип.*
*Заман эмне, баратабы бузулуп?!*
*Сиз жөнүндө айтса сөздөр текшерип...*

---

[1] Кызым Медина 2008-жылы январда операцияга жатып калганда агай аябай капа болуп: «Москвага жиберем, тааныштар бар, өзүм айтып коём» – деп тынчсызданып, күнүгө эки-үч жолу телефондон сурап турган эле.

[2] Агайсыз 2008-жылдын 12-декабрын, туулган күнүн тостук, 2009-жылдын декабры жакындап келе жатат.

[3] Газетадан мындай пикирди окуп калдым: «Айтматовдун атын коюуга мыйзам жол бербейт».

*Калыгулдар айткан заман ушубу,*
*Кошоматчы, эки жүздүү, кутумбу?!*
*Ичип-жеген, тартып алган көбөйүп,*
*Ак ниеттен эмгек кылган тутулду!*

*Бүгүн жаздым Нобель сыйлык берилген*[1] *?*
*Саясаттын азабынан чийилген.*
*Айкөлсүз да, Айкөлүңүз Ааламдай,*
*Президент Горбачев да ийилген.*

*Сырыңызды сактап ичте жүрдүңүз,*
*Бирөө үчүн сыйлыктан да күйдүңүз*[2]*.*
*Айкөл болуп баарына да Манастай,*
*Ынтымакты, элди-жерди сүйдүңүз.*

*Элиңиз тынч, жашоосу бар оордогон,*
*Үмүтү күч, үзүлүп эч койбогон.*
*Пенделердин алкы улам бузулуп,*
*«Тобоо» кылып, токпейилге тойбогон.*

*Элесиңиз калган экен майдагы*[3] *,*
*Күн да бүгүн өтө сулуу таңдагы...*
*Өзүңүз жок куттуктоочу ар дайым,*
*Айт да келди, тирүүлөрдүн майрамы*[4]*.*

*Бардык Сизге, Ата-Бейит тарапка,*
*Кар кымкарлап айлана бир таптаза.*
*«Айланайын, ананайын балдарым»,*
*Жаңыргансыйт үнүңүз да дапдаана!..*

Бишкек, Ата-Бейит.
26–27-ноябрь, 2009-жыл.

---

[1] «Аалам» газетасына 26-ноябрда, «Чыңгыз Айтматовго Нобель сыйлыгы берилген, бирок...» деген темада интервью бердим.

[2] Ошол маекте Нобель сыйлыгы СССРдин Президенти М.Горбачевге тынчтык үчүн шашылыш берилип кетип, адабият боюнча Айтматовго берилүүчү сыйлыктын чечими өзгөрүлүп кеткендигин айткан элем. СССРден эки кишиге бир убакта берүүгө мүмкүн эмес болчу.

[3] Агайды акыркы жолу май айында көргөм.

[4] 27-ноябрь Айт күнү эмеспи!..

# Суук тийбесин тосуп тураар Ала-Тоом...

*Убакыттар өтүп келет токтобой,*
*Ишене албай, али жүрөм жоктобой.*
*Кечирициз, бир аз жумуш кармалып,*
*Ата-Бейит... баралбадым бошобой.*

*Айтчу элеңиз: «Кызмат кылгын элиңе,*
*Жаштыгымды кетти дебе, кейибе.*
*«Манас» эпос жана дагы башкалар,*
*Күтүп турат өмүрүңдө – кебелбе».*

*Накыл сөздү келем улам аткарып,*
*Барат окшойм курбулардан бат карып.*
*Бирок Сиздин бир ооз гана сөзүңүз,*
*Жандүйнөмдө нурун чачат бүт жанып.*

*Сиз барктаган «Манасыңыз» баркталбайт,*
*Көзүңүздүн тирүүсүндөй даңкталбайт.*
*Кетти «Манас» кыргыздардан Кытайга,*
*Тарых бетин канча жууса акталбайт.*

*«Манас» – дедим Сизди туурап мен дагы,*
*«Ачылар» – деп китеп болсо Рух жаны.*
*Кечээ күнү бийлик тарап кат жаздым,*
*Сизди кошуп, «угулаар» деп арбагы.*

*Айтып келем Өзүңүзду жан-жанга,*
*Сиздин ысым берер бизге жардамга.*
*Маңкурт болуп калышпаса ойлоноор,*
*Рух азыгы керектигин жаштарга.*

*Ушул өңдүү себептерден бошобой,*
*Жүрдүм окшойт – Өзүңүзгө жолобой.*
*Өзүңүздөн кабар келип жаткансыйт:*
*«Ишиңди кыл, мен жөнүңдө ойлобой...»*

*Кандай жансыз, боорукерсиз, эстүүсүз,*
*Баарын байкап, маани берип, эрктүүсүз.*

*Карап турсам сүрөтүңүз жылмаят,*
*Кандай гана акылдуусуз, көрктүүсүз...*

*Эх, дүнүйө, неге мынча тарсың сен,*
*Бирде соолуп, бирде гүлдөөр талсың сен.*
*Чындыгы да, жалганы да аралаш,*
*Кээде ачуу, кээде таттуу балсың сен.*

*Касиеттүү Теңиримдин Асманда,*
*Күн да чыгып, Ай да керек батканда.*
*Тирүүлүктүн улуулугун көрсөтүп,*
*Рух жарыгы зарыл таңдай атканга.*

*Касиеттүү Арбак турса – сыноо бар,*
*Адам уулу, адам бол! – деп суроо бар.*
*«Манас баба, Чыңгыз ага тартсын» – деп,*
*Наристенин бешенесин сылоо бар.*

*Билебиз биз – Сиздин дүйнө берешен,*
*Сиз менен мен ар убакта кеңешем.*
*Айтматовдой атагы бар кимиси,*
*Боордошторго сыймык күтүп мелдешем.*

*Кудай буйруп, тагдырларда беттешип,*
*Жолубуз бир – жыйырма жылдай кездешип.*
*Көрбөй калсак телефондон издешип,*
*Сагынчу элек кездешүүнү дегдешип.*

*Оо, ошондо көрктүү болчу Жандүйнөм,*
*Жок болду го алдыңызда бир күнөөм.*
*Майрам болчу, салтанатка бөлөнчү,*
*Мээрим төгүп мейман кылса үй-бүлөм.*

*Жатасызбы, кышты күтүп чыкыроон,*
*Күчөп барат ички туйгу, санааркоом.*
*Кыш да быйыл катуу болот өңдөнөт,*
*Суук тийбесин тосуп тураар Ала-Тоом.*

*Күтүп келдик, кабырыңыз жабылбайт,*
*Аккан суудай каражаттар табылбайт.*

*Көрө албастар ушунчалык көп беле?!*
*Арбактарга тоскоол кылган жарыбайт.*

*Эх, дүйнө ай, кызыксың ээ, таң калам,*
*Пенделерге үстөм кылып жайнаган.*
*Билбей калдым кимиси ким экенин,*
*Балким, көптүр өз сөзүнөн танбаган?..*

*Кечээ күнү Сизге тизе бүккөндөр,*
*Ураалашып: «Айтматов!» – деп жүргөндөр*
*Кайда кетти, эмне болду унчукпайт,*
*Бирге басып, Сиз менен бир күлгөндөр.*

*Тагдыр деген ушундай деп ойлосок,*
*Жандүйнөлөр тоңуп калаар, оңбосок.*
*Кантип Сизди унутабыз билбеймин,*
*Адам эмес, маңкурт эле болбосок.*

*Эх, дүйнө ай, неге оома келесиң,*
*Чыркыратып Чындыкты да жеңесиң.*
*Кээде гана Акыйкатка болушуп,*
*Адилетти кайрып анан бересиң.*

*Ошол учур келээр бир күн күтөлү,*
*Майышпастан баш көтөрүп түтөлү.*
*Айтматовдун Айтматовчо баркы бар,*
*Парад кылып бир кезекте өтөлү...*

*Жумуштар көп, баралбадым бошобой,*
*Айтасыз Сиз: «Иштей бергин ойлобой...»*

Бишкек, 12.11. 2009-ж.

# Бушайманмын жамгыр жааса, кар басса

*Өмүрдөн Сиз өткөн күндү санасам.*
*Өмүрдөн Сиз кеткен күндөн талдасам,*
*Экинчи кыш келди дагы кычырап,*
*Кар жаап жатат Ата-Бейит карасам.*

*Тунарыктап Ата-Бейит көрүнбөйт,*
*Эмнегедир көңүл Сизге бөлүнбөйт.*
*Акыйкатсыз күндөр өтүп жатканын,*
*Эртең эле келечек да төгүндөйт.*

*Бороон-чапкын улугандай шамалдап,*
*Ички дүйнөм уйгу-туйгу алаңдап.*
*Бийлик тарап баары маңкурт болгонбу,*
*Сөгүү билбейм, сөгүп коём жамандап.*

*Аттиң десе, тирүүлүктө жүрсөңүз,*
*Кошоматтап күлөөр эле күлсөңүз.*
*Көлөкөдөй ээрчип анан илешип,*
*Аргасыздан башын салып үн-сөзсүз.*

*Көз ирмемден Сизди жакшы түшүнүп,*
*Астыңызга түшө калмак үзүлүп.*
*Азыр болсо ошол киши-маңкурттар,*
*Компоюшат жооп беришпей сүзүлүп.*

*Оюбузду чет чыгарбай камашып,*
*Сөөмөйлөрүн бизге карай такашып.*
*Чындык сөздү айтып койсок жан ачып,*
*Душман көрүп, жек көрүмчү санашып.*

*Ошолор да Сизди жандап жүрүшкөн,*
*Керек болсо жүзүңүздөн «сүйүшкөн».*
*Жара тартып кеткиси бар алардын,*
*Бөрү сымал топ-топ болуп үйүшкөн.*

*Ошондо Сиз Жаабарс өңдүү көрүнүп,*
*Сүрдүү тартып, ойго батып чөмүлүп,*
*Айкөлсүз да, Айкөлүңүз бөлүнүп,*
*Каршы турбай, мээримиңиз төгүлүп.*

*Жаабарс өңдүү сүрүңүзгө даай албай,*
*Жүрүшчү эле көлөкөдөй эч калбай.*
*Ак санаган адамдар да саналуу,*
*Акыйкаттуу айткан сөздөн эч танбай.*

*Дүйнө келген өзүн өзү тазартып,*
*«Алга» деген үмүт менен жашартып.*
*«Ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей,*
*Баркталасыз, чет элдердей бааланып...*

Бишкек,
8-январь, 2010-ж.

***PS.:*** *Бушаймандын жамгыр жааса, кар жааса,*
*Бушаймандын билермандар тим жатса.*
*Ата-Бейит күңгүрөнөт, томсорот,*
*Арбактар тур бизди карап: «Так айтса...»*

# Түш

*Бүгүн да Чыңгыз агай түшүмө кирди. Агайдын түшүмө киргендиги жөнүндө ырларымда бир нече жолу чагылдырып жазган элем. Бул жолу түшүмдү кара сөз түрүндө жазып коюуну туура көрдүм.*

*Агай менен окурмандардын жолугушуусу болуп, институттун кызматкерлери Айнура, Малина, Сауле кол тамга алганы кезекте турушуптур.*

*Эл өтө көп экен, ар биринин колунда беш-алтыдан китеп. Агай болсо баарына шашпай кол тамга берип жатат. Окурмандардын аягы суюлуп калганда мен да барып, узун бир газетага жарык көргөн макаласын, кол койгон кол тамгасын жана жаш кезинде келишимдүү түшкөн сүрөтүн көрсөтүп жатыптырмын. Агай газетаны карап, сүрөттөгү капкара чачтарына суктанып, жанданып жаткандай. «Кол тамганы өзүмө эмес, башкага деп сурайын» – деп ичимен ойлоп коём. «Кимге дейм?! Анткени кол тамга жөнүндө бир кездерде сөз болуп: «Кол тамга алышпай эле коёлучу, биз андан да жакындардан эмеспизби дебеди беле?!» – деп бушаймандын. Менин ички дүйнөмдү дароо окугансып, газетанын төмөнкү бир топ актай жерине: «Мелиске!» – деп бадырайта жазып койгонуна көзүм чалдыга түштү. Кызыгып: «Дагы эмне деп жазар экен» – деп байкаганга аракеттенсем, укмуштуудай бир келишкен куштун сүрөтүн бир заматта тартып жибергенин көрүп калдым. Куш болсо азыр эле учуп кетчүдөй болгон – бирде ак кептерге, бирде бүркүткө окшошот. Мен болсо агайды карап эле жалдырап калыптырмын. Окурмандар тарап, биз бирге басып, институттун мен иштеген бөлмөсүнө киребиз. «Ии, агай бөлмөдөгү бет маңдай дубалда илинген өзүнүн сүрөтүн көрсө эмне дээр экен» – деп толкунданып коём.*

*Сүрөт агайды карап жылмайып тосуп турат. Агай жогору өтүп, терезе тараптагы гүлдүн жанындагы отургучка отура кетет. Агайга сейфтин үстүндө турган экөөбүздүн сүрөтүбүздү көрсөтөйүн десем, сүрөткө эмнегедир жарык жетпей, тумандап көрүнбөйт. Барып карасам жанындагы лампочка күйүп кетиптир. «Агай, Сизге арнап «Таазим» деген аталыштагы ырлар жыйнагымды чыгардым» – деп текчедеги китепти берип жатыптырмын. Агай барактарын ачып окугандай. Анан мен жанына барып калсам, агай кыргыздын улуттук оюусу түшүрүлгөн килемге отуруп: «Темир ооз комуз барбы?!» – деп сурап, өзүнүн башынан өткөргөн турмуштук кыйынчылыктар тууралуу, ёлканын сүрөтүн тартып, анын башында жаркыраган беш жылдызга кантип жеткенин айтып, кеңеш берип жатыптыр...*

17-январъ, 2010-ж.

## Мончок жаштын эмне эле жандырмагы

*Ыйлаптырсыз, эмнеге ыйладыңыз[1],*
*Жандүйнөнү эмнеге кыйнадыңыз.*
*Адамзат тагдырына кейий берип,*
*Ааламдын алкагына сыйбадыңыз.*

*Көзүңүздөн жаш неге акты экен,*
*Сырыңызды бирөөлөр тапты бекен?*
*Чабалекей чырылдап турган өңдүү[2],*
*Өмүрдүн терезесин какты бекен?!.*

*Мончок жаштын эмне эле жандырмагы,*
*Шурудай тизмегинен чачылганы.*
*Сыртыңыздан жаркырап турган менен*
*Билинбептир кайгынын катылганы.*

---

[1] Белгилүү кинорежиссер Болот Шамшиев экөөбүз (2008-жылы, 14-июнь) Чыңгыз агайды акыркы сапарга узатканда автобуста бирге отуруп, Ата-Бейитке жөнөп калдык. Ошондо Болот ага Чыңгыз агайдын жыйырма күндөй мурун ыйлаганын мага айтып калды. Бирок Болот агадан: «Эмне үчүн?» – деп суроого учурунда мүмкүнчүлүк болбоду. Ал күнү биз Чыңгыз агайдан айрылып, жандүйнөбүз бөксөрүп армандуу элек... бүгүн эмнегедир ошол учур эсиме келе калды.

[2] «Тоолор кулаганда» романында автордун чабалекейи баш каарманы Арсен Саманчинди жамандыктан сактоо үчүн белги берет эмеспи...

*Баары ойлошчу Айтматовдо арман барбы?*
*Чыгармасы түбөлүктүү өлбөс жанбы?!*
*Жандүйнөңүз аска-зоодой турган менен,*
*Качуу кыйын турмуштан айла барбы?!*

*Тоскоолдук, жолтоолордон сынбадыңыз,*
*Душманды да адал санап, кыйбадыңыз.*
*Табышмак бойдон мага кала берет,*
*Ыйлаптырсыз, эмнеге ыйладыңыз?!.*

Бишкек, 16-февраль, 2010-ж.
Улуттук илимдер академиясында өткөн
Кара-кыргыз автономиялуу областынын
85 жылдыгына арналган конференцияда жазылды.

*Эссе*

Санарбек
КАРЫМШАКОВ



# ЧЫҢГЫЗ АГАНЫН АУРАСЫ

Бир кезде Ч.Айтматовдун устаты Т.Сыдыкбековдун мындай дегени бар эле: «Тоо бийиктеп, тоо улана берерин Чыңгыз өзү аныктады. Аз жыл аралыгында кыргыз адабиятынын даңкын дүйнөгө чыгарган Чыңгыз бүгүн Баатыр. Ушундан тоо уланат. Тоо бийиктейт. Аны улаган, аны бийиктеткен Чыңгыздай баатырларга урмат!»

Ооба, Чыңгыз Айтматов кыргыз адабиятын башка бир бийиктикке көтөрдү. Анын калеминен жаралып, дүйнөнү дүңгүрөткөн көркөм сөз дөөлөттөрү азыр жалпы адамзаттын энчиси болуп калды. Улуу калемгер көп кырдуу инсан, коомдук-саясий ишмер, публицист, дипломат, эң негизгиси – даңазасы таш жарган улуу сүрөткер эле. Ушундай көп кырдуу инсандын, улуу калемгердин 80  жылдык юбилейи 2008-жылы көп өлкөлөрдө кеңири белгиленип өттү.

Ошентип, улуу тоолор менен айдың талаалардын ашкере улуу чыгармаларын жаратып, дүйнөлүк адабият менен көркөм өнөрдүн нукура, тунук классиктеринин дөө-шааларынын алдыңкы катарынан орун алып, «түбөлүк оттой» жанып калган Чыңгыз Айтматовдун мурастары да түбөлүк кыймылдаткыч күчкө ээ экендигин мындан ары катаал мезгил сыны өзү да тастыктай бермек.

---

**КАРЫМШАКОВ Санарбек** *Жумгал районунун Базар-Турук айылында туулган. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Ал адабиятчы, сынчы, котормочу, окумушту катары кыргыз журтчулугуна кеңири маалым. Адабий сын жана адабият таанууга арналган ондон ашуун китептердин автору. А. Чеховдун, К. Симоновдун, С. Цвейгдин, Л. Кассилдин ж.б. көптөгөн жазуучулардын чыгармаларын кыргызчага которгон.*

*Филология илимдеринин кандидаты, профессор. Бишкек шаарында жашайт.*

Ал адабият майданына «чу» деп аттанып чыккан кезде эле дароо аргымак атка мингендей шайдоот, чапчаң жүрүш салып, көздүн жоосун алгандай «жарк» этип келиптир. Мындай таалайга, тагдырга кез келгендер дүйнөлүк алкакта да өтө эле сейрек кездешет экен.

Бактыбызга жараша Чыңгыз аганын алгачкы шилтенген адабий кадамынан эле андан кийин тулпар чыгарын кыргыздын дагы бир улуу сынчы уулу Кеңешбек Асаналиев тээ 1956-жылы Жазуучулар союзунда аңгеме жанры боюнча жасаган докладында жаземдебей байкаган экен[1].

Азыркы учурда дүйнөлүк алкакта арааны жүрүп жаткан Айтматов таануу илими мына ошондо башталган...

Ч.Айтматов кыргыз адабиятына өтө сейрек кездешчү көрүнүш катары келип, ар бир чыгармасы менен өзүнүн кайталангыс талант экендигин айныксыз далилдеп, бара-бара күүсүнөн жанбай күч алып, дүйнөлүк адабий космос мейкиндигине түптүз атылып чыккан кубаттуу ракетаны элестетет. Акыры ал көркөм сөздүн нукура чебери гана эмес, өзүнүн даанышмандыгын, акылмандыгын көркөм сөз менен гана айтып бере алчу философ, нукура академик катары дүйнөлүк интеллектуалдардын тандалма командасынын курамынан орун алып, ар кандай диндеги, ар кыл курактагы, ар түстөгү адамзаттын акыл-кеңешчиси Айтматовго айланганы үчүн жеке эле биз, кыргыздар эмес, жалпы эле адамзат сыймыктанууга акылуу. Айтматовдун аурасы ошондой... Өткөн кылымдын соңунда «Ысык-Көл форуму» деп аталган мурда эч качан болуп көрбөгөн уюмду уюштуруп, чек аралардын тоскоолдуктарын бузуп, бир дасторкон четинен шерине даамын татытып, дүйнөнү жаңы согуш алааматынан аман алып чыкканынын өзү деле Чыкебизди ошондон тарта ого бетер бараандуу, көзгө толумдуу, Манас атасындай алп катары көрсөтүп бербедиби!

Ч.Айтматовдун чыгармасын окугандар ага тынымсыз кат жазышып, аны менен көрүшүүгө куса болушуп, жолуккан кыргызстандыктардан: «Сиз Айтматовду көргөнсүзбү? Сүйлөшкөнсүзбү? Кандай бактылуусуз!» – деген сыяктуу суктануу-кысганычтарын билдиришкен учурлары көнүмүш адат болчу. Ал дүйнөлүк алкакта жалпы эле түрк тилдүү элдердин паспорту болуп калган кайталангыс ойчул сүрөткер экендиги айрыкча соңку жылдарда аксиомага айланган эле... Аны не бир акылман адамдар «Жогортон келген адам», «Өзгөчө адам» деген эч жерде жок, эч жерде мыйзамдалбаган наамдар менен аташып, андан акыл-кеңеш суроого ашыгып, кезек күтүшчү дешет. Жөн эле утурумдук маселелер же болбосо адабият, искусство маселелери боюнча эле эмес, а дүйнөлүк көйгөйлүү маселелер тууралуу «Канткенде адам баласы адам боло алат?», «Канткенде адамча куунак жашай алабыз?» деген сыяктуу

[1] *Асаналиев К.* Доор менен бирге. – Ф., 1981, 199 – 205 - бб.

жалпы адамзаттын уйкусун төрт бөлгөн түбөлүктүү маселелер жөнүндө дартына даба-дары издешкендей кайрылышчу тура. Буга жазуучунун көп өлкөлөрдөгү миңдеген окурмандары менен өткөргөн жолугушууларынын материалдары күбө. Анын бири катары Ч.Айтматовдун немис шериги Фридрих Хитцердин айтканына таянсак, андай учурларда миңдеген орундуу залдарга эл батпай, тикесинен тик туруп, жерге отуруп да калышчу экен. Ал эми интервью алышканы келген массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү канча?

Ошондой жолугушуулар нечен ирет болгонун канагаттануу менен белгилеп келип, немис Айтматовчу мына мындай кызыктуу оюн билдирет: «Насколько я знаю, у нас в Германии никто из живых писателей не может рассчитывать на подобное, долголетнее продолжительное воздействие на читающую публику, от больших городов до сельской провинции. Айтматов занимает свое стабильное место среди тех, для кого литература – своего рода хлеб насущный, что свидетельствует о глубокой народности и универсальной философичности Айтматова, которые интересуют читателей разных стран»[1] .

Андай чөйрөлөрдөгү аңгеме-дүкөндөрдө берилчү суроолор кандай олуттуу, канчалык терең, дүйнөлүк мааниси бар маселелерге байланыштуу болорлугун эске алсак, ага берилчү жооптордон да ошончолук даанышмандык талап кылынат эмеспи. Айтматов андай акылмандыктын тунук катмарларын өз турпатына сиңирген өзгөчө «компьютер» болгондугун анын орошон ойчул жооптору алаканга салгандай тастыктап келет. Анын дагы бир айкын күбөсү – ХХ кылымдын улуу философторунун бири, япон ойчулу Дайсаку Икэда менен болгон маегинен куралган китеп — «Рухтун улуулугуна ода» («Ода величию духа»).

Акыл-эстин бул эки гиганты курган ал аңгеме-дүкөндө рухтун улуулугуна үстөмдүк берилмейин адам майдаланып, көр тириликтин, көр оокаттын кулуна айланып, жандүйнөсү жакырланып кетээри, бул болсо акыры келип, чоң катастрофага алып келээри тууралуу ойлор улам тереңдетилип, кемелине келип отурат. Биздин коом азыр бири-биринин айткандарын укпаган дүлөй-дудуктарга окшошуп калбас үчүн өткөндүн сабактарын окуп, өздөштүрүп, азыркы учурду булгабай, акыл-эстүүлүк менен таза тутуп, келечектеги урпактардын алдында жер карабагандай болуп, аларга таза өткөрүп берүү үчүн маданият, рух маселесине айрыкча көңүл буруу керектигине басым жасашат. Бул болсо азыркы адамзаттын бардыгы бир кишидей бир тилекте, бир максатта болуп, жүзөгө ашырылчу номер биринчи маселе экендигине коңгуроо кагышат.

---

[1] *Хитцер Фридрих.* Чингиз Айтматов и его немецкоязычная аудитория // Литературный Кыргызстан, 1998.№3.29-б.

Чыңгыз агабыздын дүйнөлүк дүбүртү бар акын Мухтар Шаханов менен курган аңгеме китебинде («Плачь охотника над пропастью (Исповедь на исходе века») да, китептин аты айтып тургандай эле, кылымдын кыйырындагы бышып жетилген маселелер кынабына келтире талдоого алынып, анда адам баласынын азыркы учурдагы жоопкерчилиги, милдеттери менен максаттары, планетанын ден соолугу үчүн көрүүгө тийиш болгон камылгалары жөнүндө канаттар кагылат.

Эң башкысы—аталган маек-китептерде Чыңгыз Айтматовдун тарых, эне тил, ата мурасы, рух дүйнөсү, өткөн учур, азыркы мезгил менен келечектин диалектикасы, адам ыйманы, адеп-ахлак маселелери тууралуу ойчабыттары дүйнөлүк улуу ойчулдардын концепциялары менен үндөшүп, аларды тереңдетип, жаңы кылымдын бийиктигинен жаңырып, жетектөөчү күч болгондугунда.

Академик Р. Рахманалиевдин маалыматы боюнча өткөн кылымдын дагы бир улуу философу А.Ф.Лосев Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын өтө баалачу экен да, аны космикалык ой-жүгүртүүчү адам, мурдагылардын, ошондой эле азыркы муундардын көркөм изденүүлөрү, каалоолору, умтулуулары, эргүүлөрү жана жаса баскан учурлары бир анын бүткөн боюна сиңирилгендиктен, аны караан тутуп жазышат деген пикирин билдирип, Айтматов боюнча жазам деп да жүрүп, ага үлгүрбөй кеткен экен[1].

Айтматовдун көркөм дүйнөсү менен социалдык-саясий, маданий-эстетикалык маселелер боюнча айткан философиялык-публицистикалык, теориялык ойлору сейрек кездешчү шайкештиги, гармониялуулугу менен ар бир адамдын, ар бир муундун стол үстүнөн түшпөс окуу китебине небак айланган. Анткени ал китеп акылмандуулуктун, арууулуктун эң жогорку сорттогу ширесине сугарылган күлазык.

Кезинде Москвадагы «Элита» журналынын башкы редактору Александр Федотов менен жооптуу секретары Виктор Широков Чыңгыз Айтматов менен болгон маегин: «Чингиз... как много в этом слове для сердца русского слилось!»[2]–деп аташканы өтө символикалуу экендиги бизде ыраазычылык сезимин пайда кылбай койбойт. Мында «Москва... как много в этом слове для сердца русского слилось!» деген орус элинин канаттуу ыр сабындагы «Москва» сөзүнүн Чыңгыз агабыздын атына транслитерацияланышында опол-тоодой сыр камтылып жатат го! Анткени Чыңгыз Айтматов кыргыз адабиятынын гана эмес, орус адабиятынын да классиги аталганына көп болгон... Жана да ал азыр дүйнөлүк адабияттын классиги. Анын чыгармалары дүйнөнүн 127 өлкөнүн элдеринин тилдерине которулуп, кеңири таралып окулуп жаткандыгы жагынан орус

---

[1] *Рахманалиев Р.* Жизнь, равная Вселенной // Литературный Кыргызстан, 1998.№3.46-б.

[2] Элита, – М., 1995, №10

адабиятынын «арстаны» Лев Толстой менен бир катарга чыгып, өлбөстүккө айланып калганы – кылым карытып келаткан кыргыз элинин ырысы, бактысы...

Баарыдан да анын чыгармаларынын негизинде искусствонун ар түрлөрү боюнча жаңы-жаңы чыгармалар дүйнөнүн көп жерлеринде жаралып, аларды жараткандар көптөгөн мартабалуу сыйлыктардын ээси болуп калып жатышкандыгы – анын феномениинин өзгөчөлүгүнүн, «сыйкырдуулугунун» айгинеси эмеспи. Буга Айтматовдук маарекелерде өткөрүлүп келаткан көптөгөн даңазалуу фестивалдар күбө.

Ала-Тоонун аскасынан аалам алкактарына шаңшып үн салган мына ушундай улуу Адамдын балалык күндөрүнө, тек-жайына да маалыматтарга таянып, бир серпилип өтүү ыңгайы келип турат. Анткени мындан ары Чыңгыз агабыздын өмүрүнө байланышкан кыпындай маалымат болсо да, ал биз үчүн кымбат баалуу таберик болуп кала бермек.

Чыңгыз агабыздын таятасы Абдувалиев Хамза Хасан уулу 1840-жылы Казань шаарында туулуп, 92 жаш жашап, 1932-жылы Пржевальскиде каза болгон экен. Ал адам өткөн кылымдын 50-жылдарында бир туугандары менен Орто Азияга сапар тарткан кербендерге кошулуп келип, Көлдүн Ак-Суу аймагына турукташып калат. Ошондон тартып ал өз заманынын ишкер адамы, бизнесмени катары Каракол чөлкөмүнүн коомдук, саясий, маданий, өнөр жай турмушунун өнүгүшүнө салым кошуп, жарды-жалчыларга жардам берип, бат эле кадыр-баркка ээ болот. Бул тууралуу «Жети-Суу областтык ведомосттору» гезити да атайын жазып чыккан. Ал адамдын ишкердиги жөнүндөгү ошондой сейрек кездешчү материалдар менен биздин эле тарыхчылар эмес, Германиянын Бонн университетинин түркология факультетинин кызматкерлери да келип таанышып, таңданып кетишкен жерлери бар. Хамза аба 1905-жылы Караколдогу Базар көчөсүнө (азыркы Токтогул көчөсүнө) «Мануфактура» деген дүкөн-канторасын ачат. Дүкөндө иштегендер үчүн чоң үй да салдырып берет. Дүкөн комплекси кампа-сарайлары менен алты келишкен үйдөн турган. 1925-жылы бул дүкөндү Совет өкмөтү эч негизсиз тартып алып, клубга айландырып салат. Хамза абанын 1907-жылдагы эле мүлкүнүн баасы 2.120 алтын сом болгон экен. Эми ал кездеги алтын сомдун баасы бир топ эле болсо керек... Үй-бүлөсү өсүп бараткандыктан, 1909-жылы 3.800 сомго үй сатып алып, аны да кеңейтип курат. 1913–1915-жылдары булгаары заводун, галантереялык товарлар, жүн, май, боёктор сатылчу бир нече дүкөндөрүн курдурат. Жубайы Азиза-Бану апай экөө 8 балалуу болушат. Хамза абанын экинчи уулу Сабир өтө талантуу чыгып, Ташкенде дин мектебинен, Берлинден, Лейпцигден мал чарбачылыгы боюнча билим алат, кийин советтик мекемелерде ошол адистиги боюнча иштеп жүрүп, 1930-жылы колхоз уюштуруп, ошол эле жылы жалган жалаа менен камакка алынат да, 1934-жылы Наманган

түрмөсүндө атылып кетет. Хамза абанын балдары мусулман жана орус мектептеринде билим алышып, чыгыш жана батыш маданиятынын үлгүлөрү менен эртелеп тааныша башташкан. Үй-бүлөнүн сүймөнчүгү Нагима айым эле. Дуудардай чачы сеңселип, көздөрүнөн фосфордой жалын чачырап, тал чыбыктай ийиле бойго жеткен кезинде нечен-нечен менменсинген жигиттер даап сөз айта албай жүрөктөрүн мыкчып, онтогон бойдон отуруп калчу дешет. Ошондой күндөрдүн биринде Фрунзеден Пржевальскиге командировкага барып калган партиялык жооптуу кызматкер Төрөкул Айтматов экөө жолугушуп калып, тагдыр бул эки асыл жаштын көңүл куштарын биротоло бир туурга кондуруп бериптир.

Ушу жерден дагы бир даректүү маалыматка кайрылуу керек болуп турат. Өткөн кылымдын 50-жылдарынын аягында ал кездеги жаш акын-жазуучулар С.Жусуев менен Ч.Айтматов Жазуучулар союзу берген төрт бөлмөлүү квартирада үй-бүлөлөрү менен чогуу жашап калышат. Ошондой күндөрдүн бир күнүндө Сооронбай аганын жаш келинчеги Шааркүл эже Нагима ападан: «Төрөкул агай менен кандай таанышып, кантип үй-бүлө куруп калганыңызды айтып берсеңиз, апа!» – деп сураптыр. Ошондо Нагима апанын жүзүндө мээримдүү жылмаюу пайда болуп: «О, түгөнгүр десе, ошону да билгиң келген экен, анда айтса айтып берейин», – деп сөзгө кириптир: «Төрөкул менен мен кызматта таанышканмын. Аны менен мамилебиз бара-бара жакындап, акырында үй-бүлө куруу жөнүндөгү сунушун бир гана жолу эмес, бир канча жолу кайталап айтты. Бул маселеге ал олуттуу карарына толук ишенген соң, адамдын өмүрүндөгү бул эң маанилүү маселени өзүм жеке чече албасымды, алыскы Каракол шаарында турушкан ата-энеме айтып, алардын уруксатын алышым керек экендигин Төрөкулга билдирдим. Анда менден Караколго тезирээк барып келүүмдү өтүндү. Караколдо ата-энем, тууган-туушкандарым менен учурашып, эки-үч күн жүрдүм. Кызга энеден жакын жан жок эмеспи, сагынган энемдин койнуна жатып, ичтеги сырларымды жашырбадым. Төрөкул жөнүндө, ага баш кошуу жөнүндөгү оюмду бүт айттым. Энем менин айткандарымдын бардыгын төкпөй-чачпай атама жеткирсе керек. Эртеси бүт үй-бүлө түшкү тамакты чогуу ичип бүткөндөн кийин, атам: «Нагимадан башкаңар сыртка чыксаңар болот, мен сагынган кызым менен жеке сүйлөшөйүн» – деди. Атамдан сүрдөп, эмне кылар айламды таппай, денемди майда калтырак басканын сездим. Атам, апам, мен – үчөөбүз бөлмөдө жалгыз калган кезде, атам: «Нагима, – деди акырын чыккан коңур үнү менен, – апаң мага бардыгын айтты. Бойго жеткениң ушул, кызым. «Кыздын барар жери – күйөө» – дешет кыргыз туугандар. Күйөөгө чыгууга ниеттенип жатыпсың. Жактырып, каалаган адамың башка улуттан экен. Сен өзүңдүн купулуңа толгон, жакшы жигит болуу мүмкүн. Биз кыргыз туугандардын арасында жашап келе-

биз. Өзүң да ушу элдин ортосунда чоңойдуң. Апаң экөөбүз сенин күйөөгө чыгышыңа, жактырган жигитиң менен кол кармашып, бактылуу өмүр сүрүшүңөргө макулбуз, экөөңөргө ак бата беребиз. Сага бир гана суроом бар. Ошого өз оозуңдан жооп уккум келет. Кыргыздар тууганчыл калк болот. Тууганадарын аябай сыйлашат, урматташат. Бир бири менен катташып, учурашып турушат. Эрте-кечине карабай топурашып келе беришмей адаттары бар. Силердикине келген күйөөңдүн тууганадарын көңүлүң жарык бойдон жүдөбөй кабыл алып, сыйлап, меймандап, аларды ыраазы кылып узатып көнүүгө жарайсыңбы, кызым?» – деди атам. Мен атамдын сөзүнө кубанып, толкунданып кеттим да: «Ооба, атаке! – деп бетимди басып ыйлап жибергенимди өзүм да сезбей калыпмын. Ошондон кийин атам, апам экөө менин күйөөгө чыгышыма макулдуктарын, ак батасын беришкен. Анан биз Төрөкул агайың менен кол кармашып, үй-бүлө куруп, бирге жашай баштаганбыз», – деп Нагима апа Шааркүлдүн берген суроосун канааттандырган»[1]. Мына, тагдырдын кут түшүргөн таалайлуу бир тартуусу!

...Хамза абанын үйүнүн экинчи кабатындагы бир топ бөлмөлөрү меймандар, кыздар үчүн жасалгаланып, чоң бөлмө толо орнотулган столдун үстү жайдыр-кыштыр түркүн токочтордон, жашылча-жемиштерден, суусундуктардан, таттуулардан, аңкыган гүлдөр салынган вазалардан кайкалап турчу экен. Балдары чоңоюп, неберелүү боло башташат. Персиялык килемдер төшөлгөн бөлмөлөрдүн биринде кичинекей Чыңгыз кичинекей таякеси Фарид менен килем үстүндө ойноп жатканда түшкөн сүрөтү али сакталуу. Ошол күндөрү кичинекей конок Чыңгыздын бул үйгө келишин чоң майрам катары өткөрүшүптүр. Таякеси Сабир тал чыбыктан майдалап өрүлгөн колясканы белекке бериптир. Ал үйгө чогулган жаштар Габдулла Тукайдын, Пушкиндин, Лермонтовдун чыгармалары боюнча музыкалык кечелер уюштуруп, спектакль коюшуп, анда башкы ролду Нагима апай аткарчу тура. Төрөкул агабыз кайын журтунун арасында өтө кадыр-барктуу болуптур. Келген сайын кичинекей кыздарынын бири Фирдяюсь: «Жезде, тентек Чыңгызды мага белекке берип кетсеңиз» – деп талашчу экен. Анда жездеси: «Ой, сереңдеген секелек! Сен өзүң да бат эле чоңойчу. Ошондо сен да так ушундай тентек уулдуу болосуң. А азырынча жакшылап оку» – деп кутулчу экен. Кийин-кийин мезгилдер закымдап, Фирдяюсь Москвада Курулуш институтунда, бир тууган агасы Сагит Мустафин Москвада жашап, иштеп, Төрөкул жездеси болсо Кызыл профессура институтунда окуп, чогуу жүрүп калышат. Ошондой күндөрдүн биринде Төрөкул агабыз үч баласы менен Нагима апабыз Москвага келип түшөөр убакытты, өзүнүн колу карамача бошобой жатканын кайындарына айтып, аларды Казань бекети-

[1] *Жусуев С.* Мен билген Чыңгыз. – Б., 2008. 29–31-бб.

нен тосуп келип, үй-бүлөсү үчүн Москванын чет жеринен алып койгон батирге жеткирип келүүлөрүн өтүнөт. Ошентип, сагынышкан үй-бүлөлөр үчүн таттуу-шаттуу күндөр башталат. Институттан келгенден кийин Төрөкул агабыз уулу Чыңгызды көтөрүп алып, дүкөндөрдү кыдыртат. Конфеттердин ар түрүнөн жарым килодон сатып алып жатканда Чыңгыз атасынын мойнунан бекем кучактап: «Ата, сенин бул таттууларыңды мен өзүм эле жалгыз жеп коём. А үйдө коноктор көп да» – деп эскертиптир. «Жетпей калса, экөөбүз кайра дагы келебиз», – дейт атасы кубанып. Чыңгыздын ошол кезде тентектиги ашынып турган учуру экен, отургандардын баарына баш катырган суроолорду бере берип, шайларын оодарыптыр... Тилекке каршы, мындай бактылуу күндөр анча узакка созулбайт. Кыргызстанда ак ниет адамдардын колу-бутуна кишен салына баштаганы тууралуу борошо аралаш маалыматтар келе баштайт. Ошол 37-жылдын орто ченинде Төрөкул аганын Абдуракман Мусин деген жакын адамы ага Түркмөнстанга же Өзбекстанга качып кет деген кеңешин айтат. 1-декабрда камакка алынардын алдында Сагит кайнагасы да: «Төрөкул, сен институттан тез кет. Короодогу ажатканانын артынан чыксаң, эки ат чегилген араба күтүп турат. Үйүңө барбай, мен айткан жерге тез жөнө», – дейт. Буга Төрөкул ага аябай таң калып: «Сагит ага, кечирип койчу, кайсы күнөөм үчүн мен качышым керек? Чыккынчыга окшоп, окуумду таштап, качып кете албайм» – деп болбой коёт. Алардын минтип сүйлөшкөнүн НКВДнын төрт тыңчысы угуп турат. Сагит Мустафин менен Төрөкул Айтматов кыса-кыса кучакташып, бирибирине эсен-соолук тилешет. Көрсө, бул алардын түбөлүккө, акыркы жолу коштошуулары экен... Ал эми Сагит болсо тигил тыңчылардан Москванын ийри-муйру көчөлөрүнө салып, эптеп качып кутулат. Нагима апанын бир туугандары 1921–1929-жылдары үй-мүлктөрүн Совет өкмөтү тартып алгандан кийин көрүнгөн батирлерде баш калкалап жашап калышат. Төрөкул агабыз тигинтип камакка алынып, шейит болгондон кийин Нагима апа төрт чиедей баласы менен Таластагы туугандарында пааналап калат эмеспи. Согуш күндөрүндөгү көргөн азап-тозоктору өзүнчө. Кыштын кыраан чилдесинде жылаңач-жыртык күн өткөрүштү. Маркум Люция Айтматованын эскерүүсү боюнча ошондой күндөрдүн биринде айылдын аяк жагынан чоң куржун арткан эшек жетелеп, өтүк кийген бир узун бойлуу киши келатты. Жакындап келсе, бир тууган таякеси Абдулла экен. Ал күзүндө картошкасын сатып, жетим калган жээндерине, эжесине кийим-кечек, тамак-аш алып келген тура. Ал кезде «эл душманынын» үй-бүлөсүнө почта менен бир нерсе жиберүү эч мүмкүн эмес эле. Абдулла ага Фрунзеден Жамбулга чейин эптеп поезд менен жетет да, ал жерден жалган-чынды койгулаштырып отуруп, алыскы Жийдеге жол тартат. Оюнчук дегенди унутуп калышкан Люция менен Роза таякеси алып келген резинка жана жыгач оюнчуктар менен ойноп,

жыргап калышат. Чыңгыз менен Ильгиз кийимдерди талашып кийип жатышты. Бул жөнүндө Караколдогулардын эч кимиси билбептир. Баары жашыруун иштелген. Кийин Чыңгыз студент болуп калган кезде да Абдулла таякеси жашыруун каралашып турат. Деги кыйынчылык башка түшкөн кезде адамдар боорукер болушат окшобойбу. Бул да болсо катаал турмуштун бир сабагы...



*Жеңиштин 65 жылдыгына карата*

Раимжан
ЭГЕМБЕРДИЕВ

# ТОЛГОНАЙ АПА, УУЛУҢ КЕЛЕ ЖАТАТ!

## (Балдардын оюну менен турмуш чындыгы)

«Толгонай апа» дегенде миллиондогон адамдардын эсине Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонайдын элеси түшөрү талашсыз. Анткени улуу жазуучунун бул чыгармасында чагылдырылган Толгонай апанын бейнеси кыргыз элинде эле эмес, дүйнөлүк экинчи согуштун капшабына кабылган элдердин ичинде кайгылуу тагдырга туш болгон көптөгөн энелердин башынан өткөргөн турмуш чындыгы эмеспи.

Мындан 65 жыл мурдагы улуу жеңишке жетишүү үчүн ар бир айылдан канчалаган эр-азаматтар фронтко кетишип, алардын айрымдары ар түрдүү жаракат алып, майып болуп кайтышса, нечендери тууралуу «Согуш учурунда эрдик менен курман болду» деген кабарды билдирген кара кагаз келди, бир нечесинен такыр кат-кабар жок дайынсыз боюнча калышты... Жарадар болуп, майыптыкка кабылса да элине кайтканы, кээ бирлеринен кара кагаз келсе да кийин өздөрү аман-эсен келгени, анын ата-энесин, туугандарын гана эмес, бүт айылды кубанычка бөлөгөнү ал кездеги балдардын, т. а., азыркы улгайгандардын эсинен кетпесе керек...

Ооба, биз бала кездеги ошол жылдары кайратынан тайып, кайгыга батып: «Согуш бүттү, эңсеп жүргөн жеңиш күнгө жеттик. Эми согушка кеткен балам келээр бекен» – деп эртеден-кечке жол карап, эшигинде

---

**ЭГЕМБЕРДИЕВ Раимжан** *1940-жылы Оштун Өзгөн районундагы Ак-Терек кыштагында туулган.*

*Филология илимдеринин кандидаты. Тилчи, профессор. Илимий-педагогикалык багытта жазылган «XI класста фразеологияны окутуу», «Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер» ж.б. бир нече илимий китептердин автору. Бишкек шаарында жашайт.*

отурган далай аталар менен апалардын көз жашы дагы эле көз алдыбызда сакталып турат. «Сүйүнчү-үү, сүйүнчү-үү!» – деп минген атына удаа-удаа камчы басып, айыл аралай чаап келген кишинин үнүнөн соң, айыл ичи бир заматта топтолуп, келе жаткан жоокер кимдин баласы экенине карабастан, кубанычтын шарданы менен бакылдаша Түз-Бел жактан келчү араба жолго чыгышып, жоокердин карааны көрүнө элек болсо да, ал келчү жол менен утурлап жүрүп отурушканы кечээ эле болуп өткөндөй көз алдыма тартылат. Келген жоокерге учурашкандар арасынан: «Асылбекти көрдүңбү?», «Зулпукарга жолуга алдыңбы?», «Аттокурдан кабарың жокпу?», «Баягы сени менен бирге кеткен Акимбайдычы, ал кайда калды?», «Садыкты билбедиңби?» деген сыяктуу суроолорду жаадырышып, алардан бир кабар билчүдөй болуп аскерден келген жоокерди үмүттүү карашкандары канча...

Ошол жеңиш жылында Куршап районундагы Ак-Терек айылына келген жоокерлер менен учурашып жаткан биздин айылдыктардын дагы бир окуялары күнү бүгүнкүдөй эсимде. Бир жолу узун бойлуу, алп мүчөлүү, көкүрөгү орден-медалдарга толгон Жумагулов Сардал деген жоокер беш жыл бою согушта болуп, акыры аман-эсен келгенде, айыл тургундары жабыла чыгышып, айылыбыздын түштүк четиндеги Жумабайдын дөңүнөн да өтүп барып тосуп алышкан. Айыл ортосунун жогорураак четинде жайгашкан үйүнө жеткенче, аны айылдын жаш-карысы ороп алып, коштоп барышты. Назбү чоң эненин эшиги кеңири эле. Улгайгандар, фронттон майып болуп кайткандар, апалар келген жоокердин эки жагынан имерилише орун алышып, алардын артына кыз-келиндер, жаш балдар тизилишип, суроо-жооптор кызуу жүрүп жаткан. Ошол учурда, тамдын артынан озондоп бакырган бир аялдын үнү угулду. Карай салсак, Назбү чоң эненин күл дөбөсүндө бирде жыгылып, бирде туруп, үстү-башы чамбылала күл болгон Толгонай апа. Ага эки аял жүгүрүп жетишти да, колтугунан сүйөп келе жатканда, аскерден жаңы келген жоокер да аны бет алып барып кучак жайды. Толгонай апа аны мойнунан бекем кучактап, сөзү даана билинбей, бир нерселерди айтып, ыйлап жатты. Ортодо отурушкан Кожомкул аба менен Жусу аба аны араң сооротушту. Бери жак четте турган аялдардын бири: «Бечара апа, айнып калган тура» – десе, дагы бири: «Согушка кеткен баласы бейдарек болгонуна көп убакыт өткөн тура, ошонун күйүтү го», – деп сумсайышат. Анан бирөө Толгонай апага кайрылып:

– Балаңыздан акыркы жолу качан кат алдыңыз эле, анда кай жерде согушуп жүргөнүн жазган бекен? – деп сурап калды. Толгонай апа:

– Айрыдромду кайтарып турабыз деп жазган катына үч жылдай болуп калды. Ошондон бери кат келе элек, – деп ыйлап жиберди. Отургандардын бири: «Ал айрыдыром дегени эмне болду экен?» – деп таңдана үн чыгарды. Аскерден келген Сардал аке аны:

– Айрыдыром эмес, аэродром. Ал жерде самолёттор турат. Алар душмандын үстүнө учуп барып, аларга бомба таштайт да, кайра кайрылып келип, ошол жерге конот, – деп түшүндүрүп жатты. Ушул учурда Алай-Куудан Ошко каттачу АН-2 самолёту күркүрөп, күн чыгыш тараптагы бийик тоодон көтөрүлүп чыгып, биздин айылдын үстүнөн өтүп баратты. Отургандардын ичинен өзүн тыңыраак сезген бирөө:

– Ана, самолёт баратат. Сиздин балаңыз согуш учурунда ушундай учма поюздардын конгон жерин душмандан кайтарган тура. Эми душман жеңилди, аны кайтаруунун зарылдыгы болбой калды. Сиздин уулуңуз да жакында келип калар, – деп Толгонай апанын көңүлүн көтөргөн болду.

Арадан күндөр өтүп жатты. Согуштан майып болуп келгендер жеңиш келген күндөн баштап, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү үчүн эмгектенип жаткандардын негизги күчү болуп калды. Бир бутунан айрылган Жумабай корукчу, капталындагы жарааты бүтө элек Ыдырыс сельсоветке катчы, колдорунун жараты толук сакая элек Сагынбай кампачы, Амира бригадир, Куму эсепчи, Мамадали мугалим, курсагынан ичегиси көрүнүп турчу Дүйшө гана оор ишке жарабагандыктан, кечке маал чогулгандарга түрдүү дастан, жомокторду ыр менен айтып, айылда артисттин ордун жоктотпойт. Бирок Жеңиш жылкы айылыбыздагы кубанычты айрым учурда сумсайткан көрүнүштөр да болуп турду. Алар балдары кабарсыз болгон энелерге байланыштуу болчу. Алардын бири Толгонай апа эле...

Толгонай апанын ошол кездеги бизди, ойноо балдарды таң калтырчу жоругу алгачкы учурда күн алыс көрүнсө, кийинчерээк көп кайталанчу болду.

Күн чылбыр бою көтөрүлгөндө Алай-Куу тараптан Ошко каттоочу самолёттун күркүрөгөн доошу чыга баштаганда Толгонай апа жетелеп жүргөн улактуу ак эчкисинин жибин таштап жиберет да, эки колунун алаканын жайып бийик көтөрүп:

– Оо-о айланайын айрыпла-аан! Менин Бополуму качан алып келе–си-ңе-еер! Эртерээ-ээк ала келип таштап кеткиле-ее! – деп самолёт айылдын үстү жагындагы Ийמектин белин ашып кеткенче аны ээрчип жүгүргөнүнө көп эле күбө болдук.

Кийинчерээк бул көрүнүш көп кайталанчу болду. Кээде көмкөрөсүнөн жыгылып, үнү каргылданып чыгып, ыйлап, жерди муштагылап жибергенин көзүбүз чалчу. Шаа мүйүздүү ак эчкиси моюнундагы жибин сүйрөп, улагын ээрчитип барып, анын дал-дал айрык желегин жыттагылап, ээсине көңүл айтып кайгысын бөлүшкөнсүп, мекиренип, жанынан кетпей туруп калчу. Тынбай секирип, оюн салып турчу улагы да алыс кетпей, энесине кошулуп суз тартып калганына биз таң калар элек. Балким, эл айткандай: «Баккан мал, боор эт менен тең» дегендин аздыр-көптүр чындыгы бардыр.

Оюнга тойбогон биздей балдар үчүн бул көрүнүш кызыктуу сезилип, аны көрүнөө жерден да, кээде ага жакын жердеги таштарга жашынып алып да таңыркап карап жүрдүк. Анан барып Толгонай апанын бул абалын биз оюнга айлантып, аны тууроочу болдук. Бирибиз: «Гуув-гуув, татыр-тытыр» – деп үн чыгарып, эки колубузду канатка окшотуп жайып, жогору карай чуркайбыз. Экинчибиз, Толгонайча бакырып барып, көмөлөнүп түшөбүз, калгандарыбыз аны айланчыктап, жыттаган болуп, тегерене басып калабыз... Биздин бул оюнубузду көргөн Толгонай апанын абысын жеңеси Салима чоң эне бир күнү бизди үйүнө чакырып алып, айранга тойгузду да:

– Айланып, тегеренип кетейиндер! Мындан ары Толгонайды туурап ойногонуңарды койгула. Ал оюнуңар балдары согуштан кайтпай калган бардык энелердин жүрөгүн оорутат. Мына, менин да Нуркамилим дайынсыз. Ал эми тиги катарыңарда отурган Тагайбектин, Адилдин, Урайимдин аталары да согуштан кайтып келише элек, – деп көзүнө жаш алды. Биздин бул оюнубуз ансыз да көп кайталана берип, кызыгы кеткендей сезилип калды эле. Чоң энебиздин айтканы да бизге таасир берип, оюндун башкача түрүнө өтмөк болдук.

Өзүбүзчө талашып-тартышып отуруп ойноочу ордубузду да алмаштырдык. Мурда айылдын түндүк капталындагы Анарбайдын дөңүндө ойносок, эми айылдын түштүк тарабындагы Жумабайдын дөңү жакка, Куршап тараптан Түз-Бел аркылуу келүүчү чаңы опурулган араба жолдун өзүн жана анын эки тарабын белгиледик. Оюнубузга «Сүйүнчү» деген ат бердик да бир күнү чогулуп келип, Ак-Терек булагынын жанындагы бутактуу талга чыгып, узун чырпыктарынан сындырып, аны ат кылып «булкунтуп» минип, бирибизден бирибиз өтүп, дөңгө чыгып келдик да кеңеш курдук. Байкаганга, биз ойной турган жаңы оюнубуз ойдон чыгарылса да, ал чынында эле ушул Жалпак-Таш чөлкөмүндөгү Ак-Терек айылында жашоочулардын турмуш чындыгы экен...

Бир күнү сабак жок дем алышта чырпык аттарыбызды булкунтуп минип келип, болжошкон жерибизде топтолуп, кеңеш курдук. Тагайбек: «Сүйүнчүлөгөн киши Матраим келетат деп бакырсын» – десе, «Садык келе жатат десек кандай дейсиңер, анткени ал үйдөн бирөө эле эмес, экөө келе элек имиш» – деп Шарип сунуш кийирди. Менин «Акимбай келатат» деген сунушумду балдар чоң кишилерче талдап: «Анын атасы да, энеси да азыр бул айылда жок, муну жөн эле коёлу» – деп чечтик. Бир убакта Ганы: «Тиги Толгонай апаны күндө көрүп жүрөбүз го, бүгүн ошонун күткөнү Тополоң келатат» деп сүйүнчү оюнун уласак кантет? – деди. Буга баарыбыз макул болдук. Ал өзү да бизден бир жаш улуураак эле, жетекчиликти да аткарып, ар бирибиздин милдетибизди белгилөөгө өттү. Экөөбүздү берки кокту тараптагы кырман тарапка, экөөбүздү Тагайбайдын бузулган дубалына, бирибизди өйдө тараптагы Көчкөн-Жар-

дын кырына койду. Эң кичүүбүз Темин бизден алыс бөлүнүп барып, чоң атасы Медердин ташынан Жумабай чолок абабызга окшоп, алдына балдагын туура өңөргөнсүп куурай коюп, үнүнүн болгонунча бакырып, сүйүнчүлөп чаап чыкмакчы болду. Ошентип, күн чайыттай ачык, түш маалы жакындап калган кезде ар бирибиз өз ордубузду таап, кызыктуу оюнубуздун башталышын күтүп, «аттарыбызды» туйлатып турдук. Көп убакыт өтпөй, жолду чаңытып, үнүнүн болушунча бакырып, Түз-Бел тараптан келе жаткан бир караан көрүндү. Ал үн:

– Э-хе-ээй, сүйүнчү-үү-үү ! Сүйүнчүү-үү-үү ! Тополоң келата-а-а-т аскерден, Тополоң келатаа-аа-аат! – деген кыйкырык чаң чыккан жактан угулду. Ушуну эле күтүп турган биз чырпык аттарыбыздын куйрук жагын ары-бери булгалап чаңытып, туш-тараптан тиги сүйүнчүлөп келаткан чабаганды көздөй: «Кайда эле кайда-а-аа!» – деп ат койдук. Жолдун чаңы көтөрүлүп, биз Медердин ташына жете бербей, «аскерден келгенге» жолугуп, бири-бирибиз менен кучакташып көрүшүп, кадимки эле аскерден келгендер менен биздин айылдыктардын учурашуусун так өзүндөй келтирип, берилген ролдорубузду так турмуштагыдай аткарып, ойноп жаттык... Ошол учурда бизге эки атчан киши удаалаш чаап келишип:

– Аай, балдар! Ким келатыптыр, кайдан келе жатыптыр? Канаке? – дешип токтоп калышты. Биз өзүбүзчө ойноп жатканыбызды дароо айта албай, алардан бир чети сүрдөп, бир жагынан уялып, апкаарыгандан оозубузга сөз кирбей буйдала түштүк. Анан эле Жумабайдын дөңүнөн убап-чубаган ызы-чуу түшкөн эл биз жакка келе жатканын көзүбүз чалды. Көрсө, биз «сүйүнчү» оюнубузду ойноп жаткан учурда: «Сүйүнчү!» – деп бакырып, жол чаңытып, ары кеткенибизди айыл ичинен кимдир бирөө көрүп калып, колу-кошуналарына, эшикке кирип-чыгып жүргөндөргө билдирген өңдөнөт. Андай кабарды уккан айылдын жашоочулары адаттагыдай эле жаш-кары дебестен түп көтөрүлө жол тосуп чыгышкан экен. Биздин жаныбызга жетип келишкен эки атчан бул чын эле аскерден келе жатканды сүйүнчүлөгөн кабар эмес, ошол чындыкты чагылдырган балдардын оюну экендигин билишкен соң ат башын артына бурушуп, селдей каптап келаткан элдин астын тосушту...

Азыр ойлоп таң калам. Эмнегедир бүтүндөй бир айылды дүрбөткөн бизге бирөө да жаман айтып урушпастан, тескерисинче: «Ай, бучуктар, о, күчүктөр» – дешип эркелете сүйлөшүп, кайтып жатышты. Биз алтообуз өзүбүздү күнөөлүү сезип, бозоргон бойдон ошол жерде кала бердик. Жолго чыккандар азая баштады. Акырында биз да үйлөрүбүзгө тарадык.

Эртеси сабакка келсек, мектепте биз тууралуу уу-дуу кеп. Сабак башталайын деп калганда аскерден былтыр келген Камбаров агайдын таноолору кыпчылып, өңү кумсарып:

– Тизилгиле! – деп окуучуларга команда берди. Тизилип турган окуучулардын алдына сол колу жарадар бир агай менен үч мугалим эжеке да чыгышты. Сөз биздин тентектигибиз жөнүндө болорун боолголоп, бизди калтырак басты. Анан калса, согушта көп кан жоготуп, агайдын ачуулуу болуп калганын да укканбыз. Чын эле тартип маселесинде ал агайыбыз катаал болчу. Тизилип тургандарды бир сыдыра карап чыгып, анан үнүн көтөрө:

– Биздин элибиз жеңишке жетип, кубанычка бөлөнүп жатканы менен али согуш жарасы бүтө элек. Айрыкча, эмдигиче кабарсыз болуп жаткан ата-энелердин жүрөктөрү жараланып, сыздап турган кез. Ушундай учурда алардын көңүлүн көтөрүп туруунун ордуна, тескерисинче, жалган кабар айтып, эл ичине дүрбөлөң салып, жүрөгү жаралуулардын жараатын күчөткөндөр бар. Болгондо да биздин окуучуларыбыздын арасында бар! – деди да агай бир аз мукактана түшүп, кайрадан эч кимдин атын атабай туруп:

– Алар ортого чыгышсын! – деди. Сөз ким жөнүндө айтылып жатканын баятан бери туюп турган биз башыбызды жерге салып, бирибизден кийин бирибиз ортого чыктык. Агай андан ары:

– Мына көрүп алгыла, жалган айтып, элди дүрбөтүп, убаралантып жүргөндөрдү! Убаракерчилик эч нерсе эмес, «көптөн бери кабары жок уулуңар келатат» деп, жалган кабар таратуу, ансыз да зар какшап отурган эненин жүрөгүн жара тилип, туз сепкенге тете эмеспи! – деп бир аз буулуга түштү да, кайрадан бизди матай карап: – Айткылачы, Толгонай апанын Бополу келатат дегенди киминер ойлоп таптыңар, киминер? – дегенде ортобузда турган Ганы Нуркамилов октоло чыгып, төмөн көздөй качып жөнөдү. Биздин классты окуткан Датка эжекебиз:

– Жетип кармап келгиле, – деп эки баланы жумшаганда аларга удаа эле классыбыздын бардык окуучулары артынан жүгүрдү. Алапайыбызды таппай турган бизге да ал шылтоо болуп, Ганыны кууп бараткан балдардын артынан чуркадык. Кууп бараткандар мектептен төмөнүрөөк кеткен кыя жол менен жүгүрүп отурушуп, Камка деген жердин ары жагындагы Ай-Тийбес деген бийик беттин кашатынан кармашты. Бирок аны мектепке алып келе албадык. Кеч кирип бараткanda үйлөрүбүзгө тарадык. Ганы эртеси сабакка келген жок. Арадан бир топ күн өткөндө да келбеди. Ошол боюнча мектепке келбей койду. Кийинки жылы бизден бир класс төмөн окуусун улантты.

Ошентип, биз ойноочу көптөгөн оюндардын эң кызыктуусу болгон «Сүйүнчү» оюнубуз да токтоп калды. Бирок баягы «тулпарларыбыз» менен көпкө чейин коштошо албай, андан да солкулдаган чырпык көрсөк, сактап коюп жүрдүк. Бир курактагы балдар чогула калсак эми бирибиз раис, бирибиз бригадир боло коюп, атчан келип, калгандарыбызды чөп жыйноого же буудай орууга айдап жүрдүк. Ырас, бул оюнубузга анчалык көңүлүбүз толбой жүрдү...

Баягы Алай-Куудан Ошко, Оштон Алай-Кууга учуп өтүүчү самолёттор дагы эле каттап жатты. Аларга үмүтү бротоло байланып калган Толгонай апа дагы эле аларга алаканын жайып, көзүнүн жашын агызып: «Бополумду качан алып келесиң?» – деп зар какшаган үнүн баса элек. Анын үнүн угуп, абалын көргөн адамдын жүрөгү сыздап, боору ооруп, кыжаалат болгондор да жок эмес... Бирок бүт айылыбыз, анын ичинде биз да кубанган учурлар болуп турду. Бир күнү танапис маалында сыртта ойноп турганыбызда Жумабайдын дөңүнөн:

– Ээ-ээй, эл-журт! Сүйүн-чүү-үү! Толгонай апанын уулу келатат! Э-ээй, Толгонай апа-а-а! Уулуң келата-а-ат! – деп бакырып чаап бараткан адам капталдай кеткен араба жол менен бирде кичинекей колотко кирип көрүнбөй калса, кайра анын белине чыкканда көрүнүп, Анарбайдын дөңү тараптагы Толгонай апанын тамын көздөй чаап баратты. Ошол учурда: «Толгонай апа бул сүйүнчүнү укту бекен, укса кантип жатат экен?» деген ой мени бийлеп алды. Ар бир тектирде иретсиз курулган үйлөрдөн кичине, чоң дебестен сыртка чыгышкан эл кечигип калчудай болуп, биринен бири өтүп, Жумабайдын дөңү тарапка агылып жатты. Биздин окуп жаткан сабагыбыз калды, мугалимдер да ошол элге аралашып жол тосуп кетишти. Дайым чогуу жүрүүчү биздин балдар да ошол жакка сүрүлүп баратып, сельсоветтин кеңсесинин жанына барып токтой калганыбызда тиги бурулуштан жоолугу шыпырылып, этектери жайылып, ар нерселерди сүйлөп, үнүн бийик чыгарган бир кемпир келатты. Ал Толгонай апа экенин биз жазбай тааныдык. Бирок ал апа Алайчы абанын үйүнүн тушунан өтө бергенде кулап түшүп, чаңга аралаша жыгылды... Ага удаалаш келе жатышкан Салима чоң эне менен Напен эже дароо барып аны тургузууга аракет жасашты, анан эле алар да корккон үндөрү менен: «Суу, суу алып келгиле!» – деген кыйкырык чыкты. Жакыныраак бараткандар биринен бири озо жүгүрүшүп идиш таап, арыкта агып жаткан суудан сузуп келип, бетине чачышты. Толгонай апа эсин жыйган соң, ар ким айтып жаткан жакшы кабар, жакшы сөздөр ага дагы күч кошуп колтуктап бараткан аялдардын коштоосунда эки көзүн алды жактан албай, үмүтүнө жетеленип, алга көздөй ылдамдап баратты...

«Сүйүнчү» деген жакшы кабарды уккандар ушунчалык чоң кубанычка оролгон кыз-келиндердин бир нечеси биринен бири озуп, сезилбеген ылдамдык менен Түз-Белди карай кеткен сокмо жолдо чубап жүрүп отурушуп, Катыраңкыга жеткенде төмөн жактан Ак-Терек тарапка бараткан Баштыкбай акенин арабасы көрүнөт. Анда аскер кийимчен киши отурганын байкашып, он чактысы берки тумшук аркылуу аларды карай ызы-чуу болуп төмөн чуркашат. Аны байкаган арабакеч: «Мынча кишини кантип арабама отургузам, ансыз да чаалыгып келе жаткан аттарым араң баратат» – деп ойлоп, аттарына камчы үйрүп, жолду чаңы-

тып, чаап жөнөдү. Чоң-Дөбөдөн бери чыгып, Медердин ташына келгенде аларды бир топ адамдар ороп калышты. Бир оокумда эки аялдын ортосунда келаткан бир апа бакырып келип, арабага бир аз жетпей жыгылып түшүп, чаңга буланып калды. Жанындагы келиндер ала келишкен чайдөштөгү суудан бетине чачкан соң, Толгонай апа эсине келди. Акыры эне-бала бири-бирин таанып, жакшы учурашып бүткөн соң, Толгонай апа чыйралып, эки жагында тургандарды алкап, алардын жардамы менен тизелей калып, үнүн оңдоп, элге карап үн салды:

– Айланайындар, мен силерге садага кетейин! Азыр баарыңар менин үйүмө жүргүлө! Берекем Өмар, сен тиги балдардан жаныңа ал да, биз барарыбыз менен улагымды мууздай салып, өпкөсүн Боползумун башынан айлант! Эчкини түлөөгө союп, этин казанга салгыла! Бул жерде турган баарыңар ынтымагыңардан айланайындар, баарыңар барып түлөөдөн даам таткыла! – деди. Көпчүлүк ичи ар түрдүү сөздөрдөн улам гүүлдөй түштү. Бири: «Байкуш Толгонайдын ырысы бар экен», – десе, дагы бирөө: «Бала деген ушундан байкасаң болот, карачы», – дешип күбүрөйт.

Айткандай эле чогулгандардын баары Толгонай апаныкына карай чубады.

Бул көрүнүш бир жагынан энени сыйлагандык болсо, экинчиден, ушул айылдын ынтымактуулугунун күбөсү эле. Эт бышканда кошуналардан кеселерди чогултуп келишти. Дасторконго нан коюлбаса да, отургандар сорпо ичишип, ак эчкинин этин жеп тарап жатышты...

Тоо арасындагы кырк түтүн бул чакан айылга Жеңиш жылында жана андан соң аскерден келгендер улам азая берди. Арадан убакыт өтүп жатса да Матраим, Зулпукар, Акимбай, Садык, Абдымамат, Асылбек, Орозбай, Коргонбай, Аттокур, Матимар, Нуркамил дагы башкалардын аты аталып, бирок өздөрү жок болгондуктан, айылдын бөксөсү толбоду...

*Жаштар үнү*

**Гүлнара**
**ТАТЫГУЛОВА**

# ЖООКЕРДИН ЭНЕСИ

Көрбөгөнү калбаган сары ПАЗ уруп-салып вокзалга келди да, жели чыгып тынчып калды. Кара тору шайыр айдоочу жигит тегиз, ак тиштерин кашкайтып «Каракол–Сан-Таш» деген жазууну илип койду. Жүргүнчүлөр жүктөрүн даярдашып, унчукпастан эшиктин ачылаарын күтүп жатышты. Бир мүнөттөн соң алардын чыдамы түгөндү көрүнөт:

– Уулум, эшикти ачып койсоң боло. Элдер күтүп атышпайбы…– кең далылуу, бою узун аксакал акырын үн катты.

– Болбойт. Салонду жаңы эле жууп чыктым. Кургасын, коё берем.

Он мүнөт өтпөй кыйчылдап-куйчулдап эшик ачылаар менен автобус кыйкырык-сүрөөндүү топтун жүз чактысын батырып кетти. Ушул томаттагы дагы бир балык болуунун зарылдыгы барбы же жокпу деген ой менен бир аз эмне кылаарымды билбей туруп калдым. Аңгыча болбой эле кимдир бирөө менин колуман аргасыздан ушалап аткан билетти алды, жогору карасам айдоочу экен.

– Эмнеге түшпөй атасың? – эмнегедир жагымдуу сурады.

– Кайда? Батпайм го деп коркуп турам.

– Жок сөздү айтпачы, – колун шилтеп күлүп койду. – Мен өтө турган жерге отурасың, сулуу.

Менин мыскылдуу жылмаюумду жактыргандай кабыл алып, өзүнүн сөзүндөгү катаны элес алган жок.

– Сен кайдан? Бишкектенби?

– Сиз аны кайдан билдиңиз?

– Дароо эле көрүнүп турбайбы, биздики эместигиң.

Мен үн каткан жокмун.

– Ошондойбу, Бишкектенсиңби? – тергөөчүдөй такыганын улантты.

– Барнаулданмын, – калп айтып койдум, биротоло такси менен кетүүнү чечкен элем.

Шофердун көзүндө таң калуу пайда боло калды.

– Чет өлкөлүктөргө бизде даңк жана урмат. Кана, бас кеттик…

Ал менин анча чоң эмес, таттуу-паттуу салынган баштыгымды алып, салонго салып койду. Аргасыз баш ийүүгө туура келди. Бир канча мүнөттөн соң жайланышып отурган элүүлөрдөгү кишинин жанына алып барды.

– Билет барбы? – айдоочу көзүн ымдады.

– Бар, – отурган шашылбай кыймылдады.

– Көрсөт. 22-орун турбайбы. Артка өт. Отур, бийкеч.

Ал киши жактырбастан кыймылдай баштады. Мен араңдап жатып кыйрайган, кап менен капталган орундукка талп эте жайгашып, тонумду оңдодум.

–Чоң рахмат!

Мен чын дилимден ыраазы болдум.

– Койчу эми, – айдоочу күлүп. – Барнаулдук кыргыздарды күнүгө эле ташып жүрүптүрбүзбү, – деп бурулуп кетти.

Мага ондогон көздөр кызыгуу менен тигиле калды. Бир гана оң тарапта отурган картайган аял телмире терезени тиктеп, бир нерселерди күңгүрөндү. Мен ага карай бурулдум. Сулуусымак келген жүзүнө терең бырыштар из салган. Көздөрүнүн түпкүрүндө кайгы жатканы байкалат.

«Карасаң, сексендеги кемпирдин бир жакка баратканын… Небере-чөбүрөлөрүн карап үйүндө отурса болмок» – деп жактырмаксанга салып ойлоп койдум.

Тизесинде жаткан бир аз калтыраган колдоруна көздөрүм урунду. Колдору жүзүнө, бүкүрөйгөн келбетине туура келбей турду. Чоочун бирөөнүн колун алмаштырып койгондой. Сылап-сыйпап багылган, манжалары татынакай узун, тырмактары тегиз алынган колдору картайгандай көрүнбөйт.

«Кызык…Жүзүнө карасаң сексен, колуна карасаң элүү жаш».

Мен ага мурдагыдан да кунт коюп карай баштадым. Жаш кезинде келишкен сулуу болгону көрүнүп турат. Чабалекейдин канатындай кайрылган калың каштары, көгүлжүм-жашыл жаркыраган көздөрү, узун кирпиктери, кырдач мурунy, чапжаак жүзү – көз артса болчудай. Бирок көздөрүндөгү муң жана бырыштар…

– Сулуу, кайра качан кайтасың? – үн угулду.

Айдоочу жүргүнчүлөрдүн билеттерин текшере баштады. Мен ийинимди куушурдум. Анын тажатмалыгы жиниме тие баштады.

– Сан-Таштан сүйлөшөбүз, – ал көзүн кысты.

Мен башымды ийкеп, терезени карамыш болуп, кемпирди изилдей баштадым. Анын кыймылдарынан ак сөөктүүлүк, орой эмес, жагымдуу десе да болчудай кекирейгендик, намыскөйлүк сезилет.

Автобус муз тоңгон жолдон тайгалана ордунан козголду. Мотор какап-чакап уңулдады. Бирок эч кимдин деле тынчы кеткен жок, алардын жайбаракат өңдөрүн карап, аргасыз жылмайдым. Көп өтпөй шаардан чыгып, трасса менен жүрүп кеттик. Чайпалганы бир топ азайды.

Менин кошунам жоолугун кымтылап, терең үшкүрдү.

– Ай, арман… Атаганат…

Менин суроолуу көз карашымды байкап, ал унчукпай калды, бирок мүнөт өтпөй өзүнүн жеңил эмес жашоосу тууралуу жай аңгеме, тагыраак айтканда, ички сырын айтууга өттү.

– Мен бардар үй-бүлөдө туулдум. Атам жагынан да, энем жагынан да ата-бабаларым манаптардан чыгышкан. 30-жылдары көпчүлүк туугандарыбыз кулакка тартылган, бирок менин атам сабаттуу болгондуктан өз учурунда Совет өкмөтүнө кызмат кылууга өткөн. Ал коммунизмди курууучулардан болуп: колхоз түзүп, балдарынын бардыгын мектепке берген, ал тургай айыл кеңешинин төрагасы да болгон. 1942-жылы 17 жаштагы иниси экөө өз эрктери менен согушка жөнөшкөн. Экөө тең кайтып келишти: агасынын жарым жылдан кийин бутун осколка жулуп кетип, атам болсо бир жеринде чийими жок, көкүрөгү медалга толуп, 1945-жылы июнда келди. Айылга канчалаган гана кара кагаз келбеди! Каза болгондорго кайгырбаган бир да күн жок эле.

Эсимде, кошунабыз Кийизбай алты уулу менен фронтко кетип, бардыгы кайткан жок. Ар кимиси ар жерде калып, акыркысы Берлинде 2-майда 45-жылы каза тааптыр.

Мен анда он жашта элем, жоокерлер согушта гана каза табат деп ойлопмун, каргыш алгыр. Жаңылган экем! Ал кылгырган көз жашын аарчыды.

– Апа, эгер сизге оор болсо, эстебей эле коюңуз, – мен абайлай айттым.

– Билбейм, балким, айтып алсам, жеңилдеп калаармын.

Ал үн чыгарып, терең дем алып унчукпай калды.

– Чынын айтканда мен орто окудум, мектепти бүткөн соң саанчы болуп кеттим.

Жазгы маал. Кечки саандан кайтып келатсам, кошуна айылга ала качып кетишти. Кыз ала качуу – эски үрп-адат. Сен муну колдойсуңбу?

– Жок, – мен кесе жооп бердим.

– Бекер кыласың. Жакшы кыздардын көбү күйөөгө ушинтип эле тиет. Кээде, албетте, ичиң ачышат. Мага көптөрдүн көзү түшкөнү менен ала качкандан коркушчу. Атам сотко берем деп коркутуп, куда түшүп келгендердин баарын кууп салчу, муну өткөндүн калдыгы деп эсептеп, мени эркиме койгон эле.

Мени төкөр Ырыскелдинин үйүнө алып келишти. Ал 30 жашта болчу, бети-башында тырыксыз жери жок эле. Ал жөнүндө астыр-

тан ар кандай уламыштар айтылчу. Көрсө, Сталинграддын алдындагы салгылашууда туткунга түшүп, андан эки сапар качыптыр. Экинчи жолу качканда аны итке талатышкан экен. Биздин учкучтар болбогондо иттер аны тытып коюшмак дешет. Окуя кеңири талаада болуп, учкучтар аны кыйнагандардын баарын автомат менен кырып, ооруканага жеткиришет. Айыккандан кийин врачтардын айтканына көнбөй кайрадан фронтко кетет. Югославиядан алган бутунун жараатынан улам өмүр бою чолок болуп, аскерден кайтып келген. Чачы аппак айдай агарып, 1945-жылы январь айында келген эле, класстагылар баарыбыз анын орден-медалдарын жардап караганыбыз эсимде. Аскерге чейин шайыр, бейсанаа жигит түнт тартып, элге аралашпай, орой болуп кетти. Качан үйлөнөсүң деп сураганга Сталин өлгөндөн кийин деп жооп берер эле. Чынында эле билип айткандай болду.

Ал күнү мен азоолугумду, өзүмчүлдүгүмдү көрсөттүм. Кыздарга тиешелүү коркунуч жана Ырыскелдиден жипкирүүдөн улам бардык көндүрүүгө болгон аракеттери текке кетти. Мен кыйкырып ыйлап, жоолукту айрып, урунуп-беринип аттым. Эртең менен бир аз кызымтал Ырыскелди достору менен келди, кийинкимди ойлобогон балалыгым менен бетине карай кыйкырдым:

– Сен кебетеңи карачы! Сенин түрүң суук…

Ырыскелдинин өңү өзгөрүп кетти. Ал жылан чаккандай ыргып туруп, мени жаактан ары чаап жиберди.

Эртең менен мен үйүмө кайтып баратып, Ырыскелдинин тууган-уругунун баары Каабаны карап мени каргап атышканын көрдүм. Түнү менен уйкудан калып жүдөп, корккonуман, төгүлгөн жашымдан жолду араң ажыратып качып бараттым. Эмдигиче кыйкырган үндөр кулагыма угулат:

– Көрүстөн менен никелешип кал!...

– Тие турган күйөөң куу баш болсун!..

– Түбөлүккө жалгыз кал!..

– Каргыш тийсин сага!..

Азыр өткөн күнгө кайрылып, ошондо бекер калбай келе бергенимди түшүндүм. Адамдын сыртынан карап баа берүүгө, анын кылганын күнөөлөөгө болбойт да. Ар бир адамдын жандүйнөсү – бул терең океан, аны таза кылып алуу же жөн эле жай сүзүү сенин колуңда.

– Бирок сиз аны сүйгөн жоксуз да!

–Ооба, анткени менен мен аларды мени каргаганга чейин жеткирдим да. Сени бир нерсе үчүн каргабай тургандай жашаш керек. Ал каргыш өз максатына жетти. Мен жалгызмын – мага бул да аз.

Ал калтырай эчкирип жиберип, үн катпай калды. Жымжырттык бир топко созулду, мен уландысын укканга куштар боло баштадым.

– Ыйлаба, Зулайка. Кайгырганың жетишет. Өзүңдү ойло, – узун бойлуу артындагы аксакал ага кайрылды. – Дүйнөгө түркүк болгон ким бар.

«Зулайка– кандай кооз ысым! – деп ойлодум. – Өзүнө куп жарашат».

Мен эми гана анын баянын жүргүнчүлөрдүн бардыгы тыңшап отурганын билдим. Терезеден кечтин киргени көрүндү. Шамал катуулап, карды тоголоктоп терезеге уруп, буйткаларды пайда кыла баштады.

– Карасаң, бурганактаганын, жакшы болбой калды окшойт, – кимдир бирөө тынчсызданды.

Көпчүлүк үн катпастан баш ийкеп тим болушту.

– Жөө жүргөндөргө оор. Бизди машине жеткирет, – Зулайка апа үн катып, мени сынагандай карап, сөзүн андан ары улантты:

– Ырыскелди ошо менен үйлөнгөн жок. Мен кайрадан саанчылыгыма кетип, райондогу алдыңкы саанчы атыктым. Мен жөнүндө алтургай гезиттерге жазышты.

– Ооба, мен  да окугам, – аксакал ырастап койду.

– Жайында Пржевальскиге 40 жаштардагы салабаттуу облкеңештеги чоң орунду ээлеген мырза келди. Ал орус аялы менен жаңы эле ажырашып, балалуу болбоптур. Төрө десе болбой, өзүм үчүн жашайм деп жүрүп баласыз калтырганы үчүн бардыгы аялын күнөөлөшчү. Мага баары бир болчу. Мен ага турмушка чыгууну чечтим. Көп деле аракеттенген жокмун, менин сырткы чырайым, ыкчамдыгым өз ишин кылды.

Ноябрда той өткөрдүк. Атамын каршы болгонуна карабай ал көп калың төлөдү. Заңгыраган кыштан салынган үй, жалтыраган мебель, газ, чоргодон аккан суу, айтор, жомокко туш болдум. Азыр буга эч ким таңданбайт, ал кезде мен көп нерсени биринчи көргөн элем. Мен училищеден окуп, медайым болуп калдым. Кадырбек акылдуу, мээримдүү, сезимтал эле. Ал мага чаң жугузган жок, бир да майрамды унутта калтырбастан белекке тундурчу.

Жылдан жыл айланды, бирок мен төрөгөн жокмун. Кайда барып гана дарыланбадым, алтургай Москвага чейин бардык. Кадырбектин санаадан чачы агарды, мен да бейкут жашай албадым. Уйкусуз түндөр, санаа өз изин өңүмө калтырды. Балдары барларга көз артканым үчүн Кудай өзү кечирсин. Күйөөмөн жашырынып балдар үйүнө да барып жүрдүм, бирок багып алганга батына албай койдум. Санаа тартканы менен асырап алууну уккусу да келчү эмес. Мен 35ке келгенимде, ал ооруп калды. Анын керебетинин жанында туруп кандай гана кудайга жалынбадым. Канча көз жашымды төктүм. Бирок Кадырбек инфаркттан оңоло албай, эртең менен каза тапты.

Андан кийин жалгыздыктын жылдары башталды. Ал эмне экенин Кудай сага көрсөтпөсүн, кызым! Албетте, коноктор тез-тез келип турушту. Жээндерим, эже-сиңдилерим, ага-туугандарым биринин артынан

бири келип мени жалгыз калтырышпады, бирок мага бир гана нерсе жетишпеди. Акыры мен үйдү сатып, туугандарга жакын айылга көчүп бардым.

Зулайка апанын өңү жарык боло түштү.

Бир жолу кошунам Гүлайым кошуна көчөдө жашаган кишини алып келди. Ал чочулай акырын үстөлгө бөтөлкөсүн, кайнатылган тоогун, чучук коюп, ыңгайсыз боло ийилип койду. Үчөөбүз таң аткыча сүйлөштүк, акыры мени дагы күйөөгө чыкканга көндүрүштү. Калыс да Кадырбек сыяктуу менден 18 жаш улуу болчу, аялы каза болуп, балдары өздөрү менен өздөрү экен.

Бир жыл өтпөй мен уул төрөдүм. Элестетип баккыла, мен төрөдүм! Менин уулум бар эле, менин уулум! Балалуу болуу кандай бакыт! Ак сөзбү? Эне гана менин сезимдеримди түшүнөт. Таштанды балдар канча! Эмне үчүн бейбак аялдар кылган күнөөлөрүн түшүнүшпөйт? Өздөрүн кудайдын белегинен куру калтырышып… Оозго алып болбойт…

Кубанычбектин көзүн карап бөпөлөдүк. Ал зээндүү, боорукер болуп өстү. Жараланган жаныбар көрүп калса: «Апа кел, дарылайлы», – деп суранчу. Активист болуп, төрткө окуду. Эне баласын кантип жаман десин, бирок кошуналар да аны мактачу.

Убакыт, убакыт…Жылдар билинбестен өтүп, уулума аскерге чакыруу келди. Каргыш тийген атуулдук милдет! Коё бергим келген жок. Альтернативдик кызматка калтырууга болот деп да айтышты, Калыс уулдарынын баары эле кызмат өтөп, бир уулу Германияда болгонун айтып, эркек катары бышат деп көндүрдү. Капыстан согуш чыгып кетсе уулу мылтык октой албай жүрсө болбойт деп ынандырды. Кубанычбектин өзү да аскерди өз көзү менен көргүсү келип туруп алды. Мен макул болдум.

Алгачкы төрт ай ичи кат үзбөй келип турду, жоокердикке кабыл алынганын айтып кубанып, анттын бир көчүрмөсүн салып да жиберди. Андан кийин кат үзүлдү. Мен бир нерсе болгонун сезип тынчым кете баштады, баары менин корkkонуму мыскылдашат. Бир айдан соң чыдабай жолго чыктым. Тоюп, керсейген лейтенант, менин уулум олуттуу күнөөсү үчүн гаупвахтада экенин айтып жолугушууга уруксат бербей оройлонуп койду. Канча суранып жалынганым менен макулдата албадым. Алып баргандарым уулума жетпегенин билсем да, берип коюусун өтүндүм. Ошол кезде уулум кийин моюндарына алышкандай башка жоокерлерге жан тарткаy, баш ийбеген түздүгү үчүн өзүнөн улуу жоокерлерден токмок жеп лазаретте жатканын билбепмин да, курган жаным. Таш жалак үйгө кайттым, эки күндөн кийин табыт менен уулумдун сөөгүн алып келишти.

Зулайка апа ыйлап жиберди.

– Кара кагазда өтө коркунучтуу камактагыларды кууп бараткан учурда капыстан ок жаңылып каза болгону жазылыптыр. Табыт бекем жабылып, ачууга аскер эрежеси жол бербей турганын түшүндүрүштү. Сөөгү

табылганча сазда бир күндөй жатып калып, кейпи өтө кейиштүү дегендей кылышты. Калыс баш болуп бардыгы ачпай эле коюуга макул болушту. Мен гана ынаган жокмун.

– Уулумду мусулманча жерге берем, – деп туруп алдым.

– Эже, нервиңди сакта, чыдай албайсың го, – деп иним да макулдата баштады.

Торсойгон лейтенант буту менен жер тепкилеп мыйзам менен коркутуп, акыры айласы кетти көрүнөт, сурана баштады. Бирок мен кандай да болбосун акыркы жолу уулумду көрбөстөн жерге бере алмак эмесмин. Табытты ачканда баары кыйкырып жиберишти, Кубанычбек токмоктон бүт көгөрүп кетиптир, сол көзү чыгып, буту-колу, кабыргасы сынган экен. Байкуш балам!

Зулайка апа жан чыдагыс кайгыдан чайпала түштү.

– Өлтүргөндөрдү жок дегенде соттодубу? – алды жактан кимдир бирөө сурады.

– Тергөө жарым жылга созулду, – аксакалдын үнү чыкты. – Лейтенанттын погонун алып ыргытышты, ал эми үчөөнө эки жарым жылдан берди. Ал эмес Жогорку сот да өкүмдү өзгөртүүсүз калтырды.

–Чынын айтканда берилген жылдын мөөнөтүнөн эч кимге жеңил болуп кеткен жок, – Зулайка апа жоолугун оңдоп койду. – Алар тирүү, дем алып, күлүп, ыйлап, а менин уулум сыз жер алдында. Кудай алсын аларды, жашаса жашай беришсин, алардын өлүмүн деле тилебейм, бирок эмнеге башканын канына забын болушат? Жашоом караңгылап, эч нерседен кубаныч таппай калдым, жаным үзүлүп кеткендей болду. Кубанычбекти өлүм үчүн төрөп, эмизип, тарбиялаган жокмун да? Кантип колдору барышты? Эмне үчүн? Бул кандай таш боордук? Алар деле менин уулума окшогон балдар да. Менин жалгыз тирегимди…

Зулайка апанын өксүгү автобустун ичине бүт угулду. Жан кыйнаган тынчтык өкүм сүрдү.

– Зулай, сен үчүн да кайгырышат. Өткөндү кайрый албайсың. Алар өз энчисин алышат. Кудай баарын көрүп турат…– тынчтыкты жанагыл аксакал бузду. – Андан көрө Калыс кандай жүрөт ошону айтчы?

– Ой, билбейм, каралдым. Жүрөгүн мыкчып жатат. Катуу кайгырып атат. Менин болсо жүрөгүм өлүп, денем гана басып жүргөндөй. Калыс дароо алдырып койду.

– Алтыным! – мага кайрылды, – сен али жашсың. Уулдарыңды аскерге, ушул эт туурагычка бербе, каргыш тийсин ошого, уктуңбу?

– Ооба,– башымды ийкедим. Тамагым кургап, көзүмдөн жаш айланды. Өмүрүмдө биринчи жолу ушинтип кайгырганыма уялган жокмун.

– Биз жетип калдык, – аксакал анын ийининен тартты, – баштыгыңды бери бер, жардамдашайын. Антпесе, сааттай болуп Сан-Ташка кетип каласың.

Кемпир жай кыймылдап өйдө тура баштады.

– Жолуңар болсун, каралдым! Уулум, абайлай көр. Канча адамдын өмүрү сенин колуңда. Алардын ар бири – бирөөнүн баласы.

Ага жооп бере үн каткандардын добушу мотордун күрүлдөгөнүн жаап кетти. Биз дагы бир тагдырды окуялардын иримине таштап, андан ары жөнөдүк. Жоокердин энесинин кайгылуу арманын угуп, аны жооткотор сөз табуу психолог үчүн да оңой эместир.

Аскер, аскер…
Ким барбаса, барат,
Ким болсо, унутпас
Өтүкчөн 730 күн...

Которгон **Венера АКМАТОВА**



*Из цикла «Сказки про...»*

**Олег**
**БОНДАРЕНКО**

# СКАЗКА ПРО РЫБКУ

*Где-то в глуши, на южном берегу Иссык-Куля, закинул старый рыбак невод в озеро и поймал Золотую рыбку.*

*– Отпусти меня, старче, – молвила рыбка, – я исполню любые твои полтора желания.*

*– А почему не три? – не понял старик.*

*– Видишь ли, я рыбка не эгейская, а иссык-кульская… Мои возможности ограничены.*

*– Ладно, давай полтора. Но, впрочем, как это?*

*– Как-как? А так! Одно желание я выполню. А другое – пообещаю!*

Местный фольклор

В одной далёкой стране жил да был старый, многоопытный рыбак. Однажды он вытаскивал из воды сети, и вдруг увидал запутавшуюся в них здоровенную морскую форель. Её чешуя отливала золотом. Старик

---

**Олег БОНДАРЕНКО** – *писатель, философ; главный редактор электронной библиотеки «Новая литература Кыргызстана», исполнительный директор Ассоциации издателей и книгораспространителей.*

*Родился в 1960 году на западе Украины (Черновцы), вырос на востоке Украины (Донецк). В 1982 году окончил Донецкий госуниверситет по специальности финансы и кредит. Работал управляющим отделением Госбанка СССР на Курильских островах, затем вернулся на материк. Жил в Москве, а с 1992 года постоянно проживает в Бишкеке (сохраняя российское гражданство). Работал журналистом газет и радио, учителем, в 1995 году открыл центр дианетики в Бишкеке, в 2000 году участвовал в организации одной из первых в Кыргызстане выставок восковых фигур. В 2001–2003 годах работал менеджером Медицинского Центра Назаралиева. В 2003–2009 годах – менеджер компании-провайдера «АзияИнфо».*

немало повидал на своём веку, но такой рыбины-красавицы ему до сих пор встречать не приходилось.

– Никак генетические мутации, – пробормотал про себя довольный обладатель форели.

Рыба что-то пропищала.

– Она ещё и говорит! – изумился старик. – Ну, точно, это дело учёных. Или специалистов Чернобыльской АЭС. Ну, и что же мне с такой диковинкой делать?..

Рыба между тем силилась что-то произнести. Рыбак, наконец, разобрал отдельные, вполне осмысленные звуки, складывавшиеся в слова. Форель выговаривала их с трудом, и при том – с едва уловимым восточным акцентом.

– Судьба… – тихонько лепетала рыба.

– Не понял?

– Я твоя судьба… Меня послал владыка…

– Ты имеешь в виду нашего Президента? – полюбопытствовал старик.

– Нет-нет, владыка всех вод… Морской, речной, озёрный, океанический, болотный, грунтовый, ирригационный и водопроводный. Он давно наблюдает за тобой, и ему приятно сделать тебе подарок. Я готова исполнить любое твоё желание! Загадывай.

Старик внимательно посмотрел в форелевую морду.

– И почему я должен верить всякой говорящей рыбе?.. – грустно спросил он. – Тут и люди много чего обещают. Но не делают. Нынче не те времена.

Форель, похоже, обиделась.

– Мы, живущие в водах, не умеем врать! И глаза закрывать не умеем! И взгляд отводить, – а ведь когда врёшь, так всегда и получается!.. Если бы я сказала, что пообещаю, то только бы пообещала. А я говорю: выполню. И поэтому не тяни время, загадывай, ведь мне на суше так тяжело дышать!

Старый рыбак стал лихорадочно прикидывать, что бы такое попросить у рыбы. Ему почему-то захотелось дом, новый невод, катер, яхту, BMW и кредитную карточку.

– Не советую, – мрачно просипела рыба. – Это всё мирская суета.

– Да понимаю я, чай не семнадцать лет! – вздохнул старый. – Мне бы здоровья, молодости, энергии, хорошего сна, аппетита и чтобы кости не болели…

– А свою старуху забыл? – набычившись, спросила рыба. – Вот станешь сам молодым, а ей каково? Впрочем, это, конечно, не моё дело…

– Ну, что ты! – примирительно сказал старик. – Я и ей добра желаю!

– Тогда помни, что у тебя только ОДНО желание. Я предупреждаю!

– Может, богатства? – разволновался рыбак; ему вдруг страшно захотелось, чтобы и рыба-благодетельница осталась довольна.

– Нет проблем, – заверила форель. – Могу подсказать, где найти клад с затонувшего галеона. Но, знаешь ли, богатство само по себе не приносит счастья, это проверено со времён Монте-Кристо!..

Старик задышал часто-часто, и пот проступил на его тёмном, обветренном челе. Где-то рядом с шумом накатывали на берег волны.

– Я, кажется, знаю, – наконец, вымолвил он. – И ты мне подала неплохую идею. Я попрошу счастья. Можно?

– Разумно, – согласилась рыба. – Твоё личное счастье предполагает наличие у тебя здоровья, душевного покоя, умиротворённости и, понятное дело, финансовой стабильности. Однако как быть, если рядом будет страдать твоя вторая половина – думаешь, удастся сохранить то, чего ты достиг?

– Нет-нет! – воскликнул старик. – Я имел в виду нам с нею общего счастья!

– Хм, – хмыкнула рыба. – Общего счастья… Ну, а дети, внуки? Как, а? Вся твоя семья?.. Допустим, вы с бабкой будете счастливы. А внук Колька в Москве пускай болеет, да? Что за бездушие! Что за жестокость! Ну и дела!

Старик почувствовал, что у него потемнело в глазах. Или это потемнело над водою небо?..

– Что ты! Ты меня неправильно поняла! Я имел в виду, чтобы вся моя семья была счастлива!

Рыба задумчиво посмотрела на него. Помолчала. Поразмышляла. Вслушалась в плеск волн.

– Семья, говоришь… – она шевельнула жабрами и дёрнула хвостом. – Тут, понимаешь, какое дело… Вот вся твоя семья будет счастлива. Вы будете обеспечены, вам будет хорошо. А тем временем вашим друзьям, знакомым, соседям, коллегам по работе о счастье останется лишь мечтать?.. Представляешь – ты наслаждаешься, а они мучаются… Бесконечные семейные драмы, беды и горести, измены и обман, болезни, аварии, несчастные случаи, увольнения с работы, непонимание родных, конфликты с детьми… Сколько ты сможешь выдержать в такой обстановке?

Старый рыбак сглотнул слюну, и ему стало до чрезвычайности неуютно. Он вспомнил семью друга, которой постоянно в жизни не везло, и на миг вообразил себя предателем.

– Слушай, рыбка, я думаю, в твоей власти осчастливить всех моих близких, родных и друзей, – набравшись смелости, сказал он. – Ты, пожалуй, права. Чтобы почувствовать себя свободным, надо видеть свободные лица вокруг себя.

– Ага, ага! – форель в ответ забила хвостом, и что-то зловещее появилось в её манере держаться. – Ну, что же, допустим, я вам всем помогла. Это же так просто – раз! – и счастье! Десяткам, сотням людей, с которыми ты поддерживаешь отношения! Но остаётся ещё город, в котором вы живёте. Я полагаю, что вы не собираетесь создавать секту довольных и радостных недоумков и отгораживаться от прочих горожан? А?.. И, пред-

ставляешь, что этот твой город испытывает массу проблем! Какое уж тут счастье! Уличная преступность, скинхеды, коррупция в больницах и вузах, загазованность, вырубка зелёных насаждений, транспортные и социальные катастрофы, беспризорники, низкий уровень жизни горожан. Как ты собираешься сохранить то, что получил от меня, на общем фоне неудобств, недовольства и страданий? Я тебя спрашиваю! Отвечай! Это что, получается пир во время чумы?!

Старый рыбак почувствовал, как краснеет. Ему было неловко от мудрости и прозорливости рыбы и от того, что он сам не подумал о перспективах маленького, частного счастья ничтожной группки людей при всеобщей неудовлетворённости. В принципе старик ведь был совсем не злой.

Вокруг них, как-то исподволь, начало волноваться море.

– Послушай, – решившись, предложил обеспокоенный рыбак. – А что, если мне пожелать счастья и для всех горожан?

– Гениально! – патетическим тоном воскликнула форель. – Счастья одному миллиону! А как быть со страной? Пусть твой город процветает, а там хоть трава не расти? Экономика переживает затяжной кризис, кругом безработица, инфляция и рост цен, неспокойно в армии и на границе, детская смертность достигла критической отметки! Людям нечего есть, но в твоём городе – счастье!..

– Боже мой, – вконец расстроился старик. – Я не подумал. Я не подумал! Конечно, я не враг своему отечеству! Рыбка! Сделай так, чтобы все мои земляки были счастливы!

– Хорошо, – неожиданно согласилась рыба. – Очень хорошо. Все кругом будут счастливы. Все здоровы, сыты, в стране тишь да гладь. И ещё хорошо вам не смотреть телевизор – сцены голода в Африке, войны на Ближнем Востоке, насилия в Азии и на Тихом океане. Вам хорошо – чего же более? А то, что где-то там дети пухнут в лагерях беженцев, вас теперь не касается!

– Рыбка, родная, дай счастья и им!!!

Форель затихла и чуть ли не с ненавистью взглянула старому рыбаку в глаза. Небо внезапно потемнело, и волнение на море усилилось.

– Ты вообще понимаешь, чего хочешь? Сделать счастливой одну часть человечества? Чтобы другая половина постоянно завидовала чужому счастью?! Вот это желаньице!

Старик чуть ли не задыхался от волнения. Слёзы застилали ему глаза. Сердце билось учащённо, в груди ныло. Волны с грохотом накатывались на берег, и вот-вот готов был разразиться шторм. Над головой, откуда не возьмись, появились свинцовые тучи.

– Рыбка! Рыбочка! Миленькая! Помоги им всем! Помоги! Пусть счастье придёт на эту планету! В каждый дом! Пусть не будет войн, болезней, голода и горя! Пусть матери не рыдают на могилах своих детей! Пусть люди навсегда забудут о злобе! Даруй нам свет, мир, радость, покой!! Научи нас любить и быть любимыми!!!

В этот момент сверкнула молния, и грянули ужасные раскаты грома. Море вздыбилось, и тонны воды взметнулись над землёй. Полил дождь – да что там, ливень; вокруг старика низвергались целые потоки воды.

– Несчастный! – прошипела рыба, хотя слова её и заглушала ярость природы. – Безумец! Как ты посмел! Ты меня за кого принимаешь – за Господа Бога?!

Небо рассекла ярчайшая вспышка света. Всё кругом задрожало, завыло, загрохотало.

– Ты требуешь от меня невозможного! – бросила разгневанная форель. – Я не могу выполнять функции Всевышнего! Это святотатство! Богохульство! Это позор! Так оставайся же ни с чем! – и с этими словами рыба выскользнула из рук старика, шлёпнулась брюхом в воду и быстро заскользила среди волн.

– Постой! – слабым голосом позвал её рыбак. – Рыбка-а-а-а!!!

Вой ветра совершенно оглушил его. Огромная волна обдала ледяной водой. Мгла застилала очи, не давая возможности выискать в море ту, от которой, казалось, зависело так много.

Напрасно старик, стоя на берегу, взывал к ошалевшей стихии. Напрасно вслушивался в рёв урагана. Напрасно протягивал руки к морю, к небу, к жутким сполохам грозовых сил. Лишь волосы его, седые и спутанные, трепались в такт бешеной пляске необъяснимого.

# СКАЗКА ПРО УЗНИКА

Узник Мухин сидел в сырой полутёмной камере уже много-много лет. Так много, что он и не помнил, за что его посадили. Да и имени он своего не помнил, поэтому назовём его Мухиным, чтобы как-нибудь называть.

Узник Мухин очень страдал. Он страдал от одиночества – ведь сидел в камере совсем один, страдал от безделья, страдал от неизвестности и от того, что уже не мог не страдать. Разучился. Мелкими шагами по сто, по тысяче раз на день мерил он свой крохотный, убогий мирок. Он проводил ногтями по грубым шершавым стенам, прикасался ладонями к металлу всегда закрытой двери и вечером – когда это позволялось – ложился на деревянную койку, чтобы упереться лбом в продавленную подушку, зарыться в неё и глухо стонать.

Три раза в день в камеру приносили тюремную баланду с чёрным, смешанным с опилками, хлебом. Узник Мухин мычал и громко чавкал, вылизывая миску, а потом опять слонялся по своим крошечным владениям и кружился, кружился на месте, словно безумный дервиш, потому что ничего другого ему больше не оставалось.

Ещё он ходил на специальное ведёрко – парашу, и оно ему казалось злым символом его кошмарного заключения, не имеющего ни начала, ни середины, ни конца.

Одна отрада была у узника Мухина. Это – маленькое окно, даже оконце, окошечко, забранное толстенными решётками под самым потолком. Узник смотрел сквозь него на небо, и ему становилось в какой-то степени теплей.

Узник Мухин хотел научиться летать – и улететь.

Облака, которые проплывали мимо оконца, были всегда разные. Узник Мухин старался угадать, на что они похожи. Вот это – на слона, это – на жирафа, а это – на начальника тюрьмы, злобного мастодонта, который сделал Мухину так много плохого. А ещё, бывало, облака брали выходной, и небо из голубого становилось синим, а потом оно вообще темнело, усеивалось звёздами – и далее узник Мухин отправлялся спать.

Но иногда он долго не мог уснуть и смотрел на звёзды. Ему так сильно хотелось полететь, что казалось – вот-вот, и у него вырастут крылья.

Однажды узник Мухин заболел. Он грустно лежал на койке (в виде исключения ему разрешили днём не вставать с неё) и искал взглядом не то облачка, не то звёзды. Но небо за оконцем было ужасно серое, как и вся жизнь узника, и глазу было не на чем отдохнуть. Только грязный квадратик неба – всё, и больше ничего. И от этого становилось ещё грустнее, и совсем не хотелось выздоравливать.

«Ах, если бы я мог улететь! – вздохнул про себя узник Мухин. – Если бы я взмыл ввысь, не взирая на все эти решётки!»

И он закрыл глаза. А открыв их, вдруг почувствовал – каким-то шестым чувством, – что что-то в нём свершилось, и он свободен, по крайней мере в полёте, и может оторваться от пола своей опостылевшей камеры.

Узник Мухин легко расправил крылья, – а они однозначно появились у него за спиной, даже целых четыре, – и взмыл к потолку. Как-то уж очень быстро, отчего голова у него с непривычки закружилась, испытывая чудовищную нагрузку на вестибулярный аппарат. Впрочем, узник Мухин быстро пришёл в себя. Он сел на стенку, отдышался и уже осторожней опять попробовал ринуться наугад в полутёмное пространство камеры.

Аккуратно он облетел помещение несколько раз. Больше оно не казалось ему таким тесным и маленьким. И запах от параши почему-то тоже перестал казаться противным. Крылья за спиной приятно жужжали, всё тело пронизывало ощущение чего-то вольного, лёгкого, стремительного, глаза, – а их теперь у Мухина было множество, наверное, сотни или тысячи, – выхватывали из полумрака всё новые и новые детали обстановки, не доступные ранее оку человеческому. Сверху камера имела совсем другой вид. Мухин посидел на потолке, поперебирал всеми шестью лапками и отважно ринулся к окну – волшебному, заветному, манящему окну, открывавшему вход в неизмеримые высоты неба. Свершилось!

Узник Мухин вылетел в окно.

С той стороны фасад тюрьмы оказался мрачным и серым. Он чем-то напоминал казарму. Мухин пролетел мимо длинного ряда чёрных, страшных, забранных решётками окон, выглядевшими провалами, – там, в жутких казематах томились его друзья. Затем он облетел двор тюрьмы, вовремя сообразив, что желательно уклоняться от встречи с воробьями, и вздохнул полной грудью. Откуда-то из-за стены, огораживавшей служебные строения, вкусно пахнуло запахом мусорной свалки. Мухин было поколебался, но подумал, что времени у него ещё хватит, и вдруг напоследок, перед тем как навсегда покинуть казённую территорию, решил повидать начальника, чтобы с высоты посмеяться над ним.

«Я свободен! Я свободен!» – твердил себе Мухин, жужжа и несясь на всей скорости к административному зданию тюрьмы. Чувство обалдения переполняло его. Ветер подхватывал под крылья, чёрные бока блестели от свежего, несущегося навстречу воздуха, радость просилась наружу и сетка глаз лукаво сияла в предвкушении свидания, которое, несомненно, никогда уже не удастся забыть. Мухин стремительно ворвался в комнату сквозь приоткрытую дверь, влетел в кабинет ненавистного начальника и, не сбавляя скорости, сделал несколько упоительных кругов над толстой, потной тушей в мундире, склонившейся над кучей бумаг.

Начальник тюрьмы недовольно поморщился и отмахнулся. Мухин не обратил на это никакого внимания. Ловким, уверенным движением он сел на шею супостату, развернул свой хоботок и с наслаждением лизнул протухшего пота.

Начальник тюрьмы зарычал.

Мухин, опьянённый, жадно поедал питательную влагу, ползая по коже, выискивая самые пахучие места и вгрызаясь в плоть – такую жирную и, вместе с тем, прекрасную. Упоение не уходило. Наоборот, оно росло, застилая всё вокруг и наполняя жизнь торжеством и свободой. Это было восхитительно! Это было великолепно! Это было…

Удар оказался неожиданным и сильным. Громкий шлепок по шее отдался приглушённым звуком по всему пространству кабинета начальника тюрьмы. Собственно, начальник никогда не отличался проворством, но, видимо, Мухин ещё не успел полностью освоиться со своей новой ролью и не научился ловко управлять крыльями и телом – ведь для этого тоже нужна известная сноровка.

Поэтому хлопка он так уже и не услышал…

Начальник тюрьмы брезгливым движением отбросил от себя подальше чёрный искалеченный трупик. Встряхнул плечами, вздохнул и – вновь вернулся к отчёту. Только скрип пера нарушал безмолвие тюремного покоя.

Жизнь исправительного заведения возвращалась в привычную колею.

# СКАЗКА ПРО КЛУБНИЧКУ

Больше всего на свете Ян любил клубнику. Этой вкусной, ароматной ягодке Ян был готов простить всё. Иногда он, устав от жизни, от дел, от беготни, от дневной суеты, просто покупал себе килограмм ягод, приходил вечером домой и, не включая свет, в полумраке комнаты, жадно поедал их, даже не помыв, глядя в окно на сумерки, опускавшиеся на его родной город.

Яну жилось плохо, и если бы не клубника, возможно, жить вообще не было бы причин. Ян был совсем раздавлен жизнью, хотя по возрасту он считался вполне молодым. Сиротство в детском доме, тяжелая школа, армия с ее дедовщиной, и, наконец, сегодняшний труд агента по продажам не добавили ничего в копилку его мудрости. Не нужный никому, одинокий, как волк, Ян смотрел на мир сквозь призму отторжения, и мир отвечал ему тем же.

В этот день Ян поругался со своим менеджером – в общем-то, по пустякам. Сказывалось нервное напряжение последних месяцев. Стараясь побороть тягостное, упадническое настроение, он пришел домой с мыслью вытворить нечто особое, может быть, свирепое, ужасное. Может, с кем-либо, а может, с собой.

Но по пути он купил клубнику. Ее продавал какой-то восточный торговец с прилавка прямо рядом с домом. Пройти мимо было невозможно. И Ян остановился, зачарованный красками ягод, их багрянцем, их свежестью, их ароматом. «Мои маленькие волшебницы», – подумал про себя Ян, и сердце его смягчилось.

Он поднялся с клубникой наверх, на свой этаж. Вошел в полутемную комнату, поставил стул перед окном, сел и взглянул на город. «Ах, – сказал себе Ян. – Ну почему так устроено в жизни. Почему обстоятельства сильнее меня! Почему я раздавлен! Я так не хочу, чтобы на меня давили! Увы, я человек. Я слабый человек. Во мне слишком много человеческого…»

Он задумчиво поедал клубнику, смакуя каждую ягодку. Он ел и смотрел на город, и думал, как было бы здорово, если бы жизнь совершенно изменилась.

«Это прекрасно – дарить кому-то счастье! Приносить радость! Чтобы люди нуждались в тебе, и им было хорошо!»

«Вот клубника, – думал он, – такая маленькая, а сколько в ней добра! Она знает, зачем живет на свете! Ах, я хотел бы стать клубникой! Родиться клубничкой – этой восхитительной ягодкой, и сладостью своей насытить весь мир!»

Вскоре на город спустилась ночь, а Ян всё сидел у окна и размышлял. Да, он уже твердо знал, чего просить у бога, и знал, что просьба его будет удовлетворена. Он выбрал путь и готов был пройти его до конца.

Надо только сильно-сильно захотеть… Лечь спать, чтобы проснуться в нужном измерении…

Ему так не хотелось быть раздавленным жизнью.

* * *

Яна была капризной девочкой. И немножко вздорной. Маме тяжело приходилось с ней, и каждый раз она старалась придумать, чем бы задобрить свою непокорную доченьку.

В этот раз мама купила Яне много-много клубники. Ягодки были удивительно красными, спелыми, сочными, вкусными и аппетитно пахли. Мама помыла их и выложила аккуратной горкой в вазу для фруктов. Яна придирчиво наблюдала за ее действиями, решая про себя, хмыкнуть или, так и быть, съесть и сказать «спасибо».

В конце концов Яна согласилась оценить мамину покупку. Она съела одну ягодку, слизнула сок с губ, съела другую… Вошла во вкус… Вскоре вся ваза была почти пуста; Яна не особенно задумывалась о том, чтобы оставить кому-то попробовать.

Внимание Яны привлекли ягодки, сиротливо алевшие на самом дне вазы. Видно было, им не повезло, клубника под собственным весом слегка подавила саму себя, и клубнички, оказавшиеся снизу, расплющились. Их, впрочем, было немного. Яна, брезгливо поморщившись, взглянула на одну из них – самую раздавленную. Что-то не давало отвести ей взгляд. Яна смотрела-смотрела, и что-то вдруг шевельнулось в ее душе, ей захотелось пожалеть бедную клубничку. Она даже захотела прикоснуться к ней пальчиком…

Было в этой одинокой клубничке нечто такое, от чего становилось не по себе. Что-то несчастное, отчаянное. Казалось, будто клубничка плакала и кого-то звала. Яне, пожалуй, это не понравилось. Она стряхнула с себя оцепенение и раздумала трогать раздавленную ягодку.

«Фу! Кака какая!» – решила она про себя.

И, довольная, весело встала, даже не подумав убрать за собой опустевшую вазу, предоставив матери право отнести ее на кухню.

* * *

Где-то далеко-далеко, в огромном ночном городе горько плакал молодой человек, уткнувшись лицом в подушку…

*На конкурс*

**Адеми**

# СОЧИНЕНИЕ

В 23-кабинете на втором этаже школы-гимназии номер 67 на зеленой доске учительница писала тему для сочинения – *«Ранние журавли» в кыргызской литературе»* . Положив мел на подставку доски и поправив очки на носу, учительница пояснила: «Итак, ребята, это – ваше контрольное сочинение за четверть. Тема нами пройденная. Постарайтесь вспомнить наш анализ данного произведения и, главным образом, ответить на вопросы: какую тему выбрал автор? Почему? И что он хотел сказать? На сочинение дается 40 минут. Итак, приступайте.»

Тилек Мамытканов в это время продолжал смотреть на доску, потом перевел взгляд на нос учительницы, побелевший от мела. Другие ученики не могли этого видеть, так как все как один склонили головы над тетрадями и начали писать тему. Вытянув шею, мальчик посмотрел на пишущих одноклассников: некоторые из них уже дошли до половины странички тетради и продолжали писать быстрее, будто учительница им еще за неделю сказала о теме сочинения и они написав его дома и зазубрив, теперь пишут по памяти. Некоторые остановились и задумались, уставившись в окно. А на улице ярко светило весеннее солнце, наполняя теплым светом весь кабинет.

– Мамытканов! Не отвлекайся!

Продолжая вертеть ручку пальцами левой руки, Тилек уставился в тетрадь, а правой почесал затылок.

«...Думай, думай, думай... С чего начать? Напишу-ка тему сперва: *«Ранние журавли» в кыргызской литературе».* Эх, надо было прочитать... О чем же там было? О птицах, наверное. Макиева на прошлой неделе пересказывала вроде бы. А чем я слушал?! Я не слушал, а любо-

вался Макиевой и думал, как сделать так, чтобы она узнала про мой День рождения и пришла. Эх, Айнурка, Айнурка... Если бы ты только знала...».

Тилек откинулся на спинку стула, а грустные глаза его были прикованы к первой парте первого ряда. Он часто радовался, что именно на это место усадила Макиеву учительница, и именно на четвертую парту третьего ряда усадила его самого, откуда так хорошо видно Макиеву.

«Пишет... Уже страницу перелистнула. А ну-ка, - Тилек опять вытянул шею, - почему это Эрлан в ее тетрадь заглядывает? Списывает значит... Ну погоди, я тебе покажу!..»

– Мамытканов! Сядь на место! И перестань заглядывать в чужие тетради, я все вижу!

Тилек опять уставился в тетрадь. «Все она видит! Как же! Эрлан на первой парте переписывает, а ругает она меня!». Тилек втянул шею и надвинул брови.

Посидев немного в таком положении, он осторожно приподнял брови, а затем поднял и голову. Четвертая парта в третьем ряду нравилась Тилеку еще и потому, что сразу возле него на стене висели портреты писателей и поэтов, с приписанными датами рождения и смерти. Очень удобно было начинать рассказ о жизни писателей, когда ничего толком не знаешь. Портреты висели в алфавитном порядке. Портрет Айтматова висел над второй партой. Убедившись, что взор учительницы, сидящей склонив голову на своем месте, блуждает по страницам тетрадей других школьников, а ее красная ручка так и танцует у нее в руке, Тилек тихонько приподнялся, застыл, на пару секунд прищурил глаза, затем сел и начал писать: «*Великий кыргызский писатель Чингиз Торекулович Айтматов* (он мог бы и не писать полностью имени и отчества писателя, написав перед фамилией «Ч.Т.», но это срезало бы объем сочинения) *родился двенадцатого декабря тысячу девядьсот двадцать восьмого года*». Мальчик остановился. Второе предложение как-то не шло. Почесав обратно затылок, мальчик добавил *«Как известно, автор выбрал тему «Ранние журавли» потому, что...»* Тилек уткнулся в тетрадь носом и закрыл глаза, оживляя голос Макиевой в голове, пересказывавщей произведение на прошлой неделе. *«... потому, что Чингиз Торекулович Айтматов был невероятно близок к природе и с детства любил птиц.»* Завершил свое предложение Тилек.

«Что же хотел сказать автор?... Хммм... А как мне знать что он хотел сказать? Айтматов, наверное, и не думал, что его произведение будут учить в школе и задавать такие вопросы. Опять сочинение на угадывание мыслей писателя! Вот, почему бы всем писателям на первой же странице произведения не написать конкретно, что же они хотели сказать? Не могу же я знать, что Айтматов хотел сказать, или думал, когда про

этих птиц писал!» Скрестив руки на груди, Тилек нахмурился. Не обращая внимания на одноклассников, перешедших уже на вторую страницу своих тетрадей, он продолжал думать: «Может написать, что Айтматов хотел пробудить в молодом поколении интерес и любовь к природе? Кайыр Турдалиевне нравятся такие предложения, со словом «пробудить», «молодое поколение» и «любовь». А еще ей нравится слово «ответственность». Или может «Айтматов хотел пробудить в молодом поколении чувство ответственности, интерес и любовь к природе?». Да, лучше так, «ответственность» хорошо вписалась. Не зря же я получил четверку в прошлом месяце – я составил предложение у доски с этими словами. Хотя тогда надо было просто составить предложение. Вот только в этот раз целое сочинение не спасешь парой любимых слов. Вспоминай, вспоминай! Макиева что-то говорила о школьниках в холодном классе, еще что-то о письме при зажженной лампе. Только слушать про школьников было не интересно, я и сам школьник. Свет отключают и у нас, а писать при свечах нельзя, мама говорит, что можно «испортить зрение, и что еще хуже – стоят они 10 сом, а горят не больше десяти минут». Хмм... Про волков там что-то было... Может произведение было про интерес школьника не только к миру журавлей, но и волков? Или волки съели журавлей мальчика? Ведь кого-то там они съели? Эх, залезть бы сейчас в голову Макиевой!»

– Мамытканов! Не спи на уроке!

Тилек открыл глаза. Он посмотрел на пустующее место рядом с ним – там обычно сидела ударница Жумалиева, но сегодня она не пришла – заболела. «Угораздило же ей заболеть именно сегодня! Про то, что хотел сказать автор она бы наверняка что-нибудь сочинила для меня». Мальчик вздохнул. «Что же хотел сказать автор?.. Что же?.. Если он что-то хотел сказать, почему не сказал это прямо? Было бы легче, если бы все говорили то, что хотят сказать – прямо. Вот писатели, написали бы прямо, что они хотели сказать, и таким как я не пришлось бы гадать. Или, мои, родители сказали бы мне прямо, подарят они мне велосипед на День рождения или нет. Вот, папа, например, каждый день работает до поздна, чтобы «шеф приметил какой он трудолюбивый и поднял по карьерной лестнице». Почему он не может сказать ему прямо, что он хочет другую работу и будет в ней лучше всех? Зачем мама, сказала, что некоторое время не будет разговаривать с папой, пока он не поймет, почему она на него обиделась? Мама сказала, что, это называется «бойкот» и что так нужно. Но нужно для чего? Может он и вовсе не догадывается о маминой обиде? Изобрели бы аппарат угадывания мыслей! Вот было бы здорово! Он был бы похож на яркий фотоаппарат. Его по почте прислали бы шефу отца. Он нацелил бы его на моего папу, сфотографировал, а на его экране потом показался бы не мой папа, а его мысли о «ка-

рьерной лестнице». Потом шеф передал бы фотоаппарат моему отцу. Радостный, что шеф его наконец-то понял и у него новая должность, он пришел бы домой с коробкой торта, на котором много-много воздушного крема. Мама сделала бы вид, что не замечает его, а он вынув из кармана фотоаппарат шелкнул бы маму. На экран вышла бы надпись «Жена обижена, за то, что ты забыл о Дне ее рождения и не подарил ее любимые цветы». Папа тут же все вспомнит и выбежит из дома! И вернется домой уже с букетом маминых любимых красных роз. Мама сразу забудет про бойкот и начнет смеяться. А потом... Потом папе с мамой захочется сфотографировать меня с тортом в руках. Щелчок – и они уже знают, что я на самом деле очень хочу велосипед на свой День рождения! Потом мама разрежет торт и мы все сядем за стол. Но прежде я спрошу у папы, можно ли взять фотоаппарат в школу. Конечно, он согласится. А на следующий день, придя в школу я увижу Макиеву... Она будет стоять в классе возле окна с подругами. Увидев новенький фотоаппарат у меня в руке ее подруги запрыгают от радости и попросят их снять. Но я скажу что он маленький и всех вместе снимать не получиться. Уж больно нужно мне знать о чем они думают! Я попрошу Макиеву меня сфотографировать, покажу на какую кнопку нажимать. Щелчок! Макиева посмотрит на экран и удивится прочитав «Айнура, хочешь прийти ко мне на День рождения?»

Тилек вздрогнул – звенел звонок. Дети начали сдавать тетради. Макиева, которая, вероятно, единственная в классе написала три с половиной страницы сочинения, дописывала последнее предложение. Щеки у нее раскраснелись. Аккуратный «хвостик» на голове покачивался из стороны в сторону, пока Макиева шла к столу учительницы сдавать сочинение. У Тилека тоже щеки побагровели, хотя он не дописал и страницы. Но не смотря на это тетрадь свою он сдал.

Дети шумно носились по классу. На партах лежали уже другие учебники и тетради. Сквозь большие, чистые окна проникали веселые лучи юного солнца.

Тилек зашагал в сторону первой парты в первом ряду.

– Айнура, приходи ко мне на День рождения в субботу. Мне очень хочется чтобы ты пришла!

Девочка улыбнулась. Зазвенел звонок. Начался урок математики.

# Поэзия

## Айгерим МАМЫТОВА



### Отцу

*Я только вступила в этот мир,*
*Еще с любопытством, еще неуверенно.*
*И в это время злой сатир,*
*Тебя отнял так жестко, намеренно.*

*«Отец» ни разу не назвав,*
*Тебя лишилась, не долюбивши.*
*Стиснула зубы, все силы собрав,*
*Не выпуская отчаянный крик души.*

*В белой фате не увидишь меня,*
*Словом родительским не напутствуешь.*
*С мамой вместе внука держа,*
*Ты колыбельную ему не напишешь.*

*И твои мысли, как ветер промчав,*
*Не остановятся, не станут стихами.*
*И от земли снова сил набрав,*
*Не повоюешь с новыми хамами.*

*И по изгибам жизни-реки,*
*Не убережешь меня, не удержишь.*

---

**МАМЫТОВА Айгерим** – *родилась 1970 года в городе Ош. По профессии модельер-конструктор женской одежды. Стихи пишет давно, но неизвестна широкому кругу читателей. Имеет опыт работы журналиста.*

*Но только в детских снах, вопреки,*
*Времени, папа, ты за руки держишь.*

* * *

*Весь пепел спадет и осядет на землю.*
*И счастья былого не станет следа.*
*Я тихому всплеску разлуки, не веря,*
*Уйду по дороге ведущей туда,*

*Где есть объясненье сегодняшней боли.*
*Где есть и надежда на завтрашний день.*
*И я соберу в своем сердце всю волю,*
*И прочь прогоню из души боль и тень.*

*И пусть разобьются оковы страданий,*
*И солнце засверкает лучами звеня.*
*Сидеть я не буду в плену без желаний,*
*Уйду, только лучшее в прошлом храня.*

*И вновь горизонт мне все дали раскроет,*
*Туманные мысли развеет мечта.*
*И необъяснимая нежность накроет,*
*Мой завтрашний день в ожиданье меня.*

* * *

*Как много пережила за миг перевоплощенья,*
*Как низко падала и поднималась вновь.*
*И солнце видела, и зябла во мраке не прощения,*
*Узнавши ненависть, познала и любовь.*

*Как странно смотрится моя картина жизни,*
*Как много тратилась я часто на пустяк.*
*Когда в прозрении так хочется воскликнуть:*
*«Живите, люди не прозябайте так!*

*Откройте сердце и внемлите душою,*
*И пусть войдет Божественный свет в наш век,*
*Вдохните люди и не теряйте времени.*
*И славься Божий сын, ты есть, ты– человек!»*

* * *

*Хочу быть дерзкой и свободной*
*От страха, боли  и невзгод,*
*От смеха, счастий и хлопот,*
*Взлетев над суетой суетной.*

*Хочу уйти дорогой дальней,*
*Что уведёт в далёкий стан,*
*Где нет дворцов, всего лишь храм,*
*Высится над горой хрустальной.*

*Где голуби летят волной,*
*Цветы в лучах пестрят огнями,*
*Река журчит между холмами,*
*Горстями россыпь звёзд видна.*

*Где сердце радостью зальёт,*
*Душа спокойна и светла.*
*А в мире нет ни бед, ни зла*
*И в небе радуга взойдёт.*

* * *

*Вот умер поэт, рванувшийся словом,  в вечность,*
*Укрывшийся, шалью забвенья   ушедших дней.*
*И просто бежит в круговерти дней скоротечность.*
*Из жизни остались лишь песни, как память о ней.*

*Ушёл поэт, оставив любовь, как легенду,*
*Тоскующей птицей, томящейся в клетке страстей.*
*И старая женщина, дожившая до победы,*
*Седым отражением любви, как память о ней.*

*Не кликнет поэта ватага друзей удалая,*
*Что вечною дружбой держались друг друга плечом.*
*Уходят друзья в тот  же путь, что и он повторяя,*
*С последним из них уйдёт живая память о нём.*

* * *

*Сердце ждёт какой-то перемены,*
*От обычных дней, как бы устав.*
*Хочется разрушить эти стены,*
*Осенняя встреча*

*Осенняя симфония слышна в порханье листьев,*
*Которые  кружат, играя с ветром и летят.*
*И золото с багрянцем, вперемешку с чувством,*
*Мне оглянуться на вчерашний день велят.*

*Где, в дне прошедшем мы с тобою вместе,*
*Где, осень дарит нам тепло и миг любви.*
*И нежные слова твои правдивы  и без лести,*
*И первый поцелуй нежданный терпелив.*

*Где, паутинка на ветвях над нами колыхалась,*
*Цветов последних терпкий аромат манил.*
*И сердце радостно любовью наполнялось,*
*Когда слова любви впервые ты мне говорил.*

* * *

*Проснись, душа! Желай чего-то.*
*Не спи, не дремли в темноте.*
*И может быть сегодня кто-то,*
*Скучает, помня о тебе.*

*А может быть,  глаза распахнет,*
*Весенний первоцвет в дали.*
*Ты не услышишь, как запахнет*
*Весной и ветром на заре.*

*Своих волос шелковых пряди,*
*Откинь назад и с сердцем  в такт,*
*К своей судьбе, идущей рядом,*
*Стряхнув тоску,  ты сделай шаг.*

* * *

*Мне хорошо с тобой,*
*мое ты счастье, свет.*
*И даже в сотни лет,*
*твоей любви хоть след*
*Останется со мной.*

* * *

*То ветерок, то ураган,*
*Нагонишь солнце и ненастье,*
*То ты пригонишь мне туман*
*Бываешь ветром теплым счастья.*

* * *

*Сомнения тревожат грудь мою,*
*Твоей любви всей правды, не приемля,*
*Как сердца слабость оправдать ко дню,*
*Когда к тебе приду рьяной смелой.*

* * *

*Жёлтый лист резной шуршащий,*
*Очень медленно вспорхнёт.*
*Осень нежностью парящей,*
*Отмечает свой приход.*

* * *

*Как люблю я тебя, так нежно и робко,*
*Хоть порою горда и величественна.*
*И ты вторишь мне страстно, пылко и ловко,*
*Обнимая меня единственную.*

* * *

*Природы таинство - рождение ребёнка.*
*Когда он криком оглашает небеса,*
*Что он пришёл под стрекот перепелки*
*И чистая, ещё душа, лучится трепеща.*

* * *

*Ах, осень милая подруга!*
*И ты покинула меня,*
*Я здесь совсем-совсем одна,*
*И рядом холода да вьюги…*

## Друзьям

*Мы часто видимся на праздниках веселых,*
*Танцуем, говорим, и тосты пьем до дна.*
*И в будни и, конечно в дни утрат тяжелых*
*Мне было б тяжелей без вас мои друзья.*

*Мы были молоды, красивы, беззаботны,*
*Любили жизнь и бесконечность дней.*
*Бежали в завтра, не боясь любой работы,*
*И вновь встречаясь средь праздничных огней.*

*Сегодня старше стали в жизни и мудрее,*
*Своих детей растим и учимся их понять.*
*Чтобы они свою нашли судьбу-дорогу,*
*Чтобы ошибки наши не могли свершать.*

*Мы не стареем сердцем и душою,*
*Есть вспомнить что, и в будущее зрим.*
*Как хорошо, что нашей дружбою большою,*
*Мы с вами вместе нежно дорожим.*

*Конкурска*

**Абдыке**
**АЙКӨЛ уулу**

# СИРЕНЬ ЖЫТЫ

**(Аңгеме)**

**Баки экөөбүз автобуста кыналышып, башыбыз тийишип бара жаттык. Ал колумду кыса кармап баратты. Автобустагылар бизге суктанып карашат.**

* * *

Ишке жаңы киргени келгем, колумда кичинекей кол сумкам бар, анда паспортум, анан жогорку окуу жайын бүтүргөн дипломум салынуу, ырас, аным кызыл диплом, ошол да мага канча дем, күч болуп жатты, жетекчинин кабыл алуусуна мурдумдун учун тердетип, айтарга сөз таппай жатып, араң кирдим. Кабыл алуу бөлмөсүндө эч ким жок экен, туура эле эшик ачып:

– Уруксатпы агай,– дедим.

Көз айнегин мындай алып, мени тулку боюма көз жүгүртө бир сыйра карап алып.

– Кир, кире бер жигит, сыртта эч ким жок бекен?– деди.

– Жок экен,– десем мага орундук көрсөттү.

Кирерим менен эле алдындагы телефон шыңгырап, кимдир бирөө менен көпкө бир нерсени талашып, тартышып жатты. Ал кишинин ошол узакка сүйлөшүүсү да мага жакшы болду, бир аз болсо да өзүмдү басып, көнүгүшө түшкөнсүдүм.

Келечек жетекчим телефондун трубкасын коюп, мени мурдунун учуна түшкөн көз айнегинин үстүнөн тиктеп:

– Кел жигит, жанагы окууну бүтүп келген жигит сенсиңби? – деп менин тулку боюма көз жүгүртүп, таң калыштуу карап алды.

– Ооба, ошол жигитмин, иш болсо иштейин деп келдим эле,– дедим.

– Ым-м, жакшы, демек, иштейин деп келипсиң да, билесиңби, журналисттик иш оюнчук эмес экенин, ар бир сөзүңө жооп бересиң. Мындан мурда жазып жүрдүң беле?

– Ооба, анча-мынча жазып жүргөм, ыр жазам,– дедим. Эмнеге антип айтып жибердим, билбейм. Кана, ырларыңдан окуп жиберчи десе эмне деймин деп бушайман боло түштүм. Жакшы, антип сураган жок.

– Анда жигит, сыртка чыгып катчы кыздын жанына олтур да арызыңды жазып кел. Айыл чарба бөлүмүнө адабий кызматкер болосуң, айлыгың да чоң, 65 сом аласың,– деди.

Мага айлыктын деле мааниси анчалык жок эле, эптеп эле ишке илешип калсам деп келгем. Сыртка чыксам кабыл алуу бөлмөсүндө бир сулуу кыз олтуруптур. Кирип келе жатканда негедир кыз жок эле. Бул кызды кайдан көрдүм эле деп кыйлага өзүмдү жоготуп, анан тээ, бала кездеги кошуна кара кыз эсиме түштү.

Анда жайдын толукшуган кези эле, кошунанын кызы толмочунан келген кара кыз болчу. Бааргүл эле аты, биз аны Баки деп койчубуз. Баки экөөбүз керелден-кечке бирге ойночубуз. Ат кулактын арасына кирип алып, кичинекей дасторконду жайып алып, ага жалбырактарды нан деп туурап, ал бээ саап, сабадагы кымызды бышып, кудум эле апасынын өзү болчу. Мен болсо анын күйөөсү элем, жылкыларды карамыш болуп суунун аркы бетинен келчүмүн. Анан экөөбүз ат кулактын арасына кучакташып жатар элек. Экөөбүз кээде урушуп кетер элек. Ал куурчагын көтөрүп кетип калчу. Кайра эле түштөн кийин жарашып алчубуз. Кайра эле:

– Баки, жүр ойнойбуз,– деп барып калчумун.

– И, сени менен ойнобойм,– деп мурчуюп турчу да, анан экөөбүз тең жарышып, баягы ат кулак өскөн тарапка кулунчак аттарды чаап кетчүбүз. Бизди көрүп кичинекей кыздар менен балдар да барып калышчу. Аларды Баки силердин үйүңөр аркы өйүздө болсун, үй кургула, биз айылчылап барабыз деп аркы өйүзгө өткөрүп, үй куруп берип келчү. Экөөбүз болсо Бакинин үйүн жасалгалай баштачубуз.

– Атасы, саан маалы болуп калды бээлерди айдап келбейсизби, – дейт. Мен макул болуп тээ, орсок чоң таштын ары жагына кетем...

Дал ушул ойлордун кучагында турсам:

– Эй жигит, эмне эле эсиң ооп турасың, редактор сага эмне деди? Ишке ала турган болдубу?– деп кыткылыктап күлүп жиберди. Баятан берки таттуу ойлорум быт-чыт болуп, шашып калдым.

– Бир барак кагаз берип турасызбы? – дедим. Кыз мени ажарлуу бир карап алды да, столунун суурмасынан бир барак ак кагазды алып чыгып:

– Мына, арыз жазасыңбы?– деди. Мен башымды араң ийкедим. Кызга эңкейип кагазды ала коёюн десем эрте жаздагы сирендин жыты бур этип каңылжаарды жарып өттү. Ой, тобоо, ушундай да жагымдуу жыт болот экен да деп ичим уйгу-туйгу болуп, бул кыздын аты ким болду экен деген ой санаамды ээлеп алды.

Айылда Айтбү деген жеңем бар эле. Айрым күндөрү акем жокто биздикине барып:

– Бүбү эне, уулуңуз биздикине барып жатып келсинчи, акеси жок эле, коркуп жатам,– деп калчу. Ошону күтүп турган жаным жым дей түшөт элем. Тамакты бир даамдуу жасачу. Мени кучактап, кытыгылап, экөөбүз алышып эле жатып калчубуз. Анда мен жаш болсом керек да, өзү акырын колумду кармап туруп, жумшак эмчегин карматып койчу. Анан алкымымдан жыттап бооруна бекем кысар эле. Ошентип алышып жатып уктап калчубуз.

Ошол учурда редактордун эшиги ачылып:

– Эй, жигит, арызыңды жаздыңбы, кир бери,– деди. Мен чындыгында сулуу жазчумун. Арызымды алып, бир сыйра көз жүгүрттү да: «Азаматсың, журналисттин кол жазмасы ушундай болуш керек. Жакшы, сулуу жазат турбайсыңбы. Эми макалаларды да дал ушундай жазгын» – деп арызымдын бир четине бирдемелерди жазды да, кнопкасын басты.

Жанагы сулуу кара тору кыз шып эле кирип келди.

– Мага жооптуу катчыны, партуюмдун катчысын, анан бухгалтерди чакыр, – деди. Бул кызды көргөн сайын эле өзүмдү жоготуп, жаш кезимдеги ат кулактын арасында бирге ойноп жүрчү Баки эсиме түшө калат.

Баки демекчи, бир күнү эртең менен эрте туруп, койлорду төшкө айдашып чатырга жүгүрүп келсем, атасы менен апасы жок экен, алар тээ, короонун аркы четинде кой санап жатышыптыр. Баки төшөгүнөн тура элек экен, экөөбүз кучакташып көрүштүк.

– И-ий, колуң муздак турбайбы,– деп калды.

– Ой, эмне кылып жатасыңар,– деп апасы кирип келип калды.

Аңгыча эле эмелеки топтогон ойлорумду чачыратып, кеңсеге ак чач, колуна строкомер кармаган бир киши менен белгилүү эле карыя журналист кирди. Анан чачтары сапсары, көзү көк орус аял кирди.

– Таанышып алгыла, бул жигит бизге ишке кирип жатат. Журналистиканы Алма-Атадан бүтүп келиптир. Кыязы, жакшы журналист болчудай, кол жазмасы жакшы экен. Жаш, жардам бергиле. Олтура турган столун көрсөтүп, тапшырма берип, иштете баштагыла. Жазып келгендерин мага көрсөтүп тургула. Жакшы жазып кетсе көрөбүз. Жаза албай турган болсо аны да карап көрөбүз,– деди редактор мени коркута сүйлөп.

Ошентип, алгачкы эмгек жолумду баштамакчы болуп калдым. Чоң кеңседе үч адам олтурушат экен. Эшиктен кире бериште оң тараптагы бурчтагы столду көрсөтүшүп, мына ушул стол сеники, ушул жерге олтуруп иштей башта деп жооптуу катчы столумду көрсөтүп койду. Столдун суурмаларын ачсам ичи толо эле чиймеленген кагаздар. Анан айылдык кабарчылардан келген каттарга толтура экен. Алардын баарын тазалап, столдун ичин тартипке келтире баштадым. Бассам-турсам эле жанагы кабыл алуу бөлмөсүндөгү кара тору томолок кыз көз алдымдан кетпей туруп алды. Же шылтоо таап ал жакка бара албайм.

Эртеси мени райондун тээ алыскы бир айылына командировкага жиберишип, малчылар, койчулар жөнүндө жазып келүүмдү буйрушту. Газетанын кабарчысы деген күбөлүк жазып беришти. Улам-улам алып карап коём. Бир жагы кубансам, бир жагы толкунданып, эмнени жазам, кантип жазам деп кыйла чочулап да алдым. Анан тээ мектепте окуп жүргөндө айылыбыздагы тамекичи келиндерди жазганым эсиме түштү. Барып суроо берип, алардын иштерин кыйла эле жаздым эле. Ошол макалам чыкканда кошуна келин үйүнө ээрчитип барып: – Азаматсың, бизди жакшы жазыпсын, өзгөчө мен тууралуу көп жазган турбайсыңбы,– деп чөнтөгүмө толтура кант салып бергени эсиме түштү. Эртеси чарбага барып, башкарманын төрагасына жолугуп, келген максатымды айтсам, ал киши жылуу кабыл алып, таанышып, күбөлүгүмдү көрсөтсөм карап туруп куттуктаймын деп колумду кысып, кайра мага тапшырды. Кыязы, сыйлык тапшырып жүрүп көнгөнбү, билбедим. Анан башкы зоотехникти чакырып, мен тууралуу мактаган сөздөрдү айтып, чарбаны көрсөтүп келүүнү буйруду. Ошентип, башкы зоотехникке кошулуп чабандарды кыдырып кеттим.

Машинада бара жатып жанагы катчы кыз көз алдымда. Катчы кызды эстесем эле жаш кездеги шоктугум эсиме келет.

Мектепте окучубуз, кошунаныкына барып тамеки тизишем. Кошунанын бойтойгон бойго жеткен сулуу кызы бар болчу, менден улуу болсо да жакшы көрчүмүн, башкалардан өзүмчө эле кызгана берчүмүн. Анан түштө чоң сууну көздөй чу койчубуз, күн ысык, айылдын балдары бир тарапка, кыздар болсо тээ бурулуштагы чычырканактардын арасында кичинекей көлмө бар, ошол жерге барып киринишет. Биз да сууга бой уруп, кумга жатып, анан кыздар киринип жаткан тарапка жөрмөлөп жөнөйбүз, аларга жакын жердеги бадалдын арасына барып алып аңдыйбыз.

Бадалдан башымды чыгара калсам, чычырканактын арасында жанагы биздин кошунанын кызы чечинип жатыптыр. Далысын жапкан капкара чачтары тигил кызды айдан түшкөн жомоктогу перидей эле көрсөтүп жатты. Ак куу сымал таранып, өзүнчө эле бой сала сыланып жатты. Ах, мына сулуулук деп ушуну айт деп оозум ачылып карап тур-

дум. Жеңемдин денесин жарыкта көрбөптүрмүн. Бирок жеңем караңгы түндү да аппак кылып жиберчү. Акем болсо колхоздо арабекеч болгондуктан иштен шакмар болуп келер эле. Келип алып бир чоң кумган сууга жуунуп, жеңем ага суу куюп берип, анан колуна чачыкты кармап турчу. Аны берип, кош өрүм чачы булактап, үйүнө кирип кетер эле.

Тигине, дагы бир топ кыздар жүгүрүп ызы-чуу түшүп кошуна кыздын жанына келди. Ага менин таякемдин иймейген кумурскадай кызы да кошулуп алыптыр, ага эмне жок дейм да, бутун жанагы Африканын чөлүндөгү төө куштардын бутундай тыртайып, дагы эмчек кап кийип алганын кантесиң! Баары ич кийимдерин чечишип, сыгып кургактап жатышты. Менин эки көзүм ак куудай сыланган кошунанын кызында.

Ошентип, таттуу кыялдарга батып олтуруп, кызыл чап адырларды аралап баратсак бир койчу кой жайып жайытта жүрүптүр. Токтоп, койчу менен учураштык. Зоотехник негедир кыр ашып жөө басып кетти, койчу менен сүйлөшүп, кыйла эле малыматтарды топтоп алдым. Акырында:

– Байке, бул жерди кандай атайсыздар?– десем,

– Бул жердин аты кызык, чоң тарыхы бар, Жийде-Бел деп коёбуз,– деди.

– Байке, ошол тарыхын кыска болсо да айтып бербейсизби?– десем.

– Ээ, үкөм, бул кыргыздын башынан не деген гана окуялар өтпөгөн. Ойлоп олтурсам баатыр эл болгон экенбиз. Ар күнү кой жайып келип ушул жерге куран окуп, зыярат кылам. Мына ушул жерде келдей деген уруу бар, дал ошол уруудан Тыныбек деген баатыр жигит чыгат. Ат оюндар, кыз оюндар ал жигитсиз өтчү эмес экен. Эми Тыныбек ырдаганда кыз-келиндин баары ага суктанып, айланчыктап эле жанынан чыкпай калчу экен. Жаштыктын доорун сүрүп, кыз оюндардын гүлү болуп жүргөн мезгилде Кетмен-Төбө жергесинде чоң той болуп, биздин элдин бий-манаптары ошол тойго жигиттери, ырчы-комузчулары менен барып калат. Кырк күн кыз оюн болуп, ошол жерден Тыныбек Жийдегүл деген сулууну жактырып калып, ал экөөсү айлуу түндүн көркү болуп, алышып ойноп калышат. Жаштыктын жалындуу сүйүүсүнүн кумарына кана электе той бүтүп, кайра кайта турган болуп калышат. Кыз менен жигит антташат. Күздө келип кызды алып кетмек болот. Бирок Тыныбек күзгө күтө албай, жайдын толукшуп турган мезгилинде Кетмен-Төбөгө барат. Барса, кызды Жумгалда даңкы чыккан манаптын уулуна убадалашып койгон болот. Кызды түн катып алып качып чыгат, эртеси таңга жуук кыздын качып кеткенин билип, артынан куугунчулар түшөт, кайсыл жерден кармасаңар да экөөсүнүн тең башын алып келгиле деген буйрук болот. Кыз менен жигит үч күн, үч түн жол жүрүп, өздөрү чарчап, аттары баспай калганда мына ушул жерге келип, ушул жерде Шыбак-Булак деген булак болот, ошол булактын суусунан ичишип, ат-

тарды таң ашыра байлашып, экөөсү булактын көзүндөгү талдын түбүнө айкалыша жатып уйкуга кетет. Түшүндө кыз жаман түш көрөт: кыз менен жигит бийик асканын башында турган болот, шуулдаган шамалдан жигиттин тумагы учуп кетип, баягы аскадан ылдый түшүп кетет. Ошондо кыз чочуп ойгонсо түшү болот, жигитти ойготуп, түшүн айталбай олтурганда тумшуктан эле жоон топ атчан куугунчулар чыгып калат. Кыз токойду көздөй качып, бекингенге аракет кылат, жигит артынан жүгүрөт, жигитти куугунчулар көптөп кармап алат. Кызга жетип, жер чийген чачынан кармап калганда негедир кыз жок болуп кетет. Кызды кайда качырдың деп жигитти талга таңып, сабашат. Бир жума издешет, кыздын кайда кеткени билинбейт. Эми жигиттин го башын алып барабыз, ал кыздын айласын кандай кылабыз, кызды алып барбасак, жолдон бирөөнү кармап келдиңер деп шорубузду шорподой кайнатып, бий башыбызды алат дейт. Ушул учурда мына ушул жерди кыштоо кылып жайлаган тампагарлар менен келдейлер, мачактар – булар бир атанын балдары болушат, кыз-жигиттин кабарын угуп, кол курап келип жигитти ажыратып, куугунчуларды байлап алышат. Куугунчулар кыздын дайынын айтышып, бул үчүн эки эл чабышып калышыңар мүмкүн дейт. Ошондо тигилер Тыныбекти жашырып, Чаткалга ашырып жиберишет да, куугунчулардын башын алышат. Көрбөдүк дегенге өтүшөт. Бирок Жийдегүлдөн ажырап ал жакта жүрө албай Тыныбек тез эле келет, куугунчуларды өлтүрүп салганына таарынып, туугандары менен араздашкан ал ушул жерде өзүнүн жанын өзү кыят. Ошондон бул жер Жийде-Бел, Жийдегүл-Адыр деп аталып калган. Аппак көйнөк кийген, ак маралдай керилген сулуунун элеси айлуу түндө махабатка чындап берилген, таза, пакиза жаштарга жолугат дейт. Ал эми ошондон кийин бул чөлкөмдү жийде басып кеткен экен. Мына, тээтигил катар өскөн калың дарактын баары жийде, ошол жерде көк кашка тунук булак бар, биз жыл сайын ушул жерге зыярат кылабыз, – деп койчу оозун жыйганча зоотехник келип калып, биз койчунун короосуна сапар алдык.

– Кызык экен,– дедим кайрадан көз алдыма катчы кыз тартылып. Дал ошол Тыныбекче катчы кызды алып качсамбы деген да кыялга батып кеттим. Машина чабандын короосуна келип токтоду.

Эми чабандын катыны жүдөмүш немеби, белгисиз. Үйдүн ичи көк жыттанып жатты. Бир кезде кара мештеги көң күйүп, үйдүн ичин көңдүн жыты каптаганда жанагы жыт билинбей калды. Чабанды тээ ата тегинен бери сурамжылап жазып жаттым. Чабан байкуш барбалаңдаган ичи кенен, ак көңүл неме экен, кой дегенге көнбөй сүрсүгөн чучук салдырып, казан астырып жиберди. Сыртка чыгып чабандын короосу менен таанышып, көрүп чыктык. Атам чабан болгондуктан бул турмуш мага жакын да, тааныш да көрүнүш болчу. Кызык, бул жерде да капкайдагы бир окуя эсиме түшүп, кутула албай жаттым.

... Биздин короого студентпи, же бир мекемеде иштейби билбеймин, эки жаш кыз менен бир жигит сакмалга келген. Алар жардам берип иштеп жүрүштү. Бир күнү кеч кирип калган эле, короодон койлор чыгып кетиптир, түн бир оокум, койлорду короого киргизип, эргенчекти жапканы жатсам, чөптүн арасынан эле онтогон үн чыгат. Кулак түрсөм жанагы сакмалчы жигиттин үнү.

– Алтыным, берекем, күмүшүм, – деп эле жалдырап жатат. Кыйлага эсим ооп карап турдум. Короонун үстүнөн түшкөн айдын шооласы ал тарапты жарык кылып тургандыктан ал экөө мага даана көрүнүп турду. Алардын мени менен иши деле жок. Аймалашып, кучакташып жатышты. Дал ошол учурда Баки эсиме түштү. Кемпир десем, ал мени балдардын атасы деп кучакташып калар элек...

Чабан бизди:

– Кана, меймандар, үйгө киргиле, тамак даяр болуп калды, – дегенде гана жанагы ойлордон бирөө чочуткандай ажырай түштүм. Дасторкон жайылып, казанга жапкан ысык нан менен жаңы бышкан эттин шорпосу алдыга келди. Шорпону кичинекей чыныга аз-аздан куюп келди. Зоотехникти карап:

– Раис, эми келип калыптырсыз. Анан бул кабарчы жигитти да биринчи көрүшүм. Эми жаш жигитке каалоо-тилек айтып дегендей кичине бирдеме дейли, – деди.

Зоотехник ошону эле күтүп тургансып:

– Ой, антпесек болчу беле, Беке, жаш баланын суроосун бересиз да,– деди.

Дасторкондун четинде турган «Московская водка» деген бөтөлкөнү, артына бир уруп эле пөгүн алып салып, үч стаканга куя баштады.

– Мен ичпеймин,– дедим.

– Ой, таланттуу адам да ичпейм дечү беле, ичпесең талант кайдан чыгып, илхам кайдан келет, ичесиз,– деди зоотехник өзүнө ишенимдүү сүйлөп. Арга жок, а десем а дешти, бу десем бу дешти. Акыры көндүрүштү. Жүз граммдай аракты алып жибердим. Ичегимди бир нерсе сыдырып кеткендей эле болду.

Экинчи жолкусун болду деп албай койдум. Чабан менен зоотехник алып олтурушту. Кызыгандан кийин чабан тээ жүктүн үстүндө турган комузду алып, ырдап кирди.

– Чаткалдын гана тоосун ээ-й ашканда,
Чар булут каптап ээ-й асманда,
Чачыңдан сылап эй-й ойготсом,
Сен чатырда гана уктап ий-ий жатканда.

Эки бети албырып кызарып чыккан зоотехник:

– Ий балли, Беке, ыр эмес бекен! Дагы! – деп кыйкырып койду.

– Бозбунун гана тоосун ээ-й ашканда,
Боз булут каптап ээ-й жатканда.

Бооруңдан сылап и-ий ойготсом,
Сен боз үйдө уктап ээ-й жатканда.

– И Беке, бар экенсиң го. Кайран талантты кор кылып койчу болуп жүрөсүң да. Тээ, Фрунзедеги театрларда эле созулуп ырдай турган адамсың да деп кызып калган зоотехник арманга өтүп кетти. Комуз безеленип, койчу аке ырын улантып жатты.

– Унгардын гана тоосун ээ-й ашканда,
Уйкуда гана өзүң ии-й жатканда.
Уйпалап сени и-ий ойготсом,
Теги таң агарып и-ий атканда.

Ошентип, кеч бешимде тердеп-тепчип, кызуу болуп үйдөн чыгып машинага олтурдук, жол ката зоотехник ырдап келе жатты. Ал да жакшы ырдайт экен. Анан үйүнө келип машинадан түшүп жатып, бул жигитти үйүнө жеткирип койгун деп айдоочусуна дайындады. Жол ката дагы катчы кызды эстеп, ошону менен алек болуп келе жаттым. Атын да сурап албаптырмын. Ким болду экен, ошол Баки эмес болду бекен. Баки болсо мени тааныйт эле да, кантип таанybай калсын, окшош болсо керек деп ойлодум. Үйгө түшүп калдым. Эртеси «Койчунун ыры» деген чоң макала жазып бардым. Жооптуу катчы бир сыйра окуп көрүп:

– Эй, жигит, жакшы жазыпсың, только мындан кийин ичип-жегениңди жазбай жүргүн, мына ошол жерин алып салдым, калганын машинкага бергин, бассын, анан газетага беребиз, – деп колума карматты. Машинкага берип, жанагы кыздын атын сурадым.

– Атыңыз ким? – дедим.

– Атым Арзы, – деди катчы кыз.

– Арзы, – деп ичимден кайталап алдым. Чынында эле атына заты айкашкан неме экен деп ойго батып турдум да:

– Мына бул макаламды басып бересизби, – дедим. Ал унчукпай алды да столунун ары жагына таштап койду. Кыязы, менден башкалардын да жазган макалалары арбын болсо керек. Аңгыча, сыртка ишембиликке чыккыла, короону тазалайбыз деп жооптуу катчы жигит баарыбызды сыртка айдап чыкты. Редакциянын жарым кыздар-балдары, басмаканадагылар чыгып, эшиктин алдыларын шыпырып жатыптыр. Катчы кыз экөөбүз роза гүлдөрдү бутап, кайчы менен кыркып, тазалап жаттык. Жанына жакындасам эле баягы мага жаккан сирендин жыты «бур» дей түшөт. Сөз арасында:

– Жакшы духи куюнуп алыптырсыз, – дедим. Катчы кыз каткырып күлүп:

– Кайдагы духини айтасыз, эми аны сиз алып бересиз да, – деп таш ыргытып калды. Ыңгайсыз боло түштүм. Эки колу менен бөйрөгүн таянып турган редакторубуз:

– Эй, жигит, бери бас, мына бул чөптөрдү тээ тиякка көтөрүп бар да өрттөп сал, – деп мени кыздан алыстатып жиберип, өзү анын жанынан чыкпай, ар жактагыларга бирдемелерди айтып көрсөтмө берип жатты. Жаныма келген карыя журналист:

– Иним, этият болгун, жыландын куйругун басып алба,– деди.

Унчукпай калдым.

– Түшүндүм, байке, – десем:

– Вот та-ак, түшүнүп жүргүн. Жаш баласың, – деп койду.

А катчы кыз дегенимдин күйөөсү, бир кызы да бар неме экен. Ал тууралуу мага тигил карыя журналист айтып берди. Бирок бассам-турсам эле катчы кыз көз алдымдан кетпейт. Жашы жыйырма бирде экен. Кой, бул кызга арнап бир нерсе жазайын, балким, жеңилдеп калармын деп «Жыйырма бир» деген прозадагы ыр жаздым. Арзыга деп алып кайра өзгөртүп, прозадагы ыр деп койдум. Балким, окуса өзү деле сезер дедим.

«Жыйырма бир жаш, сен сулуусуң, сага кол жетпейт, жетпегени да жакшы деп ойлойм, жеткенде сенин кадырыңа жетип, сени талаадагы жаңы ачылган кызгалдактай кылып алып жүрө аламбы, жокпу. Сен сирендин атыр жыттуу желаргысы, ак көйнөгүңдүн эркин желге желбиреши кыраңдагы гүлдөгөн гүлкайырдын элесин берет, ыткылыктап күлгөнүң жылгалардан атырылган булактын шылдыры, апапакай балтырларың суу жээгинде жаңы өскөн ак кайыңдын дал өзү, кирпиктериң терезеден төгүлгөн айдын шооласы, бетиңдеги калың ак чыныга терип, салып койгон бүлдүркөн, көздөрүң жайлоодогу жаңы бышкан карагат, назиктигиң жаңы ачылган тоо гүлү, жер чийген чачтарың, суу жээгинде өскөн Оштун мажүрүм талы, илебиң болсо күн нуруна чагылып кызарган бир үзүм ак булут. Кандай күнү жаралгансың билбейм, ойлоп көрсөм жайлоонун салкынында, күндүн аптабында, өзөндүн желаргысы жүрүп турганда, булбул сайрап жаткан жаздын толукшуган күнүндө, асманга жылдыз толуп, ачык асманда ай каалгып, алтын нурун чачып баратканда жаралсаң керек. Койчу, деги сага кандай айтса жараша берет. Алла сени жаратканда жаратылыш менен бир жараткан жансың, сени жараткан Алла жаратылыштын сулуулугунан, көркөмүнөн алып жасаган, жаратылышта эмне бар болсо ошонун баары сенде бар, эмне десем баары тоодо табылат. Сен толук кызсың. Өзгөчө сирень гүлдөп турган учурда төрөлсөң керек. Сирень жытың мени жипсиз байлап алды, бул жытка кумармын, масмын.

Бүгүн сен ак көйнөгүңдү кийип, кызгылтым жоолугуңду салынып, ак балтырларың көз талдырып, ажайып бир сулуу болуп келиптирсиң. Сууга жүзүңдү чайып, аппак көйнөгүң менен бир үзүм булут болуп келе жаттың, каалгый басканың булуттан чыккан айга окшойт. Баары сени карашат, алардан кызганам, сага суук көз тийбесе экен деп тилеймин. Сенин ушул турушуң бузулбаса экен деймин. Эликтин бутундай узун, түптүз

буттарың көркүңө көрк кошот. Ак куунун мойнундай аппак мойнуң, куюлуп түшкөн мурдуң, колуңдун узун, аппак манжалары, күмүш билерик таккан билегиң, деги койчу, мүчөңдө айып жок. Баскан сайын көркүңө чыгасың. Кандай кийим кийсең сенин гана өзүңө арналып, жасалгансып турат. Кайсыл күнү кандай кийсең сага жарашыктуу.

Сен баарына бирдейсиң, баарын жакшы көрө бересиң. Сен кайсыл жерде жүрбө, ошол жердин көркүсүң, шаңысың, бактысысың, жарыгысың. Акындар бекер ырдабайт турбайбы. «Ай нурун чачкан жаркыным, таң шооласын чачкан алтыным, мээримин төккөн күнүм, сүйлөгөндө таңдайым, жаркыганда маңдайым, нурун чачкан айдайым...» Мен гана сага татыктуу салыштыруу таппай мукактанып олтурам, айта да албайм. Жолукканда эле сүрүң басат.

Сен гүл бакчадагы гүлсүң, сени күн сайын эртең менен эрте келип, ошол гүлдү кыйлага сугум артып карап турсам, ичинен сен чыгасың, күлүп жайнап, элесиңди көрүп чочуп кетем. Бүгүн түшүмдө сени көрүп балкып жаттым, ыр жаздым, кыязы акын болуп кеттим өңдөнөт, күндө менин түшүмө киресиң. Сага арнап ыр жаздым.

«Сенин денең Оштун аппак пилласындай,
Көздөрүң Анжияндын гиласындай.
Нуруң чачып жатасың бажырайып,
О, сулуум, мени кумар кыласың ай.

Ак куу моюн, бүлкүлдөгөн тамагың,
Ак балтырың карап эстен танамын.
Караңгы түн жарык болуп денеңден,
О, перизат, сен шам болуп жанасың...»

Ойгонуп кетсем түшүм экен. Толкунданып ыр окуп жатырмын.

Сага кол тийгизгенден корком. Баары сага умтулат, сени менен сүйлөшкүсү келет, сенин күлкүңө ашык, күлкүңө мас, жыйырма бирге эми чыктың. О керемет жыйырма бир!..»

Эртеси кеңсеге келип алып, жазганымды кайра-кайра окуп, оңдоп жатып, ошону менен алек болдум. Барып, ушуну машинкага басып берчи деп айталбай койдум, уялдым. Жолой албай койдум. Элдин эң кичүүсү мен элем. Тигил жакка барып кел, муну алып кел дешип кеңседегилер мени эле жумшай беришет. Каяша айтмай жок, эпилдеп жумуштарын бүтүрүп берем. Колдору узарып, оңуп калышты. Ошентип жүрүп шаардагы көпчүлүк мекеме-ишканалар, алардын жетекчилери менен тез эле таанышып алдым. Атүгүл бирин газетага мактап жаза коюп, квартиралуу да болуп калдым. Ал ошол мекемеде иштеген бир татар аялдыкы экен, карап жашай бер деп көп кабаттуу үйдүн биринчи кабатындагы бир бөлмөлүү үйүн мага берди. Жыргап эле калдым.

Чындыгында эле Арзынын билектей капкара чачтары, соорусунан ылдай түшүп, көркүнө көрк кошуп, боюна жарашып турганын айтсаң! Чачы болбогондо, балким, бул келинди эч ким деле карамак эмес. Күйөөсү кызганчаак неме, редакцияга келип балдар менен мушташып кеткен деп калышты. Ой, ушундай сонун келинди кандай эркек кызганбайт деп калдым ичимде. Байкашымда өзү да таланттуу неме көрүндү. Газетага кез-кезде макалалалары чыга калып жатты. Өзү жазабы, же тигил кошомат кылып жагынуунун аракетин кылгандар жазып бере салышабы, билбейм. Айтор, Арзынын жазгандары чыгып калат. Жооптуу катчы да гонорарды баса коёт экен. Бир күнү ал мага койкоңдоп:

– Эй жигит, эмне эле машинистканын жанынан чыкпай калгансың? Бар, кеңсеңе олтуруп алып макалаңды жаз, – деп жемелеп койду.

Эмне дейсиң, арга жок башымды шылкыйтып, чыгып кеттим. Кийин Арзы мени чакырып алып:

– Капа болбоңуз, бул жерде мени кызганбаган жан жок, баары эле ушундай. Тиешеси бары да, жогу да кызгана берет,– деп койду.

Ошондон кийин катчы кызга жакын болуп кеттим. Ошол келинге жан тартып жүргөнүмдү редактор да байкап калганбы, бир күнү чакырып алып урушуп калды. Бир кичинекей информациямды колуна кармап алыптыр.

– Нуржигитов, мына бул макаланы сен жазгансыңбы?

– Ооба,– дедим тердеп-тепчип.

– Эмне, кат-сабатың жокпу? Фактыларын текшерип туруп жазбайсыңбы. Эмне, сага газета оюнчукпу? Ме, мына бул кагазга түшүнүк катыңды жаз. Ал эми мына бул кагазга өз каалоом менен жумуштан бошотуп коюңуз деп жаз, – деп алдыма эки барак кагазды таштап койду. – Катчы кыздын жанынан чыкпай кайсактап жүрүп кылган жумушун мунун, – деп зекиди. Унчуга албадым.

Эми балээ баспадыбы. Жыл айлана электе иштен айдалсам, эл эмне дейт деп редакторго карап:

– Агай, кечирип коюңуз, экинчи сак боломун,– дедим.

– Кечиримди коюп мына бул кагаздарды ал да арызыңды жазып мага кир,– деп калды. Кагаздарды көтөрүп шылкыйып сыртка чыктым. Кудай жалгап Арзы жок экен. Кеңсеге барып маанайым чөгүп, айла таппай олтурсам партуюмдун катчысы сурап калды:

– Уулум, эмне болду?– деп.

– Редактор арызыңды жазып кел, иштен бошсуң деп жатат,– дедим.

– Эмне ката кетирипсиң? – деди.

– Билбейм, бир макаланы текшербей жазып салыпсың деп аябай жемеледи,– дедим жер тиктеп.

– Туруп тур,– деп партуюмдун катчысы редакторго кирип кетти. Көптөн кийин чыгып:

– Иштей бер, иним. Арызыңды жөн эле кой, – деп калды.

Аңгыча Арзы келди:

– Сизди редактор чакырып жатат,– деп. Негедир көзүнүн алды көгөрүп калыптыр. Кыязы күйөөсү урса керек. Ыйлаган сыяктуу көздөрү да шишип турат.

Редактордун кенсесине күнөөлүү адамдай араң кирдим.

– Олтур, жигит, – деди. Редактор көз айнегинин үстүнөн мени тиктеп: – Мына иштен бошотоюн десем парт уюмдун катчысы суранып калды. Экинчи мындай ката кетирчү болсоң, өзүң билип эле арызыңды жазып келе бер, – деди.

– Макул, агай, – деп иште калганыма сүйүнүп кеттим.

– Тигини, дагы макул, – деп коёт, – ары-бери койкондобой жакшы иштегин жигит, сени биз өстүрөбүз деп жүрсөк сенин кылган жумушуң ушул болсо, – деп дагы кыйла акыл насаатын айтымыш болуп чыгарды. Сыртка чыгып баратсам Арзы ыйлап олтуруптур.

– Бир жериңиз ооруп турабы? – дедим катчы кызга карап.

– Жок, эч жерим деле ооруган жок, күйөөм менен чырдашып жатам, – деп койду. Андан ары эмне дешимди билбей калдым.

Эмне күнөө кетирип, редактор менен жооптуу катчыга жакпай калганымды өзүм деле жакшы аңдай алганым жокмун. Информациядагы маалыматтарды жооптуу эле адамдар берген болчу. Кайдан-жайдан булардын көзүнө туура эмес болуп чагылып кетти, билбедим. Мунун сырын ошол партуюмдун катчысы билет болуш керек, бирок тартынып сурай алган жокмун. Үңкүйүп кемчилдиктин кайсыл цифрадан кеткенин издеп олтурсам, катчы кыз келип:

– Сизди редактор чакырып жатат, – деди.

Дагы эмне балекет болуп кетти деп кооптонуп редактордун эшигин акырын ачып баш бактым.

– Кир, кире бер, – деп калды. Жанагыдан бир аз жоошуй түшкөндөй. – Чаткал районуна командировкага барасынар, фотосүрөтчү келинди кошуп аласыз. Анан эскертип коёюн, ал келинге чаң жугузбай алып келесиң. Дагы жаш неменин башын айландырып жүрбөгүн, – деди. Эми эле сын угуп, барбайм деп айта албай макул болдум. Сүрөтчү келин сулуу келин болчу. Күйөөсү, бала бакырасы бар экен. Аны да жаш неме кылып алыптыр, дедим ичимде жактыра бербей.

Эртеси экөөбүз АН-2 деген почта ташыган самолетко билет алып олтуруп, Чаткалды көздөй учуп калдык. Мындай самолет менен учпагамын. Иштин башы кыналышып олтуруудан башталды. Жолдо баратып сүрөтчү айым мага:

– Байке, мен мейманканада жалгыз жаткандан коркомун, экөөбүз бир эле бөлмө алалы, бирок бейбаштык кылбайсыз, – деди.

Ал Чаткал деген тоонун арасы болсо, ал жерде мейманкана болобу деген ой келди башыма. Анан бир бөлмөдө жатсак, деп баратып көз алдыма бир көзү көгөргөн, мен жакшы көргөн катчы кыз келе калды. Ошол замат бул сүрөтчү келинге абайлап мамиле жасай баштадым. Баары сүрөтчү келин айткандай болду. Чаткалда эки кабаттуу жаңы бүткөн мейманкана бар экен, ошол жерде бир бөлмөсүнө жайгаштык. Тамактанып, ал түгүл Чаткалдын райкомунун биринчи катчысына чейин кирип, эртеңки иш күнүбүздүн багытын аныктап алдык. Биз Ак-Таш айылына бара турган болдук. Мейманканада телевизор бар экен, көрүп кыйла олтурдук. Жол жүрүп чарчагандыкыбы, жаткым келе баштады.

– Мен жатамын, – десем, сүрөтчү келин сыртка чыгып келейин деп кетти. Мен дароо чечинип жатып алдым. Мен жатарым менен эле кирип келип ал да чечине баштады, кичинекей жылчыктан карап жаттым, алгач эле аппак балтырлары көрүндү, анан жибектен ич көйнөгү, булакталган чачы анан эле төшөккө кирип кетти. Ооналактап уктай албай же бир нерсе деп сүйлөй албай дымыгып жаттым. Сүйлөйүн эле десем катчы кыз эсиме келет. Эртең редакцияга барганда кылыгымды кыздарга айтып койсо, ал мага такыр жолобой калбасын деп эле коркконум ошол. Бирөөнүн катынынан эмнеге саксынып жатам, билбеймин.

Эртеси талаадан келип кеч жаттык, ай чыгып терезеден бөлмөнү жарык кылып турду. Сүрөтчү келин шашылбай чечинип жатты. Бели ичке, соорусу кенен аппак денесин ары-бери чайпап, эңкейип кайра туруп бир нерселерин иреттеп жатты. Келиндин аппак денесинен көзүмдү алалбаймын. Арзыны эстеп, сүрөтчү келинге эч нерсе деп айта албай жата бердим.

Эртеси эртең менен туруп эле буркан-шаркан түшүп, бултуңдап тултуңдап калыптыр,

– Мен кетемин, иштерим бүттү, байке, – дейт.

– Ой, кайда кетесиң, Чакмак-Суу деген айылга барышыбыз керек го, – дедим. – Болду отуздан ашык сүрөт тарттым, жетет ушул, газета муну бир айда басып бүтө албайт. Сиз барып коюңуз да, иштериңизди бүтүп барасыз, – деп көшөрүп болбойт. Айла жок. Макул деп узатып барып, Ала-Буканын автобусуна салып жибердим. Мен да кетейин десем ал жакка кабарчы келет деп кабар берилип калган, машина дайын болгон, кантип кетмек элем. Абдылда деген райком партиянын экинчи катчысы алып бармак. Айла жок калдым. Автобуска чыгып баратып, «дагы жигит имиш» деген сөзүн кулагым чалып калды. Ал кеткенден кийин өзүмдү өзүм жемелеп жаттым. Чын эле, эч болбосо тийишип койсом өлөмбү деп өзүмдү өзүм жемелей баштадым. Кыязы, мага таарынып кетти окшойт. Эптеп иштеримди бүткөрүп, материалдарды топтоп, эки күндөн кийин Чаткалдан кайттым.

Бир жумадан ашык Чаткалда жүрүп, редакцияга дүйшөмбү күнү келсем катчы кыз ордунда жок. Бир нерсем жетишпей жаткансып эле кызык

болуп калдым. Же сурай албайм. Материалдарды мейманканада жатып эле жазып салгам. Өзүм басайын десем эле аны кошумча кесип кылып алчудай корком. Анткени редакциядагы аксакалдар менин материалымды басып берчи дей берип чүнчүтүп жиберчүдөй. Кудай жалгап жооптуу катчы келип:

– Машинкада иштей аласыңбы, катчы кыз күйөөсү менен ажырашып, апасыныкына кетип калыптыр, ишке келбей жатат ,– деп калды.

– Басам го, өтө жай иштеймин,– демиш болдум.

– Жай иштесең да материалдарыңды өзүң басып бүткөр, басмаканага жөнөтүш керек болуп жатат, – деп шаштырып калды.

Эми ишке шымаланып киришейин деп турсам, кудай жалгап катчы кыз келип калды. Кол жазмамды окуп берип бастырдым. Түшкө чейин жанынан чыкпай олтурдум.

Түштө мага карап:

– Күйөөм менен ажыраштым, – деп калды.

– Кызың эмне болот? – дедим.

– Кызымды өзүм алып калдым, – деди чечкиндүү.

– Жакшы кылыпсың, кадырына жетпегенден кийин ажырашыш керек да, – дедим. Ичимде башы бошогонуна негедир сүйүнүп жаттым. Баягы жанга жагым сирендин жыты. Жанынан чыккым келбейт.

Бир жума үч кыз менен жайкы чөп чабыкка партуюмдун катчысы болуп барып, катчы кыз менен ынак болуп кеттим. Байланышыбыз күн сайын күчөй берди. Бири-бирибизди көрбөсөк тура алчудай эмеспиз.

* * *

Күнгө жекшемби болгондуктан айылга бардым. Атам бактын арасында иним менен бир нерсе олтургузуп жатышыптыр. Мени көрө апам чыныга суу куюп жүгүрдү. Башымдан айландырып чачып, ак тилегин билдирип жатты. Дасторкон жайып, чайы-майын жайнатты, апам жапкан нанды сагынып калганмынбы, бурдап жеп жаттым. Апам сөз козгоп калды.

– Келгениң жакшы болду, уулум, атаң экөөбүздүн сага айталы деген сөзүбүз бар эле. Эми окууну бүтүп, эр жетип калдың. Иштеп жатасың, үйлөнбөсөң болбойт. Мен деле карыганда казан-табак менен кыйнала баштадым.

Атам да туура дегендей башын ийкеп, менден жооп күтүп карап калышты. Ууртап жаткан чайымды жерге коюп:

– Али эрте го,– дедим.

– Үйлөн, уулум, эрте эмес, апаң да келин жумшап, кичине колу узарып калсын,– деди атам.

Негедир унчукпай олтуруп калдым. Арзы көз алдыма келди. Ал куурчактай кызын алып үйүндө олтурган болуш керек. Атам менен апам пенсияга чыгышкандан кийин айылда эле болуп калышты. Колхоздун коюн тапшырышкан. Аңгыча үйгө жеңем келип калды.

– Ии, жакшы болгон турбайбы, айтам да эмне булар короодо көрүнбөй калышты деп. Ии, бала, жакшы жүрөсүзбү, жазгандарыңызды газетадан окуп жатабыз. Кайдагы чаткалдыктарды жаза бербей мына бизди деле жазсаңыз. Тамекини ашык толтуруп жатам,– деп тамаша-чынын аралаштыра сүйлөдү.

Мен:

– Макул, жеңе, жазайын, жазайын, – деп калдым.

Жеңеме тамеки үзүшкөнүм эсиме түшүп кетти. Жайдын күнү болчу. Тамеки үзүшүп коёюн деп барып, жеңем менен көк шибердин үстүндө алышып ойноп кеттик. Жеңем мени негедир өзү боюна тартып жыргап жатты. Мен болсо баягы мени алып жаткан күндөрүн эстедим. Оо, ал күндөр балалыктагы бактылуу күндөр болсо керек.

– Ии бала, эмне эле ой басып калдыңыз, айтпайсызбы, шаарда эмне жаңылык бар, качан катын алайын деп жатасыз?

Дасторконго бата кылып сыртка чыктым. Бак аралап алманын жытына маашырланып басып жүрдүм. Жеңем жаныма келип:

– Бала, качан үйлөнөсүз, мен билсем болобу, сүйлөшкөн кызыңыз барбы? – деп калды. Кыязы, апам сурап бил десе керек.

– Бар жеңе, бирге иштешкен бир келинди жактырып калып, ошого үйлөнсөмбү деп жүрөм, – дедим. Жеңем чок баскандай чочуп кетти.

– О кокуй, койсоңузчу, бала. Айылыбызда Айчүрөктөй буралган кыздар турса кайдагы келинге үйлөнөм деп. Акыл-эсиңиз жайындабы? Аны энем укпасын, пристубу кармап калат, – деди жеңем.

– Эмне, келин адам эмес бекен? – дедим.

– Ой, бала, кайдагыны айтып мени тамашалаганыңды коюңчу. Келинди катыны өлгөн, же катыны менен ажырашып кеткен адам албаса, сизге окшогон кантип келин алсын. Ал бой немеби? – деди.

– Башы бош, бир кызы бар, – дедим. Жеңем андан бетер чалкасынан кетти.

– Ой, бала, бул сөзүңүздү бир мен угайын, бир мына бул бак уксун, атам менен энемдин аброюн түшүрүп, бүт айылга кеп-сөз болгуңуз келип жатабы? Атам менен энем элдин бетин кантип карайт? Кантип келин алдым деп той берет? Кайдагыны чыгарганыңызды коюңуз. Мына, тигил койчу акемдин кызы Алтынай буралган бир сонун кыз болду. Айыбы эле шаарда окубай калганы. Ошону алып беребиз деп жаткан-быз. Мен сизди ошого үйрөттүм беле? – дегенде аргасыздан күлүп жиберип, жеңемдин жүйөлүү сөзүнө жыгылып, унчукпай калдым. Бирок эсидартым Арзыда турду.

Апам угуп калган экен, атама угузбай төркү бөлмөгө алып кирип, эртең үйлөнөсүң, болбосо, топурагымды түйүп берем деп айламды кетирди. Күзгө чейин коё тургула деп эптеп үйдөн чыгып, шаарга жол тарттым. Эми иш чатак болду. Кантип апамдын көңүлүн оорутамын, ал эми Арзынын айласын кандай кыламын. Үйгө кайдан келдим эле деп бушайман боло баштадым.

Жеңем да биротоло оозу шок да, апама айтпай коё турбастан, эми кандай айла кыламын, ушул ойлор менин башымды тумандатып, шаарга кандай келгенимди да билбей калдым. Келип эле Арзыга бардым. Шаарга Индия киносу келген экен, билет алып коюптур, экөөбүз киного чыктык. Жолдо бара жатып:

– Сизге бир сөз айтсам капа болбойсузбу? – деди Арзы.

– Айта бериңиз, эмнеге капа болмок элем, – дедим оюмда жамандык жок.

– Чаткалга барганда мейманканада ким менен жаттыңыз, – деди. Бүткөн боюм суу сепкендей селт эте түштүм.

– Эч ким менен жатпаганмын,– дедим.

– Сүрөтчү кыз мени мейманканада кыйнады деп жетекчиге арыз жазып кириптир, – деди.

– Койчу Арзы, кантип ошентсин. Ишенип кой, кудай үчүн, мен ага жологон эмесмин.

– Мен го ишенем, ал эми редактор менен роман болуп жүрүшкөн неме ал кишини кантип ишендиресиз, – деди.

Таза балээ эми башталбадыбы. Кайсыл бети менен мени ошентип жазып кирет.

Түнү менен ой басып, уктай албай чыктым. Эртеси ишке барсам баары тыптынч, редактор деле чакырбады. Сүрөтчү келин болсо сүрөттөрүн көтөрүп, мени көрүп мыйыгынан жылмайып, дегеле эч нерсе болбогондой. Кеңсеге камап алып жанчкым келип кетти. Айла жок. Өзүм иштегениме эки жылга айланбай жатып, комсомол болсом, моралдык жактан бузулган деп тартибимди карап калса, эмне болом, кантип буларды ынандырам деп эле ой басып, шалдырап олтурдум. Келери менен эле мейманканада бирге жаттык, жигит деле эмес экен, деги бир козголуп койбойт дөңгөчтөй болуп, таштап баса бердим деп келиндерге мактаныптыр.

Тамашанын баары түштөн кийин башталды. Редактор мени чакырып, эмне иш болгонун сүрүштүрбөй туруп эле арызыңды жаз деди. Чындыгында тартышууга менде ал жок эле, шылкыйып эшикке чыктым да бир барак кагазга: «Мени өз каалоом менен кызматтан бошотуп коюуңузду өтүнөмүн» – деп кол коюп жазып кирдим. Редактор көз айнегинин үстүнөн мени бир карап алды да, бара бериңиз деди. Шалбырап, маанайым пас эшикке чыктым.

Ушул жерде өмүрүмдө тээ мектепте онунчу класста окуп жатканымда айылдашым, бир жагы онунчу классты бирге бүтүп жаткан кыз менен

болгон окуя эсиме түшүп кетти. Аз жерден сууга боюмду таштап өлүп кала жаздадым эле. Онунчу классты бүтүп, балдар менен тоого чыкпайбызбы. Акидей асылып жүргөн таш-булактык кыз бар эле, көрсө, ал романдарды башынан көп өткөргөн неме экен. Аны кайдан билейин, кичинеден вино ичтик, пиво ичтик, анан айлуу түндө ак чөлмөк ойнодук, анан эки-экиден жетелешип, суу бойлоп басып калбайбызбы. Кызуумун да, ошол кызды кучактап, туландуу чөптүн ичинде аймалашып өбүшүп жаттык. Кыз мени өзүнө тартып, чечиндирип жиберди. Бүткөн боюмду аймалап, өөп жатты. Ал экөөбүз бул дүйнөнү унуттук. Таңга жуук менин курткамды жамынып, шолоктоп ыйлап олтурду.

– Мени аласың, – деди. Айлам кетти. Эптеп сооротуп, күн жерге жайылганда келдик. Ар ким ар жерде уктап жатышат. Кыздар баары чатырдын ичинде экен.Тигил классташым да ошол жакка кирип кетти. Денемден чыпылдап тер чыгып, эми бул ишим классташтарыма билинип калбаса экен деп ой басып олтуруп калдым.

Окуу бүтүп, экзамен тапшырып жатканбыз. Классташ кыз жаныма келди да:

– Жүр, сыртка чыгалы, сага айта турган сөз бар,– деди. Жок дей албай мектептин багына өттүк.

Кыз бышактап:

– Эми эмне кылам? – деди.

– Тынччылыкпы? – дедим.

– Тигини, билмексен болуп, тынччылыкпы деп коёт, – деди да мага карап, көзүнүн жашын сүртүп:

– Боюма бүтүп калыптыр – деди. Чок баскандай секирип кеттим. Ой басты да калдым. Акыр сууга бойду таштап өлө турган болдум, бирок бул оюмду эң жакын досум Асанга айттым.

Асан болсо:

– Сен эмне, жинди болгонсуңбу?! Бул кыз ошентип айта берет,– деп мени оор жүктөн кутултту. Эртеси ал кыздын үйүнө барып, түндө чакырып чыгып, коркуткан экен, мен аны сүйгөн үчүн ошенткем деп ачыгын айтып бериптир. Эми минтип ушул сүрөтчү кыздын азабын тартып олтурам. Ушул ойлордун кучагында эмне кылышты билбей сыртта турсам Арзы келди:

– Тез, редакторго чакырып жатат, – деп. Дагы эмне балээ болуп кетти деп кайра кирдим. Эшиктен эле көз айнегинин үстүнөн мени карап:

– Ой, жигит, сенин эсиң жайындабы, мен сени өстүрөм деп жатсам сен эмне деп былжыраган арызды жазып мага жетип келгенсиң. Сага партуюмдун катчысы айткан жокпу? – деди.

– Кудай урсун, эч нерсе деген жок, – дедим. Редактор креслосуна чалкалап бир жыргап күлүп алды да арызымды айрып таштап: – Бар, сыртка чыгып, газетанын айыл чарба бөлүмүнүн башчылыгына иштөөгө ма-

кулмун деп жазып кел, – деди. Сыртка чыгып, Арзынын жанында кимге ишенеримди билбей, денемди чыпылдаган муздак тер басып кыйлага олтурдум. Көрсө, сүрөтчү кыз мени Арзыдан бөлүү үчүн коркутам деп арыз жазып, арызын көрсөтүп, бирок редакторго бербеген экен. Ал учурда бир кызматкер пенсияга кете турган болуп, иш орундар которулушуп жатыптыр. Арызды жаздым да жакында эле дагы тополоң чыгабы деп кооптонуп, арызды редакторго алып кирдим. Бир сыйра карап чыгып:

– Ии, мына ушинтип жазсаң. Эми ишеничти актаар бекенсиң, жигит, – деп мени көз айнектин үстү менен карап койду. Мен убада берүүгө ашыкпай, башты жерге салып турдум.

– Бара бер, жума күнү жалпы чыгармачылык коллективдин жыйыны болот, арызынды ошондо карайбыз, – деди. Сыртка чыгып кеттим. Эми Арзыга планымды айтуу керек деп чечтим. Иштен чыгып бирге бастык. Арзы мага карап:

– Тигил келин, сизди жактырып калганбы, – деп кыткылыктап күлөт. – Чаткалдан келгенден бери сизди мага жамандап жатат. Мен кыял-жоругун жакшы билгендиктен унчуккан деле жокмун, – деди. Мен Арзыга болгон иштин баарын ачык айтууга туура келди. Ал каткырып, бир жыргап күлүп алды да:

– Сизге рахмат, ачык сүйлөгөнүңүзгө,– деп ыраазы болуп калды.

– Арзы,– дедим ичимдеги сырымды ката албай.– Сизге бир сырымды айтсам капа болбойсузбу,– дедим жер карап күнөөлүү баладай.

Басып баратып токтоп калды да:

– Айтыңыз,– деди.

– Мен сиздин колуңузду сурайын дедим эле. Мага турмушка чыгыңыз,– дедим.

– Коюңузчу,– деп бир чочуп алды.

– Мен сизди сүйөмүн, мен сизсиз жашай албай турганыма ишенип калдым,– дедим ичимдеги бугумдун баарын сыртка чыгарып. Арзы ойлуу басып баратты, ой басып калды. Кыйлага унчукпай барды да:

– Сиз али үйлөнбөгөн, окууну жаңы бүтүп келген, жаш жигит болсоңуз, мен бир кызым менен сиздикине кантип барам, экөөбүздү эл эмне дейт. Жаш баланын башын айландырып, күйөөсүнөн ажырашып, ушул жигитке тийип алыш үчүн кылган экен деп жалган жалаага калам го, – деди.

– Мен баарына кайылмын, сизге жетсем болду, – дедим чечкиндүү.

– Болбойт, андай ойдон кайтыңыз. Анын үстүнө жаңы кызматка көтөрүлгөнү жатсаңыз. Менин күйөөдөн ажырашканыма жыл айланбай жатса. Кантип сизге турмушка чыгам. Жок, мындай ойдон кайтыңыз, – деди чечкиндүү.

Жигит болсом, сунушумду айтып алып кантип кайтмак элем, башты байладым, эмне болсо да көрөм деп мен да көшөрө баштадым.

– Анда келерки жылдын май айына чейин коё туруңуз, дагы байкашалы. Балким, көңүлүңүз калып калар, – деди Арзы үйүнө жакындаганда.

– Сизден өмүр бою көңүлүм калбайт. Бирок сунушуңузга макулмун, – дедим.

Бул күн мен үчүн чоң майрам болду. Өзүмчө эле кудуңдап сүйүнүп жүрдүм. Ал түгүл буфетке кирип, жүз граммды сеп этип да алдым.

Майрамым көпкө уланган жок. Жаңы кызмат, жаңы жоопкерчилик, иш кайнаган учур болуп кетти. Шашкалактыгыман көп учурда жеме угуп, көп учурда ашыра мактап жиберип жатып, ишке маш боло баштадым. Күн сайын эле учу түгөнбөгөн командировка. Арзыга да жолуга албай калып жаттым. Ал ооруканага жатып калыптыр. Кызы да, өзү да ооруп жатыптыр. Айылда апам биз тандаган кызды аласың, болбосо топурагымды түйүп берем деп калган. Кыскасы, кайсыл жагыңды караба, проблема. Арзы менен роман болуп жүргөнүм редакторго да жетиптир. Ал мени чакырып алып, сен башың бар баласыңбы деп кыйла намазымды окутту. Баарына кайылмын. Максатым Арзыга жетүү. Күн сайын иштен кийин ооруканага барам. Бирок Арзынын акыбалы күн санап оорлошуп жаткандыгы менин тынчымды ала баштады. Ата-энеси да келип, карап жатууга туура келди. Чырылдап эки жашар кызы жанынан чыкпайт. Арыктап, күндөн күнгө өңдөн азып бара жатты. Бирок редакциядан Арзыга суктанып, аны корумуш болгондордун бирөөсү да басып барып коюшкан жок. Адамдардын эки жүздүүлүгүнө таң калып жаттым.

Суук кабар эсимди оодарды, Арзы оорудан башы өйдө болбой жатып, өтүп кетип, түндө айылына алып кетиптир. Жамаатыбыз менен бардык, атасы кайтарыбызда: «Уулум, сага чоң рахмат, күн сайын барып кызымдын акыбалын сурап турдуң. Адамкерчилигине ыраазы болуп калдым» – деди. Максатым таш каап, Арзыдан ажыроо мен үчүн өтө оор болду. Иштен чыгып эле иче баштадым. Бир-эки жолу жетекчилеримден да эскертүү алууга туура келди. Сүрөтүн чөнтөгүмө салып алгамын. Жамаат менен кыркына барып келдик. Эки жашар кызы таэнесине көнө түшүптүр, арыктап алыптыр. Айла канча, көкүрөк ыйлап, жүрөк ыйлап, арманды эч кимге айта албай ичимде ыйлап турдум. Эшигинин алдында эки түп сирень гүлү ушунчалык ачылыптыр, эми короонун ичи жагымдуу жытка толуп турду. Арзынын жыты. Эми минтип армандын жытына айланып турду.

Редакцияга келсем, жетекчим чакырып жатыптыр. Кеңсесине кирсем албууттанып олтурган экен. Мен нөөмөттө туруп чыгарган газетадан ката кетиптир. Болгондо да саясий ката дешти. Деги эле мен нөөмөткө турганда газетадан ката кетчү эмес. Ошол күнү да досторум менен аз-аздан алып олтуруп, кыйла эле ичип алган элем. Газетаны жакшы карап-карабай басууга уруксат деп кол коюп салыптырмын. Басмаканадан окулган газетанын барактарын алып келип, алдына жайып алыптыр.

– Сен, жигит, ишеним берсе, өзүңдөн кетти. Мына, отуз миң нуска газетаны төлөйсүң, каталарын оңдоп, кайра чыгарабыз, окурмандардан кечирим сурайбыз, – деди.

Башымды ылдый салып:

– Төлөй албаймын, – дедим.

– Төлөй албасаң арызыңды жаз, – деди. Дагы олтуруп арыз жазууга туура келди. Эмне болуп баратканымды да түшүнбөй жаттым.

– Арызыңды чогулушта караймын, чык азыр сыртка, дагы ичип алыптырсың,– деп редактор жиндеп жатты. Арызды жаздым да ишке келбей квартирамда ичип жата бердим. Көздөрүм шишип, көчөдөгү селсаяктарга окшоп калыптырмын. Бир жумадан кийин, квартиранын кожейкеси татар аял эле келип:

– Балам, өзүңдү колго алгын, өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Сен али жашсың. Келечегиң алдыда. Өлгөн адам да көрүндө тынч жатсын, – деди.

Арзыга жетпедим деп татар кемпирге бугумду айтып, өксүп ыйлап алдым.

– Түшүнөм уулум, бир кезде менин да башымдан өткөн, – деди. Ысык toок шорпо ичирип, жүз грамм арак берип төшөккө ороп жаткырып койду. – Турсаң мончону жагып коёмун, түшүп чыгасың, – деди. Каш карайганча уктаптырмын. Турсам тердей берип, төшөгүм суу болуп кетиптир, жеңилденип калыптырмын. Мончого түшүп андан бетер жеңил болуп калдым. Көйнөктөрүмдү жууп, үтүктөп коюптур. Менин жанымда олтурду да:

– Уулум, өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Кайрат кыл, насип эмес. Өзүңдү кармагын, али келечегиң алдыда. Арзыны мен деле жакшы көрчүмүн, айла жок, эмне кыласың. Сенден суранам, эми ичпегин, – деп акыл-насаатын айтты.

Эртеси кадимкидей өзүмө келип калдым. Зымпыйып кийинип сыртка чыксам, редакциянын машинасы келип калды. Шофер жигит айтты:

– Сизди ишке чакырып жатат, – деди. Эмнеге чакырып жатты экен деп бушайман болуп бардым. Барсам, редакциянын аттуу-баштуу аксакалдары баары редактордун кабинетинде экен. Баары менен учурашып, бурчка барып олтурдум. Партуюмдун катчысы туруп алгач менин жакшы жактарымды айтып келип: «Эми иштесин, жаштыкта ким кемчилик кетирбеген, тарбиялайбыз» – деп менин күнөөмдүн баарын өзүнө алды. Ичимде ыраазы болуп калдым. Баары өз ойлорун айтышты. Ошентип, кайра ишке алышты. Бөлүм башчы эмес, мурдагы өзүмдүн ордума иштемей болдум.

Акырында сөз алып сүйлөп, бир айга отпуска берүүсүн сурандым. Мен өзүмө келип алайын дедим. Баары макул болушту. Ошентип отпуска

алып сыртка чыктым. Арактын атын уксам көңүлүм айный баштады. Партуюмдун катчысына кирдим да, 100 сом акча таштадым.

– Менин отпусканы жууганым, өзүңөрчө чай ичип койгула. Мен арактын өзүн эмес, атын уксам көңүлүм айнып жатат, – дедим. Ал киши да: «Сен ага экинчи жолобо» – деп насаатын айтып, акчаны алып калды.

Эртеси автовокзалга келип, айылга жөнөгөнү жатсам Баки олтурат скамейкада. Мени көрө калып эле кучактап калды. Экөөбүз сагынышып калгандай кучакташып өбүштүк.

– Ой, кайдан жүрөсүң? – дедим.

– Москвадан келатам, Ошко түштүм эле, айылга баратам, – дейт.

– Ой, ал жакта эмне кылып жүрөсүң? – десем:

– Ломоносовдо окуймун, быйыл бүтүп жатам, – деди.

– Жакшы болгон турбайбы, куттуктаймын, – дедим.

Экөөбүз ашканага кирип тамактанып, балалык чактан эстеп каткырып күлүп жаттык.

– Менин эң жакшы көргөн кемпирим элең, – десем:

– Ой, койчу кайдагыны айтпай. Анда жаш элек да, – деп күлөт.

Күтүүсүздөн:

– Үйлөндүңбү? – деп калды. Оор үшкүрүп алдым да:

– Жок, – дедим.

– Түшүнөм,– деди.

– Эмнени түшүнөсүң? – дедим.

– Жеңең айткан – деди. – Тапканыңа үйлөнбөйсүң деп энең урушуп жөнөткөн,– деди.

Айла жок. Менин кабарым Москвада жаткан Бакиге да жетиптир. Баарын айтып берүүгө туура келди. Ал кайра мени аяп калды. Аңгыча автобус жөнөп калды. Экөөбүз бир орундукка олтурдук. Башын менин ийиниме коюп, уктап келе жатты. Жолката ойлонуп, Баки экөөбүз аткулактын ичинде жаткан күндөрдү көз алдыма тартып келе жаттым.

«Окууну бүтүп жатса жакшы экен», – дедим ичимде. Автобустагылардын эки көзү эле бизде. Москванын абасынанбы же бой жеткенинենби, айтор, баягы кетирекей кара кыз созулган аппак кыз болуп кетиптир. «Маданиятка» жеткенде токтоп, жегенге бир нерсе алып чыктым.

– Эми кайрат кыл,– деди.

– Кайрат берчү ким бар? – десем колумду бекем кармап кысып, коё берген жок. Ошентип, Баки экөөбүз айылга келе жаттык. Ал менин ийиниме башын коюп, аяп, колумду бекем кармап келе жатты. Элдин баары бизден көзүн албай, бактылуу жаштар дегенсип суктанышат.

*Конкурска*

Ысман бек

# МАХАБАТ КАЙРЫКТАРЫ

## *Мен турам чертип коюп терезеңди*

*Айта элек сырларымды билесиңби?*
*Эрте-кеч эстей берем элесиңди.*
*Капыстан жолугушуп калган кезде,*
*Сүйүүмдү көз отумдан сезесиңби?...*

*Гүл терсем, гүлдүү жерге келесиңби?*
*Гүл берсем кубангандан күлөсүңбү?*
*Өчпөстөн жүрөгүмдөн орун алган,*
*Сүйүүмдү эч байкабай жүрөсүңбү?*

*Суктанткан сулуулардын перисиңби?*
*Түштө да көрө берем элесиңди.*
*Сүйөрсүң, же сүйбөссүң, үмүт менен*
*Мен турам чертип коюп терезеңди.*

## *Оорутпачы жүрөгүңдү*

*Сыртта жаан, ырас, жаанчыл күздүн күнү,*
*Барамын эртең эмес бүрсүгүнү.*

*Санааркап мынча неге кечикти – деп,*
*Мени эстеп оорутпачы жүрөгүңү.*

*Ишим көп, бүтмөйүнчө кайдан барам,*
*Ойлосом бир өзүңдү, күчөйт санаам.*
*Бир сенсиз таң агарбай, түн да узун,*
*Тирмийип жылдыздарды санап калам.*

*Акыры уза-ап, уза-ап агарат таң,*
*Билбеймин кайда кетти көктөгү шам?..*
*Элесиң жылдыз менен кошо кетип,*
*Аңгырап калгансыды мен жаткан там.*

*Мейличи, шашылбайын келер учур,*
*Жол карап жүргөндүрсүң утур-утур.*
*Бир жүргөн экөөбүздү элестетип,*
*Кош чымчык талда конуп отуруптур...*

*Сыртта жаан, ырас, жаанчыл күздүн күнү,*
*Барамын эртең эмес бүрсүгүнү.*
*Санааркап мынча неге кечикти – деп,*
*Мени эстеп оорутпачы жүрөгүңү.*

## Жалгыз жашап өтпөймүн

*Сүйбөйм десең сүйө көр деп жалынбайм,*
*Сүйбөдү деп тагдырыма таарынбайм.*
*Колдон чыгып, көлгө түшкөн шакектей,*
*Сен табылба, мен да сага табылбайм.*

*Жактырбасаң, ээрчий басып жалынбайм,*
*Кымбат баалуу белек берип жагынбайм.*
*Өтөр күндөр, өтөр айлар, өтөр жыл,*
*Мурдагыдай кусаланып сагынбайм!*

*Сагынбаймын, терезеңди чертпеймин,*
*Бул оюмдан такыр эми кетпеймин.*
*Күлгүн жаштык жалындатып турганда,*
*Мен турмуштан жалгыз жашап өтпөймүн!*

## Сүйсөң болду

*Бойтойгон бото көз кыз айылдагы,*
*Ак жүзүң ак булуттай жайындагы.*
*Күндүзбү, же түндөбү бассам, турсам,*
*Элесиң эстен кетпей байырлады.*

*Билемин ыр жандуусуң, жагат мунуң,*
*Жаз десең жаза берем мен макулмун.*
*Өзгөгө жазган ырым жакпай калар,*
*Өзүңө Есенинмин, Алыкулмун.*

*Антсе да терметемин нечен ойду,*
*Жүрөккө айта турган сырлар толду.*
*Ырымды канча сүйсөң сүйө бергин,*
*Мени да дал ошондой сүйсөң болду.*

## Узарта көрбө сүйүүнү

*Ак-Башат суусун бойлогом,*
*Азапка түшүп ойлоном.*
*Айтчы сен кандай немесиң,*
*Абалым сурап койбогон.*

*Көк-Кашат суусун бойлогом,*
*Көрбөсөм сени ойлоном.*
*Көшөргөн кандай немесиң,*
*Көңүлүм алып койбогон.*

*Ай тийсе нуру таралат,*
*Армандуу ойлор жаралат.*
*Ай, эми барбайм десем да,*
*Ай жүзүң турат жаралап.*

*Күн тийсе нуру таралат,*
*Күйүттүү ойлор жаралат.*
*Кой эми барбайм десем да,*
*Кой көзүң турат жаралап.*

*Кийинки кезде Адалат,*
*Кылгыра көзүң кадалат.*
*Узарта көрбө сүйүүнү,*
*Узартсаң чачым агарат.*

## Жетсем экен тилегиме

*Ойлойсуңбу деги сен мен жөнүндө,*
*Өзүңдөн мен алыстап жүргөнүмдө.*
*Эзилип эт жүрөгүң кетер беле,*
*Мен берген сүрөтүмдү көргөнүңдө.*

*Элестеп эстейсиңби мен жөнүндө,*
*Жете албай кусаланып жүргөнүмдө.*
*Мага окшоп уктай албай жаткандырсың,*
*Эгерде жүргөн болсом жүрөгүңдө.*

*Сагындым... Аян берет түшүм деле,*
*Жатыпсың башың коюп билегиме.*
*Алтыным сен деп гана ойлой берем,*
*Э-э кудай, жетсем экен тилегиме!*

## Рахмат сендей чүрөккө

*Гүлүмдү берсем белекке.*
*Гүл болуп турдуң каректе.*
*Өпсөм деп барам жутунуп,*
*Өрттөнүп кете электе.*

*Тамшана түшүп таңдайым,*
*Эриниң өпсөм балдайын.*
*Элжирей эле бербечи,*
*Эми эле эрип калбайын...*

*...Жаштык күн калып элетте,*
*Сакталуу ал күн жүрөктө.*
*Алгачкы сүйүүм тутанткан,*
*Рахмат сендей чүрөккө.*

## Айылдын чекесинде

*Жарпымды жазат чиркин,*
*Жөн эле жанашканың.*
*Боюңду кынап турсаң,*
*Боюмдун жарашканын.*

*Ойносок кубалашып,*
*Салкын жел бетке уруп.*
*Каччу элең жеткизбестен,*
*Чачыңды удургутуп.*

*Отурдук сууну жээктей,*
*Ийниме ийниң тийип.*
*Билбеймин алоолонот,*
*Бүт денем ысып, күйүп.*

*Сен мага берилдиңби,*
*Күлмүңдөп турдуң карап.*
*Белиңден кучактадым,*
*Куюлган чачың сылап.*

*Эриниң эриниме*
*Чапталса моокум канып.*
*Арбалдык экөөбүз тең,*
*Сүйүүгө оттой жанып.*

*Алтыным мунун баары,*
*Жүргөндүр элесиңде.*
*Калыптыр тунгуч сүйүү,*
*Айылдын чекесинде.*

## Жакын тура

*Сен менден акча сура, атым сура,*
*Менде бар эң керектүү затың сура.*
*Сураба калемимди жазып жүргөн,*
*Ал мага бардыгынан кымбат тура.*

*Сен менден күмүш сура, алтын сура.*
*Эң кымбат нерселердин баарын сура.*
*Сураба калемимди, акындарга,*
*Бул калем бардыгынан жакын тура.*

## Өкүнөм

*Үйүңө эрте келем, кечте келем,*
*Ышкырып же таш ыргытып белги берем.*
*Сен дароо чыга калып балконуңдан,*
*Сүйлөшүп көпкө турчуң мени менен.*

*Кийинип чыкканыңча чыдай албай,*
*Сезилчү ошол учур мага жылдай.*
*Эркелеп кучагымда турчу элең,*
*Бир гана мен үчүн сен жаралгандай.*

*Ал күнү чынын айтсам кызуу элем.*
*Ыргытсам майда-майда таштар менен,*
*Сен менин мас экеним билип коюп,*
*Кол шилтеп ары басып кеткен элең.*

*Телмирип көпкө күтүп, ачуу менен,*
*Чынында душман экен ачуу деген.*
*Өзүмчө ызалыкка чыдай албай,*
*Сындырып айнегиңди кеткен элем.*

*Аттиң ай, антпей эле койсом эмне,*
*Өкүнөм жетпей калган тилегиме.*
*Оо, анда, терезеңе таш ыргытпай,*
*Ташымды ыргытыптын жүрөгүңө.*

## Бир көрүнүш

*Отурсам көлдүн боюнда,*
*Суу чачып коюп коюнга,*
*Сулуу кыз менен жаш жигит,*
*Жүрүшөт тойбой оюнга.*

*Улактай улам секирип,*
*Кыз калды бакка бекинип.*
*Капырай кайда житти – деп,*
*Жигити турат өкүнүп.*

*Акыры кызы табылып,*
*Күлкүлөр кетти жаңырып.*
*Ыкташып бири-бирине,*
*Сүйүүгө турду малынып...*

*... Өтүптүр кайран ал убак,*
*Сенде да, менде чач бувак.*
*Эми мен тиги жаштарга,*
*Отурам мында ыр курап.*

## Таппай калам айламы

*Мен жашоодо эстеп жүрүп өтөмбү,*
*Арык толо суусу аккан өзөндү.*
*Биз экөөбүз чырмалышып отурсак,*
*Шибер чөбү көрпө болуп төшөлчү.*

*Күбө болуп асман дагы, ай дагы,*
*Күбө болуп өзөн дагы, сай дагы.*
*Кезиккенде ушул жерде өтчү эле*
*Айтып бүткүс махабаттын сайраны.*

*Жылдар өттү... Суусуз, какшыйт сай дагы,*
*Кеткени ай, ысык сүйүү сайраны.*
*Ал анткени сен бирөөнүн жарысың,*
*Жолукканда учурашып жайдары.*

*Менде кайда-а?... Жүрүү сендей жайдары,*
*Көкүрөктө калың кайгы каймагы.*
*Жүрөм азыр жалгыз калган турнадай,*
*Сени көрсөм таппай калам айламы.*

*Мурас*

## Жусуп БАЛАСАГЫН

# КУТАДКУ БИЛИК

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

476.
Жана ал өзүнө айтты: «Мен бул жерден козголуп,
Алик кызматына бет алып кетип бара жатам».

477.
Бөтөн жерде мал керек болот,
Кол кыскалык кылса, жүзүм бозорот.

478.
Карыптык деген өтө катуу нерсе,
Нечендеген элдердин карыптыктан башы каткан.

479.
Өзүм иштейин десем, күмөнсүз
Көптөгөн алтын-күмүш керек болот.

480.
Эми, билим деңизиндей (кишинин) эмне дегенин ук,
Наар салсаң канаттаган киши сөзүн окшотуп айткын.

481.
Кимде ким (хан) кызматына кирейин десе
Кесе айтайын, ага эки нерсе керек:

482.
Бирөө, оору сынаксыз таза өмүр,
Ал кынтыксыз кызмат көрсөтүп жүзү жарык болсун.

483.
Дагы бирөө эй сергек, таза алтын керек,
Аны иштетип, өзүнө тиешелүү иштерди аткарсын.

484.
Ошондон кийин гана сенин кызматың жарайт.
Муну билсең сага эшик жабылбайт.

485.
(Айтолду) ажатым түшкөндө керек болор – деп
Таза алтын-күмүш жана дүнүйө алып алды.

486.
(Ал) үйдөн козголуп чыкты, ал тарапка (карап) басты,
Бир топ жүрдү жана бир топко дейре токтоп (дем алды).

487.
(Акыры) Алик тура турган ордого кетти,
Жан дили умтулган арзуу тилегине жетти.

488.
Шаарга кирип жатчу жер издеди,
Жатчу жер таба албай, дүнүйө ага тар көрүндү.

489.
Санаага батты, (акыры) бир мусапырканага барып түштү,
Түндөсү ошол жерде жатып, чыдамкайлык менен күндү өткөрдү.

490.
Идиректүү кишинин эмне дегендигин ук,
Муну билимден алып жана билип туруп сага сүйлөдү:

491.
Тааныш-билиши болбогон киши чочун кишилер
Арсына жалгыз кирип калса, өтө кыйын болот.

492.
Жаңы келген кишинин тааныпы болбосо, дайыма
Муктаждыкта турса, өтө оор болот.

493.
Тааныш-билиши жок кишилер сокурга окшойт,
Сокур жолдон адашса, аны сөкпөө керек.

494.
Эгер киши келип көрбөгөн элге келсе,
Эркек киши да келиндей (тартынчаак) болуп тили буулат.

495.
Жат жерден келгендерге сүйөөк-таяк бол, тамак-аш бер
Мусапырларды сыйла, эй, даана аалым.

496.
Жаттарды кадырласа, эр жүзү жарык болот,
Мусапырларга жакшы караса, атагы таралат.

497.
Кишиге ар кандай жерде тааныш-билиш керек,
Мусапырларга жакшы караса, атагы таралат.

498.
Айтолду бир топко дейре ушул көрүнүштө жүрдү,
Карыптык азабы анын өңүн саргайтты.

499.
(Кийин) ал кишилер менен таанышты,
Мекен күттү жана жайдарыланып (жүзү) нурланды.

500.
Жана ал жоро-жолдош күтүп, алар менен жакындашты,
Улууга да, кичүүгө да ачык чырай болду.

501.
Айтолду өзүнө бир курбу тапты,
Атактуу бир киши менен достошуп кеңешти.

502.
Айтолду жакшы бир адамды дос күттү,
Анын аты Кусамиш болуп, жакшы иштерди жасоочу.

503.
Айтолду аган көңүлүндөгү сырларын төктү,
Арзуусу эмне жана өзүнүн ким экендигин (айтты).

504.
Өз жеринен бул жакка эмнеге келбегендигин
Жана өзүнүн билгендерин сүйлөп берди.

505.
Иликке жакын бир Хас Хажиб бар эле,
Ал өтө март (киши) болуп, Илик менен сырдаш болчу.

506.
Күсөмүш бир күнү анын жанына барды,
Сөздүн оңтоюн келтирип ага айтты.

507.
Хажиб сөздү түбүнө жеткизип,
(Айтолдунун) максаты эмне экендигин толук сурады.

508.
Күсөмүш бардык сөздү (Айтолдунун) ким экендигин
Жана арзуусунун эмне экендигин айтып берди.

*Хажибдин Күсөмүшкө берген жообу:*

509.
Хажиб айтты: Оболу менин жаныма келсин,
Мен аны көрөйүн, ал да мени көрсүн.

510.
Кийин, бул сөздү Иликке жеткирейин,
Анын качан келип, кайсы күнү көрүшүн (сурайын).

*Күсөмүштүн Айтолдуга айткан сөзү:*

511.
Күсөмүш туруп, ал жерден чыкты жана (Айтолду)
Жаныма келип айтты: Эй, Айтолду, күнүң тууду.

512.
Эми барып Хажиб менен таанышкын,
Эмне арзуу-тилегиң болсо андан сура.

513.
(Ал) сени көрсүн билсин, сөздөрүңдү уксун,
Эмне тилегиң болсо өз оозуң менен айт.

514.
Ага (сенин) бардык сөздөрүңдү айттым,
Жакшысы – менден көрө өзүң ачык айткын.

515.
Чын сөздү, туура пикирдүү адам өтө сонун айткан,
Сеп салып карасаң, бул сөз өтө туура:

516.
Киши башка бирөөнүн сөзүн сүйлөп эле коёт (бүттү),
Өз ишиңе башкаларга караганда өзүң күйүнөсүң.

517.
Өзүңө канча жакын жакшы киши болбосун,
Ойлоп көр (ал) өзүңдөн да ишенимдүү боло алабы?

518.
Өзүңө ишенимдүү (киши) издесең,
Өзүңдөн ишенимдүүрөөк киши жок, сөз бүттү.

519.
Айтолду ордунан туруп тонун кийди,
Чыгып, Күсөмүш менен ал тарапка барды.

520.
Жете келип (аттан) түштү, (жөө ичкериге) кирди,
Хажибдин кызматчысы келип тосуп алды.

521.
Күсөмүш кирип (Хажиб менен) учурашты, кайра чыгып,
(Айтолдуну) чакырып, Хажибдин жанына ээрчитип кирди.

522.
Хажиб жакшы тосуп алды, төрдөн орун берди,
Жакшы жана жылуу сөздөрдү айтты.

*Хажибдин Айтолдуга суроосу:*

523.
Хажиб сурады: Көңүлүң жайбы?
Келип кайда түштүң? (Турган) ордуң кандай?

524.
Тааныш-билишиң, жоро-жолдошторуң барбы?
Каралашар кишиң, жеп-ичээриңчи?

525.
Дагы сурады: Тилегиң эмне?
Эмне иш кылмакчысың?

*Айтолдунун Хажибге жообу:*

526.
Айтолду айтты: Эй, дөөлөттүү Хажиб,
Мен бул Күнтууду Иликтин наамын эшиттим.

527.
Алыстан анын атагын уктум,
Билиминен акыл-идирегинен, жакшы сөздөрүнөн (кабар таптым).

528.
Анын кызматын кылууну арзуу кылдым,
Анын алдына кызмат кылууга келдим.

529.
Тилегим – Иликке кызмат кылуу,
Хажиб эп көрсө, бул сөзүмдү өтүнүп көрсө.

530.
Хажиб Айтолдуну көрүп жактырып калды,
Ага көптөгөн алкоолорду айтты.

531.
(Анын) кебете-кешпири, мүнөз кулку, турган турпаты,
Өз сөздөрүнүн бардыгын жактырып калды.

532.
Аны чын дилинен сүйүп макул көрдү,
Бул киши Илик кызматына жарайт экен деди.

533.
Сүймөнчүлүккө ээ болгон кишинин эмне дегендигин ук,
Киши сүймөнчүлүккө ээ болсо, кынтыгы да жакшы көрүнөт.

534.
Кимди сүйсөң, анын айыбы мыктыдай сезилет,
Кимди сүйбөсөң (анын) мыктылыгы кусур болуп көрүнөт.

535.
Буга күбө катары төмөндөгү сөз (эсиме) түштү,
Эй, азис адам, муну сен окугун:

536.
Дилиң кимди сүйсө, (анын)кынтыгы мыктыдай сезилет,
Бардык тескери иштери оң, кем жери толук (көрүнөт).

537.
Дилиң кимди сүйсө анын бардык нерсеси сүйкүмдүү болот,
(Ал) көрөр көзүңө урса да көрүнбөйт.

*Хажибдин Айтолдуга жообу:*

538.
Хажиб Айтолдуга жооп берди,
(Жана) айтты: Шашпа, мени күтүп тур.

539.
Мен оболу Иликке сөзүмдү (жеткирейин),
Тилегиңдин эмне экендигин, өзүңдүн ким экендигиңди айтайын.

540.
Сени билсин, андан жүз көрүшсүн,
Сени (кемсинтпесин), кадырың көкөлөсүн.

541.
Керек нерсең болсо, мен каралашып турамын,
Бардык иштериңди кубаныч менен аткарып берем.

542.
(Хажиб) өтө жакшы сөздөрдү айтты,
Ишиңди бүтүрүп беремин деп катуу бел байлады.

543.
Жакшы адам деген ушундай болот,
Жакшы киши элдин жүгүн көтөрөт.

544.
Элди ээрчиткен (жана) бардык иштердин түп маанисине жетип,
Иштей турган эрдин эмне айтканын ук.

545.
Кимдин дөөлөтү өргө көтөрүлөт экен,
(Ал) элге жакшы закондорду жүргүзүшү керек.

546.
Кимге ким элге бийлик жүргүзсө,
Кылыгы сүйкүмдүү, мүнөзү жагымдуу болуш керек.

547.
Кимдин эл арасында сөзү өтө турган болсо,
(Анын) тили-сөзү таттуу, өзү сылык болушу керек.

548.
Мамлекет деген өзгөрүп тура турган нерсе, түзөйт жана бузат,
(Ал) ушунчалык туруксуз, тез келет жана тез эле (кетет).

549.
Бакыт-таалайга ишенбе, мүмкүндүктүн баарына жакшылык кыл,
Билип кой, бакыт бүгүн бул жерде болсо, эртеси эле ал жерде болот.

550.
Эй, бакыт тилегич, бакыт үчүн кекирейбе,
Келген бакыт (акыры) кетип калат.

551.
Эй, дөөлөттүү (дайыма) ушул дөөлөтүң менен
Турайын десең, жакшылык кылып тургун.

552.
Сага улуктук насип болуп, бектикке жетишсең,
Башың агарганга дейре өзүңдү кичик тут.

553.
Хажиб дагы (мындай) деди: Эми (сен) кайт,
Кубанычтуу жашагын, (анткени) бакыт кемерин курчандың.

554.
Сен кызмат кылыш оңтою үчүн анча шашпа,
Убактысы келгенде, жабык эшик (өзү) ачылат.

555.
Билимдүү кишинин бул сөзү сонун айтылган,
Билимдиктин сөзүнө карасаң (ал кудум эле) шайы жибекке окшойт.

556.
Кандай гана ишке шашылсаң, көпкө созулат, кечигет
Шашылып жасалган иштер өкүнүчтүү болот.

557.
Иштин убактысын күтүү, шашпастык керек,
Эй, даана, бардык иш өз убактысында болот.

*Айтолдунун Хажибге жообу:*

558.
Айтолду (Хажибдин) бардык сөздөрүн укту,
(Жана) мындай деди: Чыдап өзүмдү кармап алайын.

559.
Хажиб менен жолугушту жана сөзүн укту,
Эмне кылыш керектигин жана убактысын өзү белгилесин.

560.
Хажиб кайсы кезде мени каалаcа,
Ошол замат, ошол күнү келейин – деди.

561.
Айтолду туруп ал жерден чыкты,
Келип үйгө кирди (жана) тонун чечти.

562.
Хажиб караса, Айтолдунун күлк-мүнөзү
Башка кишилердикинен айырмаланып, өзгөчө экен.

563.
«(Ал) мен мындай акылдуу, билимдүү,
Элди ээрчите турган кишини көрбөгөн элем», – деди.

564.
Мындай кишилер өтө кыс (кыз) болот.
Кыс нерселер кымбат баалуу болгон үчүн кыздын аталышы да «кыз» болгон.

565.
Эмне кыс болсо ошол барктуу болот,
Барктуу нерсеге көп түйшүк тартмайынча жетүүгө болбойт.

566.
Мындай кишилер Иликке керектүү,
Иликке керектүү нерсе элге да керек.

567.
Зээн ээси бардыгына пайда келтирет,
Киши зээндүүлүгү менен арзуу тилегине жетет.

568.
Оңтою келди, Хажиб Иликке ооз ачып,
Айтолдунун күлк-мүнөзү (жана) ата-тегин билдирди.

569.
(Анын) күлк-мүнөзүн, адатын айтып берди,
Паразатына төп келген билимдерин санап берди.

*Иликтин Хажибге жообу:*

570.
Илик укту жана айтты: «Келтир, кана,
Ал кайда турат? Аны бир көрөйүн.

571.
Менин изимди басып мамлекет иштерин
Кыла турган мындай бир кишини издеген элем.

572.
Бардык тилегиме жеттим, дагы бир (арзуум) бул,
Ушундай бир кишиге муктажмын.

573.
Эй, чечкиндүү баатыр, жүр, барып аны чакыр,
Кабыл алуумда (аны) мага көрсөт.

574.
Хажиб ордунан турду, эшикке чыгып,
Бир баланы чуркатып, кабар жеткизди.

575.
Бул бала чуркаган бойдон сөздү жеткирди,
(Айтолду) ордунан туруп, сүйүнгөн бойдон тонун кийди.

576.
Ал атына минди, дарбазага жетип келди,
Хажиб алдынан чыгып, (ичкерге) баштады.

577.
Хажиб (аны) кадырлап төрдөн орун берди,
Карагын, Айтолду да адеп менен отурду.

578.
Хажиб Иликтин алдына кирди,
Өйдө туруп Иликтен уруксат сурады.

*Иликтин Хажибге жообу:*

579.
Илик айтты: Чакыр жаныма келсин,
Мен аны көрөйүн (ал да) мени көрсүн.

580.
Хажиб чыкты жана: «Эй, Айтолду, тур,
(Илик) тин алдына бар, бакыт (кемери) сага курчалды» – деди.

*Айтолдунун Илик Күнтуудунун кабыл алуусунда болгондугу айтылат:*

581.
Айтолду кирип, тизе бүгүп (Иликке) көрүндү,
Анын жүзүн көрүп, Иликтин көңүлү жайдарыланды.

582.
Иликке ийилди жана ооз ачты,
Анын сөзү Иликти сүйүндүрдү (жана) өзү да сүйүндү.

583.
Илик айтты: ким сен, атың ким,
Кайдан келдиң, журтуң кайда?

584.
Айтолду шашпай сөз баштап,
Сабырдуулук менен өз сөзүн баяндады.

585.
Шашпай сабырдуулук акылдын иши,
Акыл-эссиз кишилердин бардыгы тең айбан.

586.
Буга мисал келтирип, акындын бул ырын айтты,
(Бирөөгө) ажатың түшсө шашпа, сабырдуулук менен айт.

587.
Ишке шашып киришпе, сабырдуулук кылып күт,
Шашып жасалган иштер кийин өкүнтөт.

588.
Ар кандай иште шашпагын, чыдагын, өзүңдү карма,
Кул чыдамкай болсо, бектик кемерине жетишет.

*Айтолдунун Иликке жообу:*

589.
Айтолду айтты: Эй, дөөлөттүү Илик,
Кулдук наамы кызмат менен кооздолот.

590.
Наамым – кул, кызматкер ордум эшиктин алды,
Иштерим – адилдик, адатым – кызмат.

591.
Сага умтулуп алыс жол жүрүп келдим,
Бүгүн арзуума кылып, тилегиме жеттим.

592
Тилегим бул, сен мени четке какпай,
Кызмат кылдыр мени четке чыгарба.

593.
Бул сөздөрдү угуп Илик сүйүндү,
Тилеген (кишиси) табылды (жана) ал эрди сынап көрдү.

*Иликтин Айтолдуга жообу:*

594.
Илик айтты: Айтолду сени көрдүм,
Жүзүң жана мүнөзүң мени сүйүндүрдү.

595.
Сен өз ылайыгы менен ишенимдүү кызмат кыл,
(Дайым) эшигимде тур, жакын бол.

596.
Менден жакшылык, сенден кызмат болсун,
Кызмат ордунда болсо, бакыт эшигин ачат.

597.
Бүгүндөн баштап баш тартпай кызмат кыл,
Кызмат көрсөтсө, бек кызматчы акысын берет.

*Айтолдунун Иликке жообу:*

598.
Айтолду жерди өптү жана мындай деди:
Илик этибар менен караса, дөөлөт кол узатат.

599.
Мен үйүмөн чыгып, кызмат кылууга келдим,
Сага бет алып, узак жол жүрдүм.

600.
Кызмат кылуу үчүн кудай күч-кубат берсин,
Сенин кызматыңда каталашуудан сактасын.

601.
(Айтолду) туруп, сүйүнүп күлмүңдөп эшикке чыкты,
Акыл көңүлү ачылып, факелдей жарык чачты.

602.
Бакытка жетишкен жана ошол бакыттын айынан,
Арзуу тилегине жеткен эрдин эмне айтканын ук.

603.
Бектер кишиге күлүп караса,
(Ал кишинин) акыл көңүлү жанданып, өзү сүйүнөт.

604.
Бектер кишиге ачык чырай ачса,
(Ал киши) этибарга ээ болот, сөзү өтөт.

605.
Бектер кимди өзүнө жакын кармаса,
(Ага) бардык нерсе жакындык кылат.

606.
Бек бакыт дегендик, бакытка киши жакын болсо,
Арзуусуна жетет бардык иши оңунан келет.

607.
Ошондон тартып, Айтолду кызмат кылды,
Саардан туруп (бир деп да) кызматтан нары болбоду.

608.
Күндүзү кароолчу, түнкүсүн күзөттө турду,
Туура жана берилгендик менен кызмат кылды.

609.
Илик жанына дайым кирип чыгып турду,
Илик да ага жакшы көз менен карады.

610.
(Айтолду) күнүгө жаңы кызмат көрсөтүп турду,
Илик да күн сайын башкача кадырлады.

611.
Бектер кулун (анын) кызматы үчүн кадырлайт,
Кызматта кылыгы үчүн сиңдирсе кичүүлөр да улук болот.

612.
Кызмат кыл, кызмат менен кул бек болот,
Кызмат көрсөтпөсө ким эле тилегине жете алсын.

613.
Эми, даанышман эмне дейт, сөзүн ук,
Ал сөздөрдү ичкелик менен коздоп (маанилүү) сүйлөгөн.

614.
Төргө ылайыксыз киши кызматы менен төргө жетишет,
Жарамсыз жарап калса да, тек гана улагага жетишет.

615.
Кызматкер тууралык менен кызмат кылышы керек,
Эмгеги сиңгенден кийин гана тилегине жетет.

616.
Айтолду да ар күнү кызмат көрсөттү,
Илик да эшигин ачык кармады.

617.
Ал ордо кызматкери болуп күн сайын өйдөлөдү,
Санасы азайып, кубанычы арбыды.

618.
Айтолду кызматынан өтө ырахаттанды,
Иликке да камкорлук кылды (жана) көп жөлөк-таяк болду.

619.
Илик аны ар түрдүү иштерге сынап көрдү,
Каалаганындай бир кызматчы эрге жетишти.

*Жаштар үнү*

# КОТОРМОЛОР

## Денис ОРЛОВ

* * *

*Наристе окшоп көз алдында эненин,*
*Көз айнектен бала кезге келемин:*
*Түстүү айнек түргө бөлөп дүйнөнү,*
*Каалагандай куунап шапар тебемин.*

*Күн желесин жаратам деп бөтөнчө,*
*Сынды, канча терезе да, бөтөлкө.*
*Тилинип кол, тил укканың кеп эмес,*
*Ой-максатың ойдогудай өтөлсө.*

*Күн гана бир Күн боюнча калгандай,*
*Сары дүйнө түргө толуп ар кандай –*
*Кудум эле мен жактырып кийүүчү*
*Жашыл, кызыл, көк түстөгү сандалдай.*

*Сейрек деген сыя гүлдүн көбүн көр!*
*Ар бир жандык, буюмдардын өңүн көр.*
*Өз жүзү бар ар бир элдин, өлкөнүн:*
*Бүт дүйнөлүк карта-килем, көңүл бөл.*

*Эсиңе түй ал килемде жөрмөлөп,*
*Эли менен жер өзгөрөт өңдөнөт.*
*Баягыдай эшитсем да дүйнөнү,*
*Балалык жок – кечээгиден мен бөлөк.*

*Күндөрдү эңсеп күлкү менен уланган,*
*«Көз айнегиң бере тур» – деп сурангам.*
*Бүт өзгөрүп, күлкүм дагы күбүлүп,*
*Балалыктай дүйнө четтеп тунарган.*

* * *

*Эсиңде барбы ошол кеч?*
*Эл дүрбөп, үндөр өкүргөн:*
*Коңшуңдун үйү өрттөнүп,*
*Бүт айыл келип өчүргөн.*

*Көз шишип, бети көө болуп,*
*Үй ээси сыздап жашыган.*
*Экөөбүз элек кудуктан*
*Чакалап сууну ташыган.*

*Өчүргөн кезде: эл кетип,*
*«Кош» деген үнүң коштоду.*
*Заматта кайра «дүрт» этип*
*Өрт чыга турган окшоду.*

*«Дүйнөнү бүтүн унутуп,*
*Жүрсөкчү дайым деп чогуу» –*
*Жаныма баткан ошондо*
*Жалындап күйгөн от жогу.*

*Мен күлсөм, сен да жылмайып,*
*Бир бастык кумар тарабай.*
*Үйүңө жетип кылчайып,*
*Ыктадың мага баладай.*

*Чуркадым чымын-куюндап,*
*Балалык кезден качкандай.*
*Көз жашым көлдөп куюлат,*
*Ичиме батпай жаткандай.*

*Апакем кайдан уктамак:*
*«Муздады каша, бүт тамак,*
*Мектепте кандай сөз бар?» – деп*
*Көзүмдү карайт шек санап.*

*Айтканым эсте безилдеп:*
*«Бир үйдү каптап кызыл өрт,*
*Бүт дүйнө араң өчүрдүк,*
*Түтүнгө толду көзүм...» – деп.*

## Виолета КИМ

### *Сүрөтүн тартам*

*Сен укпайсың, алыс жакта жүрөсүң,*
*Келе кет, бирок келе кет.*
*Мен тартам бышкан алча сүрөтүн,*
*Бакчабыз биздин керемет.*

*Түбөлүккө сүйүү анда бийлеген,*
*Ооруга жол жок – аруу бак.*
*Таппайм сендей дарыгерди дүйнөдөн,*
*Көз нуруң жанды дарылап.*

*Кичинекей үйдү тартам жана да,*
*Гүлдөргө бөлөп туш жагын.*
*Биз экөөбүз, башка жан жок арада,*
*Бир сага айтам бүт баарын.*

## Александр СУХАРЕВСКИЙ

### *«Аш онору»*

*Жыттуу лавр жалбырак—*
*Күрөң тартып албырган*
*Борщ ичинде боркулдап,*
*Сыр түйүнүн жандырган.*
*Тамак-аштын баарына*
*Салсаң, чыгат даамына.*

*Кайнап-бышып, макталып,*
*Аны бирок аш кылбай,*
*Жыпар жытын татканы,*
*Ыргытышат жактырбай.*
*Кереги жок немедей*
*Байкуш лавр өлүгү—*
*Официантка жемедей.*
*Мурда көрктөп акынды,*
*Байыркы грек баатырды,*
*Эн тамганы алтындуу*
*Же талаада өсчү элең*
*Башка бадал,чөп менен.*
*Эми баркың билинбей,*
*Эң бир эски кийимдей*
*Көз көрүнөө ташталдың,*
*Көркүн бузуп тасмалдын.*
*Ада болуу оо мындай*
*Адамдын да жолундай:*
*Той-топурга камынган*
*Ашпозчунун колунда —*
*Кезектеги лавржан,*
*Күлгө айланат соңунда.*

## Наргиза КАРАСАРТОВА

## *Чырканак*

*Жалгыз аял жакын барып бойлоду*
*Чырканакты бутактарын жайган жыш.*
*Тикенекке тилингендей ойлору,*
*Эске түшөт жүрөк үшүн алган кыш.*

*Ымыркайды боорго кысып ызгаарда,*
*Эл өткөн жол башпаанадай туюлган.*
*Өксүк дүйнө кандай орой,суз,тар да,*
*Өмүрү анын—кычкыл мөмө кубулган.*

*Жашоо кандай таманыңда чиркөөнүн,*
*Мансаптуулар алмак беле көңүлгө.*
*Жай таптырбай ыйлаганы чүрпөнүн,*
*Жоготуулар болду канча өмүрдө.*

*Кантип батты бул турмуштун чегине:*
*Кордук, ыза, жакырчылык, түнөрүү...*
*Керексиздей мекенге да, эрине,*
*Балким, буга өзү дагы күнөөлүү.*

*Күнөөлүүбү?Бир нерсени ал билет:*
*Баласы үчүн отко түшкөн дирилдеп.*
*Сыздап турду ызалыгы жанды жеп,*
*Аттиң, эми кызы кайдан тирилмек.*

*Кабыргасы кайышкандан ыйлады,*
*Чыркаңак да эш болбоду жанына.*
*Калтаарытат тагдырдын бу кылганы,*
*Катаал турмуш калыс эмес дайыма.*

*Чычыркаңак ашында эч айып жок—*
*Күн сепкили шакка толо тизилген.*
*Турмуш кызык чалмакеч бир жан окшоп,*
*Көз алдыда өмүр соолуйт үзүлгөн.*

## Жанкумар

*Айланкөчөк эскерүүдө айланам,*
*Өз бийигин таштап кулайт тамчы жаш.*
*Эссиз, кызуу, жайкы кечке байланам,*
*О, ал кезде эселекмин канча жаш.*

*Бут кийимдер бир заматта күбүлүп,*
*Ар кай жерде калар эле додолоп.*
*Ошол кумар кандай таза, тирүүлүк,*
*Дене туйлап, деми сезип, оболоп.*

*Жалын бүркүп, жакшы сайран курдук биз,*
*Жан калкылдап аптабыңа эзилген.*
*Туйлап жүрөк, туу чокуда турдук биз*
*Лаззат, ыргак, астейдил да сезимден.*

*Узак болду ошол учур миң жылдык,*
*Бирок кыска сызылган бир көз жаштан.*
*...А короодо биз үчүн бир жүз жылдык,*
*А короодо бакча жалаң биз баскан.*

## Иван СТОГОВ

* * *

*Тунжураган токойдун күүгүмүндө*
*Отту көздөй илээлейм алыстагы.*
*Мындан артык жер болбос бу күнүмдө,*
*Кашка дайра коңур күү чалып дагы.*

*Чарк айланып ойлорум бийлеп келет*
*Чачылып да, ачылып да гүлү жерге.*
*Жорго болуп жорголойм, күлбөш керек:*
*Өлүктөймүн бараткан тирүүлөргө.*

*Жылуулукка кол жетип тургандаймын,*
*Алыстагы күйгөн от жарыгынан.*
*Тагдыр менен тамаша кургандаймын,*
*Толук бойдон кутулуп карызынан.*

*Алтын сүйүү оту да тутангандай,*
*Жалбырттады жалынга чулгап улам.*
*Жүрөгүм да «дүр» этип от алгандай,*
*Күйүп-жанат күч алып мурдагыдан.*

*Кемчиликтен жаңылбай өтсөм экен,*
*Калгым келбейт дайранын түбүндө мен.*
*Мүдүрүлбөй, бактыма жетсем экен,*
*Колумдагы аялуу сүйүүм менен.*

*Коркуп кетем ойлоно калып дагы,*
*Бул сапарым бекерби, түз эмеспи:*
*Балким, тиги кызыл от алыстагы*
*Жылтылдаган көк жалтаң муз эмеспи?*

* * *

*Коркунуч ойлор кубулбөй,*
*Мөмөлөп келет оюмда.*
*«Тарс» эткен мылтык үнүндөй*
*Муздагы жойлойт жонумда.*

*Терезе тушта Ай нуру,*
*Телмирем сыртка, түн ообой.*
*Түнөрүп турам кайгылуу –*
*Үнү жок эски кинодой.*

*Дем алыш деген күн – көйгөй:*
*Эрмек жок, жанды чарк урам.*
*Байыркы каргыш жүргөндөй*
*Көлөкө болуп артыман.*

*Бардыгы менде күнөөнүн:*
*Бетке айтам ошо сүрдөнбөй.*
*Башка бир жолдо жүрөмүн,*
*Башка бир өмүр сүргөндөй.*

*Арзыбайт дүйнө дүңүнөн,*
*Азайса сүйүү жердеги.*
*Чачылдым сынып сүйүүдөн,*
*Чогултчу кайра сен мени.*

*Кыялым учуп «жарк» этсе,*
*Кыялбай турам арбалып.*
*Каалганы мага көрсөтпө,*
*Калайын дагы кармалып.*

*«Бир, эки, үч!» – деп, ракым эт:*
*Мээримдүү күчтүү болоюн.*
*Кармасын сени капилет*
*Ойлорум азоо, тоң моюн.*

*Билип алгын сен анан:*
*Асманда Асан-Үсөн бар,*
*Суук эмес анча буурул таң,*
*Бүтпөгөн сага күсөөм бар,*
*Жалгызым сенсиң туу кылган.*

*Өмүргө толгон көп элес,*
*Өчүрүп салгын өкүнбөй.*
*Кыйыны жолдун кеп эмес,*
*Экөөбүз жүрсөк бөлүнбөй.*

## Дмитрий БОЧАРНИКОВ

### Жүз

*Күүгүмгө жүз катып кимдер отурат:*
*Мисирейип, бак-бак сүйлөп кырааттап,*
*Оор маселе, түз айтуудан чочулап,*
*Ой издешет сөздүктөрдү барактап...*
*Мен алардан көрдүм өзүмдү.*

*Көлөкөлөр кулак төшөп жаны жок,*
*Өлө-сөлө шамдай жанып, чуу кылат,*
*Кыйратам дейт алда-нени, а бирок*
*Кыйкырса да көлөкөнү ким угат?...*
*Мен алардан көрдүм өзүмдү.*

*Жүрөк түрс-түрс – «жүздүүлөргө» таң калып,*
*Жүрөк күрс-күрс, көлөкөгө жамынбай:*
*Кур акылга калмак беле алданып,*
*Чындыкты айтат кара түнгө багынбай...*
*Мен ошентип таптым жүзүмдү.*

### Кар

*Ак илбирстин темгилиндей элестеп*
*Жалбырактар күзгү кардын бетинде.*
*Жылтыр музду басып барам мен эптеп,*
*Жыгылбайт деп кимдер өтөт кепилге?*

*Коркпойм дагы, кейибеймин жыгылсам,*
*Толсо мейли моюнума кар топтошуп.*

*Кайра жакшы күмүш карга жылынсам,*
*Эрип барат өмүрүмө окшошуп.*

*Ак кар досум, айтчы, жерге конгон соң:*
*Көк асмандан эмнелерди көрө алдың?*
*Эгерде мен денеси жок жан болсом,*
*Эч кереги болмок эмес булардын.*

*Ак чокуну артыңдагы булуттун,*
*Өрөөндөрдү кумшекердин түсүндөй,*
*Алтүндөсү кантип ошо жылыттың?*
*Ал жөнүндө айтып берчи бүтүндөй.*

*Кабарлагын карагайды жүз жашар,*
*Кантип аны ак күмүшкө бөлөдүң?*
*Баяндагын балаңа да үч жашар,*
*Суук тийгизип үшүттүңбү сен өзүң?*

*Чачка конуп, шыбырап өт акырын,*
*Эске түйөм, ишенип кой, катам сыр.*
*Сен билесиң айтпасам да ачыгын:*
*Аппак карга айланамын качандыр...*

## Иван ДАЙНЕКО

* * *

*Мен шамалмын чачыңды толкутуучу,*
*Моло таштай сыздаган кыйкырыкмын.*
*Мен – коркунуч, жалгыздык коркунучу,*
*Коркунучу ажал, муң, кулчулуктун.*

*Мен – көлөкө мүрзө таш калыптагы,*
*Кочушунда күл болом күйгөн окшоп.*
*Мен ушунча жакынмын, алыс дагы,*
*Экөөбүздөй күч-кубат дүйнөдө жок.*

*О Жараткан, ченемсиз кудуреттүү,*
*Өз сүйүүңдү мага да жалгадыңбы?*

*Жолдоруң кең, суугу бар мээден өтчү,*
*Көз алдыңда көрөбүз жазганыңды.*

*Биз отунбуз дүйнө бир «дүр» эткенге,*
*Биз чындыкпыз оозунда башкесердин.*
*Салкын тарткан сабырдуу каректерде*
*Кынсыз кылыч сүрүндөй «жарк» этермин.*

*Биз жамгырбыз кайнаган күнөс чөлдө,*
*Биз – түтүнү сан түмөн кадилонун*[1]*.*
*Сен айтканча: «Токто!» – деп жүрөктөргө,*
*Биз – улуу күч башкарган барды-жогун.*

Кыргызчалаган **Кыялбек УРМАНБЕТОВ**

---

[1] *Кадило* – чиркөө ичине жыттуу чайыр күйгүзүп түтөтүүчү капкактуу темир чөйчөк.

---

**УРМАНБЕТОВ Кыялбек** *– 1959-жылы Фрунзе шаарында туулган. КМУУнун журналистика факультетин бүтүргөндөн кийин, эмгек жолун Кыргыз Мамлекеттик телерадио комитетинин жаштар редакциясы бөлүмүндө баштаган. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Кыргызстан Жаштар сыйлыгынын лауреаты. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. «Балапан», «Көл-Эне», «Айдагы кыз» ырлар жыйнактарынын автору.*





*Адабий портрет*

**Максим ГОРЬКИЙ**

# А.П.ЧЕХОВ

**(Эскерүү)**

*Дүйнөлүк атагы бар классик жазуучу А.П. Чеховдун ысмы менен кыргыз көркөм адабиятынын өнүгүп-өсүү жолу тыгыз байланышта экендиги жалпыга маалым. Аны өздөрүнүн чыгармачылыгындагы устаты катары эсептеп келген кыргыз жазуучулары оголе көп. Жазуучунун ширин тили, жумшак юмору, көрөгөч философиясы, ийкемдүү стили, дегеле анын чыгармаларындагы көп касиеттери адабияттагы туу чокулардын катарында өзүнчө бир бийиктикти жараткан дүйнөлүк көркөм дөөлөт экендиги талашсыз.*

*А. Чеховдун көптөгөн чыгармалары небактан бери эле кыргыз тилине которулуп, алардын айрымдары мектептердин жана жогорку окуу жайлардын программасына кирип, кыргызча окутулуп келет. Бир нече пьесалары кыргыз театрларынын сахналарында коюлду.*

*Жазуучунун чыгармачылыгы жөнүндө адабий изилдөөлөр дүйнө жүзүндө күнү бүгүнгө чейин кызуу талкууларды жаратып, анын көп кырдуу талантынын сырлары улам ачылып келет.*

*Ал эми мындай улуу таланттардын адабий портреттерин тарткан улуу инсандардын эскерүүлөрү адабий ааламында куну жок дөөлөт катары бааланары бышык. Өткөн кылымда адабият айдыңына өчпөс из салгандай көркөм сөз ээлеринин алдыңкы саптарында турган М. Горький өзүнүн «Адабий портреттер» шилтемдеринде замандашы, калемдеши А.П. Чехов жөнүндөгү маеги бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой, азыркы турмушубуздун көйгөй маселелерине тийиштүү болуп тургандыгы менен баалуу.*

*Быйыл кыргыз коомчулугу А.П. Чеховдун туулганынын 150 жылдыгын салтанат менен белгилеп жаткандыгын айтып, М.Горькийдин өз кезегинде А. Чехов жөнүндө жазган эскерүүсүн сунуш этүүнү ылайык таптык. Мындай саамалык кыргыз адабиятында да салтка айлануусун каалар элек.*

*Макала кыргыз тилине 1968-жылы которулуп, басылган.*

Редакциядан

Бир жолу ал мени өзүнүн алакандай жери жана эки кабат ак тамы бар Күчүк-Кой кыштагына чакырды. Анан андагы «чарбагын» көрсөтүп жүрүп, өзү мага кызый сүйлөп жатты:

– Эгер акчам көп болсо... Дал ушул жерге элеттик оорулуу мугалимдер үчүн атайын санаторий курдурар элем. Үйдү ушунчалык жарык – терезелерин чоң, шыптарын бийик салдырмакмын. Эң сонун китепкана, музыкалык ар кыл аспаптар болуп, бал челек, короо-жай, жемиш багын күтмөкмүн; анан агрономия, метеорология жөнүндө лекция окуп турууга да мүмкүн болмок, анткени мугалим үчүн бардыгын билиш керек, акеси, бардыгын!

Анан унчукпай калып, жөтөлүп койду да мени көзүнүн кыйыгы менен карап, ар качан өзүнө бекем тартып, сүйлөгөн сөзүнө да бөтөнчө кунт коюш үчүн көңүлдү козгогон татынакай жылмайышы менен күлүп турду.

– Менин куру кыялданышым сизди зериктирип жиберер? Бирок мен мына ушулар жөнүндө сүйлөөнү жакшы көрөм. Акылдуу, билимдүү жана жакшы мугалим орус кыштагы үчүн канчалык керек! Эл билимди кеңири албаса, мамлекет жаман кирпичтен салынган үй сыңары урап түшөрүн биз жакшылап түшүнсөк, Россияда ушул иш үчүн кандайдыр айрыкча шарт түзүп, аны тезирээк жүзөгө ашырыш зарыл эмеспи! Мугалим өз ишин чексиз сүйгөн артист же художник болушу керек, а бизде булар – кара жумушчу, билими начар кишилер, кыштактагы балдарды окутуш үчүн алыскы сүргүнгө бараткандай араң эле барышат. Ал ачка, басынган, бир үзүм токочтон кокус ажырап каламбы деп корккон абалда турат. Чындыгында мугалим кыштактагы биринчи киши болуп, мужуктун бардык суроолоруна жооп бере алгандай, мужуктар аны көзгө илип, урматтап туруш үчүн арзырлык күч катары көрүп, ага катуу айтыш үчүн эч ким батынбагыдай болсун... Биздегилердин баары: урядник, бай дүкөнчү, поп, становой, мектеп камкору, старшина, анын үстүнө жанагы мектеп инспектору деп аталып, бирок билим алуу ишин жакшы жолго коюу эмес, жалаң округ берген нускасын мыктап аткаруу жөнүндө аракет кылган чиновник сыңары мугалимди ар ким эле басынта бербесин. Элди тарбиялоого чакырылган кишиге төлөгөн айлык жарым тыйын болсо уят эмеспи, билдиңизби? – Элди тарбиялоого чакырылгандар үчүн! Так ушинтип жаткан киши эски даакыны ки-

йип, ичи суук, жаман мектепте калтырап үшүп, иске уугуп, суукка урунуп, отуз жашка чыкканда учук, кызыл жүгүрүккө окшогон дартты илештирип алып отурушу эң эле жаман да... Бул, албетте, өзүбүз үчүн уят! Биздин мугалим жыл сайын сегиз-тогуз ай бою дүйнөдөн безген киши катары жашап, бир ооз сөз сүйлөшөр эч ким жок, китеп окубай, көңүл ачпай, жалаң жалгыздыкта жүрүп мокоп калат. Ал эми жолдошторун өз үйүнө чакырчу болсо, аны шектүү киши деп айыпташат, мытайымдар акмакты коркутууда колдонгон анык жөнү жок сөз ушул!.. Мунун баары эң эле жаман... Өтө зарыл, абдан чоң ишти кылып жаткан кишини аябай кордогондук. Билсеңиз, мугалимди көргөн сайын ал жалтанып турганы үчүн да, кийген кийими начар экени үчүн да мен өзүм анык оңтойсуз абалда калып, мугалим ушунчалык бечара болуп турушунда кандайдыр айып менин өзүмдө да бар сыяктуу сезиле түшөт... Чын айтам!

Анан унчукпай ойлоно калып, колду шилтеп:

– Анык эби-сыны жок, болбогон өлкө биздин Россия, – деп акырын гана сүйлөп койду.

Анын татынакай көзүн катуу кайгыргандык каптап, кабагына ичке бырыштар чийиле түшүп, көз карашы терең ойго баткандай айланасын карап алды да, өзүн өзү тамаша кылып муну айтты:

– Көрдүңүзбү, мен сизге либералдык газетанын баш макаласын бүт бойдон айта салдым. Жүрүңүз, ушунчалык чыдап угуп бергениңиз үчүн мен азыр чай берейин...

Ал ушундай адатын кармата калган учуру көп болот: ушунчалык жылуу-жумшак, чыны менен эле абдан ойлонуп сүйлөп туруп, анан өзүн да, сүйлөгөн сөзүн да күлкүгө айланта салат. Так ушул кайгылуу жумшак мыскылда сөз жана бир нерсени эңсөөнүн баркын билген кишинин өз айтканына билинер-билинбес ишенбөөчүлүк мамилеси сезилгенсийт. Анын үстүнө бул мыскылда татынакай уяңдык, кылдат адептүүлүк да бар.

Биз унчукпастан акырын басып, үйдү карай жөнөдүк. Күн ачык болуп турган: күндүн жаркыраган нуру алдында толкун шуулдап, эмнегедир ыраазы болгон ит тоонун этегинде жагынычтуу кыңшылап жатат. Чехов мени колтуктап алып, улам жөтөлүп коюп, акырын мындай деди:

– Бул, албетте, кайгылуу, уят иш, бирок бизде иттин турмушуна суктангандар эң эле көп...

Анан ошол замат күлүп жиберип: – Мен бүгүн жалаң эле калжыраган сездөрдү сүйлөп жатам... Демек, карып калганым ушул! – деди.

Мен андан төмөнкүдөй сөздөрдү көп укчумун:

– Бул жерге бир мугалим келди... Өзү оорулуу, аялы бар... Сиз ушуга жардам кыла алар бекенсиз? Азырынча эптеп орноштуруп койдум...

Же:

– Бери караңызчы, Горький,  мында  бир мугалим сиз менен таанышсам дейт.  Сыртка чыгалбайт, оорулуу. Сиз ошого өзүңүз барсаңыз кантет, макулсузбу?

Же:

– Мындагы мугалим аялдар китеп жиберсе деп сурап жатышат...

Кээде ошол «мугалимди» Чеховдун үйүнөн көрүп калам: көбүнчө ал стулдун четинде уялганынан кызарып-татарып, «билимдүү» жана жатык сүйлөш үчүн ылайыктуу сөздү араң таап, чекесинен тер чыпылдап, же өзүнө дарт катары жармашкан жөнү жок уяңдыгын таптакыр таштап коюп, бардык көңүлүн жазуучунун көзү алдында макоо киши көрүнбөйүн деген гана максатка топтоп, Антон Павловичке азыркы учурга чейин, балким, өз оюна эч кирбеген суроолордон өйдө үстөккө-босток жаадыра берет.

Антон Павлович дал ошол эп келишпей жаткан сөздөрдү бүт жакшылап угуп, муңайыштуу көзү жаркылдай баштап, чекесиндеги майда тырыштар улам дирт эте калып, анан өзүнүн тереңден чыккансыган жумшак жана күңүрт үнү менен турмушка жакын сөздөрдү жөнөкөй түрдө апачык козгоп, ал сөздөрдөн мугалим кандайдыр бат эле жеңилдене түшүп, акылдуу көрүнөм деген аракетин коюп, ошону менен өзү акылдуу да, жагымдуу да болуп чыга келет...

Эсимде али турат: узун бойлуу, ачыккан сары беттүү, коңкогой узун муруну ээгин карай кандайдыр кызык ийилген арык мугалим, Антон Павловичтин бет алдында кара көзүн эч ирмебей карап, кайгылуу түрдө корулдап сүйлөп отурду:

– Турмуштун ушул сыяктантып берген элестери педагогикалык сезон бүткүчө акыл-эсте башаламан чогулуп отуруп, бул айланадагы дүйнөгө объективдүү көз кароону таптакыр басып салат. Дүйнө, албетте, биз аны кандай элестете алсак, ошондой гана нерсе эмеспи...

Өзү ошондо философияга кирип кетип, муз үстүндө баскан мас сыңары темтеңдей баштады.

– Сиз муну айтыңызчы: силердин уездде балдарды урган ким? – деп сурады Чехов акырын сүйлөп.

Мугалим ордунан ыргып туруп, ачууланып колун шилтегиледи:

– Койсоңуз! Менби? Эч качан! Кантип урам?– Анан ызалана бышкырып-үшкүрүп жиберди.

– Сиз капаланбаңыз, – деди Антон Павлович беркини жубата күлүмсүрөп, – мен  ушул сиз тууралуу айтып жатыпмынбы? Бирок эсимде бар, муну газетадан окугам – кимдир-бирөөнүн урганы чын, ошол силердин уездде.

Мугалим кайрадан отуруп, тердей түшкөн бетин аарчып, жеңилдене үшкүрүп алгандан кийин, сөзгө келди:

– Бул ырас! Бир жолу ушундай болгон. Муну кылган Макаров. Билсеңиз – таң каларлык иш эмес! Жапайы көрүнсө да, түшүнүшкө болот.

Анын аялы бар, төрт балалуу, аялы сыркоо, өзү да кургак учук, айлыгы жыйырма сом... Мектеби – жертөлө, турган үйү ошондогу бир бөлмө. Дал ушул шартта кудайдын периштесин да эч кандай күнөөсүз эле уруп саласың, ал эми мектеп балдары периште болбой калсын, ишенип коюңуз!

Өзүнүн акылдуу сөздөрү менен Чеховду эми эле аёосуз таң калтырып жаткан киши, дал ошондо коңкогой мурдун жаман жөрөлгөнү искегендей аркы-терки ойдолотуп, таш сыңары оор сөздөрдү эң жөнөкөй тилде сүйлөп, орус кыштактарынын көргөн коркунучтуу жана каргыш соккон турмушундагы чындыкты апачык сүрөттөп кирди.

Кожоюн менен коштошкондо мугалим анын ичке манжалуу катыңкы колун кош колдоп силке кармап, мындай деди:

– Мен сизге келатканда чоң начальникке келгендей калтырап-титиреп, бирок өзүмдү жүүнү бош киши көрсөтпөс үчүн букадай бугжуюп келдим... Ал эми мына минтип бардыгын билген, эң жакын жана жакшы кишимден кайткандай болуп отурам. Бардыгын билүү – улуу иш! Сизге чоң ыракмат! Кеттим. Өзүм менен кошо эң жакшы ой-пикирди ала кеттим: биз азыр бирге жашап жүргөн болоор-болбос кишилерге караганда ири кишилер биздей бечаралар менен тилектеш келип, жөнөкөй жана түшүнүшкө оңой болот экен. Кошуңуз! Сизди эч качан унутпайм...

Анын мурду дирт эте түшүп, эриндери жылмайыңкы тартып, күтпөгөн жерден бул сөздү кошту:

– Ырасын айтканда мытайымдар деле ырысы жок кишилер, аларды шайтан алсын!

Ал кеткенден кийин Антон Павлович анын соңунан көз жиберип:

– Өзү жакшы жигит. Бирок узак окута албайт, – деп бырс күлүп койду.

– Неге?

– Асылып, жамандап жүрүп... Кууп чыгышат...

Анан бир аз ойлоно калып, акырын гана бул сөздү кошту:

– Россияда таза киши – кичине балдарды коркутчу так эле мокочолор сыяктуу...

Менин байкашымда Антон Павлович бар жерде ар бир киши аргасыздан жөнөкөй, чынчыл, өзү кандай болсо, так ошондой болгусу келгенин сезип, далайы китептен алган обу жок кооз сүйлөмдөрдү, өнөкөт катары кирген сөздөрдү, жапайы калк үлүлдүн кабыгы же балыктын тиши менен өзүн кооздогон сыңары, орус кишиси европалыктарды туураш үчүн пайдаланган дагы ошондой арзыбас нерселердин баарын өзүнөн четке кагып жатканын көп эле жолу көргөм. Балыктын тиши менен короздун канатын Антон Павлович жактырчу эмес; адам өзүн «көтөрө көрсөтүш үчүн» кийип алган опсуз кооз, шылдыр-шулдур жана жат нерселердин бардыгы Чеховдун кыжырын келтирип, бул өзүнүн көзү алдында эң эле ашыра жасанып алган кишини көргөн сайын чыныгы

бетин жана тирилей жанын бузуп көрсөтүп жаткан так ошол түйшүгү оор, керексиз куру асемден анын өзүн куткаргысы келе баштаганын мен байкап жүрдүм. Чехов өмүр бою өз гана жанын сарп кылып жашады, ар качан өзү кандай болсо – ошол болду, өзүн эркин сезип, кай бирөөлөр мындан эмне күткөнү, кай бир оройлору эмнени талап кылганы менен эч качан эсептешкен эмес. Татынакай эле орус кишиси өзүн кубантыш үчүн ушунчалык бекем аракет кылып, маселен, азыр түзүгүрөөк шымы жок болсо да, келечекки баркут костюм жөнүндө күлкү келердик ой жүгүрткөндөй «жогорку» темада козголгон сөздү Антон Павлович эч бир жактырчу эмес.

Өзү да сонун, жөнөкөй Чехов жалаң жупуну, нагыз чыныгы нерселерди жакшы көрүп, кишини жөнөкөйлөтүүдө мунун өзүнчө бөлөк ыкмалы бар болчу.

Бир жолу буга эң эле мыктап жасанган үч аял келди: алар бөлмөнүн ичин жибек көйнөктөрдүн шуудурашы менен буркураган атырдын жытына толтуруп, кожоюндун бет алдында кериле тартып олтурушуп, өздөрү саясатка өтө кызыккан киши сыяктанымыш болуп ар кыл «суроолорду коё» башташты:

– Антон Павлович! Сиздин оюңуз кандай: согуш эмне менен бүтөр экен?

Антон Павлович жөтөлүп алып, бир аз ойлонуп, анан чыны менен жылуу-жумшак сүйкүмдүү сүйлөп:

– Жарашып бүтүшү ыктымал, – деди.

– Ал албетте! Бирок ким жеңет? Гректерби же түрктөрбү?

– Менин оюмча, кимиси күчтүү болсо, ошол жеңет...

– А сиздин оюңузча кимиси күчтүү?

– Тамагы күчтүүрөөк жана кимиси билимдүүрөөк болсо – ошол...

– Оо, ырас эле таап айтты! – деди бирөө.

– Сизге кимиси көбүрөөк жагат – гректерби же түрктөрбү? – деп сурады экинчиси.

Антон Павлович ал аялга сүйкүмдүү карап, уялыңкы түрдө жылмайып:

– Мага мармелад көбүрөөк жагат... А сиз кандай көрөсүз? – деди.

– Сонун көрөм!

– Жыты да ушунчалык жакшы! – деп экинчиси сүйлөдү.

Ошондо аялдардын экөө тең сөзгө кызуу кирип, мармелад жөнүндөгү маселеде ырас эле терең маалыматтары бар экенин жана мармеладдын өзүн абдан жакшы билишкендигин толук байкатышты. Ушул убакка чейин өздөрү эч бир ойлонуп көрбөгөн түрк жана грекке калп эле мыктап кызыккан кишидей, акылды чымыркана жумшап отуруштун кереги жок болуп чыкканы үчүн үчөө тең ыраазы экени ачык байкалды.

Алар кайрадан жөнөп бараткында, Антон Павловичке шаттуу сүйлөп:

– Биз сизге мармелад жиберебиз! – дешти.

– Сиз сонун сүйлөштүңүз! – дедим мен аялдар кеткенден кийин.

Антон Павлович акырын гана күлүп:

– Ар ким өз тили менен сүйлөгөнү жакшы... – деген жоопту берди.

Экинчи жолу мен Чеховдун үйүнөн прокурордун жапжаш, татынакай жардамчысын жолуктурдум. Ал Антон Павловичтин алдында тармал чачын селкилдетип, кызый сүйлөп турган экен:

– Сиздин «Кара ниет» аттуу аңгемеңиз, Антон Павлович, менин алдыма эң бир татаал маселени коюп жатат. Эгер мен Денис Григорьевди өзү билип туруп, ушунчалык кара ниет иш кылды деп тапсам, коомдун талабына жараша мен аны түрмөгө тыгып салышым керек. Бирок Денис жеткен жапайы киши, кылган ишинин кылмыштуу экенин билген жок, ошондуктан мен аны аяйм. Ал эми... Эгер ушуну билбей туруп кылды деп, боор ооругандыкка берилип бошотуп жиберсем, Денис рельстин буроосун дагы чыгарып, поездди кулатпайт деп коом алдында кантип кепил болом? Мына маселе! Кандай кылабыз эми?

Жаш жигит чалкалап, Антон Павловичтин дал бетине сынай карап калды. Анын кийген мундири жапжаңы, калыс өкүмдү бериле сактаган жигиттин таптаза көзүндөй болуп, анын көкүрөгүндөгү топчулары да өзүнчө ишеничтүү жылтырап турду.

– Эгер мен судья болсом Денисти актап жиберер элем, – деди Антон Павлович.

– Кайсы негизге сүйөнүп?

– Мен ага минтип айтмакмын: «Денис, сен атайы кылмышкер болуп жүргөндөрдүн катарына кошулуш үчүн али бышып жете элек экенсиң, бар, бышып жет!» – демекмин.

Юрист күлүп жиберип, бирок ошол замат мостоё калып, сөзүн улантты:

– Жок, урматтуу Антон Павлович, сиздин ушул койгон маселеңиз жалаң гана коомдун пайдасы үчүн чечилүүгө тийиш, мен ошол коомдун өмүрүн жана менчигин сактоого милдеттүүмүн. Денис – жапайы киши, бул ырас, бирок анын кылмышкердиги чын да!

– Сиз граммофонду жакшы көрөсүзбү? – деп сурай калды Антон Павлович.

– Ооба! Абдан! Эң эле сонун ойлоп тапкан нерсе!

– А мен граммофонду аябай жек көрөм, – деп Антон Павлович капалана сүйлөдү.

– Неге?

– Алар эч нерсени сезбей туруп эле ырдап жана сүйлөй берет эмеспи. Ошондуктан ал бурмаланып, жансыз чыгат... А фотография менен кандайсыз?

Көрсө, бул юрист фотографияга чындап берилип алган киши экен, ошол замат граммофонду таптакыр унутуп коюп, эми фотография

жөнүндө кызый сүйлөп жатты. Так ошол «эң эле сонун ойлоп табылган» граммофонго бул өзү да окшоп турганын Чехов кылдат жана туура байкаптыр. Азыркы турмушта өзүн кийикке чыккан күчүктөй сезген дал ушул тирикарак, бир катар кызык неме сыяктанган адам сөрөй мундирдин ичинен кандайча көрүнүп турганын мен экинчи ирет байкадым.

Жигитти узатып жибергенден кийин Антон Павлович кабагын түйүп:

– Калыс өкүмдү жүргүзүүдө... Мына ушундай мадыра баштар отуруп алып, адамдын тагдырын чечет имиш, – деди.

Анан бир аз унчукпай калып:

– Прокурорлор балык уулаганды өтө жакшы көрүшөт. Айрыкча ёрш балыкты! – деген сөздү кошту.

Чехов одоно ыпластыкты кай жерде болсо да кармай калып, анын бетин ачып айта алган чебер киши эле; мындай чебердик турмушка жогорку талапты коюшка жараган, кишини женөкөй, келишимдүү жана көркөм түрдө көрүүнү чындап эңсеген кишилерде гана болот. Одонолукту алар качан ырайымсыз катуу согот.

Көпчүлүк үчүн кеңири белгилүү журналды басмадан чыгарып, кишини сүйүп, ырайымдуу мамиле кылуу зарыл экени жөнүндө үздүксүз ой жүгүрткөн неме темир жолдогу кондукторду эч кандай себепсиз эле кордоп койгонун, анын үстүнө ал өзүнө көз каранды кишилердин бардыгына опсуз орой мамиле кылганын кимдир бирөө Чеховдун көзүнчө айта салды.

– Ананчы, – деди Антон Павлович, кабагын түйө бырс күлүп, – ал ак сөөк, билимдүү киши эмеспи... Семинарияда окуган да! Атасы чокойчон жүрчү, азыр бул жалтырак ботинка кийип жүрөт...

Бул сөз ушундай бир бөлөк мааниде айтылып, ал «ак сөөктү» ошол эле жерде эч азрыбас маскара кылып салды. Абдан таланттуу киши! – деди Чехов, дагы бир журналист жөнүндө. – Ар качан жакшы ниет менен, адамгерчиликтүү жана келиштирип жазат... Бирок аялын элдин көзүнчө акмак деп тилдеп, үй кызматчылары үчүн берген бөлмөсү ар качан нымдуу болуп, алар дайым кызыл жүгүрүк менен ооруп жатышат...

– № жагабы сизге, Антон Павлович?

– Ооба... Абдан жагат. Жакшы киши, – деди Антон Павлович, акырын гана жөтөлүп. – Бардыгын билет. Көп окуйт. Менден үч китеп алып окуду. Бирок кандайдыр чалагайым: бүгүн сизге укмуштай сонун кишисиз, – дейт да эртең дагы бирөөгө барып, ага сизди ойнош аялынын эринин көгүш жол-жолу бар кара жибек байпагын уурдап кетиптир дейт...

Кимдир бирөө Чеховго калың журналдардагы «олуттуу» бөлүмдөр окушка эң эле оор жана тажатып жибере турганын айтты.

– А сиз ал макалаларды окубай-ак коюңуз, – деди Антон Павлович. – Ал анык ынтымак менен чыгып жаткан адабият эмеспи... Өз ара дос-

тордун адабияты. Краснов, Чернов, Беловдой господиндер жазып турат. Бири макаланы баштайт, экинчиси каршылык кылат, үчүнчүсү берки экөөнүн ортосундагы карама-каршылыкты жараштырып коёт. Кыскасы, барскан менен сом темирди согуп ойногондой кылышат. Окуучулар үчүн мына ушулардын эмне кереги бар, муну алардын эч бири ойлобойт.

Дагы бир жолу буга денеси москоол өңдүү кооз кийинген, семиз аял келип, «Чеховдун өзүнө ылайык» сүйлөй баштады:

– Турмуш көңүлсүз, Антон Павлович! Бардыгы түнөрүңкү: кишилер, асман, деңиз, ал тургай гүлдөр да мага түнөрүңкү көрүнөт. Каалаган эч нерсе жок... Жан камыгат. Кандайдыр дарт жармашып алган сыяктуу...

– Бул дарт! – деди Антон Павлович ишеничтүү түрдө. – Анык дарт. Латынча бул morbus pritvorialis деп аталат.

Кудай жалгап аял латынча билбейт окшойт, а балким, билсе да жашырып койгон чыгар.

– Сынчылар жер айдап жаткан аттын тынчын алган көгөөн сыңары, – деди Чехов басмырт гана бырс күлүп. – Ат иштеп жүрөт, булчуңдарынын баары контрабастын зымындай жеткире чоюлган, а берки көгөөн кургур соорусуна конуп алып, кытыгылап ызылдай берет. Силкинип же куйругу менен чабыш керек. Көгөөн эмне деп ызылдап жатат? Муну түшүнмөк беле. Көгөөндүн кыял-жоругу жөн эле ошондой тынчы жок окшойт, анан да жер үстүндө мен да жашайм деп, өзүн билдиргиси келип жаткан чыгар. Мына көрдүңөрбү: ал түгүл ызылдай алам, эмне жөнүндө болсо да мыктап ызылдайм дегени!.. Мен өзүмдүн аңгемелериме жазылган сындарды жыйырма беш жыл бою окуп келатам, бирок бир да баалуу көрсөтмөсү эсимде калган жок, бир да жакшы кеңешти уккан жокмун. Жалгыз Скабичевский гана мен үчүн бир мыкты асер калтырды: ал мени мас болуп дубалдын түбүндө жатып өлөт дептир...

Чеховдун муңайымдуу көк көзүндө жумшак күлүңдөгөн элес ар качан дээрлик көрүнүп турчу, бирок кээде бул эки көз суук тартып, курч жана ызгаардуу боло калчу; мындай учурда анын чын жүрөктөн чыккан ийкемдүү үнү да катуураак угулуп, ошондо мага так ушул жупуну, жумшак киши эгер керек десе, өз душманына каршы катуу жана мыктап каршы туруп, эч бир жеңдирбестей көрүнө түшчү.

Кээде мага анын кишилерге кылган мамилесинде кандайдыр айласы түгөнүп, көңүлү сууп, акырын гана күдөр үзүп койгондук бар сыяктуу сезилчү.

– Орус кишиси – таң каларлык жан! – деди ал бир жолу. – Тор сыңары мунун ичине эч нерсе токтобойт. Жаш кезинде колуна тийгендин баарын өз ичине суктана жыйнап, отуз жаштан өтөр замат анысынан эч нерсеге жараксыз ыпыр-сыпыр гана калат. Адам сыяктуу жакшы жашаш

үчүн иштеш керек да! Сүйүп жана ишенип иштеш керек. А бизде минте алышпайт. Архитектор түзүгүрөөк эки-үч үйдү тургузуп коюп, анан карта ойноого отурат, ойногондо да өмүр бою ойноп, же театрдын көшөгөсүнүн арт жагынан чыкпайт. Доктор, эгер ал тажрыйбалуу болуп калса, илимдин өсүшүнө көз салганын токтотуп коюп, «терапия жаңылыктарынан» бөлөк эч нерсени окубайт, анан кырк жашка жеткен кезде, оорунун баары суук тийгендиктин кесепети деген тыянакка келет. Мен өз ишинин чын маанисин аз да болсо түшүнгөн бир да чиновникти көрө алган жокмун: ал көбүнчө борбордо же губерниялык шаарда жылбай отуруп алып, кагаз жазымыш болуп, Змиев жана Сморгонго жиберип коёт. Бул кагаз Змиев же Сморгондо кимдин ээн-эркин жүрүшүнө бөгөт болгону жөнүндө кудайдан кечкендер тозоктун азабын оюна албагандай, тигиндеги чиновниктердин эч бири да оюна алып убара болбойт. Бир ишти жактоодо акжолтой боло калуу менен атак алып калган адвокат андан ары чындыкты жактаганын токтотуп, эми жалаң гана менчик жөнүндөгү укукту жактап, ат чабышта тамаша салып, устрицаны үзбөй жеп, искусствонун бардык түрүн кылдат билген киши болуп жүрө берет. Эки-үч ролду түзүк аткарып койгон актёр андан кийин роль жаттабай, башына цилиндр кийип, өзүн эми гений ойлойт. Бүт Россия кандайдыр ач көз жана жалкоо кишилердин өлкөсү: булар тамакты опсуз көп жеп-ичет, күндүз да уктаганды жакшы көрүп, коңурукту кош тартышат. Аялды үйү иреттелип турсун үчүн алып, коом ортосунда беделин көтөрүш үчүн көңүлдөш дагы бирөөн күтөт. Булардын психологиясы иттики сыңары: урса акырын гана кыңшылап, өз кепелеринде жашынып калышат, эркелетип койсо чалкасынан түшүп, тамандарын асманды каратып, куйругун шыйпаңдата баштайт...

Бул сөздөр капаланып жектегендей угулду. Бирок жектөө менен бирге Чехов өзү өкүнүчкө батып, кээде мунун көз алдында бирөөгө катуу айтсаң, ошол замат ага болуша калып:

– Неге минтесиз? Бул кары киши эмеспи, жетимишке жетип калды...

Же:

– Бул али жаш эмеспи, азырынча макоо болгондуктан ушинтип жатат... – дейт.

Мындай сөздөрдү сүйлөгөн кезде Чеховдун өңүндө жийиркеничтин белгиси турганын мен эч көргөн эмесмин...

Орой кылык адамдын жаш кезинде эч нерсеге арзыбас жөн гана тамаша сыңары көрүнүп, бирок адамды аз-аздап чулгап отуруп, боз туман анын мээси менен канына ис жана уудай сиңип, акыры адам бети бүт дат жеп салган көрнөккө окшойт: бетине эмнедир жазылгансыйт, бирок эмне экенин ажырата албайсың.

Антон Павлович Чехов өзүнүн биринчи эле аңгемелеринде күңүрт деңизде бычып жаткан шылдың кыларлык, кайгылуу орой кылыктар-

дын бетин ачты; автор дал ошол күлкүлүү сөз жана ал-абалдан ары далай-далай ырайымсыз, эң жаман нерселерди өтө кайгырып байкап, уялганынан жашырып-жаап турганын мунун «юмористтик» аңгемелерин жакшылап окуган киши даана көрөт.

Чехов кандайдыр акылдуу максатты күтө жооштук кылып, калкка карай: «Силер бир түзүгүрөөк киши болсоңорчу!» – деп ачык-айкын катуу айтышка өзүнө эч бир эрк бербей, так ошол түзүгүрөөк болуунун өтө зарыл экенин акыры алар өздөрү түшүнөр деген куру үмүттө жүрө берди. Одоно жана балитти бүт жек көрүп турса да, турмуштун жаман жагын акындын ак тили, юмористтин жумшак мыскылы менен жазып, ошол аңгемелердин сырты сонун болгондуктан, ички маанисиндеги эң эле көп кайгылуу жеме анчалык байкалбай калуучу.

Урматтуу көпчүлүк «Альбиондун кызын» окуганда жакшы эле күлүп, бирок ушул аңгемеде курсагы ток төрө жападан-жалгыз, баарыга жат кишини канчалык ырайымсыз түрдө кор кылганын ачык-айкын көрө албас дейм. Мен Антон Павловичтин ар бир юмористтик аңгемесинде нагыз адамдын таза, чын жүрөгүнөн акырын жана терең чыккан үшкүрүгүн угуп, дал ошол үмүтсүз үшкүрүк аркылуу өзүнүн адамдык ар-намысын урматтай албаган, орой күчкө каршы эч бир аракет кылбай жөн гана багынып берип, кулча жашап, майлуу шорпону колдон келишинче күн сайын көбүрөөк ичүү зарыл экенинен бөлөк эч нерсеге ишенбей, кайсыдыр күчтүү жана уятсыз неме кокус уруп коёбу деп коркпондон бөлөк эч нерсени сезбей жүргөн кишилерге анын жаны ачыганын угам.

Турмуштун майда-чүйдөсүндөгү оор кайгыны Антон Чеховдой ачык-айкын жана кылдат түрдө эч ким көрө алган эмес, мещандык күңүрт былыкта жашаган кишилердин маскаралык кайгылуу сүрөтүн булардын өзүнө ушунчалык аёосуз чындыкта эч ким көрсөтө алган эмес.

Мунун чын душманы орой кылык болучу; ага каршы өмүр бою күрөшүп келди, аны калыс жана курч калем менен шылдыңдап жазып, биринчи караган көз үчүн бардыгы абдан жакшы, ыңгайлуу, ал тургай сонун сыяктанып, аны байкабас жерлерде да орой кылыктын кек датын таба коюп жүрдү... Акыры бул үчүн оройлук эң эле жаман кылыгы менен өчүн алып, дал ушундай акындын сөөгүн «устрица» ташый турган вагонго салды.

Ушул вагондун көк-жашыл балит темирлери мага ошол орой кылык алсыраган душманын табалап, салтанат куруп, опсуз жылмайып күлгөндөй болуп көрүнөт; ал эми көчө газеталарынын эсепсиз «эске алуулары» болсо жүзгө карап кайгырымыш болуп, анын артында ошол эле орой кылык өзүнүн чын душманы өлгөнү үчүн ичинен моокусу канып, жыты жаман суук демин чыгарып, улам күрсүнүп тургандай сезилет.

Антон Чеховдун аңгемелерин окуганда, кеч күздө аба ушунчалык туптунук болуп, жалбыраксыз дарактар, бир-бирине жабышкан үйлөр,

түнөрүңкү кишилер эң эле ачык көрүнүп турган маанайы пас күнгө киргендей сезесиң. Бардыгы кандайдыр адам таң каларлык – жалгыздап бөлүнгөн, кыймылсыз, алсыз. Алыстап кеткен көгүш ыраактык бопбош, ээн, анан ал бозоруңку асман менен биригип, үстүн балит тоңголок жапкан жерге карай кайгылуу муздак демин чыгарып турат. Автордун акылы күзүндө тийген күн болуп, бузулган жолдор, ийри көчөлөр, алсыз майда кишилер зериккендик жана жалкоолуктан деми кысылып, ичин эч маанисиз, уйкулуу кара түйшүккө толтурган үйлөрдү ырайымсыз түрдө дапдайын кылып көрсөтөт. Кичинекей боз чычкан сыңары жүрөксүнө култуңдап, мына мында «Жаным» – ар кимди күң катары ушунчалык көп сүйө алган татынакай момун аял чыга келет. Эгер аны жаакка катуу чапсаң, катуу бакырганга батынбайт, анткени эң момун күң. Анын жанында «Үч эже-сиңдиден» муңайымдуу Ольга турат: ал да көптү сүйөт, анын үстүнө жалкоо агасынын уяты жок бузуку аялынын ар кылыгына дымын чыгарбастан баш ийип, эки эжесинин турмушу түбөлүк тескери кеткенин көрүп турса да, көз жашын гана төгүп, эч кимге эч жардам кыла албайт, көкүрөгүнөн орой кылыкка каршы мыктап айтыш үчүн жарарлык күчтүү сөз таптакыр табылбайт.

Тигинде көз жашын тыйбас Раневская менен бирге «Алчалуу бактын» мурдагы кожоюндары турат – бардыгы баладай өжөр, карыдай алсыз. Алар өз убагында өлүмдөн кечигип калып, эми өз айланасында эч нерсени же көрө албай, же түшүнө албай курулай боздогон, кайра жармашыш үчүн күчү да жок мителер. Жубарымбек студент Трофимов иштөө керек экени жөнүндө тилин безеп, бирок өзү эч нерсе кылбай, так ошол бекерпоздор жакшылап күн көрсүн үчүн тынымсыз иштеп жаткан Варяны обу жок кордоп эрмек кылып, эриккенин жазат.

Вершинин турмуштун эми үч жүз жылдан кийин кандай сонун болорун эңсеп, бирок өз айланасындагы турмуш бүт бойдон бузулуп бараткканын, мунун көз алдында Солёный жалаң өзүнүн эриккендиги жана макоолугу менен байкуш барон Тузенбахты өлтүргөнү жатканын байкабайт.

Өз сүйүүсүнөн, өз макоолугу жана жалкоолугунун жердеги байлыкка көз артышынын кулу же күңү болгон кишилердин сан жеткис тизмеги көз алдында чубап өтөт; турмуштан туюк корккон кулдар баратат, алар күңүрт коркунучка илкий басып, өздөрү үчүн азыркыда орун жок экенин сезгендиктен, турмушту келечек жөнүндөгү келжирек сөздөр менен толтуруп жатышат...

Кээде алардын түнөрүңкү массасынан тарс эткен дабыш угулуп, Иванов же Треплев эмне кылыш керек экенин билип, өлүп калган болот.

Далайы турмуш эми эки жүз жылдан кийин кандай жакшы болорун акылдап эңсеп, эгер биз эңсеп эле жүрө берсек, муну ким жакшы кылат? – деген жөнөкөй суроо эч биринин эсине кирген эмес.

Эң бир чоң, акылдуу, бардыгына көңүлдү мыктап бурган киши мына ушул алсыз кишилердин маанайы пас, түнөргөн тобун жандап өтүп баратып, өз мекенине дал ушинтип көңүлсүз өмүр сүрүүчүлөргө кайрылып карап, капалана күлүмсүрөп, үнүн жумшак, бирок катуу жемелеген түрдө чыгарып, өңү жана көкүрөгүндө күдөр үзүүнүн кайгысын сактап, чын жүрөгүнөн чыгара уккулуктуу сүйлөп:

– Силер эң жаман жашап жүрөсүңөр, господа! – деди.

Температура көтөрүлгөнүнө беш күн болду, бирок төшөккө жаткым келбейт. Финдин боз жамгыры жер бетине суу чаңды себелеп турат. Инно фортунда замбиректер күрсүлдөйт, аларды «атып көндүрүп» жатканы ошол. Түнкүсүн прожектордун узун тили булутту жалмалап, бул өтө жаман көрүнүш, анткени азезилдин жетип келиши согушту эстен чыгартпайт.

Чеховду окудум. Эгер ал он жыл мурда өлбөгөндө, оболу согуш аны кишилерге каршы уулапдырып салып өлтүрмөк экен... Анын кандайча көмүлгөнүн эстедим.

Москва ушунчалык «назик сүйгөн» жазуучунун табыты каалгасына «Устрица үчүн» деп ири тамгалар менен жазып койгон жашыл вагондо келди. Жазуучуну тосуп алыш үчүн вокзалга чогулган анчалык чоң эмес топтун бир катары Маньчжуриядан алып келинген генерал Келлердин табытын карай кетишип, далайлары Чеховду ырас эле согуштук музыканын оркестри менен көмөбү деп аябай таң калышты. Акыры ал жаңылыш аныкталган кезде, кай бир шайыр кишилер бырс-бырс күлүп же кыткылыктап жиберишти. Чеховдун табытынын артында жүздөй эле киши баратты, андан ашык эмес; экөө тең жаңы ботинка кийип, чаар галстук тагынып, күйөөлөп жүргөн эки адвокат эстен чыкпас. Мен алардын артында баратып, В. А. Маклаков дегени иттин акылы жөнүндө, экинчиси – мага бейтаанышы өз дачасы абдан ыңгайлуу, андагы жалпы көрүнүш кооз экенин сүйлөгөнүн уктум. Агыш көк көйнөк кийип, чилтер чатырдын алдында бараткан аял мүйүз көз айнекчен абышканы ынандыра сүйлөп:

– Ах, бул укмуштай жароокер, акылы өткүр киши эле... – деди.

Абышка ынанбагансып жөтөлүп койду. Күн ысык, чаң көп болчу. Эң алдында семиз сары ат минип, кериле бастырган участкалык башкаруучу баратат. Мына ушунун бардыгы дагы башкаларына кошула келгенде ырайымсыз орой кылык болуп, ири жана кылдат художниктин эстелиги менен эч коошпос сыяктанат.

Кары киши А. С. Суворинге жазган каттарынын биринде Чехов минткен экен:

«Мындайча айтканда, өмүрдүн кубанычын алып, көңүлдү бүт сууткан жан багыш үчүн болгон күндөлүк күрөштөн комсоо көрүнүп, катуу тажатчу эч нерсе жок».

Бул сөз менен анык орустун, бирок менин көз карашымда А. Пга таандык эмес апсала билдирилген. Бөлөктүн баары бар, бирок кишилердин эмгекти сүйүшү гана жок болгон Россияда көпчүлүгү ушинтип ойлойт. Орус өз күч-кубатына кызыга карап, бирок ага жакшы ишенбейт. Көңүлжайы белсене көтөрүлүп алган жазуучу мисалы, Джек Лондон Россияда боло коюшу мүмкүн эмес. Лондондун китептери бизде көңүлдөнүп окулса да, орус кишисин аракет кылышка ойгото ала турганын көрбөй жатам, анын кыял жорутушун кодулап гана тим болот. Бирок Чехов бул мааниде чыныгы орус эмес. «Жан багыш үчүн күрөш» буга жаш кезинен эле көрксүз, комсоо түрү менен жармашып, Чехов жалаң өзүнө керек кичине токоч эмес, чоң үзүм токоч үчүн күндөлүк майда түйшүккө батып калган. Эч кандай кубанычы жок дал ушул түйшүккө Чехов жаштык күчүн жумшады, ошондуктан таң каларлык бир нерсе бар: ал өзүнүн юморун кантип сактай алды? Чехов турмушту курсагы тоюп, тынч жатыш үчүн кишилердин ич күйгүзгөн аракети гана деп билди; турмуштун улуу драмалары менен трагедиялары ал үчүн күндөлүк аракеттин калың катмары астында жашынып жаткан. Өз айланасындагы курсагы ток кишилерди көргүдөй болуп, кара түйшүктөн бир аз бошогондон кийин гана ал так ушул адамдардын ички маңызына жеткире карады.

Эмгектин баркын маданияттын негизи катары А. Пдай терең жана чар-тараптан толук сезген кишини мен эч көрбөдүм. Мунусу үйгө керектүү майда-чуйда нерселердин баарынан: буюмду тандоо, көп эле жыйнай берүүгө аракети таптакыр жок болсо да аны адамдын чыгармачылык духунун азыгы катары буюмга тажоосуз кызыга карашынан өйдө көрүнүп турчу. Чехов үй-жай курууну, бак өстүрүүнү, жерди көркүнө келтирүүнү жакшы көрүп, эмгектин кооздугун мыкты сезчү. Өз колу менен тиккен жемиш жыгачы же кооздук берчү дарагы бактын ичинде кантип өсүп баратканын кандай камкордук менен карап турчу эле! Ауткада үй салам деп жүрүп, бул минтип айткан:

– Эгер ар бир киши өзүнө караштуу кичинекей жерге колунан келген иштин бардыгын кылса, биздин жер кандай сонун болмок!

«Васька Буслаев» деп пьеса жазмакчы болуп, мен ага Васьканын мактанычтуу монологун окуп бердим:

Эх, күчүм болсо мындан да көп,
Эритмекмин кар-музду бир үйлөп,
Жер жүзүн бүт айланып айдамакмын.
Кылым бою кыдырып шаар куруп,
Чиркөө салып, дарактарды көп тигип,
Жерди да сулуу кыздай кооз кылып,
Колуктумча кучагыма кысмакмын.
Анан жерди так төшүмө көтөрүп,
Ошол бойдон кудайга түз бармакмын:

– Кудай, сен эми көрчү бул жерди, –
Буга Васька канчалык көркtү берди!
Сен муну ай-талаага таштап салып,
Мен кайрадан коододум каухар тагып!
Кара, кудай, карап алып кубана бер,
Кулпунат күн алдында көк-жашыл жер!
Сага муну белек кылып берер элем,
Бирок менин көп эмгегим текке кетер!

Бул монолог Чеховго жагып калды, ал толкундана жөтөлүп, доктор А. Н. Алексин экөөбүзгө минтип айтты:

– Жакшы экен... Адамдын анык өзүнө тийиштүү сөз! «Бардык философиянын чын мааниси» ушул эмеспи. Адам жерди мекен кылды, эми аны өзүнө ыңгайлуу да кылат, – деп башын ийкеп, дагы кайталап: – Сөзсүз кылат! – деди.

Васьканын мактанганын дагы бир окутуп уккандан кийин терезе жакка карап, мындай кеңешти берди:

– Эң акыркы эки саптын кереги жок, бул куру тентектик! Ашык сөз...

Өзүнүн адабий иштери жөнүндө Чехов көңүлсүнбөй аз сүйлөчү: эгер айткысы келсе акылдуу максатты көздөп, Лев Толстой жөнүндө кандай абайласа, ошондой эле абайлап сүйлөчү. Кез-кез гана шаттанып отурган кезинде бырс этип күлүп коюп, жалаң юмористтик темадагы нерсени айтып берер эле:

– Сиз билесизби, мугалим аял жөнүндө жазам, ал атеистка, Дарвинди жакшы көрөт, элдеги жокко ишенүү менен эскичилдикке каршы күрөштүн зарыл экенине көзү жетет, бирок өзү түнкү саат он экиде кара мышыкты ысык сууга салып, анын «томугун» таап алмакчы болот. Бул сөөк аялдын өзүнө эркектин көңүлүн тартып, ашыктыгын козгойт имиш, ушундай сөөк бар экен...

Өзүнүн пьесаларын «шаттуу» нерселер катары айтчу, анын үстүнө дал ошол «шаттуу пьесаларды» жаздым деп толук ишенген кишидей көрүнчү. Савва Морозов: «Чеховдун пьесаларын лирикалык комедия катары коюш керек» – деп өзүнөн угуп алып, анан айтып жүргөн чыгар.

Бирок адабиятка качан да болсо өтө кылдаттык менен мамиле кылып, айрыкча, «жаңы жаза баштаган жазуучуларга» биротоло берилүүчү. Б. Лазаревский, Н. Олигер, дагы ошондой көп кишилердин көлөмдүү кол жазмаларын көшөрүп чыдап окур эле.

– Бизге жазуучулар көп керек, – дечү Чехов. – Биздин турмушта адабият «тандалган кишилер» үчүн да жаңылык. Норвегияда эки жүз жыйырма алты киши сайын бирден жазуучу бар, бизде миллионго бирөө.

Оорусу кээде анын көңүлүн биротоло чүнчүтүп, ал түгүл эч кимди жактыртпай салчу. Мындай күндөрдө Чехов өзүнүн ой жүгүртүшүндө тескериленип, кишиге мамилеси да оор болуп калчу.

Бир күнү диванда кургак жөтөлүп, термометрди өйдө-төмөн ойдолотуп жатып, минтип айтты:

– Өлүш үчүн жашоо анчалык кызык эмес, ал эми мезгилсиз өлөрүңдү билип туруп жашоо – такыр эле болбогон иш...

Экинчи жолу ачык терезенин түбүндө деңиздеги алыс жакты карап отуруп, капысынан ачуулана сүйлөдү:

– Биз ачык күн, мол түшүм, жакшы байланыш, байлыкка жетүү же полицеймейстердин ордун алууга окшогон жакшы үмүттө жашап көнгөнбүз, бирок акылдуураак болуу жөнүндөгү үмүттү мен эч кишиден байкабадым. Жаңы падышанын мезгилинде жакшы болот, анан эки жүз жылдан кийин ого бетер жакшы деп ойлойбуз, бирок ошол жакшылык эртең башталсын үчүн аракет кылган эч ким жок. Жалпысын алганда турмуш улам татаалдап, кайдадыр өз эркинче жылып баратат, а кишилер макоо тартып, улам көбүрөөгү турмуштан четте калып жатат...

Бир аз ойлонуп, чекесин тырыштырып:

– Кресттүүлөрдүн жүрүшүндө кайыр тилеген мунжулардын нагыз эле өзү, – деген сөздү кошту.

Чехов врач болчу, ал эми врачтын оорусу өз пациенттерине караганда ар качан оор; пациенттер ооруганын сезип гана турат, врач болсо, денеси кандайча бузулуп баратканын аздыр-көптүр билип да турат. Өлүмдү тездетиш үчүн билгендикти себепкер деп эсептешке ылайык учурлардын бири ушул.

Күлгөн кезинде Чеховдун көздөрү сонун – аялдыкындай сүйкүмдүү жана назик болчу. Анчалык дабыш чыкпаган күлкүсү да бөтөнчө сонун эле. Ар бир күлгөн сайын өзүнүн ошол күлгөнү менен жыргап-куунап, кубанычка аябай батчу. Дал ушинтип, «жан жүрөгү» менен күлө алган дагы ким бар экенин билбейм.

Орой анекдотко бул эч качан күлчү эмес.

Мына ушинтип чын жүрөгүнөн, жарашыктуу күлүп жатып, Антон Павлович мага муну сүйлөдү:

– Толстой сизге эмне үчүн олку-солку мамиле кылып жүргөнүн билесизби? Ал кызганып жүрүптүр: Сулержицкийди өзүнөн сизди жакшы көрөт деп ойлойт экен. Чын, чын. Кечээ күнү мага Толстойдун өзү айтып берди: «Мен Горькийге чыным менен жакын боло албай койдум, эмне үчүн экенин өзүм да билбейм, бирок боло албадым. Ал түгүл Сулердин ошол Горькийдикинде турганы да мага жакпай жатат. Сулер үчүн бул зыян болот. Горький – каардуу киши. Зордоп жатып монахка берип, ошону менен бардыгына каршы түбөлүк кардуу кылып салган семинаристке окшойт. Жаны нагыз эле тыңчыныкы, өзүнө чоочун Ханаан жерине кандайдыр келип калып, эми бардыгын астыртан карап, бардыгын байкап, көргөн-билгенин бүт кан-

дайдыр өз кудайына жеткирип тургансыйт. Ал кудайы болсо токой жин периси же кыштактагы катындардын албарстысына окшогон түрү суукτун бири».

Муну айтып жатып, Чехов көзүнөн жаш чыкканча күлдү, анан көз жашын аарчып, дагы сүйлөдү:

– Мен «Горький ак көңүл» десем, ал минтет: «Жок, жок, билем аны. Өзү өрдөк мурун, мындай мурун жалаң гана ырыссыз жана каардуу кишиде болот, муну аялдар да сүйбөйт, ал эми аялдардын жыт алышы, иттикине окшоп, жакшы кишини батыраак сезет. Мына бул Сулерде кишини чындап ак ниети менен сүйө турган кымбат сапат бар. Бул жагынан Сулер эң бийикте. Сүйө билген бардыгын билет...»

Бир аз эс алгандан кийин Чехов дагы кайталап:

– Ырас, абышка кызганып жүрөт... Мына кызык... – деди.

Толстой жөнүндө сүйлөгөн сайын Чеховдун көзүндө байкалар-байкалбас, назик жана уялыңкы күлүмсүрөө дайыма пайда болуп, эң бир кымбат жана жумшак сөздү талап кылган жашырын сырдуу, кандайдыр көзгө илешпес нерсе жөнүндө сүйлөгөнсүп, үнүн бастата калчу.

Так ушул акылмандын капыс-купус айта салчу курч, көп учурда бирине бири терс келчү ой-пикирин ошол замат жазып алчу Эккерман сыңары киши Толстой менен дайыма кошо жүрбөгөнү үчүн Чехов көп нааразы боло турган.

– Мына ушул ишке сиз кирише турган жөнүңүз бар, – деди Чехов Сулержицкийге. – Толстой сизди ушунчалык жакшы көрөт, сиз менен өзү да жакшы чечилип, көп сүйлөшөт.

Сулер тууралуу Чехов мага:

– Бул  акылман бала, – деди. Муну ал абдан туура айтты.

Бир жолу Толстой менин көзүмчө Чеховдун аңгемеси жөнүндө аябай кубанып отурду, ал ушул «Жаным» болсо керек эле. Ошондо ал минтип айткан:

– Бул чоң максатты көздөгөн кыздын чебер колу соккон чилтер сыяктуу; эски убакта дал ушундай чилтерчи кыздар – «кирпик какпастар» болгон, алар бакыт жөнүндөгү эңсегенин өмүр бою дал ушул чилтердеги  гүлдөргө кийирип келишкен. Гүл аркылуу өзүнүн эң  бир чындап сүйгөнү жөнүндө эңсеп, көмүскөдөгү таза сүйүшүн бүт ушул гүлгө кошушкан. Толстой муну өтө толкунданып, көзүнө жаш ала сүйлөдү. Ошол күнү эти ысып, эки жаагын кызыл темгилдер каптап, башын эңкейте көз айнегин жакшылап аарчып,  көптөн бери унчукпай отурган Чехов мына эми күрсүнүп алып, уялгандай үнүн акырын чыгарып:

– Анда имла каталары жүрөт... – деди.

Чехов тууралуу көп жазууга болот, бирок абдан майдалап жана так жазыш керек, бул менин колуман келбейт. Чеховду ал өзү жазган «Та-

лаа» сыяктантып жазса жакшы болмок, ал жыты сонун, жеңил, ойлуу муңга баткан, ушунчалык орустуку, өзүбүз үчүн делчү аңгеме.

Мындай киши жөнүндө эскерүү эң жакшы, эстээр замат сенин өз турмушуңа кайраттуулугуң кайрадан келип, кайрадан ачык маани пайда болот.

Адам – дүйнөнүн түркүгү.

«Беш кол тең эмес» дегендей анын кемчиликтеричи, – деп сурашкандар болор.

Биз баарыбыз адамды сүйүү жагынан ачыгып жүрөбүз, ал эми ачыккан кезде, жаман бышкан токоч да жакшы желет.

Которгон **Курманбек АБДЫКЕРИМОВ**

---

*Адабий сынчы, котормочу* **АБДЫКЕРИМОВ Курманбек** *(1939–1986) Чүй районунун «Бурана» айылында туулган. КМУнун орус филологиясын бүткөн. Адабий-сын макалаларынын эки жыйнагы жарык көргөн. Ал Л. Толстойдун, М. Горькийдин, А. Стендальдын, К. Симоновдун, Г. Паустовскийдин, В. Кожевниковдун ж.б. көптөгөн жазуучулардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон. 1972-жылдан бери СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.*



*Конкурска*
*Балдарга базарлык*

**Корней**
**ЧУКОВСКИЙ**

# ЧЫМЫН ЧЫҢЫЛДАК

*Чымын, чымын чыңылдак,*
*Ач курсагы жылтылдап,*
*Талаага учуп барыптыр,*
*Акча таап алыптыр.*

*Сарсан кылып кан базар,*
*Сатып алды самовар.*

*«Таракандар, келгиле,*
*Чай ичкиле, көргүлө!»*
*Таракандар, келишти,*
*Чайын ичип көрүштү.*

*Үч чыныдан сүт куюп,*
*Ичти келген коңуздар.*
*Таттуу нанын бүт коюп,*
*Конок күттү опсуз ал.*
*Тойлоп жаткан Чымындын,*
*Ысмын койгон ушул күн!*

*А бүргөлөр жаркылдап,*
*Өтүк сунду баркылдап.*
*Баасы кымбат бут кийим,*
*Ар илмеги алтындан.*

*Аарылардын чоң эне,*
*Шайыр келди ыр ырдап.*
*Чыңылдаган Чымынга,*
*Бал жеткирди дыңылдап...*

*«Көпөлөктөр татына*
*Таттуу кыям жегиле!*
*Жагып калса сыйыбыз,*
*Ыраазыбыз дегиле!»*

*Аңгыча эле булкунду –*
*Чоң жөргөмүш чал турду,*
*Будамайлап Чымынды,*
*Бурчка сүйрөп бир урду.*

---

**ЧУКОВСКИЙ Корней Иванович** *1882-жылы Петербург шаарында туулган. Алгачкы макаласы, ырлары «Одесские новости» газетасына жарыяланган. Ал балдар адабиятынын көрүнүктүү өкүлү. Көптөгөн котормолору, прозалык чыгармалары, адабий сын жана илимий макалалары бар. Дүйнөлүк жана орус адабиятынын классиги. 1996-жылы дүйнөдөн кайткан.*

*Өчү бардай Чымынды*
*Өлтүрүүгө жулунду.*

*«Эй, меймандар, жардамга!*
*Жөргөмүштү сок, карма!*
*Жедиңер да ичтиңер,*
*Качпагыла эй, силер!*
*Ажыратып калгыла,*
*Кандай мерез-итсиңер!»*

*Бирок курттар, коңуздар,*
*Безип бара жатышты.*
*Жыртык, тешик, булуңга,*
*Коркуп кире качышты:*
*Таракандар диванга,*
*Кумурскалар тактага,*
*Өтүкчүлөр тапчанга,*
*Өйдөкөчтөр кампага.*

*Мейман болуп келген топ,*
*Кармашкысы келген жок.*
*Бири ордунан жылган жок,*
*Түк аракет кылган жок.*
*Тойдун ээсин аяшпайт,*
*Өлүп жатса карашпайт.*

*А чегиртке, чегиртке,*
*Так секирип кишиче,*
*Ыргып, дыргып жок болду,*
*Дароо жаагы жап болду.*

*А жөргөмүш чоң зулум,*
*Кол-бутун бууп Чымындын,*
*Жүрөккө малып тумшугун,*
*Канын сорду кургурдун.*

*Чымын улам кылчайып,*
*Жансоогалап кыйкырды.*
*А жөргөмүш ырсайып,*
*Алдастатып буй кылды.*

*Аңгычакты бир жактан,*
*Чиркей учуп келаткан.*
*Жанып турат колунда,*
*Чакан фонарь-чырагдан.*

*«Кайда канкор-мыкаачы,*
*Бери мага чыгарчы!»*
*Ал кылычын шап кармап,*
*Жөргөмүштү беттеди.*
*Учуп жетип шарт жаңсап,*
*Башын кыйып өткөнү!*

*Колдон кармап Чымынды,*
*Апкелди айнек жанына:*
*«Башын алып зулумдун,*
*Аралжы болдум жаныңа,*
*Эми, жаным, кызбала,*
*Үйлөнөмүн мен сага!»*

*Курт-кумурска, коңуздар,*
*Чыгып келди тактадан.*
*«Урмат жеңген Чиркейге!»*
*Ураалашты кайтадан.*

*Чуркап келип коңуздар,*
*Фонарларын жагышты.*
*Бакылдашып жайдары,*
*Баары жыргап калышты.*

*«Кырк аяктар, келгиле!*
*Салтанатты көргүлө!*
*Чоор, сурнай үйлөйлү,*
*Күү күүлөйлү, бийлейли!»*

*Обончулар жабылды,*
*Добулбастар кагылды.*

*Дом! Бом! Күү күүлөштү,*
*Чымын, чиркей бийлешти.*
*Бүргө менен бүргөлөр,*
*Жуптан болуп иргелер.*
*Мык каккандай жерди как,*
*Мындай үлпөт бир келер.*
*Таңдан-кечке жумуш кылар,*

*Курттар жана кумурскалар,*
*Өтүкчүлөр, өйдөкөчтөр,*
*Көгөөн, кене, көпөлөктөр,*
*Ийнеликтер – тизгин жиптер,*
*Кош мүйүздүү коңуздар,*
*Көпөлөккө жанашып,*
*Көркөм бийлеп добуш сал!*

*Тра-та-та, та-та-та-лар,*
*Тамашалар башталар.*
*Маш күүлөсүн, так бийлесин,*
*Машаа, жаа, башкалар.*
*Үлпөт курду калың журт,*
*Үйлөнүү той, баарың ук!*
*Чиркей баатыр жолукту,*
*Болду Чымын колукту!*

*Зайыбы менен кумурска,*
*Так секирип, бий бийлеп,*
*Коңуздарга көз ымдап,*
*Жагаладанат сөз сүйлөп:*

*«Кагылайын, коңуздар:*
*Качан көрсөм, сонундар!*
*Тара-тара-тара-там,*
*Малкып-чалкып баратам!*

*Так-так этет такалар,*
*Кыйч-кыйч этет өтүктөр.*
*Таң аткыча чиркейлер,*
*Сайрандашат, келип көр!*
*Чымын, чымын чыңылдак,*
*Тойлоп жатты зыңылдап!*

## Киркойбос

*Жуурканым*
*Менден качты,*
*Ак шейшебим,*
*Асманга учту,*
*А жаздыктар бака сымал,*
*Ыргып-ыргып жоголушту.*

*Кармайын деп,*
*Шамга шаштым,*
*А шам мешке –*
*Кире качты.*
*Китептерди алаарымда,*
*Алар кетти секирип,*
*Керебеттин астына,*
*Барып жатты бекинип.*

*Чай ичүүгө самоварга,*
*Чала жетип кездештим.*
*Өрт тийгендей семиз неме,*
*Менден кача бербесин.*

*Бул кандайча?*
*Эмне болду?*
*Эмнеликтен,*
*Бардыгы тең,*
*Тегеренип,*
*Чимирилип,*
*Дөңгөлөнүп жөнөштү?*
*Үтүк кетти,*
*Өтүктөрдүн соңунан.*
*Өтүк түштү,*
*Нан-токочтун жолуна.*
*Чөмүч кетти,*
*Илгичимдин артынан,*
*Ошолордун дартынан –*
*Баары болду баш-ылдый,*
*Чимирилип,*
*Тегеренип,*
*Баары ободо калкыган.*

*Аңгычакты зор бет жуугуч,*
*Энем жаткан бөлмөдөн,*
*Башын чайкап майпалаңдап,*
*Мага тике жөнөгөн:*

*«Эй, какмарым, эй шакмарым!*
*Жуунбаган торопой.*

*Морчудан да капкарасың,*
*Бет жуугучка жолобой.*
*Карап көрчү өзүңдү,*
*Чылпактаган көзүңдү,*
*Мойнуң кычы өтүктай,*
*Мурдуң какмар кара так.*
*Колуң көө, жеңиң кир,*
*Шымың безип баратат.*
*Шым качкан соң болду да,*
*Эмне керек шордуута?!*

*Эрте туруп таңга жуук,*
*Жуунат чие-чычкандар,*
*Мыймылдар да, чыбыйлар,*
*Жөргөмүштөр, коңуздар,*
*Канат серпип учкандар.*
*Бир гана сен жуунбапсың,*
*Какмар бойдон калыпсың.*
*Ала шалбырт жүрүүнү,*
*Адат кылып алыпсың.*
*Качат сендей шакмардан,*
*Байпактар да, башмактар.*

*Бет жуугучтун атасымын,*
*Менин атым Киркойбос.*
*Бет жуугучтун башчысымын,*
*Жышыгычтар мага дос.*

*Эгерде мен жерди тээп,*
*Жоокерлерди чакырсам,*
*Бет жуугучтар дүрбөп келет,*
*Жуугула деп бакырсам.*
*Айкырышат жер тепкилеп,*
*Чайынбасаң урушат.*
*Агын суудан аптыктыра,*
*Баштан ылдый куюшат.*

*Мор баланы капкара,*
*Таза, таза, таптаза,*
*Жышып, сүрүп жатабыз,*
*Күчкө салып башкара.*

*Самын келип бир жактан,*
*Шап кармады ал чачтан.*
*Ачыштырды, көбүрдү,*
*Аары чаккан шекилдүү.*

*Жышыгычтан качтым ай,*
*Таяк менен чапчудай,*
*Саябан, бактуу көчөдөн,*
*Ал кубалап жөнөгөн.*

*Жеттим Таврич багына,*
*Тамдын ары жагына.*
*Ыргысам, ал да атылды,*
*Карышкырдай качырды.*

*Кадырлаган Крокодил,*
*Карп алдыман кездешти.*
*Тотошасын, кокошасын,*
*Ал жетелей келбесни.*
*Жышыгычты таандай,*
*Ал суугуна бербесни.*

*Анан мага даркырап,*
*Баркырап,*
*Буту менен жер тебет,*
*Жер челет:*
*«Азыр жөнө үйүңө!» –*
*дейт мага.*
*«Бетиңди жуу күнүгө!» –*
*дейт мага.*
*«Жуунбасаң курутам!» –*
*дейт мага.*
*«Уйпаладым да бир жутам!» –*
*дейт мага.*

*Анан ошол көчөдөн,*
*Үйгө безип жөнөгөм.*
*Бет жуугучка бардым да,*
*Ак самынды алдым да,*
*Кара такты,*
*Сыя такты,*

*Шили жакты,*
*Жакшы, жакшы –*
*Жышып, сүрүп кызарта,*
*Жышыганды узарта,*
*Жылчыктарды тазарта,*
*Жуундум бейм,*
*Көңүлүмдү, ниетимди агарта.*

*Ошол замат кайра түшүп жолуна,*
*Ыргып келип шымым тийди колума.*

*Ак нан келди ал шымымдын соңунан,*
*«Жегин! – деди, – нан айлансын оозунан!»*

*Белен турду сугунгун деп артынан,*
*Бутерброд – колбасалуу жарты нан.*

*Кайра кайтты китептерим,*
*Дептерлерим үйдөгү.*
*Грамматика чуркап кирди,*
*Арифметика бийледи.*

*Келди ошондо зор бет жуугуч,*
*Кадыр-барктуу Киркойбос.*
*Бет жуугучтар башчысы,*
*Жышыгычка ынак дос.*
*Бийлеп келип өптү да,*
*Мындай деди ал жолдош:*

*«Эми мына, жаным сүйгөн,*
*Жакшы бала болдуң сен.*
*Акырында Киркойбостун,*
*Купулуна толдуң сен!»*

Которгон **Дед Корней**

*Манастаануу*



**Бактыбек МАКСҮТОВ**

# «МАНАС» ЭПОСУНУН ТАГДЫРЫ
## ЖЕ МАНАСТЫ КОРГОП КАЛАР УУЛ БАРБЫ?

### Устаранын мизиндей ойкуп-кайкып турган заманда...

Бирөөгө кылдай жамандыгы жок, ичинде тырмактай арамдыгы жок, үйүнө жылан кирсе ак чачып чыгарып койгон момундугунанбы, айтор, кыргызга кереметтүү Ысык-Көлдү, асты да, үстү да алтын Ала-Тоодой касиеттүү жерди, Нарындай кенен дарыяны, дүйнөдө теңдешсиз «Манастай» эпосту берген экен. Бирок нечен кылымдардан бери жерибизге, суубузга суктанып, көз артып, аны эптеп ээлеп калууну максат кылган баскынчылар нечен кан төгүлгөн казаттарды, кызыл кыргын согуштарды салганын тарыхтан окуп, санжырадан угуп жүрөбүз. Биздин баатыр, намыскөй ата-бабаларыбыз аларга каршы туруп, канын төгүп, жанын берип, ак калпактуу элин, кутман жерин коргоп келишкен экен.

«Кудайды көрбөсөң, акылың менен тааны» дегендей, бүгүн да кереметтүү, бейишке окшош берекелүү асыл жерибизге суук көзүн салып, сугун артып, өздөрүнө менчиктеп калуунун түркүн жолун издеп жүргөн күчтөр бар экенин

---

**МАКСҮТОВ Бактыбек** *КМУнун экономикалык факультетин бүтүргөн.1990–1995-ж.ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экономика, бюджет жана финансы маселелери боюнча комиссиянын секретары, 1995–1996-ж.ж. Кыргыз Республикасынын Контролдоо палатасында инспектор, 1997-жылдан 2000-жылдын июль айына чейин Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору болуп иштеген.*

*«Айкөл Манас баяны» баш болгон 27 китептин, 10 драманын автору.*

*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Коомдук «Манас» академиясынын академиги болуп шайланган.Азыркы учурда «Айкөл Манас баяны» фондунун төрагасы болуп иштейт. Бишкек шаарында жашайт.*

сезбей жатабыз. Алар мурдагыдай кан төгүп, кыргын салып эмес, биз билбей, сезбей турган ыпылас жолдор менен каалаган ой-максаттарына жетишүүгө тымызын аракет кылып жатышат.

Бүгүнкү күндө эл башына түшүп турган убактылуу кыйынчылыктан пайдаланып, элге күйүп-бышып, жонубуздан аяр сылап, калп эле жан тартымыш болуп, ит жеминдей бир аз акча-тыйынга өсүп келе жаткан жаш муундарды азгырып, нечен кылымдардан бери келе жаткан каада-салтыбыздан ажыратып, ыймандуулуктан кол жуудуруп, акырындык менен батынып ооз барып айталгыс бир шумдукка туш кыла турган чет элдик айрым бир күчтөрдүн билгизбей-сездирбей жасап жаткан аракеттерин туйбай жатабыз.

Алардын жымылдатып жасаган ыплас иштери менен аракетинин натыйжасы бир жылда же он жылда эле көрүнө койбойт. Акырындык менен өзүнө оп тартып жүрүп олтуруп, үстүдөгү кылым ичинде эле бүтүндөй бир уюткулуу журт ажыдаардын алкымына кандай барып калганыбызды сезбей, кийинки урпактар ошондо жер тепкилешип, өкүттө калбасын деген сары санаа ойду айтпай коюуга атуулдук парзыбыз чыдатпады.

Дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу өлкө – СССРди 1990-жылдарга чейин кыйрап калат деп айтуу мындай турсун, түшкө кирбеген нерсе эмес беле!

Бүгүнкү күндө ата-бабалардан нечен кылымдардан бери сакталып келген байлыктарыбызды атасы энчилеп бергендей тытмалап, ач карышкырлардай талашып, бөктөрүп алып, жолго түшүп жатканын көрүп туруп, качанкыга чейин чыдаар экенбиз? Акыры айкөлдүктүн, меймандостуктун, боорукерликтин, момундуктун да чеги болуш керек го!

Эми ал аз келгенсип, ата-бабалардан мураска калган баа жеткис байлыгыбыз «Манас» эпосун ЮНЕСКОдо Кытай Эл Республикасынын атынан катталганы жатыптыр деген суук кабар угулгандан бери улуудан кичүүгө, жаштан карыга чейин кыргыз элинде катуу нааразычылыктар, тынчсыздануулар пайда болууда.

Башканы коюп «Манасты» айт дейт элибизде.

## «Манас» эпосу жөнүндө

Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү Жер урсун!
Төбөсү бийик Көк урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!

Айкөл Манас

Учурда ата-бабалардын кылымдардан кылымдарга мурас болуп келе жаткан маданиятын, адабиятын, үрп-адатын, каада-салтын бузуп, талкалап, келе-

чек муундарга жеткизбей, куржалак калтыруу максатында батыштан, андан ары океандын ары жагынан ар түрдүү жол, түркүн ыкма менен, ачык да, тымызын да аракеттер күндөн күнгө күч алууда.

Ал эми ар кандай ыплас жол менен капилеттен бийликке келип калган ойчабыты начар, элдин келечегине кайдигер караган, ичи көңдөй, элдин байлыгын жеп-ичкенди, алдым-жуттумдун жол-жобосун «мыкты өздөштүргөн» айрым чоңкичине жетекчилер көргөзгөн сыйына, ит жеминдей берген бир аз оокатына кызыгып, алданып, алардын максатынын, арам ойлорунун ашышына шарт түзүүдө.

Кыргыз элинин биримдиги, ынтымагы жөнүндө сөз болгондо, эл ичи толкуп, митингдерге чыкканда гана Манас бабабыз эсибизге түшүп, (калган учурда ойлоп да койбойбуз) эпостон жаттап алган учкул сөздөр оозубуздан куюла баштайт.

«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп кетти кыргыз – деп,
Бөлөк элге кеп кетет» –

деп эпосто айтылгандай элди ынтымакка, биримдикке чакырууда, эл-жерди коргоодо эпостун мааниси өтө зор.

Француздардын мыкты уулдарынын бири Виктор Гюго: «Адамдын улуулугу анын боюнун узундугу менен өлчөнбөгөн сыңары элдин улуулугу анын саны менен өлчөнбөйт. Адамды акыл-сезиминин өнүгүшү, ахлак-адебинин деңгээли менен баалайт» – деген баалуу пикирди айткан экен.

Анын сыңарындай, кыргыз эли сан жагынан азыраак, ээлеген жер аянты деле өзгөчө чоң болбосо да дүйнөлүк маданияттын казынасына ааламда теңдешсиз, океан сымал «Манастай» ченемсиз көлөмдүү эпосту берип, адабияттын өнүгүүсүнө эбегейсиз чоң салым кошуп, улуу элдердин катарынан орун алып олтурат.

«Манас» эпосу кыргыз элинин кылымдардан бери келе жаткан асыл мурасы, баа жеткис байлыгы, маданиятыбыздын туу чокусу. Көлөмү, мазмуну жагынан ааламда теңдешсиз улуу чыгарма.

Ата-бабалардан баа жеткис байлык катары бизге мураска калган «Манас» эпосу дүйнөдө көлөмү, мазмуну, маңызы жагынан теңдешсиз чыгарма экенин баарыбыз эле биле бербейбиз. Ал дүйнөгө атагы чыккан гректердин «Иллиада менен «Одиссеясын» кошкондогудан 20 эсе, индустардын «Махабхаратынан» 2,5 эсе, фарсы тилинде чыккан «Шахнамеден» 5 эсе, карел-фин эпосу «Калеваладан», армян эпосу «Давид Сусанскийден» алда канча көлөмдүү.

Илгери аш-тойлордо, эл көп чогулган жерлерде, айрым учурда эл башына кыйынчылык түшүп турган оор мезгилде, оору-сыктоо каптаганда, малга жут келгенде, бүтүндөй бир улуу журттун, калайык-калктын тагдыры чечиле турган болуп, жоокерлер кандуу казатка аттанарда алардын маанайын көтөрүп, элге-журтка болгон атуулдук сезимин козгоп, «Манасты» айтышчу экен.

1916-жылы болгон улуу үркүндө манасчы Сагымбай Орозбаков Кытайга тентип барган элдин алдында «Манасты» айтып, баштарына иш түшүп, тентип, темселеп жүргөн элге күч-кубат, дем берип, кумарын жазып, алардын эл-жерге болгон кусалыгын таратып, кыйын-кысталыш, айласыз абалда калган элди жашоо үчүн күрөшүүгө үндөгөн экен.

«Манас» эпосунун эң негизги идеясы калайык-калкты ынтымакка, биримдикке чакырат, жаштарды ажал менен өлүмдөн коркпой, нечен кан төгүлгөн

кармаштарды, кызыл кыргын согуштарды баштан кечирип, кылымдардан бери ата-бабалардан мураска калган эл-жерди коргоого, сактоого үндөйт.

Ал эми эпостогу адамдардын, элдердин ортосундагы достук мамиле, махабат темасы, кыргыздын кылымдарды карыткан үрп-адаттары, каада-салттары, улуттук оюндары ж. б. чети оюлбаган эле кенч эмеспи. Ошондуктан, ар бир кыргыздын атуулу эпосту окуп-үйрөнүү менен башкаларга да үйрөтүүгө милдеттүү болуп калганы дурус болоор эле.

Республика боюнча жылына орто мектептерди орточо 70–80 миңдей окуучу бүтөт экен. Алардын баарына эле «Манас» эпосунун маанисин жеткирүү кыйын. Ошол орто мектепти бүтүп жаткан ар бир миң окуучунун бирөөнө, башкача айтканда, жылыга 50 эле окуучунун акыл-сезимине толук жеткирип, жүрөгүнөн түнөк таптыра алсак, чоң утушка ээ болуп, эпосубуз түбөлүк жашап калаар эле.Ошондой эле «Манас» эпосун үйрөнүүнүн, сактоонун, коргоонун, бүткүл дүйнө элине даңазалоонун башка да көптөгөн жолдору бар.

Биз, «Манас» эпосун дүйнөгө таанытууда аракетибизди жасап келдик. Бирок дале болсо ойдогудай иш кылдык деп айта албайбыз жана бир аз аткарылган иштерибиз менен токпейил тартып токтоп калсак, баалуу ата мурасыбыздан айрылып, эртеңки күнү таптакыр эле куржалак калып калчудайбыз.

Дүйнөдө 100дөгөн улут жашаса, кыргыздан башка эч бирөөндө жарым миллион сапты жатка айткан бирөө болгон эмес. Мындай өзгөчөлүктү, кайталанбас талантты, айтып бүткүс кереметтүү касиетти Алла Таала кыргызга гана ыроологон экен. Ондогон кылымдар бою «Манасты» угуп, үйрөнүп, айтып, кыргыз эли өзүн коргоп, сактап, ушул заманга чейин жетип олтурат.

## «Манас» эпосу тарых беттеринде

«Манас» эпосу басма сөздөрдө биринчи жолу 1505-жылдарда жазылып бүткөн «Мажму атут -таворих» (Тарыхтардын жыйнагы, Бишкек, 1996-жыл,45–62-бб. ) китебинде айтылат.

Казактын окумуштуусу Чокон Валиханов (1835–1865) 1856-жылы полковник Хоментовский башчылык кылган орус экспедициясына кошулуп, Ысык-Көлгө келгенде Түп аймагынан белгисиз манасчыдан «Көкөтөй кандын ашын» жазып алган. 1904-жылы Санкт-Петербургдан жарык көргөн «Жунгария очерктери» деген эмгегинде «Манас» эпосу жөнүндө өзүнүн ой-пикирин кеңири баяндаган.

Ал эми Василий Радлов (1837–1918) «Түндүк түрк урууларынын элдик маданиятынын үлгүлөрү» деген китебинин кириш сөзүндө «Манас» эпосуна жогору баа берген. «Манас» эпосунун ааламдагы теңдешсиз күчүнө жипсиз байланган улуту немис, бул улуу окумуштуу кыргыз жергесинде бир нече жолу болуп, азыркыдай илим-билим өнүкпөгөн, жазма техникалары болбогон, ойдогудай котормочу жок заманда 12454 саптан турган «Манастын» үчилтигин бир топ түйшүк тартып жазып алган. 1885-жылы Санкт-Петербургда кыргыз тилинде, Германиянын Лейпциг шаарында немис тилинде чыгарган.

«Манас» эпосун жыйноо, изилдөө, басмадан чыгаруу, калайыктын калың катмарына жеткирүү 20-кылымдын 20-жылдарынан кийин гана колго алына

баштаган. Эпосту алгачкы жазуу иштери К. Мифтаков тарабынан 1922-жылы башталган. 1926-жылы Ы.Абдыракманов талыбаган эмгек, бир топ мээнет менен залкар манасчы С.Орозбаковдон эпостун 1-бөлүгүн толугу менен жазып алган. Анын көлөмү 180378 ыр сабынан турган.

1925-жылы «Семетейдин» үзүндүсү Москвадан араб тамгасы менен китеп болуп чыгат.

Ал эми 30-жылдардын ичинде Саякбай Каралаев, Тоголок Молдо, Багыш Сазанов, Шапак Ырысмендеев, Жаңыбай Кожеков, Акмат Ырысмендеев, Актан Тыныбеков ж. б манасчылардан манастын варианттары жазылып алынат. Ушуга удаа эле «Манасты» басмадан чыгаруу жана орус тилине которуу иштери колго алына баштайт. Бул ишке белгилүү окумуштуу, профессор Е.Д.Поливанов, атактуу котормочулар: С.Липкин, Л. Пенковский, М. Тарковскийлер тартылат.

1935-жылдын февраль айында республиканын Эл комиссарлар Совети «Манасты» басмадан чыгаруу жөнүндө атайы чечим чыгарат жана бул максатта 80 миң акча каражатын бөлөт.

1938-жылы эпостун негизги бөлүгү болгон «Чоң казат» орус тилине которулат.

Кан күйгөн Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде да «Манасты» жыйноого, бастырууга өзгөчө көңүл бөлүнүп, «Манас» сериялары деген жалпы ат менен эпостун көптөгөн варианттарынын негизинде он бир жолу китепче чыгарылат.

1943-жылдан баштап, С. Каралаевден «Семетей», «Сейтек» жазылып алынат. Ошол мезгилдерде М. Мусулманкулов баш болгон башка манасчылардан «Манастын» варианттары кагаз бетине түшүрүлөт.

1946-жылы эпостун «Чоң казат» бөлүгү орус тилинде «Великий поход» деген ат менен өзүнчө китеп болуп чыгарылат.

1947-жылы кыргыз элинин улуу эпосу «Манастын» 1100 жылдык юбилейин өткөрүү белгиленет. Бул максатта 1945-жылы «Манас» эпосунун юбилейин өткөрүү боюнча республикалык комитет түзүлөт. Бир катар уюштуруу иштери жүргүзүлүп, эпостун 14 тому басмага даярдалып, 4 тому өндүрүшкө берилет. 1948-жылы эпостун С. Липкиндин котормосунда 2-томдугу, Л. Пенковскийдин котормосунда 3-томдугу даяр болот.

1952-жылдын 6–10-июнунда СССР ИАнын Президиумунун демилгеси жана СССР ИАнын Кыргыз филиалы менен СССР ИАнын тил жана адабият бөлүмү жетекчилик кылган беш күнгө созулган, «Манас» эпосун изилдөөгө арналган конференция өтөт.

Конференцияга Кыргызстандын, Москва, Лениграддын жана союздук республикалардын илимий кызматкерлери, жазуучулар, советтик жана партиялык кызматкерлер, коомчулуктун өкүлдөрү, баары 400гө жакын киши катышкан.

Конференция өз чечиминде «Манас» эпосу негизинен элдик экендигин белгилеген. Ошондой эле «Манасты» жыйноодо, изилдөөдө, басмадан чыгарууда, орус тилине которууда айрым кемчиликтерге жол берилгендиги көрсөтүлгөн.

«Манас» эпосун жыйнап, текстин басып чыгарууга даярдоону зарыл деп тапкан.

Бул конференция «Манас» эпосун мындан ары изилдөө, жыйноо, басмадан чыгаруу иштерине кенен жол ачкан.

1954-жылы Тил жана адабият институтунда «Манасты» изилдөө, үйрөнүү, бастыруу максатында атайын сектордун уюштурулушу «Манас» эпосун калайык-калкка жеткирүүгө шарт түзүлдү.

Эпостун бириктирилген кыскача варианты, 1958-жылы «Манастын» 1–2-китеби, 1959-жылы «Семетейдин», 1960-жылы «Сейтектин» басмадан жарык көрүшү кыргыз маданиятында урунттуу окуялардын бири болуп калды.

Эпостун үзүндүлөрү орус тилинде өзүнчө китеп болуп, эки жолу жарык көргөн.

С. Орозбаковдун варианты боюнча 1978–1981-ж. ж. «Манас» эпосунун 4 китеби, С. Каралаевдин варианты боюнча «Манастын» 1-китеби 1984-жылы, 2-китеби 1986-жылы, «Семетейдин» 1-китеби 1987-жылы, 2-китеби 1989-жылы, «Сейтек» китеби 1991-жылы жарык көргөн.

1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы дүйнөлүк масштабда өткөрүлүп, планетанын төрт тарабынан өкүлдөр келип катышты. Ондогон жылдар бою козголуп, бирок ар кыл себептер менен турмушка ашпай келе жаткан калайык калктын ой-санаасы ишке ашты. Эгемендүүлүктүн шарапаты менен кылымдардан кылым улап келе жаткан асыл мурасыбыздын жылдызы жанды. «Манас» аркылуу кыргыздар дүйнөгө таанылды. Кыргыз аркылуу «Манас» дүйнөнү дүңгүрөтүп, ааламдын чар-тарабын аралады. Эми эпосубузду «энчилеп» алууну көздөп жаткандар ушунчалык угуттуу иштерибизди кантип танат да, эпосуңарды «эркелетесиңер» дейт?

## Манасчылар жана манасты изилдөөчүлөр

Академик В. М. Жирмунский, илимдин докторлору А. Н. Бернштам, А. А. Петросян, М. И. Богдановалар «Манас» эпосуна аябай кызыгышып, анын идеялык-көркөмдүк жагын изилдеп, бир катар баалуу илимий эмгектерди жазышкан.

Казак элинин окумуштуусу, дүйнөгө белгилүү улуу жазуучу Муктар Ауэзов 1928-жылы алгачкы жолу С. Орозбаковдун айтуусундагы «Манас» эпосу менен таанышып, анын сыйкырдуу керемет күчүнө тартыла баштаган. Кийинчерээк кыргыздарга үзбөй катташып, залкар манасчы Саякбай Каралаев менен достошуп, анын өз оозунан далай жолу «Манасын» уккан. Эпосту узак жылдар бою изилдеп, «Манас» – кыргыз элинин баатырдык эпосу» деген көлөмдүү эмгегин жараткан.

1952-жылы «Манас» эпосу боюнча өткөрүлгөн конференцияда Муктар Ауэзов кыргыздын белдүү окумуштуулары, жазуучулары, коомчулук менен бирдикте эпостун маанисин бурмалап, анын келечек тагдырына балта чаба турган айрым ичи тар, көрө албас, журт безер, бузукулардын кара ниет ойлорун таш каптырып, кемчиликтерин ашкерелеп, «Манастын» нукура элдик чыгарма, кыргыз элинин өлбөс-өчпөс, көөнөрбөс мурасы, баа жеткис энциклопедиясы экендигин далилдеп чыгышкан.

«Манас» эпосун илимий жактан изилдөөдө, элибиздин нечен кылымдардан бери келе жаткан улуу мурасын сактоодо, коргоодо, калайык-калкка таратууда академик Болот Юнусалиевдин, акын-жазуучулар Аалы Токомбаев, Кубанычбек Маликов, Түгөлбай Сыдыкбековдун, окумуштуу-тилчилер Тазабек Саман-

чин, Ташым Байжиев, Зыяш Бектенов, Калим Рахматулин, Жапар Шүкүровдордун эмгеги зор болгон.

19–20-кылымдарда жашаган атактуу таланттар жана чоң манасчылар төмөнкүлөр: Келдибек Карбоз уулу (1800–1880), Балык (Бекмурат) Кумар уулу (1799–1887), Музооке (1800–1878), Чоңду (1862–1912), Акылбек (1840), Тыныбек Жапы уулу (1846–1902), Найманбай Балык уулу (1847–1913), Кенжекара Калча уулу (1859–1929), Дыйканбай (1873–1923), Багыш Сазан уулу (1878–1958), Чоюке Өмүр уулу (1880–1925), Тоголок Молдо (1860–1942), Шапак Рысменди уулу (1863–1956), Куйручук (1866–1940), Сагымбай Орозбак уулу (1867–1930), Саякбай Карала уулу (1894–1971), Жаңыбай Кожек уулу (1869–1942), Жакшылык Сарык уулу (1880–1934), Молдобасан Мусулманкул уулу (1883–1961), Мамбет Чокмор уулу (1896–1973), Дуңкана Кочуке уулу (1886–1981), Ыбырайым Абдырахман уулу (1888–1967), Акмат Рысменде уулу (1891–1966), Жусуп Мамай (1918–2009). (С. Байгазиев, Манастаануу, 2000-жыл, 136-б. )

Элибизден жогоруда аты аталгандардан сырткары да биз билген, билбеген ондогон залкар манасчылар чыгышкан жана алар «Манасты» күндөп-түндөп, айлап айтышкан. Ошентип, атадан балага, укумдан-тукумга калып, бир бөксөрүп койбой, өнүп, өсүп, өркүндөп, тоодой тоскоолдуктардын баарын жеңип, бүгүнкү күнгө чейин жетип олтурат. Анан азыркы атак талашкандар «Манас» биздики деп ЮНЕСКОго чейин кантип кайрылышат?

## «Манас» эпосун колдогон улуу инсандар

Албетте, буга чейин «Манас» эпосуна каршылар да, аны колдогондор да болгон. Акыйкаттык менен айта кетүүчү нерсе, кыргыздын улуу инсандары, мезгилинде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин секретары, республиканын Өкмөт башчысы болуп иштешкен Баялы Исакеевдин, Исхак Раззаковдун жана Республиканын партиялык комитетин узак жылдар бою жетектеген Т.Усубалиевдин «Манас» эпосуна байланыштуу баа жеткис эмгектерин айтпай кетүүгө болбойт.

## Б.Исакеевдин акыркы өтүнүчү

Б. Исакеев Кыргызстандын өнөр жайын өнүктүрүүдө, көчмөн элди отурукташтырууда, жер-суу реформасын турмушка ашырууда, элдин маданиятын көтөрүүдө көп уюштуруучулук иштерди жүргүзгөн.

Жазуучу Айткулу Убукеев эскерүүсүндө минтип жазган экен:

«Ал убакта үйүнө китепти көп жыйнап, Баялыдай көп окуган адам аз эле. Кыргыз обкомунун катчысы, Министрлер Кеңешинин төрагасы болуп иштеген жылдары адабият менен көркөм өнөргө көбүрөөк көңүл бурган».

Кыргыз элинин кылымдардан бери келе жаткан баа жеткис мурасы болгон «Манас» эпосун басмадан чыгарууга чоң салым кошкон. Ал иштеп турган учурда, 1935-жылы Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети тарабынан «Манас»

эпосун басма аркылуу жарыкка чыгаруу» жөнүндө токтом кабыл алынган. Бул токтомдо эпостун жарыкка чыгарылышын каржылоого 80 миң сом бөлүү тууралуу айтылат. Мына ошондон баштап «Манасты» жарыкка чыгаруу жана орусчага которуу иштери колго алынат. Москвадан мыкты котормочулар чакыртылып, аларга тиешелүү шарттар түзүлүп берилет. Б. Исакеев Москвага барганда Жазуучулар союзунда болуп, ал жерде катышкан нечен чыгаан таланттар, союзга, дүйнөгө белгилүү адамдардын астында «Манас» эпосу жөнүндө кеңири баяндама жасаган.

Белгилүү жазуучу Ш. Бейшеналиев Б. Исакеев жөнүндөгү макаласында минтип жазат:

«Манасты» изилдеп борбордук басма сөздөргө кыйла макалаларды, «Чоң казатка» баш сөздү жарыялаган редакторлордун бири болгон адабиятчы Е.Мозольков, Б. Исакеевдин улуу чыгармага жан дилинен берилгенин өзү күбө болгон эки учурду элүүнчү жылдардын аягында толкундана эскерген.

1. Б. Исакеев Москвадан өзүнүн (өкмөт башчысынын) вагонунда Е. Мозольковду, «Чоң казаттын» котормочуларын, редакторлорун, сүрөтчүсүн кошо алып, Фрунзеге сапар чеккен 6 сутканын ичинде алардын бүткөргөн жумуштарын таанышуу менен өзү «Манастын» окуясын, мазмунун баштан-аяк келиштире баяндап, созулуңку, айбаттуу мукам обонго салып, айрым эпизоддорду күпүлдөтө айтып, алардын кызыгуусун күчөтүп, кумарын кандырган.

2. 5-сентябрь 1937-жыл. Е. Мозольков Ала-Арча өкүмөттүк резиденцияда эмгектенген маалында Б. Исакееев ага телефон чалып: «Манасты» аягына чыгара иштеп, жарыкка чыгаргыла, ал жеке биз үчүн эмес, эл, жалпы адамзат үчүн керек. Бул менин акыркы өтүнүчүм болуп калуусу мүмкүн. Сизден, өнөктөрүңүздөн өтө суранам. Көрүшпөй калсак аман болгула», – деп коштошкон». (Эркин-Тоо, №138–139, 1996-жылдын 4–10-декабры.)

Үстүндө кара булут айланып, өзүнүн тагдыры татаалданып, кылдын кырында турганын, өмүр бою тапкан-ташыганынан, багына туш келип, маңдайына жазылган эң жогорку бийлигинен ажыраганы турганын көрүп, билип, туюп турса да, жан айласы кылып, өзүн сактоонун, коргоонун камын жегендин ордуна, башка бардык өзгөчө зарыл жумуштарын токтотуп коюп, «Манастын» келечек тагдырына кам көрүп, анын жарык көрүп, элдин, калайык-калктын колуна тийип, бүткүл адамзаттын маданий мурастарынын бирине айланып калышына кам көргөндүгү зор эрдик, айкөлдүк эмеспи!

1937-жылдын август айында «Правда» газетасына «Буржуазиялык улутчулдар» деген макала жарыяланат. Бул макалада Б. Исакеевди, Э. Эсенамановду, А. Аилчиновду буржуазиялык улутчулдар деп атайт.

1937-жылдын 5-сентябрында Б. Исакееев Эл комиссарлар Советинин председателинин кызматынан бошотулуп, 10-сентябрда партиядан чыгарылып, камакка алынат. Э.Эсенаманов бюронун составынан чыгарылып, кызматынан алынат. А.Аилчинов да кызматынан бошотулат.

1937-жылдын 10-сентябрында Кыргызстан КП(б) БКнын бюросунда Б. Исакеевдин персоналдык иши каралат. Ар кандай жалаалардын негизинде улутчул эки жүздүү катары БКнын курамынан жана партиянын катарынан чыгарылат.

1938-жылдын 5-ноябрында Союздун Жогорку Сотунун Аскер коллегиясы тарабынан 1933-жылдан бери улуттук, контрреволюциячыл уюмдун – «Социал-туран партиясынын» жетекчилеринин бири деген жалган жалаа менен айыпта-

лып, «1929-жылдан бери ар кандай анти-советтик улуттук группировкаларда катышкандыгы үчүн» атууга өкүм кылынат. Б.Исакеев 1956-жылы СССР Жогорку Сотунун Аскер коллегиясы тарабынан өлгөндөн кийин акталган.

## И.Раззаков демилгечи болгон конференция

1950-жылдын 7-октябрында Кыргызстан КП(б) БКнын бюросунун заседаниесинде «Манас» эпосун изилдөө боюнча илимий конференция өткөрүү жөнүндө маселе каралат. Борбордук Комитеттин бюросу кыргыз элинин «Манас» эпосун ар тараптан илимий жактан изилдөө жана аны жарыкка чыгарууга даярдыктарды көрүү максатында СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалына 1951-жылдын февраль-март айларында элдик эпосту изилдөө жагындагы, адабияттаануу, тарых илимдери боюнча адистердин катышуусу менен илимий конференция өткөрүүгө уруксат берилет.

Баса белгилеп кетүүчү нерсе, И. Р. Раззаковдун демилгеси менен 1952-жылы Фрунзеде (Бишкек) «Манас» эпосу боюнча илимий сессия өткөзүлөт. Бул сессияга кыргыздын белгилүү окумуштуулары, залкар жазуучулары менен бирге Москва, Ленинград шаарларынан жана башка союздук республикалардан чыгаан окумуштуулар, жазуучулар катышышат.

Конференция өз чечиминде «Манас» эпосу, негизинен, элдик экендигин белгилеген. Ошондой эле «Манасты» жыйноодо, изилдөөдө, басмадан чыгарууда, орус тилине которууда айрым кемчиликтерге жол берилгендиги көрсөтүлгөн.

«Манас» эпосун жыйнап, текстин басып чыгарып, даярдоону зарыл деп тапкан. Бул конференция «Манас» эпосун мындан ары изилдөө, жыйноо, басмадан чыгаруу иштерине кенен жол ачкан.

Көптөгөн талаш-тартыштан кийин, эпостун негизи элдик деген корутундуга келишет. Ошондон баштап «Манастын 1100 жылдыгын» белгилөө боюнча демилге кайрадан көтөрүлөт. Эпостун элдик чыгарма экенин танууга аракет кылган, ага көз караштары тескери, деги эле кыргыз маданиятынын жана адабиятынын өсүп-өнүгүшүн көрө албаган айрым ой-санаасы түзүк эмес адамдардын тилеги түбөлүккө таш кабат. Натыйжада, 1958-жылдан баштап, «Манас» эпосунун кошмо варианты жарык көрө баштайт. Ал эми эпостун «1100 жылдыгын» белгилөө ар кандай себептер менен кийинкиге калтырылат.Акыры калайык-калктын көптөн берки көксөгөн мүдөөсү, ойлогон асыл ойлору орундалып, 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы өткөрүлөт.

## Т. Усубалиев жана «Манас» эпосу жөнүндө

Калыгул олуя белгилүү сурнайчы Орозбак менен замандаш болуп, аны менен жайлоо-кыштоодо өткөрүлгөн чоң аш-тойлордо бирге болгон экен. Ал эми анын уулу Сагымбай Кененсары уулу Усубалы менен бир өрөөндө жашагандыгына байланыштуу Т. Усубалиев бала кезинде мүмкүн Сагымбайдын өзүн көрүп, дүйнөнү дүңгүрөткөн «Манас» эпосунан айрым

үзүндүлөрдү уккан чыгар. Кандай болгон күндө да анын кыргыз элинин кылымдардан кылымдарга сакталып, ооздон оозго өтүп келген «Манас» эпосун урматтап, сыйлап келгени бекеринен эмес.

Т. Усубалиев жаңы курулган аэропортко Манас бабабыздын атын коюуга биринчи болуп демилге көтөргөн. Бул демилгени эң алгачкылардан болуп дүйнөгө белгилүү улуу жазуучу Ч. Айтматов, ошол кездеги Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы Төрөбай Кулатов колдогон. Бул маселе Борбордук Комитеттин бюросунда макулдашылып жана Министрлер Совети тарабынан сунушталып, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунда каралып, бекитилген.

Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын маңдайындагы «Манас» скульптуралык-архитектуралык комплексин түзүүдө да Т.Усубалиевдин тиешелүү салымын айтпай кетүүгө болбойт.

Бул скульптуралык-архитектуралык комплекс 1981-жылы октябрь айында ачылып, басма сөздө бир катар жылуу пикирлер айтылган.

1982-жылы архитектор А. И. Печенкин менен скульптор Т. Садыковго бул эмгектери үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы берилген.

Т. Усубалиев элибиздин сыймыгы болгон «Манас» эпосуна өзгөчө маани берген. Элдин калың катмарына толук тааныштыруу жана китептерин чыгаруу максатында бир катар уюштуруучулук иштерин жүргүзгөн. Бирок айта кете турган өкүнүчтүү нерсе 40–50-жылдардагыдай эле, бул жылдарда да «Манас» эпосунун жарыкка чыгышына бир катар тоскоолдуктар болгон. Панисламдык, улутчулдук идеяны көтөргөн, келечек муундарды тарбиялоодо эбегейсиз зыяндарды алып келе турган зыяндуу чыгарма катары эпосту (өзгөчө Сагымбайдын вариантын) мүмкүн болушунча каралап, КПССтин Борбордук Комитетине чейин айрым журтбезер адамдар тарабынан каттар жөнөтүлгөн. Бир катар талаш-тартыш, кыйынчылыктардан кийин 1978, 1979, 1981 жана 1982-жылдарда эпос Сагымбайдын вариантында 1414 бет, жалпы тиражы 109 миң экземпляр болуп басмадан чыккан. Кийинки жылдарда Саякбайдын варианты 1680 бет, жалпы тиражы 50 миң экземпляр болуп жарык көргөн.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз жер үстүндө канча жашап турса, Б. Исакеев, И. Раззаков, Т.Усубалиев ж.б. аты аталбаган кыргыз элине баа жеткис кызмат кылган улуу инсандардай мыкты уулдар төрөлүп турса, «Манас» кылымдардан кылымдарга жашай бермекчи.

## Кароол-Дөбөдөгү «катылган алтын» жөнүндө

2007-жылдын июль айында Кароол-Дөбөдөгү катылган алтын жөнүндө эл катуу дүрбөлөңгө түшүшкөн эле. Анткени айрым билермандардын айтуусу боюнча ал дөбөнүн алдында 4000 тонна алтын 1,0 тоннага жакын бриллиант, баалуу таштар бар экен. Алардын эсептөөсү боюнча алтындын баасы 86 миллиард доллар, бриллианттын баасы кеминде 400 миллиард доллар болот имиш.

Кароол-Дөбөгө 4000 т. алтын эмес, 4000 т. эгин куюлган экен деп, илим-билимден алыс, кат-сабаты жоюлбаган, улгайып калган кары адамга айтсаңыз да

ишенмек эмес. Анткени ал кары адам 4000 т. эгинди өстүрүү үчүн жүздөгөн гектар жерди сугарып, аны айдап, жай бою багып, күзүндө ошончо жердин эгинин оруп-жыюу оңой эмес экендигин, башкасын билбесе да техника жок, көчмөн замандагы дыйкандын түйшүгүн жакшы билери бышык эле.

Баарынан да Кароол-Дөбөнүн ичинде туурасы 90 м., узуну 300 м. болгон бүткүл дүйнөлүк археологиялык мурас, уникалдуу курулуш бар экен деп дүң салышканы кызык. Арасында окумуштуусу, тарыхчысы, саясатчысы ж.б. «билерман мыктылары» жүрүп, мындай зор имаратты мындан эң кеми 1000 жыл мурда жашаган, көчмөн турмуш менен өмүр өткөргөн калк кантип курушту экен деп ой жүгүрткөнгө акылдары жетпегени кимдин ким экенин, алардын ой-чабытынын деңгээлин айгинелеп жаткан жокпу?!

Четтен келген айрым шылуун адамдарга кошулуп, алардын сөзүн сүйлөп, алтын дегенде акыл-эстен адашып, бүткүл улуттук ар-намысын, уят-сыйытын жоготуп, Манас атабыздын арбагын бетине кармап, кыргыз элинин келечеги үчүн алтын казып, мамлекетти байытып, элди алтынга тундурам деп чуркап жүргөн шылуундардын бүгүн кыргыздын боор этинен, каны-жанынан пайда болгон «Манас» эпосунун талашка түшүп турган учурунда бир ооз сөзгө келишпей, талкан сугунуп алышкансып, дудук болуп олтурушу мындан да өкүнүчтүү.

## «Манасты» сактап калар уул барбы?

Бир даанышман: «Улуу элдин улуулугу, кичине нерсесин башкаларга зор кылып көрсөтө алганында. Кичине улуттун шору, өзүнүн улуу дөөлөттөрүн, бай мурастарын баалап, барктап, башкаларга өз деңгээлинде жеткире албаганында» – деген экен.

Бирок ошол дүйнөдө теңдешсиз бай мурасыбызды айрым жан бакты, курсагы тойсо эле компоюп, өзүнө корстон болуп басып жүргөн айрым улуттук ар-намысы, кымындай да мекенчил сезими жок адамдардын кесепетинен бүгүн колундагы майлуу токочту маңдайында турган күчүккө жулдуруп жиберип, ыйлай албай-күлө албай, же ата-энесине арыздана албай калган 2–3 жашар баланын кейпин кийгенсип турабыз.

Болбосо, кыргыз жерин жат душмандардан сактап калган, кыргыз элинин бүгүн эл болуп, журт болуп, эгемендүү мамлекет болуп калуусуна канын төгүп, жанын берген Манасыбызды талашка түшүрбөй сактап кала турган уул барбы?!

Кереметтүү Ысык-Көлүбүзгө, абасы, суусу, табияты таза жерибизге, кен жана суу байлыктарына, «Манас» эпосу баш болгон руханий дөөлөттөрүбүзгө көздөрүн артып, канткенде ээлеп калуунун түркүн жолдорун, айла амалдарды ойлоп жаткан айрым өлкөлөрдүн баскынчылык саясатына убагында тоскоол болбосок, көр оокат, жаман курсактын дартын ойлоп жүрө берсек, эртең кеч болуп калаарын өлкөбүздү башкаргандар, кыргыздын ар бир атуулу акыл-эстүүлүк менен туура түшүнүүгө милдеттүүбүз.

Бир топ мезгилден кийин, замандын оош-кыйышынан тилин унуткан, дилинен ажыраган, дини менен эчак коштошкон, ыймансыздыкка бет алган, бар-

дык каада-салтынан кол жууган, рух-дөөлөтүн жоготкон, жалпы баары «манкурттукка» айланган, бизге канаатташ жашаган, бир боордош элди (улуттук бардык касиетинен ажыраган элди улут деп айтууга эч мүмкүн эмес) көз алдыңызга келтирип көрүңүзчү! Кандай гана аянычтуу. Ылайым ошол эл кыргыз болбосо экен!

Мезгил өтөт, жашоо улана берет, ач курсак тоюнат, жыртык бүтөлөт. А тилди өнүктүрүп-өстүрүү, улуттун уңгусун улантуу, «Манас» баш болгон баа жеткис байлыктарыбызды, ата-бабаларыбыздан мураска калган улуттук дөөлөттөрүбүздү, рухий мурастарыбызды, кылымдардан бери келе жаткан үрп-адатыбызды, каада -салттарыбызды сактап калуу, ыймандуулукка жетишүү – бул узак убакытты, зор мээнетти, кажыбаган кайратты, чоң жоопкерчиликти талап кыла турган өтө кыйын нерсе.

Ошондуктан, кыргыздын ар бир атуулу убакытты уттурбай, кайдыгерликке алдырбай, атуулдук ар-намысты жогору коюп, кыргыз элинин келечеги үчүн бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, ары сыймыктуу, ары жоопкерчиликтүү милдетти моюнга илип, мүмкүнчүлүгүбүзгө, колубуздан келишинче аракеттенүүбүз зарыл болуп турат. Сен күйбөсөң, ал күйбөсө, биз күйбөсөк кыргызга, бирөө келип күймөк турсун, саламга келбеси алаканга салгандай айдан ачык нерсе.

Расмий айтылгандай 2200 жылдык тарыхы бар, нечен миңдеген адамдардын башын жуткан кандуу кармаштарды, кызыл-кыргын согуштарды баштарынан өткөргөн, ата-бабасы ат жалында төрөлүп, ат жалында жашоо кечирген кыргыз эли тар жол, тайгак кечүүлөрдүн далайынан өтүп, дагы нечен ондогон кылым өтсө да, аты сакталып, эгемендүүлүгүн жоготпой, жашоо үчүн күрөшө берээрине, дүйнөлүк маданияттын казынасына берген «Манас» эпосун коргоп, колдоп аларына эч күмөн саноого болбойт. Өкүнүчтүүсү, андай намыстуу ишке башын канжыгага байлап коюп ураан салып чыккан чыгаандар жокко эсе болууда...

*Иликтөө*



**Рахат**
**МАКЕЕВА**

# ЖОГОЛУП БАРАТКАН ЖАНРЛАР

## кошок, жоктоо, эскерүү, арман...

Кыргыз элдик адабиятында, анын уюткулуу, салттуу түп башатын түзгөн ырчы-акындардын чыгармачылыгында кошок жана жоктоо ырларынын байыртадан орчундуу орду бар. Алардын ортосунда айрым окшоштуктар менен бирге айырмачылыктар да бар экени талашсыз. Аларды талдап алуу заман зарылдыгы болуп турат. Анткени ал элдик өзөктүү чыгармачылык барган сайын калып бараткандай. Ушундай кол учунан мамиле улана берсе элдик салттуу жанрларды урпактарыбыздын унутуп коёру, алардын жок болуп кетери шексиз. Бул, кыргыз элинин акындык, төкмөлүк өнөрү эл аралык ЮНЕСКО уюму тарабынан дүйнөлүк рухий, маданий дөөлөттөрдүн катарына киргизилип, коргоого алынып, кам көрүлүп жаткан учурда эч кечиримсиз.

Дүйнө элдери арасында сейрек кездеше турган кошоктор басымдуу түрдө аялзаты тарабынан өлүк узатууда аткарыла турган каада ыры болсо, жоктоо – каза болгон адамды эстеп, бир нече убакыт өткөн соң да, көбүнчө эркек адамдар тарабынан ырдала турган ыр. Кыргыз калкында кошокторду кыз-келиндер, аялдар салттуу түрдө аткарганы менен мыкты кошокторду жаратуу чоң ырчылардын гана колунан келген: «Өлгөндү кошуу чоң жана мактоолуу иш, намыс болгон. Чоң ыр-

**МАКЕЕВА Рахат Аскаровна** – *1986-жылы Чүй облусунун Кемин районунун Кемин шаарчасында туулган. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филология факультетин 2008-жылы аяктап, ошол эле жылы Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын аспирантура бөлүмүнө тапшырып, учурда 2-курсунун аспиранты.*

чыларды үйүндө багып жатып зайып, кыз-келиндерге кошок үйрөттүргөн»[1]. Өзгөчө эл башкарган мыктылар жана баатырлар дүйнөдөн өткөндө, ырчылар кошокту кадыресе лирикалык ырлардан чыгарып, лиро-эпикалык деңгээлге чейин көтөрүшкөн. Буга Жантайга, Шабдан баатырга, Байтик баатырга, Алымбек даткага арналган кошоктор жакшы мисал.

**Кошоктор** – кыз узаткандагы жана өлүк көмүүдөгү болуп бөлүнөрү белгилүү. Акындар поэзиясында экинчи түрү өнүккөн. Айрыкча, айтылуу акын Тоголок Молдо бул жанрды жаңы деңгээлге чыгарган десе да болот. Башкача айтканда, ал, кошокторду салт ырынын чегинен чыгарып, өзүнчө жанр катары жазма адабиятка алып келген. Анын «Калы мергендин аялынын кошогу», «Дыйкандын аялынын кошогу», «Устанын аялынын кошогу» сыяктуу белгилүү кошокторунда салттуу түрдө маркумга болгон кайгы гана чагылбастан, кыргыз элинин социалдык турмушунун терең катмарлары да сүрөттөлөт.

Акындар чыгармачылыгындагы кошокторго караганда жоктоо жана анын кийинки мезгилде пайда болгон түрү (себеби ал элдик оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү эмес) эскерүүлөр олуттуу орун ээлейт. Окумуштууларыбыз жоктоо ырлары тууралуу кеңири эле маалымат берип келишкен. Бирок ырчылар арасында салттуу көрүнүшкө айланган эскерүүлөр жөнүндө алгачкылардан болуп адабиятчы А.Обозканов сөз козгогон десек чекилик болбос.

Жоктоо менен эскерүү мазмуну жагынан окшош болгону менен өзөзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ экендигин А.Обозканов ишенимдүү аныктай алган: «Эскерүү – ылайыгы келген жерде эле айтыла берсе, жоктоо – күйүттүү өксүк менен коштолуп, ошол шайырды жакшы жана жакындан билген ырчы тарабынан өткөн-кеткендеринин баары козголуп кошок түрүндө ырдалат. ... жоктоодон сөзгө алынган эл шайырынын о дүйнө кеткенин (эскерүүдө анысы айтылбайт) билесиң»[2].

Ошентип, жоктоо менен эскерүүнүн негизги айырмачылыгы бул – жоктоодо адамдын көзү өтүп кеткендиги берилет, демек, психологиялык эмоция (күйүт, өксүк, кайгы) сөзсүз катышат, ал эми эскерүүдө өлүм эмес, ошол адамдын кылган оң-терс иштери, артыкчылыгы, сиңирген эмгеги негизги объект болгондуктан, кайгы мотиви жокко эсе болот:

*Эсенаман эски ырчы,*
*Элге жаккан кески ырчы.*
*Жомоктун болчу молдосу,*
*Айтыштын болчу жоргосу.*

---

[1] Каада-салттар. Ак баталар. «Эл адабияты» сериясы, 29-том. – Б., 2003.
[2] *Обозканов А*. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Б., 2006.

*Нуска сөзү нар эле,*
*Айтканымдай бар эле.*
*Кызыл тили курч эле,*
*Ырчылардын мурчу эле.*
*Оң, сол кыргыз чогулса,*
*Какшап бир ырдап турчу эле*[1].
(*Арстанбек*)

*Өзү менен бирге өскөн,*
*Өнөрү болгон, Токтогул.*
*Токойдогу булбулдун,*
*Тилин билген, Токтогул.*
*Токсон кайрып комузун,*
*Күүнү билген, Токтогул.*
*Обону менен эң сонун,*
*Үн чыгарган, Токтогул.*
*Көпчүлүккө сүйкүмдүү,*
*Ыр чыгарган, Токтогул*[2].
(*Барпы*)

Жоктоодо, тескерисинче:

*Чечени эле кыргыздын,*
*Намыс үчүн тырмыштың.*
*Ким болсо да тартынбай,*
*Бетин ачтың кылмыштын.*
*Таңдайың таңшып сүйлөгөн*
*Таңданып элиң дүрбөгөн*
*Учур болуп өлүмдүн*
*Өтүп кеттиң дүйнөдөн.*
*Сөзүң калды калкында*
*Ак калпак кыргыз жалпыңда*
*Улантабыз тарыхка,*
*Нуска кылып артыңды*[3] .
(*А.Чоробаевдин Куйручукту жоктогону*)

А.Обозканов ошол эмгегинде акындар чыгармачылыгында жоктоолорго караганда эскерүүлөр көп кездешкенин жана алардын ичинен Ысмайыл Борончиевдин Алымкул Үсөнбаевге көзү өткөндө кошуп ыр-

[1] *Кебекова Б*. Арстанбек. – Б., 1994.
[2] *Барпы*. Түзгөн: Апилов Б. – Б., 1995.
[3] Кыргыз адабиятынын очерктери. – Ф., 1943.

даган жоктоосунун энциклопедиялык мүнөзгө ээ экенин жана классикалык деңгээлге жете алганын таасын белгилеген. Чынында, форма жактан Ысмайылдан «Кош, Алымкул» аттуу жоктоосу нукура элдик оозеки чыгармачылыгына жаткандыгына карабастан (аллитерация, рефрен), ички мазмуну боюнча жаңылык киргизе алган. Мындан башка, Ысмайылдын Рай Тойбаевге арналган жоктоо ыры жана Т.Шабданбаевге, Ж.Кочкоровго арналган кошокторду белгилүү.

Акындар поэзиясында кеңири тараган дагы бир жанрдын бири – **арман**. Ал өтө жандуу жана өзүнүн жаралыш мезгилин чагылдырууга жөндөмдүү. Себеби ал, биринчиден, коом менен бирге өзгөрүп келген. Экинчиден, ал коомдун социалдык жактарын ачууга мүмкүнчүлүк түзөт. Эгерде кыргыз элинин патриархалдык-феодалдык коомунда жаралган «Насыяга берген кыздын арманы», «Чалга берген кыздын арманы», «Жаш балага берген кыздын арманы» сыяктуу ырлар аялдардын укуктарынын тебеленгендигин, салт-жөрөлгөлөрдүн айрым терс жактарын көрсөтсө, «Жокчулук» тематикасындагы жана сүйүү жанрынын күйгөн ырлары социалдык теңсиздикти ачып берген.

Совет доорунун алгачкы жылдарында жана «Жокчулук» сыяктуу социалдык ырлар актуалдуу болгон, себеби ошол мезгилдеги негизги маселе – таптык күрөш жүргүзүүдө булар зор роль ойногон.

*Байдын көзүн каратып,*
*Пайдаң тийбейт, жокчулук.*
*Байбичеси кекетип,*
*Айран тийбейт, жокчулук.*
(*Эшмамбет*)

*Көндүрдүң го, жокчулук.*
*Ар шумдукка жашымдан,*
*Өрдүрдүң го, жокчулук.*
*Куюшкан, жүгөн камчыны,*
(*Калык*)

Мазмундук жактан кеңири тараган «Карылык» темасы да арман жанрына кирет. Бул ырды формасы жагынан М.Мукасов санат-насыят ырларына окшоштурган[1].

Чынында санат ырларда жакшы-жаман, ак-кара бири-бирине карама-каршы коюлган сыяктуу, карылык ырларында да жаштык менен карылыкты салыштырууда колдонулган негизги ыкма ушу:

*Кыл мурутум жок чакта,*
*Кылтылдаган шок чакта,*

[1] Кыргыз адабиятыны тарыхы. 1-том. – Б., 2004.

*Байры-байры жаш чакта,*
*Токтоло элек мас чакта.*
*Тотусу элем токойдун,*
*Оттуусу элем бозойдун.*
*Күлгүнү элем торконун,*
*Күлүгү элем жоргонун.*
*Эми күлүк чобур ат болду,*
*Күкүк үнүм жат болду.*
*Отум өчүп жок болду,*
*Торгой тозуп боз болду,*
*Торко тозуп бөз болду.*
(*Арстанбек*)

*Кер мурутум барында,*
*Керилген жапжаш чагымда.*
*Кер жорго элем жулкунган,*
*Кекилик элем кулпунган.*
............................................
*Кер жорго калды басынып,*
*Кекилик үнүм басылып.*
(*Осмонкул*)

*Өрчүп салган жорго элем,*
*Өксүбөйм деген ойдо элем.*
*Баштагыдай боло албай,*
*Танып кетип баратат.*
(*Ысмайыл*)

Көрүнүп тургандай, элдик оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү туруктуу эпитеттер (күкүк, тоту, кекилик, торгой, жорго), формулалар (кыл муруттуу жаш, кер муруттуу чак) жана параллелизмдер чебердик менен ырдын идеялык ажарын ачып берген. Мындай көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу белгилүү ойду бир сөз менен эле так, даана жана образдуу берүүгө жардам берген. Мисалы, «күкүк», «кекилик» сыяктуу туруктуу сөздөр ашкан акындык талантты билдирсе, «жорго», «күлүк» сөздөрү акындык жактан да, адамдык жөндөмдүүлүгүнөн да алдына эч кимди чыгарбаган сапат, куракты берип жатат.

Албетте, акындарга орток белгилер менен бирге, ар бир акынга мүнөздүү стили, өзгөчөлүгү байкалбай койбойт. Мисалы, Жеңижок менен Токтогул карылык тууралуу ырларында (Жеңижокто «Балалык», Токтогулда «Балалык», «Күлгүн жаш өтүп эскирет», «Карылык», «Өмүр») жогоруда айтылган башкы карама-каршы коюу принципти сак-

тоо менен (Токтогулдун «Балалык» ырын алып жатабыз) негизги идеяны ар башка ракурста беришет. (Токтогул 1 жаштан 80 жашка чейин, Жеңижок 1 жаштан 100 жашка чейин.) Ал эми өзгөчөлүгү – Токтогулда лирикалык чегинүүлөр көп кездешсе (жашынан кордук көргөнү, Сибирге айдалганы, баласынан ажыраганы), Жеңижок өзүнө таандык болгон кайталангыс философиялык маңыз киргизет: тагыраак айтканда, ал башка акындарга окшоп «акыры келип адам өлөт экен да, эмне кыла алмакпыз?» сыяктуу мораль-сентенция чыгарып тим болбостон, ырында азыркы күндө да илимдин ар түрдүү тармактарында (медицина, биохимия, философия, экстрасенсорика) кызуу талкууларды, талаш-тартыш, гипотезаларды туудурган «өлгөндөн кийин адам эмне болот?» деген түбөлүктүү проблемалык суроо коюп, ошонун тегерегинде кайта өзү ой жүгүртүүгө далалаттанат:

*Карып кетет кайран жан,*
*Карaанын деги көрсөтпөй,*
*Каякка кетет зирек жан?*
*Эскирип кетет ээсиз жан,*
*Элесин деги көрсөтпөй,*
*Эсиңе түшөт зирек жан.*
*Ааламда жайы белгисиз,*
*Акылың деги жеткисиз,*
*Эрип кетет турбайбы!*
*Кабары деги белгисиз,*
*Кармап кууп жеткисиз,*
*Житип кетет турбайбы!*[1]

Чыгармачылыгы совет дооруна туш келген бир нече акындардын катарында турган Осмонкулдун ырындагы оптимисттик маанайдын орун алышы көп ынандыра бербейт, себеби ошол эле учурда ага карама-каршы ой берилет:

*Кадырлуу заман барында,*
*Кары да болсом жаштаймын.*
*Журтум күлөп отурса,*
*Жол жоргомду жазбаймын.*
*Жыргалдуу заман барында,*
*Алтымыш жашка барсам да,*
*Жыйырма бешке сатпаймын.*
.............................................
*Эми оюма түштү өткөн жаш,*
*Ойлонсом көздөн агат жаш.*

---

[1] *Жеңижок*. Түзгөн: Жусупбеков А. – Ф., 1982. 19-б.

*Оодарылып келеби*
*Ордунан узап кеткен жаш?*

*Ойрон болгон куу өмүр,*
*Ушунчалык эмне аз?*
*Касиеттүү жаштыкты,*
*Эмне, карыбай турган кылбадың?*[1]

Мындай жасалмалуулук «кадырлуу замандын» эстетикасына байланыштуу болгон. Ушундан улам белгилүү сынчы К.Асаналиевдин «төрт адам» тууралуу (автору М.Байжиев) айтканы эске түшөт: «Бул драмадагы радиацияга учурап, аскердик кызматтан эрте кайткан Азиз жөнүндө сөз болот. Анын жашоосу алдын-ала чечилип калган. ...Бет маңдайдан келаткан башка бир кемедеги адамдарды радиациядан сактап, өзү ушундай тагдырга учураган. Эми ушул жапжаш жигит өзүнүн өлөрүн билет, бирок ал жөнүндө ойлонуп да койбойт, кайгырбайт, өз өмүрүнө ыраазы. ... Анткени ал – советтик мораль, советтик нрава, адеп-ахлак менен жашайт. Драма канчалык таланттуу иштелип чыкпасын, баары бир өзүнүн чечилишинде нормативдүү эстетиканын көрсөтмөлөрүнөн чыга албаганы көрүнбөй койбойт... Адам канчалык эр болбосун, ....баары бир ал адам болгондон кийин, мөөнөтүнөн мурда өтүп бараткан өмүрү үчүн өкүнбөй коймок эмес»[2].

## Ысмайыл ырчынын өзгөчөлүгү

Ысмайыл Борончиев акындар чыгармачылыгындагы белгилүү болгон салттуу жанрларды жөн гана уланткан эмес, аларды жаңы деңгээлге көтөргөн. Ысмайыл Борончиев кошок, жоктоо, эскерүү жанрларында кеңири иштеген акын болгон. Анын А.Үсөнбаев, Т.Шабданбаев, Р.Тойбаев, Ж.Кочкоровдун көзү өтүп кеткендеги кошок, жоктоолору белгилүү. Булардын ичинен Алымкул Үсөнбаевге арналган «Кош, Алымкул!» аттуу чыгармасы өзгөчөлөнүп турат.

Ысмайылдын ушул сыяктуу чыгармасынын жанрдык табияты тууралуу ар түрдүү ой-пикирлер айтылып жүрдү. Алсак, окумуштуулар Т.Танаев[3] жана А.Обозканов[4] аны жоктоо деп атаса, Н.Байтемиров[5] поэма деп алат да, ал эми Б.Сексенбаев[6] анын кошок деп аталып жүргөнүнө каршы чыгып, санат ырга киргизүүнү сунуштайт.

[1] *Осмонкул*. Тандалган чыгармалар. –Ф., 1973. 352–354-бб.
[2] *Асаналиев К., Кыдырбаева Р*. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Б., 2004.
[3] *Танаев Т*. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар. – Ош,1998.
[4] *Обозканов А*. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты.–Б., 2006.
[5] *Байтемиров Н*. Ойканадагы ой //Советтик Кыргызстан 1980, 28-декабрь.
[6] *Сексенбаев Б*. Төкмө ырчы Ы.Борончиев. Китепте: Мекеним. –Ф., 1980.

Чыгармада туруктуу сюжеттүүлүк, каармандардын карым-катышы, кыймыл-аракети жана башка ушул сыяктуу поэмага тиешелүү белгилер орун албайт. Б.Сексенбаев «Кош, Алымкулду!» санатка кошкондугун автордун дүйнөгө көз карашы, түшүнүгү чагылып, алардын «философиялык терең ойго, мазмунга жетелегендиги» менен аргументтештирет. Бирок ырда негизги идея адамдын өмүрү-өлүмү тууралуу сентенция чыгаруу эмес, акындын өлүм жөнүндө ой жүгүртүүсү чыгармага философиялык маанай берип, негизги идеяны – залкар, улуу инсандардын жасаган иштерин, кыргыз адабиятына, маданиятына кошкон салымын, тарыхта алган ордун берүүдө көмөкчү композициялык элемент жана аны башка жоктоолордон айырмалап турган белгиси болуп саналат. Анын үстүнө, башка жагынан албаганда эле санат ырлардын лейтмотиви түбөлүктүү темаларда ой-жүгүртүү эмес.

**Санат ырлар** – моралдык философиянын адабий формасы. Мисалы, Жеңижоктун арман, табият жана башка жанрлардагы чыгармаларында философиялык маанайдын катышып турушу – анын стилдик өзгөчөлүгү, бирок мындан жогорку жанрларды санатка киргизүү керек деген жыйынтык келип чыкпайт.

Чыгарманын эмоционалдык маанайына карап, аны жоктоо жанрына киргизсе болот. Себеби жоктоого калганда кошоктун эмоционалдык чыңалышы күчтүүрөөк келет жана анда адамдын көз жумгандыгы тууралуу ой башкы орунга чыгат. Ал эми Ысмайылдын ыры салыштырмалуу бир калыпта, жай баяндоо менен жүрүп отурат жана андагы айрым эмоционалдуулук (адамдын тубөлүктүү эместиги, адамдын кайта кайрылып келбестиги ж.б.) автордун лирикалык ой-толгоосу болуп эсептелет. Ал жоктоодон өзүнчө бөлүнүп турбастан, композициялык жактан мазмунду толуктап, бир бүтүндүктү түзөт:

*Кош, Алымкул, дүйнөдө,*
*Өлүм деген бар экен.*
*Аласасы келгенде*
*Абыдан алды тар экен…*
..........................................
*Туулуп өскөн жер калды,*
*Туугандар калды, эл калды.*
*Кучакташып тең өскөн,*
*Курбу-курдаш тең калды.*
*Асмандан тийген ай калды,*
*Агын суу, дайра, сай калды.*
*Ажалдын огу ушундай,*
*Алаксытууга шай барбы?*

Ал эми акындын төмөнкү саптары адамдын жарыкка келишин жазда келген куштар менен салыштырып, жалпы чыгармага философиялык маанай берип турат:

*Келгиндер келет жазында,*
*Кээ бирөө бактын башында.*
*Топурак ысып, гүл жайнайт,*
*Толгон-токой куш сайрайт.*
*Биз да ошондой дүйнөнүн*
*Келгиндери экенбиз*
*Келип биз, бир күн кетээрбиз.*

Акындар чыгармачылыгындагы жоктоолордун өзгөчөлүгү Ысмайылдын чыгармасынын жанрдык табиятындагы өзгөчөлүгүндө гана эмес, ал, ошондой эле ички мазмунунда. Ысмайыл 60тан ашык кыргыз элинин искусство адамдарын, атактуу жана белгисиз калган залкар инсандарды жөн гана кошпойт, ал белгилүү жоктоолордон айырмаланып, өтүп кеткен адамдардын кадыресе кадыр-баркын, адамдык жана чыгармачылык сапаттарын узун сабак кылып отурбастан, бир эле чыгармада кыргыз элинин маданиятына бүтүндөй обзор кылат, ар бир инсандын ордун аныктайт, ал тургай кыскача биографиялык сапарын да кошуп кетет:

*Сурамжылап көп уктук,*
*Сурнайчы деп уктук.*
*Дөнөбай менен Турапты,*
*Дөгүрсүгөн ал кезде,*
*Манаптар билген убакты*
*Казына болмок кыргызга*
*Казыр уксак күүлөрүн*
*Кагазга чийген киши жок.*
...................................................
*Жеңижок деген бир ырчы,*
*Жетим калып Таластан*
*Жек-жаааты жок карашкан.*
*Аксыга барып чоңоюп*
*Ала деген оорудан*
*Араңдан зорго оңолуп…*
*Таластын аяк жагынан*
*Таланттуу ырчы абыдан*
*Жеңижок менен беттешип*
*Жети уруу сол тааныган.*

.................................................
*Ырчы жеңе Ырыскүл*
*Алыска даңкы чыкпаган,*
*Аялга теңдик жогунан*
*Арбын иш келбей колунан*
*Айланып үйгө ыктаган.*
*Кудай берген айрыкча*
*Кубултуп черткен комузду.*
*Жактырбай жаман көрчү экен*
*Бай-манап эски болушту.*
*Андыктан элге батпаган*
*Эшигиңди ачпа – деп,*
*Эки жакка баспа – деп,*
*Үстүртөн бийлеп манаптар*
*Үй түрмө кылып таштаган…*

Чыгарма Чөжө, Нурмолдо акындардан тартып, Ж. Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, А.Осмонов жашаган доорго чейин мезгилди кучагына алат. Дагы бир белги – чыгарманын жыйынтыкка ээ болушу:

*Сыймыктанабыз алардын,*
*Сыр дайрадай даңкына.*
*Кыргыз элин дүйнөгө*
*Кыйкырып өткөн каркыра.*
*Ошолордой сизди да*
*Жүрөккө дайым сактайбыз,*
*Алымкул деген атыңды*
*Ааламга айтып даңктайбыз.*

Жоктоонун айрым-айрым темалардан турушу (ар бир инсандын таржымалы) жана шарттуу түрдө башталуу менен жыйынтыкка ээ болушу аны лиро-эпиканын спецификасына жакындаштырат. Окумуштуу Т.Танаев «Кош, Алымкулду» жоктоонун жаңы формасы деп атаса, А.Обозканов түз эле классикалык үлгү деген баа берет. Бирок эки окумуштуунун бир ооздон айтканы – бул жоктоонун энциклопедиялык мүнөздө экендиги.

Ы.Борончиев кара сөздүн да чебери болгон. Анын акындар айтышына киргизген бир жаңылыгы – **жөө айтыш**. Азырынча бул жанрдын бизге белгилүүлөрү көп эмес. Акын бул түрдү андан ары өнүктүргөн эмес же бизге жетпегендери да жашаган. Кантсе да, Ысмайылдын жөө айытышынан атактуу Токтонаалы менен айтышы белгилүү жана ушул эле жанрга биздин оюбузча, кыргыз элинин залкар комузчуларынын бири – Ш.Шеркулов менен айтышын киргизсе болот. Эмнеге акын эмес,

комузчу? Себеби жөө айтышынын артыкчылыгы – анын кара сөз түрүндө болгондугу. Анда акындардын гана колунан келе турган ыр жамакташтыруу эмес, чечендик өнөр биринчиликке чыгат. Албетте, мында да кадимки акындар айтышына тиешелүү болгон ойдун логикалуулугу жана оперативдүүлүгү да талап кылынат. Демек, жөө айтышка акындар гана эмес, дегеле чечендик талантка ээ кара сөздүн мыктылары да түшө алат.

Ысмайылдын жөө айтыштарын карап көрүп, анда белгилүү бир теманын тегерегинде сөз жүргөндүгүн жана ыр түрүндөгү айтыштарда кездешүүчү кемсинтүү, тамашалуу түрлөрдүн орун алгандыгын байкоого болот. Мисалы, Ш.Шеркулов менен Ы.Борончиевдин жөө айтышын тамашалууга киргизсе болот:

*Шеркулов*: – Йе, Ысмаке, кел айылыбыздан өткөндөгү жерге-жээкке шылдың сөзгө айланып кеткен кемчиликтерден айтышалы.

*Ысмайыл*: – Болуптур, Шеке, айтса айталы. Курсагыңа батпай, көөдөнүңдү тээп жүргөн бир мандем бар окшойт. Баштап айта бер.

*Ш*: – Жо-ок, сиз баштаңыз. Бир аз болсо да жашыңыз улуу эмеспи?

*Б*: – Ой, Шекербек, кудайды карасаң боло. Менин жашым улуу болгону менен сенин жолуң улуу. Өзүң айткандай Манас бабабызга жети атага жетпей, беш атадан эле кошуласың го? (Ш.Шеркулов өзүн ушинтип айта берчү эле.)

Шеркулов болуптур дегендей, баштайт экен:

*Ш*: – Уругубуз саруу ичинде Култай дебестен, «Куулек Култай» дешет. Болжолу ыр, чоор менен жүрүп, жарыбаган кедей, жалкоо айыл окшойбуз го. Анан да биздин айылдаштардын өзгөчөлүгү, бөлөк айылдан бирөөлөр тойго же ашка бир эле үй-бүлөнү чакырса болду, тиешеси барбы, жокпу калганы түмөнү түрүлө ээрчип алмай.

Бир жолу Таласта кызылбаш Кудайберген деген манап той берип, биздин айылдан кудасын чакырган экен. Ал кошумча деп бир арык тай жетелеп алып, тойго жөнөйт. Аны аял-эркеги, бала-чакасы болуп алтымыштай киши ээрчип алыптыр.

*Ы*: – Кедейдин бир тойгону байыганы дегендей. Бир жыргап келем дешкен да. Манап той берип жатса.

*Ш*: – И… ананчы. Ошентип той берген айылга чукулдап калганда топ карааңды көргөн Кудайберген:

– Булар кимдер экен? Чаап алчудай жабылган? – деп сурайт.

– Булар төмөнкү кудалар. Куулек Култайлар.

– Кошумчасы эмне экен?

– Даакы жүнү түшө элек бир тай.

– Анда буларды өзүм тосуп чыгайын.

– Оо, той куттуу болсун! Тоюң тойго улансын! – дейт кудасы. Анда Кудайберген манап:

– Айтканың келсин, кудам Куулек Култай. Тойго деп торсойтуп жетелегениң бир тай. Ушу тайдын этине ченеп калгыла да, калганыңар жай-жайыңа барып тыртай, – деген экен.

Ошентип, Ш.Шеркулов өзүнө аябай маашырлана айтып бүтүп, Ысмайылды «баштаңыз» дегендей карап калса, ал:

– Мындай күлкү болор шылдыңдуу окуялар биздин айылда жок, –деп Шеркуловду эч нерсе айтпай туруп сөзгө жыккан экен[1].

Келтирилген мисалдар көмүскөдө калып келаткан кыргыз акынынын айрым гана өзгөчөлүктөрү. Ысмайыл Борончиевдин чыгармачылыгы, албетте, дагы кененирээк изилдөөнү, терең талдоону талап кылат. Ал баштап айткан жөө айтыш жанры бүгүнкү сөз чеберлери тарабынан улантылса кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы дагы да түрлөнүп, байымак деп ойлойбуз. Ал эми «Кош, Алымкул!» жоктоосу бул жанрдын алдыңкы катарында турары шексиз. Бул, чыгарманын жанрдык табиятына, мазмундук өзгөчөлүгүнө байланыштуу. Андыктан, Ысмайыл, сөзсүз, кыргыз төкмө акындарынын арасынан татыктуу ордун ээлөөгө толук акылуу.

Дегинкиси, төкмө акындарыбыз жогоруда аталган оозеки, элдик чыгармачылыктын өзгөчө жанрларын унутта калтырып, кыйгап өтпөй улап, тереңдетсе элдик адабий казынабыздын байманасы өксүбөстөн толук болор эле. Алар, байыркы доорлордон башат алып, элибиз менен эриш-аркак келип ушул күнгө жеткен руханий байлыгыбыздын, улуттук өзгөчөлүгүбүздүн омоктуу бир өңүрү.

---

[1] *Кутманалиев О*. Ат казык куру калбастыр (Эскерүү) Кыргызстан маданияты. 1980, 1-ноябрь.

*Салт, генофонд, табият*



**Бозум**
**АЛЫШБАЕВ**

# АТА МУРАСТАРЫН АРДАКТАЙЛЫ

Адамдын айбанаттардан айырмалуулугунун көп мүнөздүү белгилеринин бири ата мурастарын ыйык тутуп, аны улантуу моюндагы парз катары каралуусунда. Ансыз коомдук турмушта өркүндөө, өсүү, сапаттуу жашоо деле болмок эмес. Бирок «Ата мурас» өтө көп тармактуу. Биз бул макалада ошол мурастардын кай бирлерине токтолуп, алардын азыркы тапта аткарылып жатыш деңгээли боюнча ой бөлүшүүнү ылайык көрдүк.

Биздин терең ишеничибиз боюнча ата мурастардын эң орчундуусу мекенибиздин очогун түзгөн касиеттүү Ала-Тоонун аймагы. Анын тоолору, мөңгүлөрү, суулары, ички, тышкы байлыктары, жан-жаныбарлары. Абайлап байкоо жүргүзсөк жашап,өздөштүрүп, көнүгүп калган жерин өзүнүн мекени катары жакшы көрүп, ал жерге айланчыктап, башка жакка кеткиси келбей жүргөндүгү курт-кумурскадан баштап эле байкалат. Кадимки эле майда ийиндерде же додолоп үйүлгөн уюгунда жашаган кумурскалар да кошуна жашаган өзүнүн кумурскалары менен кадимкидей кырчылдашып, чөйрө талашып урушарын көп эле ойноок балдар, атайы байкоо жүргүзгөн чоң адамдар деле айтып жүрүшпөйбү. Канаттуулардан болсо тоолуу жердин канаттуулары тоолордо (мисалы: бүркүт, улар, чар карга ж.б.) гана жашаары, алардын ичинен айрым алгыр куштар Ысык-Көлдүн айланасындагы тоолордо

**АЛЫШБАЕВ Бозум** *1932-жылы Ысык-Көлдүн Отуз-Уул айылында туулган. Кесиби боюнча биолог. Биология илимдеринин кандидаты, доцент, профессор. «Кыргыздын этно-экологиясынан жороп», «Элдик уламыштардан эскерме», «Айылдык мектептерде жаратылышты коргоо», «Жашыл өсүмдүк керемет» ж.б. илимий-популярдуу китептердин автору. Бишкек шаарында жашайт.*

(куш, чүйлү, ителги ж.б.) гана мекендеп жүргөндүгү, кай бирлери адырларда (кекилик, чил ж.б.). башка бирөөлөрү суу үстүндө, суу бойлоп жашары дагы белгилүү. М: «Куунун өзү чөлдө болсо да көзү көлдө» – деп бекеринен айтылган эмес чыгар. Сүт эмүүчү чоң ири жаныбарларда деле мекенин сүйүү байкалат. Өзүбүздүн Ала-Тоонун аймагында ар бир тоонун, ар бир төрдүн өзүнүн отурукташкан туруктуу жаныбарлары: тоо эчкиси, аркар, кулжасы, илбирси, аюусу болору белгилүү. Кадимки «Кожожаш» эпосу боюнча Сур эчки жаман түш көрүп кооптонуп, ал жашаган жерден которулуп кетели десе Алабаш теке мекенинен кеткиси келбей кескин каршы болуп, натыйжада чоң кыргынга учураганы айтылып жүрбөйбү. Үй жаныбарлары деле өзү жайылып жүргөн жайытына качып турары белгилүү. Илгерки бир жоокерчилик заманда Ысык-Көлдүн күңгөй тарабындагы бир элдин жылкыларын жоо чаап, тескей тарабына айдап кеткенде чогуу айдалып кеткен бир тору айгыр мекенине кайра качып, жазылыгы 20–30 километрдей жердеги терең көлдөн сүзүп чыгып жеткендиги, ошол себептен айгыр сүзүп чыккан жер «Тору айгыр» деп аталып калгандыгы уламыш болуп айтылып жүрбөйбү. Адашып калган бир жетим улак өзү туулган чоң таштын түбүн мекендеп, ал жерден алыстабай дайыма ошол жерге түнөп жүргөндүгү да айтылат.

Адам баласынын байыртан берки издерин, тарыхын, санжырасын иликтесек, азыркы эдердин учурдагы жашаган чөйрөлөрүнө туруктаШып калышы миң сандаган талаш-тартыштардын, кыргын-сүргүндөрдүн, качкын-куугундардын натыйжасында калыптангандыгы байкалат. Өзүбүздүн кыргыз элибиздин Ала-Тоонун аймагын ээлеп калышы дагы көптөгөн кан төгүүнүн, өжөрлүк, баатырлык менен күрөшүүнүн, бир канча жолу жеңилүүнүн ызасын тартып, тентип сүрүлүп калып, итке минип, кайың саап калган учурлары болгону, Алтайга, Каңгайга, Оролго, Гисарга чейин тентип-тербип баргандары, кайра эс алып, күч жыйнап, кол топтоп өч алууга, жерин бошотууга киришип, ийгиликке жетишип жүргөндөрү туюлат. Биздин бабалар элин-жерин коргош үчүн айлап-жылдап эл четинде, жоо бетинде болушканы, Манастан баштап, азыркы кылымга чейин эле элибиздин тарыхы душмандар менен кармашып, эл-жерди коргоонун тарыхы болуп келгендиги белгилүү. Элибиздин эң акыркы күрөшү 1941–1945-жылдардагы Ата Мекендик согушту эске албаганда, жергебиздин ар бир чарчы кадам жери үчүн бабаларыбыздын далай каны төгүлгөнү туюлат. Ушундай биздин (нукура кыргыздардын) ата-бабаларыбыз канын, жашын төгүп, жанын берип, элибиз, урпактарыбыз жашасын деп коргоп, коруп, сактап келген жери биз үчүн ыйык мурас экени шексиз. Аны башка бирөөлөргө кир өтүгү менен бастырыш дагы күнөөдөй сезилет.

Орустарга каршы күрөшүп, 1916-жылы чоң кыргынга учураганы айкын. Деги кунт коюп иликтеп көрсөк, Ала-Тоонун аймагынын коктуколотунда эл-жерди коргойм деп жүрүп каза тапкан эрлердин каны төгүлбөгөн жер жоктой сыяктанат. Ошол эле учурда Ала-Тоонун коктуколот, аска-зоо жыбыттары элибиздин жоокерлерин да жоодон калкалап калган учурлары көп болгону байкалат.

Негизинен элди-жерди коргоп, урпактарга калтырууда эр азаматтардын эмгеги орчундуу экендиги анык. Кыязы, ушундай жагдайларга байланыштуу эл-жерди орустардай «Родина мать», «Волга – матушка» дебей, «Ата Мекен», «Ата Журт», «Кочкор-Ата», «Чолпон-Ата» деген аталыштар коюлгандай сезилет.

Кыскасы, биздин ата-бабалар ушунча жоготуу, кайгы-зар менен коргоп келип, бизге мурастаган жергебизди, анын ичиндеги, сыртындагы байлыктарын коргош, сакташ ар бир атуулдун ыйык милдети экендиги шексиз. Аны четинен оңой эле өзгөлөргө тарата берсек арбактар да, азыркы жалпы эл да, болочок урпактар да нааразы болор, кечирбес.

Кыргыз элинин түпкү тегинен берки узун тарыхында начарлатпай сапаттуу деңгээлде сактап, жаңылап, кошумчалап бизге жеткизген ыйык мурастарынын дагы бири анын генофонду (тукум куучулук касиеттеринин жыйындысы). Азыркы кезде дүйнөдө эки миң чамалуу чоң, кичине улуттар, улуттук топтор жашайт. Болжол менен дагы ушунча элдин түрү тукуму үзүлүп же башка элге сиңип жок болуп да кеткен. Кыргыз генофонунан ошончо түркүн элдин эч биринин колунан келбеген чоң көлөмдөгү жана сапаттагы «Манас» эпосун түзгөн Тыныбек, Сагымбай, Саякбай сыяктуу манасчылар жаралган. «Миллион сап «Манасты» бир башына батырган» – деп даңкталып жүрүшпөйбү. Ошондой эле ырды нөшөрлөгөн жамгырдай төккөн төкмө акындар да ушул кыргыз генофондунан жаралган. Кыргыз генофондунан:

«Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен Күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Төшү түктүү кара жер,
Жердигинен түткөндөй.

Манас жаралган; Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан Бакай жаралган; Сексен жаштан ашканда Жолой дөөнү көтөрүп чапкан алп Кошой жаралган; Токтогулдай ырчы, Толубайдай сынчы, Жейренчедей чечен, Асан Кайгыдай акылман боорукерлер чыккан.

Жакынкы эле заманда кыргыз генофондунан эркекче кийинип, колуна курал алып, тулпарда алкынта минип, далай душмандын мизин кайтарган Жаңыл мырза чыккан.

XIX эле кылымда Кокон хандыгынын сурагына активдүү катышып, «датка» наамына татыган, кийин Россия бийлигин орнотуу мезгилинде түштүк кыргыз элинин кызыкчылыгын даанышмандык менен талашып, кыргыз ханышасы аталган Курманжан дагы кыргыз генофондунун жемиши.

Кыргыз генофондунан өз заманын так сүрөттөп, элди бейпилдикке чакырган, болочок заманды да ой жүгүртүп сүрөттөй билген олуя акындар Калыгул, Арстанбектер жаралган.

Советтик доордо кыргыз генофондунан Жусуп Абдрахманов, Исхак Раззаковдой улуттун кызыкчылыгын кызуу көздөгөн чоң саясатчылар, Касым Тыныстанов, Чыңгыз Айтматов, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков сыяктуу чоң жазуучу, коомдук ишмерлер, Иса Ахунбаевдай дүйнөгө атагы чыккан окумуштуу, Болот Миңжылкыевдей ырчы, Сүймөнкул Чокморовдой сүрөтчү, актёрлор жаралган. Бул айтылгандардан башка дагы эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, атак-даңкы эл аралап, алыска кеткен улан-кыздарыбыздын тизмесин дагы далай узартса болмок.

Кыргыз элинин генофондунун сапатынын жогору деңгээлде болуп келгендиги даана байкалат. Мунун негизги себептери биздин терең ишенимибиз боюнча элибиздин дайыма экологиясы таза шартта жашап келиши, айрым элдердей жакын туугандар деле никелеше берүүсүнө жол бербей, жок дегенде жети ата өтүшкөн туугандардан баштап гана никелешүүгө жол бериши. Негизинен, уландар жети суу өтүп барып кыз тандашчу. Биздин элибиздин улуттук идеялогиясынын негизи болуп келген «Манас» эпосубуздун негизги каармандары бүт башка кошуна элдердин кыздарына үйлөнүшкөнү белгилүү. Мисалы, Манастын аялдары: Карабөрк – калмак, Акылай – маймун, Каныкей – тажик элинин кыздары. Семетейдин биринчи аялы Чачыкей – тажик кызы, экинчи алган аялы Айчүрөк – ооган элинен. «Манастан» башка эпостордо деле ушундай окуялар байкалат.

Тилекке каршы, акыркы жылдары, XX кылымдын экинчи жарымынан баштап кыргыз элинин генофондунун сапаты кескин начарлай баштады. «Алаамат кыйкырыгын» (крик SOS) кыйкырсак дагы болоор эле.

Кыргыз элинин генофондунун азыркы учурдагы абалы өтө өкүндүрөт. Мындай кайгылуу абалдын себеби эмнеде? Биздин оюбузча бир нече себеби бар. Алардын негизгилеринин бири биздин өтө эле химиялашып кеткендигибиз экендиги шексиз. Түшүмдү жогорулатыш үчүн да, зыянкечтерди, отоо чөптөрдү жоготуш үчүн да, кир, идиш-аяк жууш үчүн да химия, алар түшүмгө да, суута да кошулуп жаткандыгы белгилүү. Ошол химиялык элементтерден адамдын генине терс таасир тийгизүүчүлөрү болушу толук ыктымал. Абада дагы түркүн техникалардан, завод-фабрикалардан чыккан түтүн түркүн химиялык элементтерге бай экендиги

да анык. Ошондой эле чылым чегүү, ичимдик ичүү ажырагыс адатка айланбадыбы.

Азыркы учурда элибиз никелешүү боюнча бабалардан калган мурасты сактабай, жакын эле туугандар үйлөнүшүп жүргөндөрү анча сейрек эмес. Айрыкча, кошуна жашап жүргөн үй-бүлөлөрдүн уул-кыздары үйлөнүшүп жүргөндөрү көп учуроодо. Мындай никеден төрөлгөн балдардын дагы дене түзлүшүндө же акыл-эсинде мүчүлүштөр болуп калышы ыктымал. Анткени бири-бирине жакын чөйрөдө жашаган жаштар бирдей аба жутуп, бир терс таасирге учурап, бирдей суу, дээрлик окшош тамак-аш менен тамактанып жүргөндүктөн экөөнүн тең бирдей кызмат аткарган гендери зыянга учурап, кесепети балдарына тийиши толук ыктымал.

Кыргыздардын дүйнө элин таң калтырган мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири, анын кең пейилдиги, жайыл дасторкондугу болоор эле. Адамдын адамгерчилик касиети анын келген-кеткен кишилерге көрсөткөн сыйы менен бааланчу. «Битиреген байдан кең пейил кедей артык» – деп, адамдын адамгерчилик деңгээлин баалоонун чени болчу. «Ашың жок болсо да кашың жокпу» – деп, келген кишини кабак бүркөбөй жаркын маанайда тосуп алып, колдо болгону менен сыйлап, болбосо шартын айтып узатпаган адамга «зыкым», «битир», «чык татырбас Чынарбай» деген баалар берилчү. Атасы балдарына, улуу адам жакшы сынаалаш жаштарга: «Кудай кең пейил, колу ачык адамга берет, берешен март бол, малы санга жетсе да Карымбай малга тойбоптур, жашы миңге жетсе да Улукман жашка тойбоптур», «Кайрымынын жогунан Карымбайды жер жуткан» деп кең пейил, айкөл болууга тарбиялашкан. Бала кичинекей мезгилде: «Токол эчки чүчү, токочуңдан кичи» же «ит бекен, куш бекен, колуңдагы наныңдан беришчи» деп, берсе «куш экенсиң» деп мактап, бербесе «ит экенсиң» деп жамандап, жаштайынан берешен, жоомарт болуусуна үйрөтүшчү.

Кандайдыр бир себептер менен тааныш эмес эле киши үйүнө келип калса «куттуу үйдөн куру чыкпайт» деп үйүнөн даам таттырып чыгаруу шарт эле. Ал эми бирөө түнөк издеп келип калса, «кудайы конок» деп, колдон келишинче коноктоп узатуу адамкерчилик милдет катары саналчу.

Чындыгында эле илгерки кыргыздар алда канча колу ачык, кайрымдуу болушкан. Мергенчи кийик атып алып келе жатса жолдо учурагандарга «шыралга», мал союп жаткан адам, үстүнөн чыккан адамга «кол кесер», балдарга «шыйрак», «бөйрөк», кырман бастырган адам кошуналарына «кеспен», байге алгандар «ырым», кумар оюндан уткандар «чотур» деп таратышар эле. Мал союп, конок күтүп жаткан адам кошуналарын сөз жок чакырышчу. Ошондой эле бирөөлөр койлорун кыркып жатса, келинине себи келсе же башка бир киреше болуп жатса, ка-

тышып калган кишиге «көз акың» деп дагы бир нерсе берип ыраазы кылышар эле.

Ал кезде малдуу адам жылыга болжол менен ар бир жыйырма койдон бирден, ар отуз жылкыдан бирден кедей-кембагалга «садага», «битир» беришчү. Андай болбосо ал кишинин малы «арам» деп эсептелчү. «Садага», «битири» жок байдын малын эшекке, качырга теңегени Молдо Кылычтын чыгармаларынан да кезигет.

Элибиздин кең пейилдигинин дагы бир көрүнүшү анын меймандостугу экендиги анык. «Конок тойбодум дебейт, сойбоду дейт» – деп байыртан бери мүмкүнчүлүгү болсо эле мал союп коноктоору белгилүү. Бирок «эрдик кылып кой союп, иттик кылып төш тартты» деген сөз дагы бар. Демек, кайсы конокко эттин кайсы мүчөсүн тарткандын да мааниси бар. Айрыкча, той-аштарга устукандардын улуу-кичүүсүн ажырата билип, ар бир коноктун жашына, туугандык, куда-сөөктүк даражасына жараша табак тартылбаса, наарazылыктар дагы болуп калат.

Көпчүлүк учурда тигил же бул үй-бүлөгө чектелүү сандагы конок келсе кой союлат. Кой союлардын алдында аны жетелеп келип, коноктордун союлчу кой үчүн бата берип коюусу өтүнүлөт. Бул иш коноктордун элге, үй ээсине каалоо-тилектерин угуу менен катар, алар үчүн ушундай кой арналып союлуп жаткандыгын көргөзүү түрү бар.

Коноктордо табак тартуу, негизинен, куйрук-боор берүү менен башталат. Табак тартканда отурган адамдардын улуулук даражасын эске алып, ар бир отурган кишиге устукан жетишкендей эсеп менен табактарга бөлүп тартылат. Аялдардын эң улуу урматтуусу отурган табакта куймулчак, эркектердин улуусу отурган табакта жамбаш болушу шарт. Бирок көп аймактарда эркектердин улуусуна баш тартылат. Эгер баш улгайган койдуку болуп катуу болсо, башка жилик же кыртыштуу кабырга менен коштолот. Ысык-Көлдүн аймагындагы элде башты жаштардын бир урматтуусуна беришет. Айтылган устукандардан кийинки улуу устукан жото жилик, анан кашка жилик, далы, каржилик болуп кетет. Кай бир жерде каржиликти далыдан улуу көрүшөт жана аны эркектер гана алуусу, эркектерге тартылуусу шарт. Каржиликте өзгөчө касиет бар, эр жигиттин жан сакчысы, жан жолдошу деп да коюшат. Ошондуктан аны мүлжүгөндөн кийин ыргытып жибербей, керегеге же башка ылайыктуу жерге илип коюшат. Жиликтердин эң кыскасы жана кенжеси күң жилик. Көл элинде күң жиликти табакка салып конокко тартпайт. Кокус тартылып калса алган кишини кемсинтүү, басынтуу белгиси деп түшүнүшөт. Кыргыз элинин башка аймагында анча курч маани бербей эле коноктorго бере беришет. Коноктorго жилик устукан жетишпесе кыртыштуу кабыргалар (карчыганын кабыргасы) берилет. Кай бир чөлкөмдө кыртыштуу кабыргаларды жалпы эле коноктorго жилик устукандан мурда таратышат. Кабыргадан кийин устукан катары жетим

арка (канаттуу арка) таратылат. Моюн, моюн арка, кыр арка, төш коноктордун табагына салынбайт. Моюн омурткаларын илгери койчуларга беришчү. Моюн аркасы табакка кошулбаган улгайган кишилерге же үй ээсине берилет. Кыр арка, кара кабыргалар кай бирде, боконону дагы кошуп майдалап, кара куурдак катары кууруп же сорполуу эле бышырып конокторго эт бышкыча бере беришет. Төш кыздардын үлүшү деп эсептелет. Аны бышса да, чийки калтырса да кыздарга ыйгарышат.

Коноктордун кайтышы шашылыш болбосо, кол жетишсе, союлган койдун кардын таза кырып, ичке тилкелеп тилип, өпкөнү да тилкелеп, ичеги, май чучуктары менен аралаш өрүп, жөргөм жасашат. Же койдун, айрыкча, козунун ич майын жаяа коюп, туз, калемпир сээп тугуруктап, колдун беш манжасына илинип өрүлүп жаткан ичегинин ичине салып бышырса да өтө даамдуу жөргөм болот. Ошондой эле өпкөсүн коко аркылуу жакшы үйлөп, бир аздан соң сары май сапырылган сүттөн куюп (4–5 литр сүт батат) өзүнчө бышырып, «олобо» деп конокторго тартат.

Чоң тойдо, ашта коноктор көп болгондо жылкы союлат. Жылкы этинин устукандары койдукунан бир аз өзгөчөрөөк. Жылкынын чүйгүн эттери – чучук, карта, карын, жал. Чучук өз иретинде экиге бөлүнөт: кабыргалуу чучук, накта чучук. Кабыргалуу чучукту жасаганда жылкынын курсак тушундагы майлуу кыртыш этти (семизиники бүт май) бирден кабырга менен тилке кесип, туздап, мурчтап, майлуу тарабын ичегиге салып, майы эрип агып кетпесин деген максатта эки учун бууп бекитет. Кай бирде бул чучукту кабыргадан ажыратып да коюшат. Накта чучукту эт кошпой ич майдан гана жасашат. Чучук кошуп салынган эт өтө кадырлуу конокторго арналат деген ишеним эл ичинде өкүм сүргөндүктөн, аны көпкө сактоого ылайыкташат. Бул максатта чучукту жасаарда туз, мурчтан башка кызыл гүлдүн (йарутка) уругун да себишип, илип кургатып, андан соң жайдын күнү болсо ундун арасына салып койсо бир жыл бою да бузулбай сакталат. Көп конок күтүлгөндө ар бир табакта чучуктун бөлүгүн жеткирүүгө аракет болот. Табактагы чучукту кескилеп туураган эттин селдесине айлантуу, ал табактагы элдин эң улуу урматтуусуна ыйгарылат.

Жылкы этинин эң улуу, сыйлуу устуканы уча болот. Учаны эң улуу кишиге же көп учурда жергиликтүү элден эмес, сырттан келген сый конокко ыйгарылат. Учадан кийинки сыйлуу устукан жетим (канаттуу) арка, анан моюн арка, кыртыштуу кабырганын бөлүгү анын аркага биригүүчү иймек учу улуураак келет. Ал кабыргалардан соң жамбаштын бөлүктөрү тартылат. Жылкынын жиликтери дагы бөлүнүп бышылары белгилүү. Бирок жетиштүү болсо, жиликтердин баштарын сый табактарына салбайт. Кызмат кылган балдарга, үй ээлерине калат. Жылкы эти көпкө сактаса жегиликтүү сапаты начарлай берет. Ошол себептен элде: «Жылкы сойсоң үч күнү баса жат, уй сойсоң үч күнү үйүңөн кайт» деген сөз айтылат. Уйдун этин салкын

жерге сактаса, турган сайын даамы жакшырат. Бирок жылкы эти күлазык жасоого ыңгайлуу. Илгери жоокерчилик заманда жигиттер жумалап, айлап «эл четинде, жоо бетинде» жүргөндө же жылкыларын айдап, ыңгайлуу жерге кыштатып келиш үчүн бой кеткенде жылкынын этинен күлазык жасап ала кетишчү экен. Бул максатта семиз жаш жылкынын этин туздап, сүрсүтүп, чийки эле туурап, кургатып, өтө майдалап, же жаргылчакка тартып алып баштыкка же чаначка салып ала кетсе, каалаган учурда кайнатып, даамдуу сорпо, жарма жасап ичиш жеңил. Ал майдаланган этке ун аралаштырып алса да болот. Кай бирде күлазыкты сүрсүтүп бышырылган жылкы этинен дагы жасашат. Бул учурда бышырылган майлуу этти туурап, кургатып, майдалап, болсо актаган таруу менен аралаш жаргылчактан өткөзүп алса, керек болгондо чайга же кайнак сууга кашыктап салып, даамдуу суюк аш жасап ичип кете берсе болот.

Аш-тойго же жөнөкөй эле конокко уй союлуп калса, анын устукандарынын улуу, кичүү даражасы жылкылардыкына окшош эле жүргүзүлөт. Айырмасы эле көп учурда уйдан уча чыгарбайт. Жана уйда казы-карта болбогондуктан чүйгүн эт катары  сарыжүрмө өтөт. Ошондуктан, коноктордун бардыгынын табагына сарыжүрмө салууга аракет болот.

Кыргыз эли байыртан бери «мал киндиктүү» деген атка конуп, мал менен алектенип, жашоосунун көпчүлүк бөлүгүн мал менен өткөрүшкөн. Ошол себептен төрт түлүк малдын (төө, жылкы, уй, кой) биологиясын жакшы билишкен.

Эчки менен топозду дагы терең эле билишет. Көчмөн тиричилик менен ой-тоолуу жерлерди көп аралап жүргөндүктөн өздөрү жашаган чөйрөлөрдүн жапайы жаныбарларын бизге тааныш башка элдерден көп билет. Ал жаныбарлар жөнүндөгү кыргыздар билген кай бир маалыматтар немецтик атактуу зоолог окумуштуу А.Э.Бремдин: «Жаныбарлардын тиричилиги» деген алты томдук китебинде дагы учурабайт. Бирок акыркы мезгилдерде эл отурукташып, жаратылыш чөйрөлөрү менен көп аралашпай, малдын түрлөрүн күткөн эл дагы азайып калгандыктан, жаныбарлар жөнүндөгү түшүнүктөрү начарлап, алардын аталыштарын дагы унутуп баратышат. Ошол себептүү элибиз мурдагы жаныбарлардын тиричилигин билгичтиги боюнча атагын толук жоготуп койбосун деген үмүт менен төмөнкү маалыматтарды сунуштайбыз.

## Жан-жаныбарлардын аталыштары

**Төө.** Эркеги – буура, бычылганы – атан.  Ургаачысы  туучу жашка жеткиче – каймал, андан ары – инген, баласы жашында – бото. 3–4 айдан тартып – тайлак, бир өркөчтүү төө – нар. Пири – Ойсул ата. Төөнүн чыгаан, чарчабас күлүгү – желмаян.

**Жылкы**. Эркеги, үйүр ээси – айгыр, бычылбай жүргөнү – аңги, бычылганы – ат. Ургаачысы, жашы – байтал, үч жаштан – бээ. Балдары – кулун, 4–5 айдан – жабыгы, 1 жашы – тай, 2 жашы – кунан, 3 жашы – бышты. Күлүк, мингич, сомтуягы – тулпар. Пири – Камбар ата.

**Уй**. Эркеги – бука, бычылганы – өгүз (жашы ноопаз, оопаз). Ургаачысы, жашы – кунажын, чоң уй – инек. Баласы – музоо, моюнча, токо, 1 жашы – торпок. Күлүк мингичи – шүдүңкүт. Пири – Зеңги баба.

**Кой**. Эркеги – кочкор, биттелген 1 жашы – борук (эки тиш), шишек, төгөрөк, чар ирик, 2 жаштан баштап – ирик, ургаачысы, жашы – токту, 2 жашы – кысыргалды, көк жон, чоңу – соолук. Баласы – козу, 3–4 айдан күрпөң. Пири – Чолпон ата.

**Эчки.** Эркеги – теке, биттелгени 1 жашы – серке, 2 жаштан эркеч. Ургаачысы 1 жашы – чебич, 2 жашы – кысыргалды, чоңу соолук. Балдары – улак. Пири – Чычаң ата.

**Эшек** – баласы кодек (такай). *Эскертүү*: ири мал (төө, жылкы, уй) бычылат. Майда мал (кой, эчки) биттелет (чымчылат).

**Аркар**. Эркеги – кулжа, ургаачысы – аркар, баласы – козуга.

**Бугу**. Эркеги – бугу, ургаачысы – марал, баласы – музоо.

**Элик**. Эркеги – куран, ургаачысы – телки, баласы – чаарчык.

**Тоо эчки**. Эркеги – теке, ургаачысы – эчки, баласы – улагыр.

**Аюу**. Эркеги – өгүз аюу, баласы – мамалак.

**Карышкыр**. Эркеги – дөбөт, ургаачысы – канчык, баласы – бөлтүрүк.

**Түлкү**. Баласы – бачике (пачке).

**Суур**. Баласы – чөндөлөй.

**Коён**. Баласы – бөжөк.

**Мышык**. Баласы – мый.

**Чычкан**. Баласы – чие.

**Чочко**. Эркеги – каман, ургаачысы – мезгилжин, баласы – торопой.

**Топоз**. Эркеги – бука, ургаачысы – инек, баласы – мамалак.

## Канаттуулар

**Тоок.** Эркеги – короз, ургаачысы – мекиян, баласы – балапан.

**Өрдөк** (каркылдак). Эркеги – кайырма, ургаачысы – соно, баласы – балапан.

**Кыргоол**. Эркеги – короз, ургаачысы – бостек, баласы – балапан.

**Бүркүт.** Балапаны уядагысы: кызыл эт, ак күп, темир канат, жетик. 1 жашы – бозум түлөк, 2 жашы – ным түлөк, 3 жашы – кум түлөк, 4 жашы – таш түлөк, 5 жашы – бир барчын, 6 жашы – эки барчын деп улантып кетет.

*Эскертүү:* Бүт жырткыч канаттуулардын уядагы мезгили кызыл эт, ак күп, темир канат, жетик деген болот. 2. Тооктон башка бүт канаттуулардын балдары балапан.

**Куш** (ястреб стервятник). Куш – ургаачысы, чүйлүү – эркеги. Уу ишине үйрөтүлөт. «По-по», «бө-бө» – деп чакырат. Бардык башка алгырларды «кыюу» деп үндөйт (чакырат).

## Кимиси эмне деген үн чыгарат?

1. Адам сүйлөйт, кыйкырат, өкүрөт, үңүлдөйт, ырдайт, ышкырат, үшкүрөт.
2. Төө боздойт.
3. Жылкы кишенейт, бышкырат, окурунат.
4. Уй мөөрөйт, букасы өкүрөт.
5. Кой маарайт, мекиренет.
6. Эчки маарайт, текеси бакылдайт.
7. Короз чакырат, төөк какылыктайт.
8. Каз, өрдөк, каркыра каркылдашат.
9. Ит үрөт, каңшылайт, улуйт, ырылдайт.
10. Карышкыр улуйт.
11. Мышык мыёолойт.
12. Бүркүт шаңшыйт.
13. Карга каркылдайт.
14. Таранчы чыркылдайт.
15. Аюу, жолборс, кабылан күркүрөйт.
16. Бугу ышкырат.
17. Булбул, чакчыгай, сары айгыр ж.б. канаттуулар сайрашат.
18. Суур аңкүштөйт.
19. Күкүк чакырат.
20. Кекилик кекиликтейт.
21. Эшек айкырат.
22. Жылан кышылдайт.
23. Бака чурулдайт, чырылдайт, курулдайт.
24. Чычкан чыйкылдайт.
25. Ак куу, кузгун куркулдашат.
26. Сагызган шакылдайт, шакылыктайт.
27. Бөдөнө бытпылдыктайт.
28. Торгой быжырайт, сайрайт.
29. Элик бакырат, чаарчык чыйпылдайт.
30. Сасык үпүп үпүптөйт.
31. Ызгыт (чибис) ызылдайт.
32. Үкү (филин) күү-күүлөйт.
33. Улар ышкырат, какылыктайт.

34. Бабырган же байкуш (домовой сыч) мыёлойт.
35. Алагүү (вяхирь) гүүлдөйт.

## Унаа (ылоо) малдын жабдыктары


1. Төөнү ноктосуна байланган буйла менен жетелейт. Чөгөрүп, тиздеп (бүктөлгөн бутун жазылбагандай байлап), комдоп (өркөчтөрүн айланта кийиз ороп таңып), анан жүк артат.

2. Жылкыны (ат, бээ) жетелей турган чылбыры, тагылган нокто болот. Анын үстүнө тизгиндүү жүгөн катылат. Көпчүлүк учурда чылбырды жүгөнгө эле тагып алат. Жүгөндүн ооздугу, сагалдырыгы болот.

Атты токуганда үстүнө ичмек, анан тердик жаба салып, желдикти, анын үстүнө ээрди коюп, куюшканын, көмөлдүрүгүн илип, көрпөчө салып, басмайылы менен тартып, үзөңгүсүн теминип минет. Ээрде бир нерселерди бөктөрө турган же байлай турган канжыгасы болот.

Айырмач – ээрде тың жүрө албаган (3–5 жаштагы) балдардын ээри. Анын алдыңкы, арткы каштары эки ача болот. Бала жыгылып кетпесин деген максатта эки таякчага боо тагып, айырмачтын алдыңкы, арткы каштарынын бир ачасына бекитип коёт.

3. Мингич өгүздү же инек уйду миниш үчүн мурдун шиш менен тешип чүлүктөп, мурунтук жип байлап, ээр токуйт. Өгүзгө (уйга да) жүк жүктөш керек болсо ыңырчак (алдыңкы, арткы сомдолгон, каштары эки капталынан тактайча менен бириктирилген жону ачык ээр) эле токулат. Уйга токулган ээрдин, ыңырчактын куюшканы жок, куйруктан бир аз төмөн туура тартылып ээрге, же ыңырчакка бекитилген боосу, «олоңу» болот. Ал боо (олоң) жүктү илгери моюн жакка кетирбейт.



*Проза*

**Мамыр**
**ИМИНЖАНОВ**

# ЭНЕ

Эриккенден өткөн-кеткенге назар таштап аяндамада жөн-жай олтургам. Колунда түйүнчөгү бар бир кемпир жаныма олтуруп калды.

– Балам, Чолпон-Атанын  аптобузу өтүп атабы?

– Автобустар өтүп жатат, бирок кай жердики экенин билбей калбадымбы...

– Ии. Өзүң кайда барасың?

– Ушерде эле, эч жакка деле барбайм.

– Ии, барбайм дечи...

Тиги кемпирдин жүзүнө таңыркай карап калдым. Кат-кат болуп бетине түшкөн бырыштарын айтпа. Маңдайкы тиштери калбаптыр. Ошондонбу, же карылыкпы, сүйлөсө тили соймоңдоп чыга түшөт экен. Башына салган ак сүрүп жоолугун ээгине тарта байлап алыптыр. Кемпир тилин чыгарып, астыңкы эринин жалап коюп, мага дагы сүйлөп калды:

– Балам, кимдин баласысың?

– Ма-мыт-тын, – дедим тактап, муунга бөлүп.

– Ии. Тааныбай калыптырмын, – деди кемпир автобустун жолунан көзүн албай.

---

**ИМИНЖАНОВ Мамыр** *1939-жылы Кара-Суу районунун Кыдырша айылында туулган. Ош пединститутун аяктаган соң райондук, областтык газеталарында, узак жылдар бою Кыргыз телерадио комитетинде, ЭлТР компаниясында иштеген. Айтылуу «Ыр кесе» телеберүүнүн уюштуруучуларынын бири. «Сага айтам», «Өлгөн адамды күлдүргөн», «Куйручуктун курдашы», «Чырпык», «Өмүрдү экчеген жылдар», «Кара-Суунун карлыгачтары» ж.б. китептердин автору. Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги. КР Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү. Туулган жеринде жашайт.*

Жарыктык кишиге мен буерлик эмес экенимди, эс алуу үйүнө келгенимди айтып олтурбадым.

– Сен, балам, айнек салганды билесиңби?

Бир алдын кемпирдин суроосуна таң калсам, анан эмне дээримди билбей тынымга эки анжы болдум.

– Ия, – деди ак сүрүп жоолугунан мен тараптагы кулагын ача тосуп.

– Эмне, айнек салгыч киши керек болдубу? – дедим кемпирди чекмелеп сөзгө салып.

– Ии, айнек салдырыш керек эле, – дегенде кемшейген тиши жок эрининен тили булая түштү. Анан өзүнчө туруп күбүрөнүп калды.

Кызык, кемпир мени түртүп коюп, күлүп ийди:

– Мурда күнү Кенжетайымды аскерге узатпадыкпы...

– Кенжетай, уулуңузбу?

– Ии, быягын уксаң. Кенжетайымдын тели-теңтуштары, кыз-бала дебей баарысы келиптир. Олдо жыргашты дейсиң.

Люманат, шампун эле алганбыз. Ошого эле кызып калышканбы, олдо бийлешти дейсиң!.. Балам байкуш аскерге кетеринде бир жыргасын дедик. Биз кичине үйдө, алар чоң үйдө, таң атып кетиптир. Биз да балдардын аманчылыгы деп жанагы тишке жумшагынан иче бериптирбиз, иче бериптирбиз... Бу ичимдигиң түшкүр жаш-карыны тең кылып, чер жазганы жакшы го... А итиңдин кийинкиси жаман да...

Кемпир тынымга ойго чөгө түштү.

– Анан эмне болду? – дедим андан аркы сөзүн чубоо үчүн.

– Кенжетайым поездде, кайда баратты экен? Олдо каралдым, ай!

– Ушундай бейпил турмушта кызмат өтөп келет да, – деп көңүлүн жубаттым.

– Ии, балам, ошондо эртең менен турсак эле жөнөр убак болуп калыптыр. Чарба аптобус берген экен, баарыбыз түшүп алып байкоматка барбадыкпы.

– Ал жерден узаттыңарбы?

– Ии. Азыркы жаштар аман эле болушсун, балам. Жаш-кары дебей өбүшүп атабыз, өбүшүп атабыз дейсиң. Ошентип атып араң коштоштук. Мен келесоо ыйлап алыптырмын... «Апаке, кантесиз? Бетим, ий бетим», – деп Кенжетайым кучактап каткырып калды. Теңтуштары дагы ичирип койгон экен, мени баса жыгыла жаздады.

Баласынын ичип мас болгонуна маашырланган кемпирди кыртышым сүйбөй турду. Бирок кемпирде эмне айып? Баласынын жоруктарына орунсуз, орундуу дебестен жетине албай жаткан энеге ойлуу тигилип, сөзүн сүрөбөй, үндөбөй калган экенмин.

– Ии, ошентип узаттык дечи. Кайтып келип, үй ичин жыйыштырмак болгом... Кечинде Кенжетайым бечир өткөргөн үйдүн айнек-терезесинин бүтүнү калбаптыр...

Кемпир өз сөзүнө өзү маашырлана күлүп жатты. Жанагы башындагы ак сүрүп жоолугунун учу менен жашыркай түшкөн кубатсыз көзүнүн кычыктарын аарчып, мурдунун суусун шор тартып койду.

– Ии, айланайындар, куп жыргашкан экен да. Биз бир билбептирбиз. Терезелердин биринин айнеги бүтүн калса кана... Алдыңа кетейин Кенжетайым ай, ушуну унутпай жүрөт ко, каралдым...

Кемпир бир башкача чери жазылып, жетине албай жатты. Баласынын бүлдүргөнүнө күйүнбөй, кайра кубанып атканын көрсөң. «Олдо энелердин жүрөгү ай» дедим ичимен.

– Ии, эми ошо терезелердин айнегин салыш керек. Кечээ айнегин алпарткам. Салып берсең боло, балам.

– Айнек салып көрбөгөм. Болбосо го...

Аңгыча Балыкчынын автобусу келип калып, кемпир шашылып калды. Бөкчөңдөп автобуска чыгып бараткан Чоң-Сары-Ойдогу кара тору кемпир көз алдыман кетпей жүрөт дале. Бирок кемпирге: «Ушундай кантип болсун, ичпегиле десеңиз болбойт беле...» – дей албай калбадымбы, ошого өкүнүп келем.

# ЖҮРГҮНЧҮЛӨР

Көңүлүм алыстагы айылымда болуп, инилерим менен көрүшүп, үйдө жүргөндөй автовокзалды көздөй бир кыялда бараткам.

– Оо, кызым, кызы-ым!

Селт дей түштүм. Жалбара үн салып жаткан аялдын өтүнүчү мени гана эмес, жолдон өткөн-кеткендердин көбүн каратып калган экен. А мен укпай өтө бергениме уяла түштүм.

– Кечирип коюңуз, мени чакырып жаттыңыз беле?

– Ооба, көзүмө ысык көрүнүп кеттиң, кызым.

Алтымыштар курактагы бул аял мени менен илгери-кийин көргөн таанышындай ал-жай сураша кетти. Базар тараптан келаткан экен, жолубуз бир болгондуктан түйүнчөктөрүн көтөрүшүп бараттым. Аял менин окуумдан баштап, ата-энемден өйдө сурап келатты.

– Канчага чыктың, кызым.

– Жыйырма бирге, эже.

– Мен жыйырма биримде үч балалуу болгонмун.

Мен кызара түштүм. Автовокзалдын автобустар токтоочу жайына жеттик.

– Ырахмат кызым, бактың ачылсын!

– Эчтеке эмес. Кайда барасыз, билет алышып берейин.

– Тим эле кой, кызым, билетти шопурдун өзү берер.

Мен түшкөн автобустун мотору от алганда жүргүнчүлөр дүрбөй түштү. Билет алган-албагандар деле автобуска ченемден ашыкча чыгышкандыктанбы, айтор, кысылышта автобустун ичи ызы-чуу түштү.

Автобус ордунан козголду. Жаштар кысылышта улууларга орундук бошотуп бере албай жатышса, кээ бирлери билеттерине жазылган орундуктарына олтура алышпай баратышты.

– Бул орун биздики экен, мына билетибиз.

– Билетиңизди көрдүк, эмне кылайын?

– Менин ордума отуруп алыптырсыз.

– Бул өкүматтын машинасы, эч кимге баалап берген эмес!

– Бу кандай закүнгө түшүнбөгөн немесиз?

– Коюңуз, мага закүнчү болуп көрүнбөңүз. Ушу автобуска олтуруштун деле закүнү бар бекен?

Мен артыма бурулуп, ушинтип кер-мур айтыша түшкөн эки аялга назар таштадым. Билетсиз бирөөнүн ордуна олтуруп алган киши жанагы мага тааныш аял экен. Ал эже жайлана олтуруп, бөлөк-бөлөк түйүнчөктөрүн тизесине, астын-үстүн каттап коюп алгандыктан башы менен ийин жагы араң көрүнөт.

– Ушунча түйүнчөктөрүм менен орундукту бошотуп берейинби, сага?

– Меникин көрбөй турасыңбы? Ушунча жүгүм менен орундукту сага берип коюп, мен тик туруп барайынбы?

Бул эки аял орундук талашып «сиз-бизден» «сен-менге» барып калышты. Олтургандардын баары эле аксакалдар менен балалуу аялдар. Мен орундугумду бошотуп, билети бар аялдан менин ордума келип олтурушун өтүндүм.

– А жо-ок, мен өз ордума отурам. Турбай көрсүн! – деди түйүнүн көтөрүп турган аял.

– Турбаса эмне кыласың? Тигине, орундук бошотуп берип жатат. Ошерге барып отур.

– Билети жок туруп, бетин тасырайтып олтуруп алганын көр мунун. Уят-сыйыты жок неме экенсиң!

– Билетиң болсо лакылдап кеп сатып жүрбөй, ордуңду мурдараак таппайсыңбы.

– Түйүн-жүгүм менен тура береминби? Какылдабай орунду бошот!..

Билетсиз аялга жанаша олтурган улгайыңкы кишинин сабыры түтпөдү окшойт, туруп бараткан аялга:

– Келиңиз, сиз отуруп алыңыз, – деди.

– Жо-ок, олтура бериңиз, өзүмдүн ордумду бошотуп берет.

– Ушунча жүк-түйүнчөгүм менен сага орундук бошотуп берчү ким деп атасың?

– Алыңа жараша көтөрүнсөң болбойбу?

– Сен өзүңчү, төөдөй боюңа ишенип базардын баарын эле түйүнчөктөп көтөрүп алыптырсың. Мен көтөрүнсөм жакшы ниет менен, кызым бар экен,тойдун камын көрүп...

Анын сөзүн эткээл, кең таноо, тик турган аял жулуп кетти:

– Ии, мен эмне экен? Мени эмне кызыл кулак алып-сатар дегени турасыңбы? Мен да уул өстүрүп, жакшы ниет менен келин алам деп кыз көргөнү бараткан кишимин. Ишенбесең Чек-Абадда мени менен түшүп кал.

– Мен да Чек-Абадга барам го. Көрөбүз...

– Көрөсүң! Ошол айылда Калил калпаны да таанысаң керек?

– Калил калпаны?

– Ии! Ошонун кызын көргөнү баратабыз.

Шофер автобусун токтотуп, кулактандырып калды:

– Мына, чек-абаддыктар, келип калдыңар...

Менин көзүм жанагы эки аялда.

Билеттүү аял өз айылы Чек-Абадга аргасыз түшүп жаткандай көрүндү. Ал кишинин көз карашы билетсиз үрпөңдөшүп келген аялды издеди. Билетсиз аял кош түйүнү менен араң түштү. Андан да анын алдына басып келген билеттүү аялдын оозунан сөз чыгыш кыйын болду.

– Кечиресиз...Сиз биздикине келаткан турбайсызбы?

– Силердикинеби?! Өлбөдүмбү!...

Алардын калган сөздөрү автобустун шоокумунда угулбай, узап кеттик.

# ТҮШ

*«Алкы бузуктун, наркы бузук».*
(Элдик нускадан)

«Жаман ойлобой, жакшы жок» деген кеп бар. Соода башкармасына жыйырма жылдан ашык жетекчилик кылган Мурас Келгенбаевич кызматынан шыпырылыптыр.

Анын кызматынан түшкөнү мени уктатпады. Ар кандай сарсанаа аарынын уюгундай келип-кетип маземди кетирди. Көзүм илинип кеткенин билбейм...

... Бозомук тарткан бейтааныш дүйнөдө жүрөм. Ой тобо, бардык эле адамы ак кийимчен. Сүйлөгөндөрү угулбай ымдашып жатышкандай көрүндү. Бу түшүм окшойт деген ойго келдим. Бирок бул дүйнөгө сүңгүп кирип бараттым.

Мына, кызык. Жанагы дүйнө жарышып, ажайып көрүнүп баратты. Бардыгы инкубатырдын жөжөсүндөй опокшош. Анан бардыгы ич

көйнөкчөн, жүздөрү кирсиз таза. Жанагы бозомук тарткан дүйнө сүрүлүп айдын он бешиндей ачык тартты.

Кийимдеринен аял-эркегин билип болбойт. Аң-таң болдум. Бардыгы эле үн катпай көз караш менен сүйлөшүп жаткандай көрүндү.

Бирөө: – Мурат! – деди эле жаңырып кетти. «Мурат, Мурат, Мурат...» жаңырып кайталанган үн акырындап барып басылды. Үндүн кайдан чыкканын, ким чакырганын аңдай албай элеңдеп калдым. Бирөө түз эле маңдайыма басып келип жалдырай сөзгө келди:

– Мурат, сен да келдиңби?

– Мурас Келгенбаевич!..

Биз бир нерседен чочугандай шыбырап сүйлөшүп аттык.

– Жакшы келипсиң, Мурат.

– Мурас Келгенбаевич, ишиңиз кандай?

– Кандай болмок эле, жүрөм. Тиякта кайра куруу, тездетүү дешип шайымды оодарышчу. Быякта кудай жалгап анысы жок. Бирок жанагы тууган-туушкандарым кантип жатты экен?

– Жүрүшөт. Жанагы таякеңиз Тагай, бажаңыз Базарбай, кайниңиз Капар, балдызыңыз Багдагүл сизден кийин эле кызматынан айдалган.

– Ошентет дегем.

– Аларыңыз жанагы аттестация дегенинен өтпөй калыптыр.

– Ка-ап, өзүм турганда го...

Туугандарын эстеп эреркеп баратты эле, ал кишини аяп сөздү башкага бурмак болдум.

– Быяк тынч бекен?

– Тынч көрүнөт. Сурак болот дешет.

– Туугандардан бар бекен?

– Буерде кыл көпүрөдөн өтө тургандар эле. Эч тааныш таппадым...

Ушул тапта «Мурас Келгенбай уулу» деген үн жаңырды. Ал улам кайталанып, акырындап сиңип кетти. Мурас Келгенбаевич менден жардам күткөндөй жалбара үн ката албады. Жанагы үн кайра жаңырды.

«Кыл көпүрөдөн өтүүгө шайсызбы?» Мунусу да жаңырып кайталанып барып угулбай калды. Мурас Келгенбаевич тилден калгандай «ооба» дей албады. «Адилет тараза – кыл көпүрөдөн өтүп кетсең бейишке чыгасың...»

«Адилет таразасы» дедиби? Эми эмне болот? Мурас Келгенбаевич наристе балдардай бейкүнөө эмес да...»

Ачуу үн чыгып калды.

Мурас Келгенбаевич кыл көпүрөгө жетип жалбарып жатыптыр.

– Оо, кудай! Кечир мени!..

– Бышактабай тур өйдө! Эми жалбарганың бейпайда! Бас алдыга! Бул буйрук: «Бас алдыга!», «Бас алдыга!», «Бас алдыга!..» болуп жаңырып, алыстап барып угулбай кетти.

Кароого жүрөк даабайт. Тозок оту алоолойт. Кыпкызыл жалын төмөн жакта жээкке албууттанган дарыя шекилдүү. Жогортон карасаң ыйманың учат.

Мурас Келгенбаевичти карап туруп муундарым титиреп кирди. Тигине кыл көпүрөгө бут коюп, калчылдап токтоп калды.

– Баспайсыңбы!..

Бул буйрук «баспайсыңбы», «баспайсыңбы», «баспайсыңбы...» – деп кайра-кайра жаңырып, кайталанып барып угулбай кетти.

Мурас Келгенбаевичтин басканын карап туруп демим кайгып, чыдамым кетип баратты.

– А!.. А-аа!!!...

Кыл көпүрөдөн чыңк ылдый ачуу үн салып тозок отуна сайылып бараткан Мурас Келгенбаевичти карап туруп жарыша бакырдым...

– А... А... Му-Мурас!..

– Көзүңдү аччы, Мурат!

– Эмне?! Эмне, эмне болду?

– Эчтеке, сага эмне болду?

– Ох-ох!.. Түшүм экен...

Өрөпкүгөн жүрөгүм көпкө басылбай тобо кылып жаттым. Анан Мурас Келгенбаевичтин кейиштүү тагдыры көңүлүмдү кыйлага тынчытпады. Ал го кызматынан түшүптүр. Эми менин тагдырым эмне болот? Бул деле түшүм болуп калса экен деп ойлодум. Бирок...

*Элдик мурас*

# МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда.

Жарды байга жетем – дейт, бай кудайга жетем – дейт.

Эрдик билекте эмес – жүрөктө.

Айла алтоо, акыл жетөө.

Жибекти тута албаган жүн кылат,
Катынды күтө албаган күң кылат.

Мастан жинди качыптыр.

Жоголгон бычактын сабы алтын.

Көп жойлогон куу түлкү колго түшпөй койчу эмес.

Жокко амал жок.

Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет.

Жолоочунун жолдогусу жакшы,
Жолдо болбосо, үйдөгүсү жакшы.

Тандап, тандап тазга жолукту.

Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу.

Берген жоомарт эмес, алган жоомарт.

Жорго мингенге жолдош болбо.

Өзүңдү эр билсең, өзгөнү шер бил.

Берген алат, эккен орот.

Айдаган малы баалуу болсо, кербендин атагы чыгат.

Ач көздөн карыз сураба, сукка карыз бербе.

Чөп чыкпаган сайдан кач, кайыры жок байдан кач.

Катуу сөз – камчы, жылуу сөз – укурук.

Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат.

Бөрү этектен, жоо жакадан алат.

Аттын көркү жалында, кыздын көркү чачында.

Байды балекет басса, жортуул баштайт.

Жорулуу жерде тарп турбас.

Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар.

Жерде жаткан жумуртка асманда учкан куш болот.

Жакшы келсе – кут, жаман келсе – жут.

Төө чайнаганын билип, жутканын билбейт.

Ачкалыкта алтындан бир жутум жарма артык.

Кичине төөнүн жүгү билинбейт.

Жыгылган күрөшкө тойбойт.

Эрдик кылып кой сойсоң, иттик кылып төш тартпа.

Карынын кебин капка сал.

Арадай жерге чарадай жыйын.

Ичтен чыккан ийри жылан.

Жылкычынын ичкенин бирде ит ичпейт, бирде хан ичпейт.

Душмандын сырты жылма, ичи кара.

Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат.

Жамандын жыргалы – уйку.

Жакшы төөнүн мурду жырылбайт.

Итте жээн жок, букада кайын жок.

Азуулууга бар заман, бечарага зар заман.

Эшек сайда заңкылдаса, баткак берер жазаңды.

Алтымыш күн атан болуп жүргөнчө,
Алты күн буура болуп зиркилде.

Зордун түбү кор болот.

Ийгиликтин эрте-кечи жок.

Жаш чыбыктын ийилгени – сынганы,
Жаш жигиттин уялганы – өлгөнү.

Ак ийилип, сынбайт.

Түлкү ийинин карап үрсө, котур болот.

Жаман өзүн билбейт, жакшыны көзгө илбейт.

Жаман – кишиден кийин, иттен илгери.

Кел демек бар, кет демек жок.

Сабаасына карай – бишкеги, сакалына карай – искеги.

Үйү жакын иттин куйругу узун.

Аш көп болсо, каада көп.

Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз болбойт.

Алтын чыккан жеринде каат.

Эки дөө кагышса, орто жерде кара чымын кырылат.

Кар да кетер, кадыр да өтөр.

Кардыма ыйлабай, кадырыма ыйлайм.

Ичкиликке тойгон энесин тааныбайт.

Ашың болсо, казан табылат.

Казанчынын эрки бар, кайдан кулак чыгарса.

Токмок күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет.

Ат айланып казыгына кайтат.

Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы.

Бирөөнүн ичи – деңиз, бирөөнүн ичи – доңуз.

Жардынын жалгыз аты айгыр, жатып алып кайгыр.

Кайгысы жок кара суугa семирет.

**(Уландысы бар)**